# КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН УЛУТТУК БАНКЫ

# ЖЫЛДЫК ОТЧЕТ 2011

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН УЛУТТУК БАНКЫ

# ЖЫЛДЫК ОТЧЕТ

## 2 0 1 1

Бишкек - 2012

*Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын 2011-жыл үчүн отчету*

Улуттук банктын 2011-жыл үчүн отчету Кыргыз Республикасынын "Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы жөнүндө" мыйзамынын 8 жана 10-статьяларына ылайык даярдалган.

Улуттук банктын 2011-жыл үчүн отчету Улуттук банктын Башкармасынын 2012-жылдын чын куран айынын жыйырма экисиндеги №12/1 токтому менен бекитилген.

2011-жылдын үчтүн айынын отуз биринде бүткөн жыл үчүн финансылык отчет, Улуттук банктын Башкармасынын 2012-жылдын чын куран айынын жыйырма сегизиндеги №13/1 токтому менен бекитилген.

**РЕДАКЦИЯЛЫК КЕҢЕШ:**

| | |
|---|---|
| Төрайым: | Цыплакова Л.Н. |
| Кеңештин мүчөлөрү: | Алыбаева С.К.<br>Жакыпов М.Ж.<br>Ли А.Ч.<br>Садыкова Н.О.<br>Урустемов С.А. |
| Жооптуу катчы: | Керимкулова Г.А. |

Басылманын мазмунуна тиешелүү суроолор боюнча:
Бишкек шаары, Т.Үмөталиев атындагы көчө, 101 дарегинде жайгашкан
Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын
Макроэкономикалык анализдөөлөр жана финансы рыногун анализдөө бөлүмүнө
(996 312) 669 051 телефону
(996 312) 610 730 факсы боюнча кайрылсаңыздар болот.
электрондук почта: gkerimkulova@nbkr.kg

Басылманы таркатуу маселеси боюнча:
Бишкек шаары, Т.Үмөталиев атындагы көчө, 101 дарегинде жайгашкан
Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын
Тышкы жана коомдук байланыштар бөлүмүнө
(996 312) 669 216 телефону
(996 312) 610 730 факсы боюнча кайрылсаңыздар болот.
электрондук почта: pr@nbkr.kg
веб-сайт: http://www.nbkr.kg

# МАЗМУНУ


Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын Төрагасынын сөзү ........................................................5

**I. КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН 2011-ЖЫЛДАГЫ ЭКОНОМИКАЛЫК АБАЛЫ**

1-ГЛАВА. КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ЭКОНОМИКАСЫНЫН 2011-ЖЫЛДА ӨНҮГҮҮСҮ ....10

1.1. Экономиканын реалдуу сектору ............................10
1.2. Мамлекеттик финансы сектору ............................12
1.3. Төлөм теңдеми (балансы).......................................15
1.4. Банк сектору ..........................................................17
1.5. Банктык эмес финансы-кредит мекемелер сектору .......................................................22
1.6. Финансы рыноктору ...............................................25
  1.6.1. Валюта рыногу ............................................... 25
  1.6.2. Банктар аралык кредит рыногу........................ 27
  1.6.3. Баалуу кагаздар рыногу ................................. 29
  1.6.4. Депозиттер жана кредиттер рыногу ............. 34

**II. КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН УЛУТТУК БАНКЫНЫН 2011-ЖЫЛДАГЫ ИШИ**

2-ГЛАВА. АКЧА-КРЕДИТ САЯСАТЫ........................40

2.1. Акча-кредит саясатын аныктоо ............................40
2.2. Акча-кредит саясатын жүзөгө ашыруу .................43
  2.2.1 Ички валюта рыногундагы операциялар ...... 44
  2.2.2. Улуттук банктын ноталары менен операциялар жана эсептик чен ............................... 46
  2.2.3. Репо операциялары ....................................... 47
  2.2.4. Банктарды кайра каржылоо........................... 48
  2.2.5. Милдеттүү камдык талаптар.......................... 49
2.3. Эл аралык камдарды тескөө..................................50
2.4. Акча-кредит саясатынын жыйынтыктары...........52

3-ГЛАВА. ФИНАНСЫ-КРЕДИТ МЕКЕМЕЛЕРИНИН ИШИНЕ КӨЗӨМӨЛ ЖАНА АНЫ ЖӨНГӨ САЛУУ ....55

3.1. Банктык көзөмөл ....................................................55
  3.1.1. Лицензиялоо .................................................. 55
  3.1.2. Тышкы көзөмөл .............................................. 56
  3.1.3. Инспектирлөө ................................................ 59
  3.1.4. Таасир этүү чаралары ................................... 60
3.2. Банктык эмес финансы-кредит мекемелеринин ишине көзөмөл ..........................................................................60
3.3. Көзөмөл методологиясы жана жөнгө салуу .........62

4-ГЛАВА. ТӨЛӨМ СИСТЕМАСЫ ..............................65

4.1. Төлөм системасынын өнүгүүсү .............................65
  4.1.1. Нак эмес эсептешүүлөр ................................. 65
  4.1.2. Төлөм системасынын ишине көзөмөл .......... 68
  4.1.3. Нак эмес төлөмдөрдүн үлүшүн көбөйтүү боюнча иш-чаралар............................................ 69
4.2. Нак акча жүгүртүү ..................................................70

5-ГЛАВА. ТЫШКЫЭКОНОМИКАЛЫК БАЙЛАНЫШТАР..........................................................73

5.1. Эл аралык уюмдар менен кызматташуу................73
5.2. Борбордук (улуттук) банктар менен кызматташуу ..77

6-ГЛАВА. КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН УЛУТТУК БАНКЫНЫН ИШИ ЖӨНҮНДӨ ЖАЛПЫ МААЛЫМАТТАР ..........................................................80

6.1. Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын түзүмү ............................................80
6.2. Кыргыз Республикасынын Улуттук банк Башкармасынын 2011-жылдагы иши ...........................88
6.3. Банк мыйзамдарын өркүндөтүү.............................92
6.4. Финансылык кеңешчинин милдетин аткаруу .......95
6.5. Ички аудит жана ички контролдук системасы ......98
6.6. Коомчулукка маалымат берүү...............................100

**III. КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН УЛУТТУК БАНКЫНЫН 2011-ЖЫЛДЫН ҮЧТҮН АЙЫНЫН ОТУЗ БИРИНДЕ БҮТКӨН ЖЫЛ ҮЧҮН КОНСОЛИДАЦИЯЛАНГАН ФИНАНСЫЛЫК ОТЧЕТУ**

7-ГЛАВА. 2011-ЖЫЛДЫН ҮЧТҮН АЙЫНЫН ОТУЗ БИРИНДЕ БҮТКӨН ЖЫЛ ҮЧҮН КОНСОЛИДАЦИЯЛАНГАН ФИНАНСЫЛЫК ОТЧЕТ.............................................................................106

7.1. Көз карандысыз аудиторлордун отчету.................107
7.2. 2011-жылдын үчтүн айынын отуз бирине карата финансылык абал жөнүндө консолидацияланган отчет .............................................................................109
7.3. 2011-жылдын үчтүн айынын отуз биринде бүткөн жыл үчүн түшкөн пайдалар жана кеткен чыгымдар жөнүндө консолидацияланган отчет ............................110
7.4. 2011-жылдын үчтүн айынын отуз биринде бүткөн жыл үчүн чогуу алгандагы киреше жөнүндө консолидацияланган отчет ...........................................111
7.5. 2011-жылдын үчтүн айынын отуз биринде бүткөн жыл үчүн акча каражаттарынын жылышы жөнүндө консолидацияланган отчет ..........................................112
7.6. 2011-жылдын үчтүн айынын отуз биринде бүткөн жыл үчүн капиталдагы өзгөрүүлөр тууралуу консолидацияланган отчет ..........................................114
7.7. 2011-жылдын үчтүн айынын отуз биринде бүткөн жыл үчүн консолидацияланган финансылык отчетко карата түшүндүрмөлөр .................................................116

**IV. ТИРКЕМЕЛЕР**

1-тиркеме. 2011-жылдагы акча-кредит чөйрөсүндөгү негизги окуялардын тизмеги.........................................174
2-тиркеме. Статистикалык маалыматтар (таблицалар жана графиктер) ........................................182
3-тиркеме. Улуттук банктын мезгилдүү басылмалары жана башка маалымат каражаттары............................204
4-тиркеме. Кыскартылган сөздөрдүн тизмеси ............208



2011-жылы Кыргыз Республикасынын экономикасында өткөндөгү оор мезгилден кийин макроэкономикалык кырдаалдын жакшыруусу жүргөн. Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын алдында республиканын акча-кредит чөйрөсүндө, банк жана төлөм системаларын өнүктүрүү жагында кеңири багыттагы милдеттерди чечүү маселеси турган.

Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы жана Өкмөтү биргелешкен күч-аракеттери менен инфляцияны 5,7 пайызга чейин төмөндөтүүгө, банк тутумунун туруктуулугун сактап калууга жетишишкен, ошол аркылуу орто мөөнөттүк мезгилде туруктуу экономикалык өсүшкө жана калктын оң багыттагы күтүүлөрүн калыптандырууга өбөлгө түзүлгөн.

Акча-кредит саясатын иштеп чыгуу жана жүзөгө ашыруу улуттук валютанын туруктуулугун сактоого мүмкүндүк берген. Мында, баанын жалпы деңгээлинин чектелүү өсүш арымынын алгылыктуу болушуна жетишилген, ушунун өзү экономиканын өсүшүн калыбына келтирүүнү камсыз кылган. Акча-кредит жана салык-бюджет саясаттарын координациялоо негизгилеринен болгон кеңири чөйрөдөгү экономикалык маселелерди чечүү жагында, Улуттук банк мамлекеттик башкаруу органдары менен иш алып барган.

Айрым банктар менен проблемалардын сакталып турушуна карабастан, республиканын банк тутуму алгылыктуу өсүшкө багыт алгандыгын тастыктоо аркылуу, өзүнүн туруктуулугун көрсөтө алган. Улуттук банк калктын банк тутумуна ишенимин бекемдөө жана финансылык ортомчулук деңгээлин жогорулатуу жагында иштерди уланткан.

Региондорду өнүктүрүүнү колдоо максатында, чакан жана орто бизнес үчүн финансылык ресурстардан пайдалануу мүмкүнчүлүгүн кеңейтүүгө өбөлгө түзгөн микрофинансылык институттарга көбүрөөк көңүл бурулган. Бул багытта, ыраатуу саясатты ишке ашыруу менен 2011-2015-жылдарга микрокаржылоону өнүктүрүү Стратегиясы иштелип чыккан.

Өлкөнүн улуттук төлөм системасы стабилдүү иштеген. 2011-жылда Улуттук банк, анын ишинин ишенимдүүлүгүн колдоо жана нак жана нак эмес эсептешүүлөр каражаты катары, улуттук валютага карата ишенимди бекемдөө максатында, Кыргыз Республикасынын төлөм системасына көзөмөлдүк чараларын иш жүзүндө жүзөгө ашырууну уланткан.

Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын 2011-жыл үчүн жылдык отчету, "Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы жөнүндө" мыйзамына ылайык даярдалган жана анда банктын ага жүктөлгөн милдеттерди аткаруу жагындагы иши чагылдырылган. Финансылык отчет эл аралык стандарттарга ылайык түзүлүп, борбордук банктарга карата коюлган талаптарга ылайык келүү менен көз карандысыз аудит тарабынан тастыкталган.

Улуттук банк бул басылманы даярдоодо мурдагыдай эле, ачык-айкындуулук, транспаренттүүлүк жана маалыматтардын толук чагылдырылышы принциптерине таянуу менен иш алып барган.

**Төрага**  **Асанкожоева З. М.**

# I

# КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН 2011 -ЖЫЛДАГЫ ЭКОНОМИКАЛЫК АБАЛЫ

# 1-ГЛАВА. КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ЭКОНОМИКАСЫНЫН 2011-ЖЫЛДА ӨНҮГҮҮСҮ

2011-жылы өлкөдө экономикалык жигердүүлүктүн калыбына келиши байкалган. Алгылыктуу ички жана тышкы экономикалык жагдай курулуш багытын эске албаганда, экономиканын баардык тармактарында өсүшкө өбөлгө түзгөн. Мына ушул шартта, мамлекеттик бюджеттин салыктык кирешелеринин өсүш арымы артып, ал Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө атап айтканда, социалдык коргоо, билим берүү жана саламаттыкты сактоо жагында чыгашаларды көбөйтүүгө өбөлгө түзгөн. Натыйжада, мамлекеттик бюджеттин ички дүң өнүмгө (ИДӨгө) карата тартыштыгы болжол менен алганда ИДӨгө карата 5,0 пайызды түзүү менен 2010-жылдагы деңгээлде сакталып калган. Тышкы экономикалык жагдайдын жакшыруусу менен катар эле, экономиканын калыбына келүү процесси төлөм теңдеминин оң сальдосунун көбөйүүсүнө түрткү берген.

Финансы секторундагы жагдай 2011-жылы туруктуу сакталып калган. Кредиттик портфелдин, депозиттик базанын көлөмүнүн жана дюрациясынын арткандыгы, кредиттер боюнча орточо салмактанып алынган пайыздык чендердин төмөндөгөндүгү жана улуттук валютадагы депозиттер боюнча чендердин өскөндүгү катталган. Жыл жыйынтыгы боюнча банк тутумунун таза пайдасы 2,5 эседен көбүрөөккө көбөйгөн.

Банктык эмес финансы-кредит мекемелер секторунун өнүгүү баскычы да алгылыктуу жүргөн. Отчеттук мезгил ичинде алардын активдеринин жана кредит портфелинин көлөмүнүн көбөйгөндүгү белгиленип, бүтүндөй алганда бул сектор өсүшкө ык койгондугун жана пайда алуу менен иштеп жаткандыгын тастыктай алган.

## 1.1. Экономиканын реалдуу сектору

Кыргыз Республикасынын экономикасы 2011-жылы жалпы ишкердик жигердүүлүктүн калыбына келип, жандануусу менен мүнөздөлгөн. Кыргыз Республикасынын Улуттук статистика комитетинин (УСКнын) алдын ала маалыматтары боюнча 2011-жылы ИДӨ көлөмү, ошол учурдагы баада 273,1 млрд. сомду түзүү менен 2010-жылдагы бул көрсөткүчтүн 0,5 пайызга төмөндөөсүнө караганда, реалдуу алганда 5,7 пайызга көбөйгөн. «Кумтөр» алтын кенин казып алуу ишканаларын эске албаганда, отчеттук жылы ИДӨ көлөмү 5,6 пайызга көбөйгөн (2011-жылы 1,0 пайызга төмөндөө байкалган эле).

ИДӨ дефлятору 2010-жылдагы 10,0 пайызга салыштырганда 17,3 пайызды түзгөн.

*Айыл чарбасы*

Айыл чарбасынын дүң өнүмүнүн көлөмү 2011-жылы 147,3 млрд. сомду түзүп, реалдуу алганда 2,3 пайызга көбөйгөн. Дүң өнүмдүн көлөмүнүн өсүшү мал чарба азыктардын негизги түрлөрүн өндүрүү (сүттөн башкасын), айдоо аянттарынын көлөмүн (1,2 пайызга) кеңейтүүнүн, ошондой эле айрым айыл чарба өсүмдүктөрүн өстүрүүнү олуттуу көбөйтүүнүн эсебинен жетишилген. 2011-жылы ИДӨ түзүмүндө айыл чарбасынын үлүшү, 2010-жылдагы 17,5 пайызга салыштырганда 18,0 пайызды түзгөн.

***1.1.1.-таблица***

Ички дүң өнүмүнүн (ИДӨнүн) түзүмү

| | 2010-ж. | | | 2011-ж. | | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| | Салыштырма салмак, *пайыздар* | Өсүш арымы, *пайыздар* | Өсүшкө салым, *п.п.* | Салыштырма салмак, *пайыздар* | Өсүш арымы, *пайыздар* | Өсүшкө салым, *п.п.* |
| **ИДӨ** | **100,0** | **-0,5** | **-0,5** | **100,0** | **5,7** | **5,7** |
| Айыл-чарбасы | 17,5 | -2,6 | -0,5 | 18,0 | 2,3 | 0,4 |
| Тоо-кендерин казып алуу өнөр жайы | 0,6 | -3,6 | 0,0 | 0,8 | 24,6 | 0,2 |
| Кайра иштетүү өнөр жайы | 17,0 | 11,3 | 1,6 | 16,8 | 9,8 | 1,7 |
| Э/энергиясын, газды жана сууну өндүрүү жана бөлүштүрүү | 3,1 | 11,2 | 0,2 | 3,1 | 22,4 | 0,7 |
| Курулуш | 5,5 | -18,5 | -1,2 | 4,9 | -3,9 | -0,2 |
| Соода; автомобилдерди оңдоо | 16,0 | -5,6 | -0,9 | 16,1 | 7,0 | 1,1 |
| Мейманканалар жана тойканалар | 1,3 | -9,5 | -0,1 | 1,3 | 9,3 | 0,1 |
| Транспорт жана байланыш | 8,6 | 4,2 | 0,4 | 8,2 | 9,8 | 0,8 |
| Финансылык ишкердүүлүк | 0,6 | -4,9 | 0,0 | 0,5 | 6,7 | 0,0 |
| Кыймылсыз мүлк менен операциялар | 4,8 | 4,9 | 0,2 | 3,9 | -1,7 | -0,1 |
| Мамлекеттик башкаруу | 5,6 | -0,3 | 0,0 | 5,4 | 5,1 | 0,3 |
| Билим берүү | 4,4 | -0,3 | 0,0 | 5,0 | 0,3 | 0,0 |
| Саламаттыкты сактоо жана сунуштоо | 2,6 | 1,7 | 0,0 | 2,4 | 2,0 | 0,1 |
| Коммуналдык кызматтарды сунуштоо | 2,3 | -2,2 | 0,0 | 2,0 | 0,7 | 0,0 |
| Азык-түлүккө таза салыктар (субсидияларды алып салуу менен) | 10,2 | -0,5 | -0,1 | 11,5 | 5,7 | 0,6 |

*Булагы: УСК*

*Өнөр жай өндүрүшү*

Өнөр жай продукциясын өндүрүү 161,8 млрд. сомду түзүп, анын физикалык көлөмү 11,9 пайызга өскөн. «Кумтөр» алтын кенин казып алуу ишканаларын эске албаганда, өнөр жай өндүрүшүнүн өсүшү 18,8 пайызды түзгөн. ИДӨ түзүмүндө өнөр жайынын салыштырма салмагы отчеттук жылы 2010-жылдагы деңгээлде сакталып калып, 20,7 пайызды түзгөн. Натыйжада бул сектор Кыргызстандын экономикасынын түзүмүндө эң чоң үлүштү ээлеп калган.

Өнөр жайынын өсүшүнө эң чоң салымды (1,7 пайыздык пункт) кайра иштетүү өндүрүшү кошуп, анын өсүшү 9,8 пайызды түзгөн. Тармактын түзүмүндө текстиль жана тигүү өндүрүшү (1,5 эсе), транспорт каражаттарын жана жабдууларды жасап чыгаруу (1,6 эсе), химия өндүрүшү (1,6 эсе), унааларды жана жабдууларды жасап чыгаруу (1,7 эсе) секторлорунун байкалардык өсүшкө ээ болгондугу катталган.

Өнөр жайынын өсүшүнө олуттуу салымды электр энергиясын, газды жана сууну өндүрүү жана бөлүштүрүү багыты да кошкон. Бул тармактын продукция чыгаруу мүмкүнчүлүгү отчеттук жылда 22,4 пайызга өскөн болсо, 2010-жылы бул көрсөткүчтүн өсүшү 11,2 пайызды түзгөн эле.

*Соода жана кызмат көрсөтүү чөйрөсү*

Соода операцияларынын өсүшү 7,0 пайызды түзгөн. Соода операцияларынын түзүмүндө дүң соодасынын жүгүртүүсүнүн көбөйүүсү 2,7 пайызды, чекене соода – 6,2 пайызды түзгөн. Чекене сооданын өсүшү негизинен, азык-түлүктөн башка товарларды сатуу жүгүртүүсүнүн өсүшү (10,1 пайызга) менен шартталган. Мейманканалар жана тойканалар сунуштаган кызмат көрсөтүүлөр көлөмү 9,3 пайызга өскөн. Жыл ичинде унаалардын бардык түрү менен жүк ташуулар 2,1 пайызга жогорулаган. Байланыш ишканаларынын кызмат көрсөтүү көлөмү да олуттуу өсүшкө (11,4 пайызга) ээ болгон.

*Курулуш*

Курулуштун дүң продукциясынын жалпы көлөмү 2011-жылы 2010-жылдагы ушул көрсөткүчтүн 18,5 пайызга төмөндөшүнө караганда, реалдуу алганда 3,9 пайызга төмөндөө менен 41,8 млрд. сомду түзгөн. Отчеттук жылда курулуш иштеринин көлөмүнүн кыскаруусу эң башкысы, негизги капиталга инвестициялардын көлөмүнүн төмөндөшү менен шартталган.

*Инвестициялык ишкердик*

Бул инвестициялардын көлөмү 47,4 млрд. сом чегинде катталып, реалдуу алганда 6,6 пайызга төмөндөгөн (2010-жылы бул көрсөткүч 9,2 пайызга азайган эле). Негизги капиталга жумшалып, өздөштүрүлгөн инвестициялардын көлөмүнүн 2011-жылда кыскаруусу эң башкысы, тоо кендерин казып алуу жана кайра иштетүү өндүрүшүнүн объекттерине, айыл чарбасына, электрэнергиясын, газды жана сууну өндүрүү жана бөлүштүрүүгө, мейманканаларды жана тойканаларды куруу чөйрөсүнө инвестициялардын азайуусу менен шартталган. Негизги капиталга инвестицияларды каржылоо булактарынын түзүмүндө, тышкы булактардын эсебинен каржыланган инвестициялардын 18,6 пайызга көбөйгөндүгү белгиленген. Ошол эле учурда, ички булактардын эсебинен инвестициялоодо 13,9 пайызга төмөндөө жүргөн. Калктын каражаттарынын эсебинен инвестициялоо негизинен, жеке курулуш иштеринин көлөмүнүн жана жеке ишкердикке инвестициялардын көлөмүнүн кыскаруусунан улам, 8,4 пайызга төмөндөгөн. Ишканалар жана уюмдардын каражаттарынын эсебинен инвестициялар 8,9 пайызга азайган. Ал эми тышкы булактардан каржыланган инвестициялар чет өлкө кредиттеринин 1,6 эсеге өсүшүнө байланыштуу көбөйгөн.

## 1.2. Мамлекеттик финансы сектору

*Бюджет саясатын жүргүзүү шарттары*

Отчеттук жылы бюджет саясаты өлкөдө экономикалык жигердүүлүктүн калыбына келиши, өнөр жай өндүрүшүнүн жана тышкы соода жүгүртүүнүн өсүш арымынын ыкчамдашынын шарданында жүргөн. Саясий туруктуулук чет өлкө уюмдарынан жана мамлекеттерден расмий трансферттердин түшүүсүнүн артышына өбөлгө түзгөн. Экинчи жагынан алып караганда, социалдык жактан коргоого алуу, билим берүү, саламаттыкты сактоо жана экономикалык маселелерди чечүүгө бюджеттик чыгашалардын көбөйгөндүгү байкалган. Натыйжада, мамлекеттик бюджеттин дисбалансы сакталып калган.

Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин Борбордук казыналыгынын маалыматтары боюнча[1] 2011-жылы мамлекеттик бюджеттин тартыштыгы 13,5 млрд. сомду же ИДӨгө карата 5,0 пайызды түзгөн (2010-жылы бюджет ИДӨгө карата 4,9 пайыз өлчөмүндөгү тартыштыгы менен аткарылган).

Мамлекеттик бюджеттин киреше бөлүгү негизинен, импорт көлөмүнүн өсүшүнө байланыштуу салыктык түшүүлөр сыяктуу эле, мамлекеттик менчикти тескөөнүн жакшыртылышы, бюджеттин максаттары үчүн сырттан кошумча ресурстардын тартылышынын эсебинен олуттуу көбөйгөндүгү менен мүнөздөлгөн. 2011-жылы мамлекеттик бюджеттин операциялык ишкердиктен кирешелери 77,3 млрд. сомду же ИДӨгө карата 28,3 пайызды түзүп, 2010-жылдагы тиешелүү көрсөткүчкө салыштырганда 34,8 пайызга көбөйгөн (2010-жылы өсүш 3,7 пайыз чегинде катталган).

Мамлекеттик чыгашалар саясаты негизинен, калкты социалдык коргоону жакшыртууга багытталган. Кыргыз Республикасынын Өкмөтү бюджет чөйрөсүнүн кызматкерлеринин эмгек акысын, ошондой эле пенсияларды жогорулатуу боюнча бир катар ченемдик укуктук актыларды кабыл алган. Мамлекеттик бюджеттин операциялык ишкердикке жалпы чыгашалары 2011-жылы 33,8 пайызга (2010-жылы 23,1 пайызга) көбөйүү менен 82,4 млрд. сомду түзгөн. ИДӨгө карата чыгашалар 27,9 пайыздан 30,2 пайызга чейин көбөйгөн.

---

[1] Алдын ала маалыматтар.

***1.2.1.-график***

Мамлекеттик бюджеттин негизги параметрлери




*Салыктык түшүүлөрдүн өсүшү*

Салыктык кирешелер, 2010-жылдагы ушул көрсөткүчкө салыштырганда 34,7 пайызга көбөйүү менен 53,0 млрд. сомду түзгөн. Бюджет кирешесинин жалпы көлөмүндө салыктык түшүүлөрдүн үлүшү болжол менен алганда, 2010-жылдагы деңгээлде сакталып калуу менен 68,5 пайызды түзгөн. Бажы жана салык органдары салыктык кирешелердин жалпы көлөмүнүн тиешелүүлүгүнө жараша, 44,7 жана 55,3 пайызын камсыз кылган.

***1.2.2.-график***

Мамлекеттик бюджеттин салыктык түшүүлөрүнүн түзүмү




Салыктык кирешелердин өсүшү эң оболу, бажы төлөмдөрүнөн түшүүлөрдүн 64,4 пайызга же 2,8 млрд. сомго көбөйүүсү, ошондой эле импорттон түшүүлөрдүн артышы менен шартталган (КР УСКнын алдын ала маалыматтары боюнча импорттун көлөмү отчеттук жылда 31,8 пайызга көбөйгөн). Алсак, сырттан ташылып келинген продукцияларга КНСтен түшүүлөр 44,7 пайызга көбөйгөн. Өлкө ичинде өндүрүлгөн товарларга жана кызмат көрсөтүүлөргө КНСтен түшүүлөр 26,3 пайызга өскөн болсо да, салыктык кирешелердин жалпы көлөмүндө алардын үлүшү төмөн бойдон калган (10,1 пайыз). Бүтүндөй алганда, КНСтен түшүүлөр 2010-жылдагы тиешелүү көрсөткүчкө салыштырганда, 39,4 пайызга же 5,8 млрд. сомго арткан.

Мамлекеттик бюджеттин операциялык ишкердикти жүзөгө ашырууга чыгашалары отчеттук жылда 82,4 млрд. сомду же ИДӨгө карата 30,2 пайыз чегинде катталган (2010-жылы ИДӨгө карата 27,9 пайыз).

*Мамлекеттик чыгашалардын социалдык багыттуулугу*

Кыргыз Республикасынын Өкмөтү кароого алынып жаткан жылда билим берүү жана саламаттыкты сактоо чөйрөсүнүн кызматкерлеринин

эмгек акыларын, ошондой эле пенсияларды жогорулатуу боюнча бир катар ченемдик укуктук актыларды кабыл алган. Атап айтканда:

▪ кулжа айынын биринен тартып, билим берүү мекемелеринин кызматкерлеринин эмгегине саатына төлөөнүн жаңы системасы колдонууга киргизилген. Натыйжада, мындай мекемелердин кызматкерлеринин эмгегине стажына жараша төлөөлөр 2-3 эсеге көбөйтүлгөн;

▪ кулжа айынын биринен тартып пенсиялардын камсыздандыруу бөлүгү алардын өлчөмүнө жараша 100 сомдон 600 сомго чейин жогорулатылган;

▪ тогуздун айынын биринен тартып саламаттыкты сактоо, билим берүү, социалдык коргоо, маданият, искусство, маалымат жана илим, дене тарбия жана спорт чөйрөсүндө майда-барат иштерди аткарган жумушчулардын жана кенже тейлөөчү персоналдын эмгек акылары, орточо алганда 3 эсеге жогорулатылган;

▪ жетинин айынын биринен тартып пенсиянын базалык бөлүгү 50 пайызга көбөйтүлүп, 1500 сомду түзгөн.  Буга 778,4 млн. сом керектелинген, анын ичинде республикалык бюджеттин каражаттарынын эсебинен 311,4 млн. сом, ал эми социалдык фонддун каражаттарынын эсебинен – 467,0 млн. сом жумшалган.

Натыйжада, 2011-жылы мамлекеттик бюджеттин эмгек акыны төлөөгө чыгашалары 40,9 пайызга көбөйүп (2010-жылы 13,0 пайызга) 26,9 млрд. сомду же мамлекеттик бюджеттин операциялык ишке чыгашаларынын жалпы көлөмүнүн 32,7 пайызын түзгөн, ал эми социалдык жөлөкпулдарга жана субсидияларга чыгашалар тиешелүүлүгүнө жараша, 16,3 млрд. сомду же 19,7 пайызды түзүү менен 28,6 пайызга көбөйгөн.

Отчеттук мезгил ичинде бюджеттик чыгашаларды функционалдык классификациялоого ылайык, төмөнкү топтор боюнча чыгашалардын өсkөндүгү байкалган: билим берүүгө – 52,0 пайызга, эс алуу, маданий жана диний иш-чараларга – 43,2 пайызга, экономикалык маселелерге – 42,3 пайызга, саламаттыкты сактоого – 41,6 пайызга, социалдык коргоого алууга – 28,1 пайызга, жалпы маанидеги мамлекеттик кызматтарга – 23,6 пайызга, турак-жай, коммуналдык кызмат көрсөтүүлөргө – 15,5 пайызга жана коргонууга, коомдук тартипти сактоого жана коопсуздукка – 14,7 пайызга. Курчап турган чөйрөнү коргоого мамлекеттик бюджеттен чыгашалар 1,0 пайызга кыскарган.

***1.2.3.-график***

Мамлекеттик бюджеттин чыгашаларын функционалдык классификациялоо




Мамлекеттик бюджеттин финансылык эмес активдерди сатып алууга чыгашаларынын  аларды сатуудан артышы отчеттук жылда 8,5 млрд. сомду же ИДӨгө карата 3,1 пайызды түзгөн (2010-жылы ИДӨгө карата 3,0 пайыз).

*Мамлекеттик карыз*

Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин маалыматтарына ылайык[1] 2011-жылдын акырына карата абал боюнча мамлекеттик тышкы карыз 2,8 млрд. АКШ долларын (2010-жылы 2,6 млрд. АКШ доллары), ички карыз - 12,9 млрд. сомду (2010-жылы 8,4 млрд. сомду) түзгөн. Мамлекеттик карызды тейлөөгө чыгашалар 9,6 млрд. сомду же ИДӨгө карата 3,5 пайызды, анын ичинде пайыздык төлөөлөр ИДӨгө карата 1,0 пайызды түзгөн.

## 1.3. Кыргыз Республикасынын төлөм теңдеми (балансы)

2011-жылдын алдын ала жыйынтыгы боюнча төлөм теңдеминин оң сальдосу көбөйүү менен 101,2 млн. АКШ доллары өлчөмүндө түптөлгөн.

*Күндөлүк эсеп*

Соода тартыштыгынын артышына карабастан, «күндөлүк трансферттер» статьясы боюнча акчалай түшүүлөрдүн өсүшүнүн жогорку арымда сакталышы «кызмат көрсөтүүлөр» тартыштыгынын олуттуу кыскаруусу, ошондой эле «кирешелер» статьясы боюнча агылып чыгуунун төмөндөшү күндөлүк эсептин абалын жакшырта алган. Жыл жыйынтыгы боюнча күндөлүк операциялар эсебинин тартыштыгы 178,3 млн. АКШ доллары өлчөмүндө калыптанган. Бул ИДӨгө карата 3,0 пайызга туура келет. Ал эми 2010-жылы бул көрсөткүч 8,4 пайыз чегинде катталган эле.

***<u>1.3.1.-график</u>***

Күндөлүк операциялар эсеби




*Тышкы соода*

Экспорттук берүүлөрдүн көбөйүүсүнө салыштырганда товарлардын импорттук түшүүлөрүнүн ыргактуу өсүшкө ээ болуусу, соода тартыштыгынын 38,8 пайызга, 1,7 млрд. АКШ долларына чейин өсүшүн шарттаган.

Отчеттук жылда товарлардын экспорту 28,0 пайызга өсүп, 2,3 млрд. АКШ доллары көлөмүндө түптөлгөн. Мындай өсүш эң башкысы, нарктык көлөмү 50,6 пайызга өскөн алтынды берүүлөрдүн артышы менен камсыз кылынган. Алтынды экспорттоонун көбөйүүсү берүүлөрдүн физикалык көлөмүнүн өсүшү сыяктуу эле, баасынын жогорулоосунун эсебинен да жүргөн. Алтынды эске албаганда экспорт, 14,4 пайызга өсүү менен 1,3 млрд. АКШ долларын түзгөн. Жашылча-жемиштерди (42,9 пайызга), авиакеросинди (44,8 пайызга), электр энергиясын (66,0 пайызга) жана башкаларды берүүлөрдүн көбөйгөндүгү катталган.

Отчеттук жылда импорттук түшүүлөрдүн өсүшү 32,4 пайыз деңгээлинде болуп, 3,9 млрд. АКШ долларын түзгөн. Мунайзаттын атап айтканда, унаа бензининин 32,6 пайызга, дизель отунунун 80,4 пайызга түшүүлөрүнүн өсүшүнүн эсебинен товарларды ташып келүү арткан. Ушуну менен катар эле

[1] Алдын ала алынган маалыматтар.

унааларды, дары-дармектерди, чоюн жана болотту, телефон аппараттарын, кантты ж.б. ташып келүү көлөмү да көбөйгөн.

«Башка кызмат көрсөтүүлөр» экспортунун алгылыктуу калыптанышы менен катар эле, «кыдыруулар» статьясы боюнча кызмат көрсөтүүлөрдүн арымдуу өсүшү «кызмат көрсөтүүлөр» балансынын тартыштыгынын 9,5 млн. АКШ долларына чейин төмөндөшүнө алып келген. 2010-жылы бул көрсөткүч 231,1 млн. АКШ доллары суммасында катталган эле.

*Акча которуулар*

Отчеттук жыл ичинде акчалай түшүүлөрдүн өсүшү жогорку деңгээлде сакталып, ал күндөлүк трансферттердин 1,8 млрд. АКШ доллары деңгээлинде таза агылып кирүүнү шарттаган. Мурдагыдай эле, күндөлүк трансферттердин түзүмүндө валюталык түшүүлөрдүн олуттуу көлөмү акча которуулар менен камсыз кылынган, анткени ал 2009-жылдагы басаңдоолордон кийин ыргактуу өсүшкө ык койгон. Отчеттук жыл жыйынтыгы боюнча акчалай которуулардын таза агымы 1,7 млрд. АКШ долларына жеткен, бул 2010-жылдагы тиешелүү көрсөткүчтөн 33,6 пайызга жогору.

Кирешелердин терс сальдосу 7,5 пайызга төмөндөгөн, бул негизинен тике чет өлкө инвесторлорунан алынган кредиттер боюнча пайыздык төлөмдөрдүн кыскарышы менен шартталган.

Капитал менен операциялар жана финансылык операциялар эсеби отчеттук жылдын жыйынтыгы боюнча 331,8 млн. АКШ доллары өлчөмүндө оң сальдодо түптөлгөн, бул 2010-жылдагы тиешелүү көрсөткүчтөн 38,0 пайызга төмөн.

*Капиталдын жылышы эсеби*

2011-жылы финансы эсеби боюнча негизги валюталык түшүүлөр тике инвестициялар түрүндө катталган. Тике инвестицияларынын таза агымы 391,0 млн. АКШ долларын түзүү менен 2010-жылдагы ушул көрсөткүчкө салыштырганда 10,6 пайызга төмөндөгөн. Мурдагыдай эле, тике инвестициялардын негизги көлөмү кайра инвестицияланган кирешелер менен камсыз кылынган.

Резиденттердин тышкы активдеринин көбөйүүсүнө салыштырганда, алардын милдеттенмелеринин кыйла олуттуу артышынын натыйжасында «башка инвестициялар» статьясы боюнча 3,1 млн. АКШ доллары өлчөмүндө таза агылып кирүү катталган.

Резиденттердин тышкы активдеринин 177,1 млн. АКШ долларына көбөйүүсү эң башкысы, ишканалардын чет өлкө банктарындагы эсептериндеги каражаттарынын 116,3 млн. АКШ долларына көбөйүүсүнө жана дебитордук карыздын 50,2 млн. АКШ долларына өсүшүнө байланыштуу жүргөн.

***1.3.2.-график***

Финансылык эсеп



Экономиканын мамлекеттик жана жеке секторуна сырттан карыз алуунун таза агымынын көлөмүнүн көбөйүүсүнүн натыйжасында, тышкы милдеттенмелер 2010-жылдагы көрсөткүчкө салыштырганда 81,2 пайызга өскөн. Мамлекеттик секторго кредиттердин таза агымынын көлөмү 93,6 млн. АКШ долларын, жеке секторго – 42,9 млн. АКШ долларын түзгөн.

Алдын ала эсептөөлөр боюнча отчеттук жылда «каталар жана калтырып кетүүлөр» статьясынын сальдосу 52,3 млн. АКШ доллары өлчөмүндө терс мааниде катталган, бул өлкөдөн капиталдын агылып чыгуусуна байланыштуу операциялардын же товарлар жана кызмат көрсөтүүлөр импортунун жеткире эсепке алынбай калгандыгын тастыктайт.

*Эл аралык камдар*

Отчеттук жылдын акырына карата эл аралык камдардын дүң көлөмү 1,8 млрд. АКШ доллары эквивалентин түзгөн. Улуттук банктын камдык активдеринин өлчөмү товарлардын жана кызмат көрсөтүүлөрдүн импортунун болочоктогу 3,8 айлык зарыл көлөмүнүн ордун жабууга жетиштүү болгон.

## 1.4. Банк сектору

*Коммерциялык банктардын саны*

2011-жылы Кыргыз Республикасынын аймагында Пакистан Улуттук банкынын Бишкектеги филиалын кошо алганда, 22 коммерциялык банк иштеп турган. Банк тутумунун иши боюнча кароого сунушталган бул баяндама коммерциялык банктардын жылдык регулятивдик отчетунун негизинде даярдалган[1].

Банк тутумунун 2011-жыл жыйынтыгы боюнча негизги көрсөткүчтөрү алгылыктуу өсүш багытына ык койгон. Көпчүлүк банктар адаттагы ыргакта иштеген. Төрт банк - «Акылинвестбанк» ААКсы, Инвестбанк «Ысык-Көл» ААКсы, «КыргызКредитБанк» ААКсы, «Манас Банк» ЖАК консервация шартында иштеген. Мындан тышкары, банк ишин жүргүзбөгөн «Ак Банк» ААКсында да консервация чарасы сакталып турган.

Улуттук банк коммерциялык банктар жана банктык эмес финансы-кредит мекемелери (БФКМ) менен биргеликте өткөн теке айындагы окуяларынын кесепетинен жапа чеккен карыз алуучулар менен алардын кредиторлорунун ортосундагы өз ара мамиленин курчуп кетишине жол бербөө максатында, 2011-жыл ичинде кредиттерди реструктуризациялоо маселелерин жөнгө салуу жагында иш алып барган.

Банк тутумун 2011-жылга чейин өнүктүрүү стратегиясында камтылган иш-чаралар негизинен аткарылган. 2010-жылдагы окуяларга байланыштуу гана анын айрым индикаторлоруна жетишилген эмес. Коммерциялык банктар менен биргеликте Кыргыз Республикасынын банк секторун 2014-жылга чейин өнүктүрүүнүн негизги багыттары иштелип чыгып, анда банк секторунун туруктуулугун чыңдоого, банк ишинин натыйжалуулугун, коопсуздугун жана ишенимдүүлүгүн колдоого алууга, банктык кызмат көрсөтүүлөрдөн пайдалануу мүмкүнчүлүгүн кеңейтүү үчүн шарттарды түзүүгө жана финансылык ортомчулук деңгээлин андан ары жогорулатууга багытталган өбөлгөлөр камтылган. Мындан тышкары, алгылыксыз жана кооптуу банктык тажрыйбага коммерциялык банктардын тартылышына бөгөт коюу боюнча чаралар да каралган.

[1] Коммерциялык банктардын 2010-жыл үчүн тышкы аудиторлор тарабынан тастыкталган регулятивдик отчетундагы маалыматтар колдонулган, 2011-жыл үчүн маалыматтар тышкы аудиторлор тарабынан тастыктала элек.

*Коммерциялык банктардын капиталы*

Коммерциялык банктардын регулятивдик суммардык капиталы[1] жыл ичинде 1,9 млрд. сомго же 16,2 пайызга өсүп, отчеттук жылдын акырында 13,4 млрд. сомду түзгөн. Мында төлөнгөн уставдык капитал[2] 11,2 пайызга көбөйгөн.

***1.4.1.-график***

Коммерциялык банктардын регулятивдик суммардык капиталынын динамикасы




*Коммерциялык банктардын милдеттенмелери*

Коммерциялык банктардын суммардык милдеттенмелери[3] 2011-жылы 15,4 пайызга өсүп, 52,3 млрд. сом чегинде катталган. Мында суммардык милдеттенмелердеги чет өлкө валютасындагы милдеттенмелердин үлүшү дээрлик өзгөрбөстөн, 55,0 пайызды түзгөн.

***1.4.1.-таблица***

Коммерциялык банктардын милдеттенмелеринин түзүмү (бир мезгилдин акырына карата)

| Милдеттенмелердин категориясы | 2010-ж. | | 2011-ж. | |
|---|---|---|---|---|
| | *млн. сом.* | *үлүшү, пайыздар* | *млн. сом.* | *үлүшү, пайыздар* |
| Юридикалык жактардын талап боюнча төлөнүүчү депозиттери | 14 048,9 | 30,5 | 13 897,2 | 26,6 |
| Жеке адамдардын депозиттери | 12 106,4 | 26,3 | 16 149,2 | 30,9 |
| Юридикалык жактардын мөөнөттүү депозиттери | 1 442,8 | 3,1 | 2 096,9 | 4,0 |
| Улуттук банк алдындагы милдеттенмелер | 0,7 | 0,0 | 308,4 | 0,6 |
| Корреспонденттик эсептер | 443,2 | 1,0 | 77,0 | 0,1 |
| Башка банктардын депозиттери | 3 300,2 | 9,1 | 3 377,0 | 6,5 |
| Кыска мөөнөттүү жайгаштыруулар | 0,0 | 0,0 | 0,0 | 0,0 |
| Бийлик органдарынын депозиттери жана кредиттери | 6 026,3 | 11,1 | 6 273,8 | 12,0 |
| Репо келишимдери боюнча сатылган БК | 231,0 | 0,5 | 82,4 | 0,2 |
| Алынган кредиттер | 3 690,1 | 8,0 | 5 288,5 | 10,1 |
| Субординацияланган карыз | 129,0 | 0,3 | 124,2 | 0,2 |
| Башка милдеттенмелер | 3 929,3 | 10,0 | 4 645,1 | 8,9 |
| **Бардыгы болуп** | **45 347,9** | **100,0** | **52 319,4** | **100,0** |

*Депозиттик база*

2011-жылдын жыйынтыгы боюнча коммерциялык банктардын депозиттеринин көлөмү[4] 16,5 пайызга өсүп, 32,1 млрд. сомду түзгөн. Юридикалык жактардын депозиттери отчеттук мезгил ичинде 502,4 млн. сомго же 3,2 пайызга көбөйгөн. Жеке адамдардын депозиттеринин өсүшү 4,1 млрд. сомду же 33,4 пайыз чегинде болгон. 2011-жылы жеке адамдардын депозиттеринин түзүмүндө абсолюттук маанисинде сыяктуу эле, салыштырмалуу түрдө мөөнөттүү депозиттердин өсүшү катталган.

---

[1] Банктын регулятивдик суммардык капиталында уставдык капитал, камдар, өткөн жылдардын бөлүштүрүлбөгөн пайдасы (чыгымы) отчеттук жылдын пайдасы (чыгымы), ошондой эле классификацияланбаган активдерге банкта түзүлгөн жалпы камдар камтылган.

[2] Бул категорияда жөнөкөй жана артыкчылыктуу акциялар камтылган.

[3] Суммардык милдеттенмелерде банк тарабынан тартылган бардык каражаттар камтылган.

[4] Бийлик органдарынын депозиттерин жана кредиттерин, финансы-кредит мекемелеринин депозиттерин эске алуусуз.

## 1.4.2.-график

Коммерциялык банктардын депозиттеринин динамикасы




## 1.4.3.-график

Коммерциялык банктардын милдеттенмелеринин түзүмү (бир мезгилдин акырына карата)

*(млн. сом.)*




*Банк тутумунун активдери*

2011-жылы банктардын суммардык активдери 15,2 пайызга өсүп, 66,7 млрд. сомду түзгөн. Мында, чет өлкө валютасындагы активдердин өсүшү 25,5 пайызды түзүп, ал эми улуттук валютадагы активдер 7,0 пайызга көбөйгөн.

## 1.4.2.-таблица

Коммерциялык банктардын активдеринин түзүмү (бир мезгилдин акырына карата)

| Активдердин категориясы | 2010-ж. | | 2011-ж. | |
|---|---|---|---|---|
| | *млн. сом.* | *үлүшү пайыздар* | *млн. сом.* | *үлүшү пайыздар* |
| Акча каражаттары | 3 870,5 | 6,7 | 6 305,3 | 9,4 |
| Улуттук банктагы корр.эсеп | 5 513,7 | 9,5 | 5 431,1 | 8,1 |
| Башка банктардагы корр. эсептер жана депозиттер | 10 491,9 | 18,1 | 9 541,8 | 14,3 |
| Баалуу кагаздар портфели | 4 142,5 | 7,2 | 5 663,5 | 8,5 |
| Кыска мөөнөттүү жайгаштыруулар | 1 004,2 | 1,7 | 93,0 | 0,1 |
| Репо шарттарында сатылып алынган баалуу кагаздар | 101,8 | 0,2 | 245,2 | 0,4 |
| Финансы-кредит мекемелерине кредиттер | 1 064,5 | 1,8 | 1 596,6 | 2,4 |
| Кардарларга кредиттер | 26 310,8 | 45,4 | 31 141,8 | 46,7 |
| Атайын РППУ* | -2 822,8 | -4,9 | -1 954,2 | -2,9 |
| Негизги каражаттар | 3 954,8 | 6,8 | 4 651,3 | 7,0 |
| Башка активдер | 5 363,5 | 9,3 | 4 039,1 | 6,1 |
| **Бардыгы болуп** | **57 930,9** | **100,0** | **66 754,5** | **100,0** |

** Атайын РППУ дегенден улам, классификацияланган кредиттер боюнча (субстандарттык, шектүү, жоготуулар) потенциалдуу жоготуулардын жана чыгым тартуулардын ордун жабууга камды түшүнүүгө болот.*

Коммерциялык банктардын акча каражаттарына, кыска мөөнөттүү жайгаштырууларга жана Улуттук банктагы корреспонденттик эсептерге жайгаштырган жогорку ликвиддүү каражаттарынын көлөмү чогуу алганда отчеттук мезгил ичинде 13,9 пайызга жогорулап, 2011-жыл жыйынтыгы боюнча активдердин бул категориясы 11,8 млрд. сомду түзгөн. Кардарларга кредиттердин калдыгынын көлөмүнүн[1], 2010-жылдагы ушул көрсөткүчкө салыштырганда 18,4 пайызга өскөндүгү байкалып, банк тутумунун активдеринин бардык негизги категориялар боюнча өсүшү катталган.

***1.4.4.-график***

Коммерциялык банктардын кардарларына кредиттердин динамикасы




***1.4.5.-график***

Коммерциялык банктардын активдеринин түзүмү (бир мезгилдин акырына карата)

*(млн. сом.)*




*«Таза» кредиттер*

Отчеттук жылы суммардык «таза» кредиттердин[2] көлөмү 24,3 пайызга өсүп, 29,2 млрд. сомду түзгөн. Банктардын суммардык активдериндеги алардын үлүшү 3,2 пайыздык пунктка көбөйүп, 43,7 пайызды түзгөн.

Банктардын регулятивдик отчетторуна ылайык «классификацияланбаган»[3] активдер, классификациялануучу тийиш болгон активдердин суммасынын 92,2 пайызын, ал эми «классификацияланган»[4] активдер

[1] Кардарларга кредиттер - кардарларга кредиттер жана финансылык ижара (бул категорияга финансы-кредит мекемелерине кредиттер кирбейт) чегерилген дисконтту минуска чыгаруу менен келтирилген.

[2] Кардарларга «таза» кредиттер – кардарларга жана финансы-кредит мекемелерине кредиттер жана финансылык ижара, мында потенциалдуу жоготуулардын жана чыгым тартуулардын ордун жабууга түзүлгөн камдар, ошондой эле чегерилген дисконт минуска чыгарылат.

[3] Классификацияланбаган активдер (кредиттер) категориясына нормалдуу, канаттандыраарлык жана байкоого алынган категорияларга чегерилген активдер (кредиттер) кирет.

[4] Классификацияланган активдер (кредиттер) категориясына субстандарттык, шектүү жана жоготуулар категориясына чегерилген активдер (кредиттер) кирет.

7,8 пайызын түзгөн. Классификацияланган кредиттердин үлүшү 10,2 пайызга чейин кыскарган (2010-жылы 15,8 пайызга), ушунун өзү банк тутумунун кредит портфелинин сапатынын белгилүү бир деңгээлде жакшыргандыгын тастыктайт.

***1.4.3.-таблица***

Активдерди, баланстан тышкаркы милдеттенмелерди жана кардарларга кредиттерди классификациялоо

*(эгерде башкасы көрсөтүлбөгөн болсо, пайыздарда)*

| Категориясы | Активдер жана баланстан тышкаркы милдеттенмелер | | Кардарларга кредиттер | |
|---|---|---|---|---|
| | 2010-ж. | 2011-ж. | 2010-ж. | 2011-ж. |
| **Бардыгы болуп классификацияланбагандар** | **90,5** | **92,2** | **84,2** | **89,8** |
| *анын ичинде:* | | | | |
| Нормалдуу | 48,6 | 41,7 | 1,5 | 0,7 |
| Канааттандырарлык | 35,8 | 45,2 | 70,4 | 80,1 |
| Байкоого алынган | 6,1 | 5,3 | 12,3 | 9,1 |
| **Бардыгы болуп классификациялангандар** | **9,5** | **7,8** | **15,8** | **10,2** |
| *анын ичинде:* | | | | |
| Субстандарттык | 2,9 | 3,1 | 4,3 | 3,3 |
| Шектүү | 2,1 | 1,7 | 3,9 | 3,0 |
| Жоготуулар | 4,5 | 3,1 | 7,7 | 4,0 |
| **Бардыгы болуп** | **100,0** | **100,0** | **100,0** | **100,0** |
| **Бардыгы болуп,** ***млн. сом.*** | **54 957,4** | **59 813,8** | **26 310,8** | **31 141,8** |

*Кирешелер жана чыгашалар*

Отчеттук жылы коммерциялык банктардын кирешелер статьясы сыяктуу эле чыгашалар статьясы да көбөйгөн, мында РППУну түзүүгө чыгашалар төмөндөгөн.

***1.4.4.-таблица***

Кирешелер жана чыгашалар түзүмү

*(млн. сом.)*

| Категориясы | 2010-ж. | 2011-ж. |
|---|---|---|
| Бардыгы болуп пайыздык кирешелер | 5 014,8 | 6 186,6 |
| Бардыгы болуп пайыздык чыгашалар | 1 397,8 | 1 883,1 |
| Таза пайыздык киреше | 3 617,0 | 4 303,5 |
| РППУга чегерүүлөр (кредиттер боюнча) | 680,9 | -100,6 |
| РППУга чегерүүлөрдөн кийинки таза пайыздык киреше | 2 936,1 | 4 404,1 |
| Бардыгы болуп пайыздык эмес кирешелер | 11 460,0 | 18 625,8 |
| Бардыгы болуп пайыздык эмес чыгашалар | 9 271,9 | 15 565,9 |
| Таза операциялык киреше (чыгым) | 1 197,8 | 2 393,2 |
| РППУ га чегерүүлөр (башка активдер боюнча) | 318,6 | 168,1 |
| Салык алынганга чейинки таза киреше (чыгым) | 879,1 | 2 225,1 |
| Пайда салыгы | 137,0 | 245,0 |
| Таза пайда (чыгым) | 742,2 | 1 980,2 |

Банк тутуму отчеттук жылды 1 980,2 млн. сом өлчөмүндө таза пайда алуу менен жыйынтыктаган, ал эми 2010-жылдын жыйынтыгы боюнча финансылык натыйжа 742,2 млн. сом чегинде катталган (166,8 пайыздык өсүш) эле.

Ошентип, 2010-жылдагы каргашалуу окуялардын кесепеттерин жоюу зарылчылыгына карабастан, банк тутумунун бүтүндөй негизги көрсөткүчтөрү боюнча алгылыктуу жагдайдын түптөлгөндүгү байкалып, банктык кызмат көрсөтүүлөр жана продуктылар көлөмүнүн өсүшү камсыз кылынган. Коммерциялык банктардын ишинде төмөнкүдөй негизги тенденциялар белгиленген:

- жеке адамдардын депозиттеринин көлөмүнүн көбөйүүсү (33,5 пайыздык

өсүш), бул калктын коммерциялык банктарга карата ишениминин сакталып калышын чагылдырат;

- банк тутумунун чогуу алгандагы активдеринин 15,2 пайызга көбөйүүсү;
- коммерциялык банктардын суммардык кредит портфелинин 18,4 пайызга өсүшү;
- активдердин кирешелүүлүгүнүн (ROA) 1,9 пайыздык пунктка көбөйүүсү (3,0 пайызга чейин), капиталдын кирешелүүлүгүнүн (ROE) – 10,6 пайыздык пунктка (17,7 пайызга чейин) көбөйүүсү.

## 1.5. Банктык эмес финансы-кредит мекемелер сектору

*Банктык эмес финансы-кредит мекемелердин түзүмү*

2011-жылдын үчтүн айынын отуз бирине карата абал боюнча Улуттук банктан лицензия алып, иши жөнгө салынуучу банктык эмес финансы-кредит мекемелер (БФКМ) системасында «Кредиттик союздарды колдоо жана өнүктүрүү боюнча финансы компаниясы» ЖЧКсы ("Финкомпания") - адистештирилген финансы-кредит мекемеси; 197 кредиттик союз, 454 микрофинансылык уюм, (анын ичинде 4 микрофинансылык компаниялар, 340 микрокредиттик компания жана 110 микрокредиттик агенттиктер) жана 279 алмашуу бюросу камтылган. Отчеттук жылы МФУлардын жалпы саны, ошондой эле бүтүндөй БФКМ системасынын активдеринин жана кредит портфелинин көлөмү көбөйгөн.

***1.5.1.-таблица***

БФКМдердин жана алмашуу бюролорунун санынын динамикасы

| Аталышы | 2007-ж. | 2008-ж. | 2009-ж. | 2010-ж. | 2011-ж. |
|---|---|---|---|---|---|
| Финкомпания | 1 | 1 | 1 | 1 | 1 |
| БРАФ* | - | - | 1 | 1 | - |
| Кыргыз Республикасынын Өнүктүрүү фондусу** | - | - | 1 | - | - |
| Микрофинансылык уюмдар (МФК, МКК жана МКА) | 233 | 291 | 359 | 397 | 454 |
| Кредиттик союздар | 272 | 248 | 238 | 217 | 197 |
| Алмашуу бюролору | 318 | 353 | 372 | 290 | 279 |

**Банктарды рефинансылоонун адистештирилген фондусу" ЖЧКсына 2009-жылдын кулжа айынын алтысында берилген №003 Кыргыз Республикасынын улуттук валютасында айрым банктык операцияларды жүргүзүү укугуна лицензия, Улуттук банк Башкармасынын 2011-жылдын баш оона айынын жыйырма жетисиндеги № 40/5 токтомунун негизинде, 2011-жылдын аяк оона айынын биринен тартып кайтарылып алынган.*

*** "Кыргыз Республикасынын Өнүктүрүү фондусу" ЖАКтын 2009-жылдын тогуздун айындагы № 4 лицензиясы КР Убактылуу Өкмөтүнүн 2010-жылдын бугу айынын отузундагы № 31 декретинин негизинде, Улуттук банк Башкармасынын 2010-жылдын кулжа айынын жетисиндеги 29/1 токтому менен кайтарылып алынган.*

2011-жылы Улуттук банк тарабынан алмашуу бюролоруна 285 лицензия (анын ичинде, мурда берилген лицензиялардын аракеттенүү мөөнөтүнүн бүтүшүнө байланыштуу 219 лицензия), ошондой эле МКК/МКАлардын каттоодон өткөндүгү жөнүндө 91 күбөлүк берилген.

Регулятивдик отчетторго ылайык[1] отчеттук жыл ичинде БФКМдердин чогуу алгандагы активдери 20,4 пайызга көбөйүп, 2011-жылдын үчтүн айынын отуз бирине карата абал боюнча 20,4 млрд. сомду түзгөн. БФКМдердин кредит портфелинин өлчөмү[1] 2010-жылдагыга салыштырганда 41,9 пайызга көбөйүү менен 15,7 млрд. сомду түзгөн.

[1] БФКМ сектору боюнча маалыматтар Финкомпаниянын кредит портфелин эске алуусуз келтирилген. Анткени, кредиттер кредиттик союздарга берилип, алар андан ары кайра кредиттөөнү ишке ашырган.

***1.5.1.-график***

БФКМдердин чогуу алгандагы активдеринин жана кредит портфелинин динамикасы




Отчеттук жылы БФКМдердин кредит портфелинин эң чоң көлөмү Жалал-Абад жана Ош областтарында, ошондой эле Бишкек шаарында жайгаштырылган.

*БФКМдердин областтар жана Бишкек шаары боюнча кредит портфели*

***1.5.2.-таблица***

БФКМдердин кредит портфелинин региондор боюнча өзгөрүшү (бир мезгилдин акырына карата)

*(млн. сом.)*

| | 2010-ж. | 2011-ж. |
|---|---|---|
| Бишкек ш. | 1 940,8 | 2 741,7 |
| Баткен областы | 828,8 | 1 264,0 |
| Жалал-Абад областы | 1 951,6 | 2 904,4 |
| Ысык-Көл областы | 1 118,3 | 1 581,9 |
| Нарын областы | 769,2 | 1 167,3 |
| Ош областы | 2 104,3 | 2 718,8 |
| Талас областы | 948,6 | 1 240,0 |
| Чүй областы | 1 320,3 | 1 960,2 |
| КР чегинен тышкары | 106,1 | 152,2 |
| **Бардыгы болуп** | 11 088,0 | 15 730,4 |

Микрокредиттөө БФКМдердин негизги иш багытынан болуп саналат. Отчеттук жылы карыз алуучулардын саны 22,9 пайызга өскөндүгү байкалып, алардын жалпы саны 480 миң адамдан көбүрөөктү түзгөн.

***1.5.2.-график***

Экономика секторлору боюнча кредит портфелинин түзүмү (бир мезгилдин акырына карата)

*(пайыздар)*






*БФКМ түрлөрү боюнча кредит портфели*

БФКМдердин чогуу алгандагы кредит портфелинде микрофинансылык уюмдардын үлүшү 89,7 пайыздан (9,9 млрд.сомдон) 92,2 пайызга чейин өсүп (14,5 млрд.сомго), ал эми кредиттик союздардын үлүшү 10,3 пайыздан (1,1 млрд.сомдон) 7,8 пайызга чейин (1,2 млрд.сомго) төмөндөгөн.

Отчеттук жылда БФКМдердин чогуу алгандагы таза пайдасы 1 310,8 млн. сомду түзүү менен 91,2 пайызга же 2010-жылдагыга салыштырганда 625,1 млн. сомго көбөйгөн.

***1.5.3.-график***

БФКМдердин таза пайдасынын, ROA жана ROE көрсөткүчтөрүнүн динамикасы




БФКМдердин кредиттери боюнча орточо алынган чен негизинен кредиттердин бул түрүнө калайык-калктын суроо-талабынын жогору бойдон сакталып калышына, ошондой эле операциялык чыгашалардын жана тобокелдиктердин ордун жабуу зарылчылыгынан улам, мурдагы деңгээлде сакталып калган.

***1.5.3.-таблица***

Кредиттер боюнча орточо салмактанып алынган чен

*(пайыздар)*

| | 2007-ж. | 2008-ж. | 2009-ж. | 2010-ж. | 2011-ж. |
|---|---|---|---|---|---|
| Финкомпаниясы | 14,3 | 13,5 | 14,6 | 15,5 | 15,8 |
| БРАФ* | - | - | 11,0 | 7,2 | 6,2 |
| Кыргыз Республикасынын Өнүктүрүү фондусу** | - | - | 3,5 | - | - |
| Микрофинансылык уюмдар | 32,9 | 32,4 | 34,5 | 38,8 | 38,3 |
| Кредиттик союздар | 25,8 | 28,0 | 29,5 | 30,7 | 29,0 |

** "Банктарды рефинансылоонун адистештирилген фондусу" ЖЧКсынын ишинин токтотулгандыгына байланыштуу 2011-жылдын аяк оона айынын биринен тартып лицензиясы кайтарылып алынган.*

*** Кыргыз Республикасынын Өнүктүрүү фондусу" ЖАКтын 2009-жылдын тогуздун айындагы № 4 лицензиясы КР Убактылуу Өкмөтүнүн 2010-жылдын бугу айынын отузундагы № 31 декретинин негизинде, Улуттук банк Башкармасынын 2010-жылдын кулжа айынын жетисиндеги 29/1 токтому менен кайтарылып алынган.*

БФКМдердин кредит портфелинин өсүшү негизинен, микрофинансылык уюмдардын иши менен камсыз кылынган. Алсак, отчеттук жылы МФУлардын чогуу алгандагы кредит портфели 45,7 пайызга көбөйүп, отчеттук жылдын акырына карата 14,5 млрд. сомду түзгөн. Отчеттук күнгө карата алардын карыз алуучуларынын саны 24,7 пайызга өсүп, 463 минден көбүрөөк адам чегинде катталган. Төлөө мөөнөттөрү боюнча МФУ кредит портфели негизинен, орто жана кыска мөөнөттүк, 3 жылга чейинки кредиттерден турган.

Айыл-чарбасы МФУлар кредиттеген негизги тармактан болуп калган, анын үлүшүнө чогуу алгандагы кредит портфелинин 43,5

пайызы (2010-жылдын акырына карата 45,2 пайыз), соодага 30,6 пайызы (2010-жылдын үчтүн айынын отуз бирине карата 28,6 пайызы) туура келген. Микрофинансылык уюмдардын кредит портфелинин өсүшү эл аралык финансылык институттардан каражат тартуунун, ошондой эле МФУлардын капиталын көбөйтүүнүн эсебинен камсыз кылынган.

*Кредиттик союздар*

Кредиттик союздардын чогуу алгандагы кредит портфели 2011-жылы 8,1 пайызга көбөйүп, жылдын акырына карата 1,2 млрд. сомду түзгөн. Кредиттик союздардын кредит портфелинин түзүмүндө кредиттердин негизги үлүшү айыл чарбасына – 48,4 пайызы жана соодага – 34,2 пайызы туура келген (2010-жылы тиешелүүлүгүнө жараша, 49,0 жана 32,3 пайыз). Кредиттик союздардын карыз алуучуларынын саны 2011-жылы 11,9 пайызга кыскарып, жылдын үчтүн айынын отуз бирине карата 17 миң адамды түзгөн. Карыз алуучулардын санынын азайуусу кредиттик союздардын өзүнүн санынын кыскаруусуна байланыштуу келип чыккан.

Отчеттук жылдын акырына карата абал боюнча 12 кредиттик союз депозиттик лицензияга ээ болгон. Катышуучулардан тартылган депозиттердин көлөмү 1,4 пайызга көбөйүп, 35,5 млн. сомду түзгөн, ал эми башка ФКМдер алдындагы милдеттенмелер 10,2 пайызга көбөйүп, 598,3 млн. сом чегинде катталган.

## 1.6. Финансы рыноктору

### 1.6.1. Валюта рыногу

Рыноктогу жагдай Кыргыз Республикасынын соода боюнча негизги өнөктөшүнөн болгон өлкөлөрдө экономиканын жогорулоосу, ошондой эле экономикага кредиттердин өсүшү шартында калыптанган. Жыл ичинде сомдун алмашуу курсунун динамикасы ар башкача түптөлүп, жыл жыйынтыгында АКШ долларынын эсептик курсу 1,3 пайызга, 47,0992ден 46,4847 сом/АКШ долларына чейин төмөндөгөн.

***1.6.1.1.-график***

Валюта курсунун динамикасы жана банктар аралык валюта тооруктарындагы операциялардын көлөмү




*Алмашуу курсунун динамикасы*

Жыл башы доллардын курсунун өсүшкө ыктоосунун сакталып турушу менен мүнөздөлүп, алгачкы эки ай ичинде 0,8 пайызга өскөн. Бирок, курстун өзгөрүү багыты, ички валюта рыногунда АКШ долларын сунуштоо көлөмүнүн көбөйүшүнөн улам, рынок конъюнктурасынын алмашуусунун

эсебинен өзгөргөн. Мында, акча которуу системалары боюнча чет өлкө валюталар агымынын артышы негизги фактордун бири болгон. Баш оона айынын акырына карата АКШ долларынын курсу жыл башынан 5,3 пайызга төмөндөп олтуруп, 44,5952 сом/АКШ долларын түзгөн.

Аяк оона айында алмашуу курсу кайрадан жогорулай баштаган. Мындай өзгөрүү кандайдыр бир деңгээлде импорттук келишимдердин атап айтканда, КММ жана эл керектөөчү товарларга тиешелүү келишимдердин аткарылышынын алкагында, ички валюта рыногунда АКШ долларына керектөөнүн өсүшү менен шартталган. Тогуздун айынан бештин айына чейин керектөө жигеринин сезондук жогорулоосу валютага талапты колдоого алган кошумча фактордон болгон. Бештин айынын акырына карата АКШ долларынын курсу 46,8308 сом/АКШ долларына чейин өскөн. Үчтүн айында доллардын алмашуу курсу 0,7 пайызга, 46,4847 сом/АКШ долларына чейин төмөндөгөн.

*Улуттук банктын валюталык интервенциялары*

Улуттук банк алмашуу курсунун кескин өзгөрүүсүнө жол бербөө максатында банктар аралык валюта тооруктарында долларды сатуу сыяктуу эле, сатып алуу операцияларын жүргүзгөн. Жыл ичинде бүтүндөй алганда, Улуттук банктын валюталык интервенцияларынын дүң көлөмү 2010-жылдагы көрсөткүчтөн 37,5 пайызга ашуу менен 401,6 млн. АКШ долларын түзгөн. Негизинен, чет өлкө валютасын сатуу операциялары ишке ашырылып, алардын көлөмү 6,8 пайызга, 281,2 млн. долларга чейин өскөн. Чет өлкө валюталарын сатып алуу көлөмү 4,2 эсеге көбөйүү менен 120,5 млн. долларды түзгөн. Улуттук банктын АКШ долларын таза сатуу көлөмү 160,7 млн. АКШ доллары чегинде катталып, 2010-жылдагы көрсөткүчкө салыштырганда 73,6 млн. долларга же 31,4 пайызга төмөндөгөн. Мындан тышкары Улуттук банк 10,0 млн. орус рублин сатып алуу операциясын ишке ашырган.

***1.6.1.1.-таблица***

Валюта рыногунда чет өлкө валютасын сатып алуу/сатуу боюнча операциялар
*(млн. сом.)*

| | 2010-ж. | 2011-ж. | Өсүш арымы, *пайыздарда* |
|---|---|---|---|
| **Жалпы көлөмү** | **160 520,7** | **242 207,8** | **50,9** |
| анын ичинде | | | |
| *Валюта тооруктарында нак эмес валюталар менен спот-операциялар* | 31 472,9 | 43 800,6 | 39,2 |
| Улуттук банк менен операциялар | 13 822,7 | 18 474,3 | 33,7 |
| банктар аралык операциялар | 17 650,3 | 25 326,3 | 43,5 |
| *Валюта тооруктарынан тышкары нак эмес валюталар менен спот-операциялар* | 1 554,4 | 2 382,0 | 53,2 |
| *Нак валюта менен спот-операциялар* | 126 125,1 | 193 125,2 | 53,1 |
| Улуттук банк менен операциялар | 23,6 | 0,0 | - |
| банктар аралык операциялар | 96 317,8 | 158 452,0 | 64,5 |
| алмашуу бюролору | 29 783,8 | 34 673,1 | 16,4 |
| *Своп-операциялар* | 1 368,3 | 2 900,1 | 113,0 |
| Улуттук банк менен операциялар | 683,5 | 0,0 | - |
| банктар аралык операциялар | 684,8 | 2 900,1 | 327,9 |

*Валюта рыногунун валюта түрлөрү боюнча түзүмү*

Отчеттук жылда валюта рыногундагы абал экспорттук-импорттук операциялардын салыштырмалуу жогорку көлөмдө болушунун, акча которуу системалары боюнча чет өлкө валюталарынын агылып кирүүсүнүн жана валюта түрүндөгү каражаттарды конвертирлөө операцияларынын эсебинен иш жигеринин артышынын жалпы жылдык тенденциясынын сакталып калышы шартында түптөлгөн. Ички валюта рыногунда чет өлкө валюталарын сатып алуу жана сатуу боюнча операциялардын көлөмү 50,9 пайызга өсүп, 242,2 млрд. сом эквивалентинде катталган. Мында, АКШ доллары менен операциялар 42,0 пайызга көбөйүп, операциялардын жалпы көлөмүндө алардын үлүшү 62,2 пайызды түзүү менен 3,9 пайыздык пунктка азайган. Евро менен операциялар 30,9 пайызга көбөйүп, алардын үлүшү 0,7 пайыздык

пунктка (4,3 пайызга чейин) төмөндөгөн. Орус рубли менен операциялар көлөмү 78,1 пайызга көбөйүп, алардын үлүшү 20,8 пайыздан 24,5 пайызга чейин өскөн. Казак теңгеси менен операциялар да 69,0 пайызга, ал эми алардын үлүшү 1,0 пайыздык пунктка, 9,0 пайызга чейин көбөйгөн. Башка валюталар[1] менен операциялар көлөмү 47,5 пайызга кыскарып, алардын салыштырма салмагы 0,1 пайыздан 0,05 пайызга чейин азайган.

*Валюта рыногунун нак эмес жана нак сегменттери*

Валюта рыногунун нак эмес сегментинде бүтүмдөрдүн басымдуу бөлүгү банктар аралык валюта тооруктарында АКШ долларында келишилген[2]. Бул операциялардын сомдук эквиваленттеги көлөмү 41,7 млрд. сомду түзүп, 2010-жылдагы көрсөткүчкө салыштырганда 39,8 пайызга көбөйгөн. Улуттук банктын АКШ долларын сатып алуу/сатуу боюнча операцияларынын 37,5 пайызга көбөйүүсү менен мына ушундай өсүш камсыз кылынган.

Валюта рыногунун нак сегментинде операциялардын негизги үлүшү – алардын жалпы көлөмүнүн 80,8 пайызы ишке ашырылган. Нак валюталарды сатып алуу жана сатуу боюнча бүтүмдөрдүн олуттуу көлөмү (66,3 пайыз) коммерциялык банктарда келишилген. Мында алмашуу бюролорундагы накталай операциялардын үлүшү жыл ичинде 18,8 пайыздан 14,5 пайызга чейин төмөндөгөн.

*Своп–операциялар*

Отчеттук жылы своп операциялардын көлөмү 2,9 млрд. сом эквивалентин түзүп, 2010-жылдагы ушул көрсөткүчкө салыштырганда 113,0 пайызга көбөйгөн. Алардын ичинен Улуттук банктын тике своп операцияларына 164,7 млн. сом эквиваленти туура келген.

*Алмашуу бюролорундагы валюта курстарынын динамикасы*

Отчеттук жыл жыйынтыгы боюнча алмашуу бюролорунда долларды сатуунун орточо салмактанып алынган курсу 0,9 пайызга төмөндөп, үчтүн айынын акырына карата 46,7927 сом/АКШ долларын түзгөн. Мында сом еврого, орус рублине жана теңгеге карата бекемделген: алмашуу бюролорунда жыл ичинде еврону сатуунун орточо алынган курсу 3,1 пайызга төмөндөп, 60,4420 сом/еврого, орус рубли – 5,2 пайызга, 1,4442 сом /рублге чейин, казак теңгеси – 1,4 пайызды, 0,3125 сом/теңгеге чейин төмөндөгөн.

## 1.6.2. Банктар аралык кредит рыногу

Отчеттук жылда банктар аралык кредиттик ресурстар рыногундагы жагдай ликвиддүүлүк деңгээли жана анын банк тутумунда концентрацияланышы менен аныкталган. Мында чендердин орточо деңгээлинин жогорулагандыгы жана бүтүмдөрдүн мөөнөт чеги узартылган.

*Улуттук валютадагы операциялар*

Экинчи жана төртүнчү чейректе банк тутумунун ликвиддүүлүк деңгээлинин байкаларлык төмөндөшү ички рынокто банктар аралык кредиттик операциялардын көлөмүнүн жогорулоосуна алып келген. Бул рынокто сом түрүндө ишке ашырылган операциялардын жалпы көлөмү 10,1 млрд. сомду түзүп, 2010-жылдагы көрсөткүчкө салыштырганда 30,7 пайызга көбөйгөн. Сом түрүндөгү операциялардын негизги бөлүгү мурдагыдай эле, репо операциялар сегментинде ишке ашырылган. Ошону менен бирге эле, Улуттук банктын овернайт кредиттерин сунуштоо боюнча операцияларынын көлөмү 52,5 пайызга, 4,1 млрд. сомго чейин көбөйүүсүнөн улам, отчеттук жылы репо операцияларынын үлүшү 8,9 пайыздык пунктка, 50,8 пайызга чейин кыскарган.

*Пайыздык чендердин динамикасы*

Жыл башында карыздык каражаттарга талаптын сакталып турушунун, ошондой эле финансы рыногунун башка сегменттеринде чендердин жогорулоосунун натыйжасында сом түрүндөгү кредиттердин пайыздык

[1] Англия фунт стерлинги, швейцария франкы, түрк лири, өзбек суму, кытай юани ж.б.

[2] Тооруктар Улуттук банкта тоорук-маалымат электрондук системасы аркылуу ишке ашырылат.

чени салыштырмалуу бир аз арымда көбөйгөн. Бугу айынан тартып, улуттук валютадагы банктар аралык кредиттердин наркынын өсүш арымы ликвиддүүлүк деңгээлинин төмөндөшү себебинен улам келип чыккан карыздык каражаттарга талаптын жогорулоосу алкагында күч алган. Кийинки айларда пайыздык чендердин бир аз өзгөрүүсүнө карабастан, банктар аралык рынокто сом түрүндөгү ресурстардын наркы жыл акырына чейин жогорку деңгээлде сакталып калган. Бүтүндөй 2011-жылы репо операциялары боюнча орточо чен 9,4 пайызды түзүп, 2010-жылдагыга салыштырганда 5,7 пайыздык пунктка жогорулаган. Улуттук валютадагы банктар аралык кредиттер боюнча жылдык орточо чен 4,6 пайыздык пунктка жогорулап, 9,1 пайызды түзгөн.

Репо операцияларынын орточо мөөнөтү беш күндөн алты күнгө чейин узарып, ал эми улуттук валютадагы кредиттердики мурдагыдай эле (7 күн) сакталып калган.

***1.6.2.1.-график***

Ички банктар аралык кредит рыногундагы бүтүмдөрдүн көлөмү

*(млн. сом.)*




*Ички рынокто чет өлкө валютасындагы операциялар*

Ички банктар аралык кредит рыногунун валюта сегментинде отчеттук жылда ишке ашырылган операциялардын көлөмү 47,3 пайызга кыскарып, 69,1 млн. сом эквивалентин түзгөн. Бул сегментте чендер акча рыногунун башка сегменттериндеги чендердин таасири астында түптөлгөн. Бүтүндөй жыл ичинде ички банктар аралык рынокто чет өлкө валютасында сунушталган кредиттер боюнча орточо чен, 2010-жылдагыга салыштырганда 0,6 пайыздык пунктка жогорулап, 3,5 пайызды түзгөн, ал эми орточо алынган мөөнөттүүлүк 5 күндөн 58 күнгө чейин көбөйтүлгөн.

***1.6.2.1.-таблица***

Ички банктар аралык кредит рыногундагы орточо салмактанып алынган пайыздык чен

*(пайыздар)*

| | 2010-ж. | 2011-ж. |
|---|---|---|
| Улуттук валютадагы кредиттер боюнча чен | 4,5 | 9,1 |
| Чет өлкө валютасындагы кредиттер боюнча чен | 2,9 | 3,5 |
| Репо операциялары боюнча чен | 3,7 | 9,4 |
| "Овернайт" кредиттери боюнча чен | 3,2 | 13,2 |

*Резидент эмес банктар менен операциялар*

Ички рынокто банктар аралык кредиттерди сунуштоодон тышкары айрым банктар кредитор катары иш алып барып, резидент эмес банктар менен операцияларды ишке ашырган. Резидент эмес банктарга берилген кредиттердин жалпы көлөмү 21,0 пайызга кыскарып, 171,6 млрд. сом эквивалентин түзгөн.

## 1.6.3. Баалуу кагаздар рыногу

### 1.6.3.1. Мамлекеттик баалуу кагаздар рыногу

Отчеттук жылы мамлекеттик баалуу кагаздар рыногунда иш баалуу кагаздардын төмөнкү түрлөрү менен жүргүзүлгөн:

- мамлекеттик казына векселдери (МКВ);
- Улуттук банктын ноталары;
- мамлекеттик казына облигациялары (МКО);
- казына милдеттенмелери (КО);
- мамлекеттик жөнгө салуучу баалуу кагаздар – казына векселдери (МКВ(ж)), казына облигациялары (МКО(ж));
- жөнөкөй жана которулма векселдер;
- муниципалдык облигациялар.

*Жүгүртүүдөгү мамлекеттик баалуу кагаздар*

Жүгүртүүдөгү мамлекеттик баалуу кагаздардын жалпы көлөмү жыл ичинде 29,3 пайызга көбөйүү менен 11,1 млрд. сомду түзгөн. Бул жагдай МКВ, МКО жана ноталар эмиссия көлөмүнүн өсүшүнө байланыштуу келип чыккан. Ушунун өзү мамлекеттик баалуу кагаздардын түзүмүнө да тасирин тийгизген.

***1.6.3.1.1.-график***

Жүгүртүүдөгү мамлекеттик баалуу кагаздардын түзүмү




Мамлекеттик баалуу кагаздардын түзүмүндө казына милдеттенмелеринин салыштырма салмагы, мурда чыгарылган милдеттенмелер боюнча 142,4 млн. сом суммасындагы карыздын орду жабылышынын натыйжасында 13,2 пайызга чейин (-5,5 пайыздык пунктка) төмөндөгөн. Жыйынтыгында, жыл ичинде жүгүртүүдөгү казына милдеттенмелеринин көлөмү 8,8 пайызга төмөндөп, 1,5 млрд. сомду түзгөн. Ушул кагаздардын дээрлик бүтүндөй көлөмү (99,9 пайызы) Улуттук банктын портфелинде турган.

Өкмөттүн Улуттук банк алдындагы карызын жөнгө салуу процессинде өткөн жылдары чыгарылган МКВ(ж) көлөмү кароого алынып жаткан жылда мурдагы деңгээлинде сакталып калып, мамлекеттик баалуу кагаздар түзүмүндө алардын салыштырма салмагы 6,4 пайыздан 5,0 пайызга чейин төмөндөгөн.

Финансы министрлиги тарабынан банктардын жана башка финансы мекемелеринин аманатчылар алдындагы карызын кайра тариздетүү процессинде чыгарылган, жүгүртүүдөгү жөнөкөй жана которулма векселдер көлөмү 34,9 млн. сомду түзүп, 0,8 пайызга, ал эми алардын үлүшү да 0,3 пайызга чейин азайган.

2011-жылы муниципалдык жаңы баалуу кагаздар чыгарылган эмес. Бүтүндөй алганда, Бишкек шаарынын мэриясы тарабынан курулушту жана жолдорду оңдоп түзөө иштерин каржылоо максатында жайгаштырылган жүгүртүүдөгү кагаздардын көлөмү 1,5 млн. сомго чейин төмөндөгөн. Ал эми мамлекеттик баалуу кагаздардын түзүмүндө мындай облигациялардын үлүшү 0,01 пайыз өлчөмүндө болгон.

### 1.6.3.1.1. Мамлекеттик казына векселдери

Мамлекеттик казына векселдери Финансы министрлиги тарабынан мамлекеттик бюджеттин утурумдук тартыштыгын каржылоо максатында, 3 ай, 6 ай жана 12 ай мөөнөтүнө жүгүртүүгө чыгарылат. МКВларды баштапкы жайгаштыруу боюнча аукциондор жума сайын, аларды жайгаштыруу жана эсептешүүлөрдү жүзөгө ашыруу боюнча генералдык агент болуп саналган Улуттук банкта ишке ашырылат. Мындан тышкары, Финансы министрлиги рынокто эмитирленген кагаздарын түздөн-түз жайгаштырууну ишке ашырат, б.а. бул Улуттук банктын катышуусуз жүргүзүлөт[1].

***1.6.3.1.1.-график***

МКВларга талап жана жайгаштыруу




Отчеттук жыл ичинде МКВ боюнча орточо айлык кирешелүүлүк ар кандай деңгээлде болгон. Жылдын биринчи чейрегинде МКВ биринчилик рыногундагы жагдай банк тутумунда ликвиддүүлүк деңгээли жетишээрлик жогорку деңгээлде турган шартта, талаптын салыштырмалуу жогору болгондугу менен айрымаланган. Финансы министрлиги өз кезегинде, чейрек акырында бүтүндөй кароого алынган жыл жыйынтыгы боюнча максималдуу мааниге жеткен, 2010-жылдын акырында белгиленген МКВны сунуштоо көрсөткүчтөрүн колдоого алууну уланткан.

Бугу айындагы ликвиддүүлүк деңгээлинин төмөндөшүнө карата рынок, сатууну жыл ичиндеги минималдуу чекке, 192,7 млн. сомго чейин кескин азайтуу менен чара көргөн. Мындан тышкары, жүгүртүү мөөнөтү 3 ай болгон МКВны сатуу боюнча бугу айында жарыяланган бардык аукциондор, катышуучулар санынын жетишсиздиги себебинен өткөрүлбөгөн катары таанылган. Кийинки айларда сатуулар көбөйгөн, анын ичинде Финансы министрлигинин бул кагаздарды биринчилик рынокко кошумча жайгаштыруусунун эсебинен да арткан. Натыйжада, орточо айлык кирешелүүлүк төмөндөө жагына ыктаган.

[1] Бул Жылдык отчетто Улуттук банктын катышуусу менен жайгаштырылган мамлекеттик баалуу кагаздар боюнча маалыматтар келтирилген.

2011-жылдын акырына карата орточо айлык кирешелүүлүк 13,4 пайызды түзүп, 2010-жылдагы ушул көрсөткүчкө салыштырганда 2,3 пайыздык пунктка көбөйгөн. Мында жүгүртүүдөгү кагаздардын жалпы көлөмүндө эң чоң үлүштү ээлеген жүгүртүү мөөнөтү 12 айлык МКВ боюнча жыл акырына карата орточо айлык кирешелүүлүктүн көбөйүүсү мындан да азыраак болгон – 1,4 пайыздык пунктка, 14,9 пайызга чейин.

***1.6.3.1.1.2.-график***

МКВлардын бардык түрлөрү боюнча орточо кирешелүүлүк




*Жүгүртүүдөгү МКВ көлөмү*

Мамлекеттик казына векселдер эмиссиясынын жалпы көлөмү 4,1 млрд. сомду түзүп, 2010-жылдагы көлөмгө салыштырганда 15,7 пайызга көбөйгөн. Төлөө мөөнөтү кыйла узагыраак болгон векселдер үлүшүнүн артышынан улам, МКВ портфелинин дюрациясы 164 күндөн жылдын акырындагы 186 күнгө чейин узарган.

***1.6.3.1.1.1.-таблица***

МКВ эмиссиясынын көлөмү жана орточо жылдык кирешелүүлүк

| | 2010-ж. | | | 2011-ж. | | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| | Сатуу көлөмү *млн. сом.* | Салыштырма салмак, *пайыздар* | Кирешелүүлүк, *пайыздар* | Сатуу көлөмү, *млн. сом.* | Салыштырма салмак, *пайыздар* | Кирешелүүлүк, *пайыздар* |
| **Бардыгы болуп** | **3 527,4** | **100,0** | **10,4** | **4 081,9** | **100,0** | **15,6** |
| анын ичинде: | | | | | | |
| 3 айлык МКВлар | 520,3 | 14,8 | 4,6 | 99,8 | 2,4 | 8,0 |
| 6 айлык МКВлар | 522,8 | 14,8 | 7,4 | 851,7 | 20,9 | 13,0 |
| 12 айлык МКВлар | 2 484,3 | 70,4 | 12,1 | 3 130,4 | 76,7 | 16,9 |

*МКВ рыногунун түзүмү*

МКВ ээлик кылуучулар түзүмүндө коммерциялык банктар мурдагыдай эле басымдуу абалда. Алардын портфелиндеги векселдердин көлөмү 15,5 пайызга көбөйүп, 2011-жылдын акырына карата абал боюнча 2,8 млрд. сомду же жүгүртүүдөгү МКВ жалпы көлөмүнүн 79,3 пайызын (-7,2 пайыздык пункт) түзгөн.

Мында коммерциялык банктардын жалпы активдериндеги МКВ үлүшү болгону 4,3 пайызды түзүп, бир аз өлчөмдө калган. Ушунун өзү бул кагаздардын финансылык инструмент катары инвестициялык өтүмдүүлүгү төмөнкү деңгээлде экендигин көрсөтөт.

МКВга ээлик кылган банктардын саны, мурдагы деңгээлде (17) сакталган. Ушул баалуу кагаздардын жалпы банктык портфелинин концентрацияланыуусу 0,17ден 0,19га чейин өскөн, бул рынокту бирдей үлүштөгү 5 банк ортосунда бөлүштүрүүгө барабар. Банктар үлүшүнүн

кыскаруусу институционалдык инвесторлордун жигердүүлүгүнүн уланышынан улам келип чыккан, алардын портфелинин үлүшү 4,1 пайыздык пунктка, 16,3 пайызга чейин көбөйгөн. Жеке адамдардын-резиденттердин, ошондой эле резидент-юридикалык жактардын менчигиндеги МКВ көлөмү отчеттук жылда өсүшкө ээ болгон. Натыйжада алардын үлүшү тиешелүүлүгүнө жараша, 0,1 пайыздан 0,5 пайызга чейин жана 1,1 пайыздан 3,9 пайызга чейин жогорулаган.

*МКВ экинчилик рыногундагы операциялар*

Экинчилик рыногунда коммерциялык банктар репо шарттарында бүтүмдөргө келишүүдө МКВны жигердүү колдонушкан. Отчеттук жылда бул операциялардын көлөмү 2010-жылдагы тиешелүү көрсөткүчкө салыштырганда 10,6 пайызга, 5,0 млрд. сомго чейин көбөйгөн. Ошол эле учурда МКВларды төлөө мөөнөтү келип жеткенге чейин сатып алуу/сатуу боюнча банктар аралык операциялар көлөмү («аутрайт» шартында) экинчилик рынокто 87,2 пайызга кыскаруу менен 66,6 млн. сомду түзгөн. Мындай бүтүмдөрдөгү төлөөгө чейинки МКВнын орточо алынган мөөнөтү 190 күндү, ал эми орточо жылдык чен 10,8 пайызды түзгөн.

### 1.6.3.1.2. Мамлекеттик казына облигациялары

Мамлекеттик казына облигациялар Финансы министрлиги тарабынан 2009-жылдын жетинин айынан бери жайгаштырылып келүүдө. Алар мамлекеттик баалуу кагаздар чөйрөсүн кеңейтүү жана бюджеттин утурумдук тартыштыгын каржылоо мөөнөтүн көбөйтүү максатында жүгүртүүгө чыгарылган. Казына милдеттенмелерин жүгүртүү мөөнөтү 2 жылды түзөт.

*МКО рыногунда талап жана сунуш*

Отчеттук жылда бул баалуу кагаздарга талап, МКО биринчилик рыногунда негизги инвесторлордон болгон коммерциялык банктардын ресурстарынын кыска мөөнөттүк мүнөздө экендигинен улам, салыштырмалуу төмөнкү деңгээлде сакталып калган. Эмитент өз кезегинде сунуш көлөмүн, бюджеттин муктаждыгына жана талап деңгээлине жараша корректировкалап турган. Айрым айларда инвесторлордун жоктугунан же алардын санынын жетишсиздигинен улам, аукциондор өткөрүлбөгөн катары таанылган. Ошондой болсо да, МКО рыногунда жигердүүлүктүн күч алышы себебинен, жылдын экинчи жарымында бул кагаздар боюнча пайыздык чендерди түптөөгө таасир эткен баалуу кагаздар кирешелүүлүгү, 2010-жылдын акырындагы 18,9 пайызга караганда жыл акырында 16,0 пайызды түзүү менен төмөндөгөн. МКО орточо жылдык кирешелүүлүгү 18,3 пайыз чегинде катталган.

МКОну сатуунун жылдык көлөмү 2,1 млрд. сомду, ал эми жүгүртүүдөгү алардын көлөмү 3,0 млрд. сомду түзгөн.

***<u>1.6.3.1.2.1.-график</u>***

МКОлорго талап жана жайгаштыруу



### 1.6.3.1.3. Улуттук банктын ноталары

2011-жылы рынокто 7, 14 жана 28 күндүк ноталар жайгаштырылган. Улуттук банк акча-кредит саясатынын милдеттерине жана банк тутумундагы ликвиддүүлүк деңгээлине жараша сунуштоо көлөмүн жөнгө салуу аркылуу, ноталарды үстөк ликвиддүүлүктөн арылтуу инструменти катары колдонгон.

Бүтүндөй жыл ичинде 22,9 млрд. сом суммасында ноталар жайгаштырылган. Ал эми 2010-жылы бул көрсөткүч 8,9 млрд. сом чегинде катталган эле.

***1.6.3.1.3.1.-график***

Улуттук банктын ноталарына карата талап жана аларды жайгаштыруулар




*Улуттук банктын ноталар рыногунда талап жана сунуш*

Отчеттук жылдын биринчи чейрегинде коммерциялык банктарда үстөк камдардын салыштырмалуу жогорку деңгээлде сакталып турушу шартында нотага талап жогорулаган, 2-чейректе ликвиддүүлүк деңгээлинин төмөндөшүнө, анын ичинде баалуу кагаздардын жалпы портфелин түзүүгө олуттуу катышкан банктардын биринде ликвиддүүлүктүн басаңдашынан, ошондой эле рыноктун бул сегментинде жигердүүлүктүн төмөндөшүнөн улам, жүгүртүүдөгү ноталар отчеттук жылдагы минималдуу мааниге чейин төмөндөгөн. Мында, ноталар кирешелүүлүгүнүн чогуу алгандагы көрсөткүчү, алардын бардык түрлөрү боюнча кирешелүүлүктүн өсүшүнүн эсебинен көбөйүп олтурган. Ушул мезгилде институционалдык инвесторлор рыноктун негизги катышуучуларынан болгон, алардын үлүшү нота ээлеринин түзүмүндөгү чогуу алгандагы көлөмдүн тең жарымынан ашкан. Нотага талаптын көбөйүүсүн шарттаган ликвиддүүлүк жагдайынын турукташуусунан кийин Улуттук банк акча-кредит саясатынын алкагында кайрадан рынокко бул баалуу кагазды сунуштоо көлөмүн көбөйткөн.

Ноталардын бардык түрлөрү боюнча кирешелүүлүктүн орточо деңгээли 2010-жылдагы көрсөткүчкө салыштырганда 6,5 пайыздык пунктка, 9,2 пайызга чейин жогорулаган. Жүгүртүү мөөнөтү 7 күндүк ноталардын орточо жылдык кирешелүүлүгү 6,2 пайызды (+4,3 пайыздык пунктту), 14 күндүк ноталардыкы 7,7 пайызды (+5,4 пайыздык пунктту) түзгөн, ал эми 28 күндүк ноталар сегментинде орточо жылдык кирешелүүлүк 8,1 пайыздык пунктка көбөйүп, 10,9 пайызды түзгөн.

***<u>1.6.3.1.3.2.-график</u>***

Улуттук банктын ноталарынын түрлөрү боюнча орточо салмактанып алынган кирешелүүлүк




Отчеттук жылдын акырына карата жүгүртүүдөгү ноталар көлөмү 1,4 млрд. сомду түзгөн. Нота ээлеринин түзүмүндө коммерциялык банктардын үлүшү 78,0 пайызды, институционалдык инвесторлордуку 20,6 пайыз, ал эми резидент-юридикалык жактардыкы – 1,4 пайыз чегинде болгон. Улуттук банктын ноталары 15 банктын портфелинде турган.

## 1.6.3.2. Корпоративдик баалуу кагаздар рыногу

2011-жылы иштеп жаткан фондулук биржалардын бирдиктүү соода аянтына биригүүсү жүргөн. Мында Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн деңгээлинде мамлекеттин түздөн-түз катышуусун камтыган бирдиктүү улуттук депозитарийди түзүү келишимине жетишилген.

Отчеттук жылда бүтүмдөр боюнча тооруктардын чогуу алгандагы көлөмү 1,6 млрд. сомду түзгөн, бул 2010-жылдагыга караганда 11,4 пайызга көп.

2011-жылдын акырына карата баалуу кагаздар рыногунда 5 акционердик инвестициялык фонд, ошондой эле финансылык кызмат көрсөтүүлөрдө үлүшү мурдагыдай эле аз өлчөмдү түзгөн мамлекеттик эмес 1 пенсиялык фонд иш жүргүзгөн.

## 1.6.4. Депозиттер жана кредиттер рыногу

*Депозиттик база*

Коммерциялык банктардын 2011-жылдын акырына карата отчетторуна ылайык, депозиттик базанын көлөмү[1] 38,7 млрд. сомду түзүп, жыл башынан бери 13,5 пайызга көбөйгөн. Улуттук валютадагы депозиттер 18,2 пайызга, 19,3 млрд. сомго чейин, чет өлкө валютасындагы депозиттер көлөмү 9,3 пайызга, 19,4 млрд. сом эквивалентине чейин көбөйгөн. АКШ долларынын курсунун өзгөрүү таасирин эске албаганда, жыл башынан депозиттик база 14,3 пайыздык өсүшкө ээ болгон.

Отчеттук жылы валюталык аманаттардын көлөмүнүн төмөндөшүнүн уланышы депозиттик базанын долларлашуусун 2,0 пайыздык пунктка, үчтүн айынын акырына карата 50,1 пайызга чейин кыскарышына алып келген. Ошону менен бирге эле, улуттук валютадагы депозиттердин нак акча көлөмүнө карата катышы (М0) 39,4 пайыздан 40,9 пайызга чейин жогорулаган.

[1] Өкмөттүн депозиттерин жана башка финансы мекемелеринин депозиттерин эске алуу менен. Бул жерде Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн жана жергиликтүү бийлик органдарынын кредиттери камтылган эмес.

***1.6.4.1.-график***

Депозиттик базанын көлөмү (бир мезгилдин акырына карата)




*Депозиттик базанын аманатчылар боюнча түзүмү*

Юридикалык жактардын депозиттеринин депозиттик базанын түзүмүндөгү үлүшү олуттуу бойдон – 56,0 пайыз чегинде сакталып калган. Юридикалык жактардын сом түрүндөгү аманаттары жыл ичинде 4,0 пайызга өскөн, ошол эле учурда ишканалардын чет өлкө валютасындагы депозиттеринин көлөмү 1,7 пайызга көбөйгөн. Калктын депозиттеринин үлүшү 33,0 пайыздан 39,3 пайызга чейин өскөн. Жеке адамдардын депозиттеринин валюталык түзүмүндө сом түрүндөгү аманаттардын басымдуу – 52,7 пайызга өсүшү белгиленип, чет өлкө валютасындагы аманаттар 22,3 пайызга көбөйгөн.

Ал эми депозиттик базанын убакыт аралыгы боюнча түзүмү жыл башындагы абалга салыштырганда олуттуу деле өзгөргөн эмес. Эсептешүү эсептериндеги жана мөөнөттүү аманаттардагы каражаттардын үлүшү тиешелүүлүгүнө жараша, 47,5 пайыздан 40,0 пайызга чейин жана 34,3 пайыздан 35,6 пайызга чейин өзгөргөн. Мында банк кардарларынын талап боюнча төлөнүүчү депозит эсебиндеги калдыктардын көлөмү 51,8 пайызга жогорулап, алардын үлүшү жыл ичинде 18,3 пайыздан 24,4 пайызга чейин көбөйгөн. Мөөнөттүү аманаттар түзүмү узак мөөнөттүү аманаттардын (бир жылдан ашкан) үлүшүнүн депозиттик базанын жалпы көлөмүндө 2,7 пайыздык пунктка, 10,9 пайызга чейин көбөйүү жагына өзгөргөн (же болбосо мөөнөттүү депозиттердин көлөмүндө 30,6 пайызга). Ошол эле учурда, кыска мөөнөттүк аманаттардын салыштырма салмагы 1,4 пайыздык пунктка, 24,7 пайызга чейин азайган. Натыйжада, мөөнөттүү депозиттердин дюрациясы жыл башынан тарта 11,8 айдан 15,3 айга чейин узарып, ал эми жалпы депозиттик базанын дюрациясы 4,0дөн 5,5 айга чейин көбөйгөн.

*Жаңыдан кабыл алынган депозиттер*

Кароого алынып жаткан жылы банктардын жаңыдан кабыл алган депозиттеринин көлөмү[1] 203,2 млрд. сомду түзүп, 2010-жылдагы көрсөткүчкө салыштырганда 56,9 пайызга көбөйгөн. Өсүш улуттук валютадагы депозиттер боюнча - 69,7 пайызга, 95,1 млрд. сомго чейин байкалгандай эле, чет өлкө валютасында да 47,2 пайызга, 108,1 млрд. сомго чейин катталган. Мында депозиттердин негизги агымы юридикалык жактардын улуттук валютадагы сыяктуу эле, чет өлкө валютасындагы талап боюнча төлөнүүчү эсептерине каражаттардын түшүүсү менен камсыз кылынган.

Жыл жыйынтыгы боюнча депозиттер рыногунун концентрациялануу индекси 0,10 деңгээлинде сакталып калган, ушунун өзү мурдагыдай эле бул рыноктун концентрациялануу деңгээлинин төмөндүгүн көрсөтөт.

[1] Жаңыдан тартылган депозиттер көлөмүндө юридикалык жактардын эсептешүү эсебине каражаттардын түшүүсү эске алынбайт.

*Депозиттер боюнча пайыздык чендер*

Улуттук валютадагы депозиттик базанын орточо салмактанып алынган пайыздык чени отчеттук жылдын акырына карата 0,7 пайыздык пунктка жогорулоо менен 5,3 пайызды түзгөн. Чет өлкө валютасындагы депозиттердин калдыктары боюнча чен тескерисинче, 0,1 пайыздык пунктка, 2,8 пайызга чейин бир аз төмөндөгөн.

*Кабыл алынган депозиттер боюнча пайыздык чен*

Улуттук валютада жаңыдан кабыл алынган депозиттер боюнча орточо салмактанып алынган пайыздык чен 2010-жылдагы тиешелүү көрсөткүчкө салыштырганда 0,2 пайыздык пунктка, 2,2 пайызга чейин жогорулаган. Мында улуттук валютада жаңыдан кабыл алынган мөөнөттүү депозиттердин наркы 10,3 пайызды түзүү менен 0,2 пайыздык пунктка өскөн. Чет өлкө валютасындагы депозиттер боюнча орточо чен 0,3 пайыздык пунктка төмөндөп, 0,8 пайызды түзгөн. Чет өлкө валютасындагы мөөнөттүү депозиттер боюнча орточо алынган пайыздык чен мөөнөтү 3 жылдан ашкан депозиттерди эске албаганда, мөөнөттүү депозиттердин бардык түрү боюнча чендердин төмөндөшүнүн эсебинен 0,7 пайыздык пунктка, 6,6 пайызга чейин басаңдаган. Мында калктын улуттук валютадагы мөөнөттүү депозиттер боюнча чен 0,4 пайыздык пунктка, 11,5 пайызга чейин өскөндүгүн, ал эми чет өлкө валютасындагы чен 0,9 пайыздык пунктка төмөндөп, 7,2 пайызды түзгөндүгүн белгилеп кетүү зарыл.

***1.6.4.2.-график***

Мөөнөттүү депозиттер боюнча пайыздык чендердин динамикасы




*Кредит рыногундагы негизги тенденциялар*

Отчеттук жылы экономиканын реалдуу секторун кредиттөөнүн өсүш багыты сакталып калган. Мында жылдын 1-чейреги кредит портфелинин салыштырмалуу анчалык жогору болбогон өсүш арымы менен мүнөздөлгөн. Ошондой болсо да, кийинки эки чейректе кредиттөө көлөмү байкалаарлык жогорулап, жыл жыйынтыгы боюнча өсүштүн активдүү фазасын аныктаган. Кароого алынып жаткан мезгил ичинде экономиканы кредиттөнүн түптөлгөн өсүш тенденциясы жана пайыздык чен өлчөмүнүн төмөндөшү, банк тутумунун кредит портфелинин мөөнөтүндө орду жабылбаган карыздардын жана пролонгацияланган кредиттердин үлүштүк мааниси менен аныкталган сапаттык мүнөздөмөлөрүнүн жакшырусу менен коштолгон. Банктык эмес финансы-кредит мекемелери да кредиттөө көлөмүн арттырууну уланткан.

*БФКМдердин кредиттөөсү*

2011-жылдын акырына карата банктардын жана БФКМдердин кредиттеринин жалпы көлөмү 46,9 млрд. сомду түзүп, 12,1 пайызга көбөйгөн (2010-жылы ал 8,7 пайызга өскөн эле), анын ичинде БФКМ секторунун экономиканы кредиттөөсү 41,9 пайыздык өсүшкө ээ болгон.

***1.6.4.3.-график***

БФКМдердин кредиттерин эске алуу менен экономикадагы кредиттердин көлөмү (бир мезгилдин акырына карата)




Банктардын чогуу алгандагы кредит портфели[1] 18,3 пайызга өсүп (2010-жылы – 4,6 пайызга), жылдын акырына карата 31,2 млрд. сомду түзгөн. Алмашуу курсунун төмөндөшүнүн (1,3 пайызга) таасирин эске албаганда, банктардын кредит портфелинин өсүшү 19,2 пайыз чегинде катталган. Кредит портфелинин көбөйүүсү улуттук валютадагы кредиттердин 19,8 пайызга, 14,0 млрд. сомго чейин, ал эми чет өлкө валютасындагы кредиттердин 17,2 пайызга, 17,2 млрд. сомго чейин өсүшү менен камсыз кылынган (АКШ долларынын курсунун өзгөрүүсүн эске албаганда, көбөйүү 18,7 пайызды түзгөн). Жыйынтыгында кредит портфелинин долларлашуусу 55,8 пайыздан 55,3 пайызга чейин төмөндөгөн.

*Банктардын кредит портфели*

***1.6.4.4.-график***

Банктардын кредиттеринин көлөмү (бир мезгилдин акырына карата)




2011-жылы узак мөөнөткө кредиттөнүн артышынын алгылыктуу багыты сакталып калган, ушунун өзү кредит портфелинин дюрациясынын 26,5 айдан 28,3 айга чейин узарышына түрткү берген. Банктардын кредит портфелинин түзүмүндө төлөө мөөнөтү бир айдан үч айга чейин жана үч жылдан ашкан кредиттердин үлүшү өскөн.

*Кредит портфелинин убакыт аралыгы боюнча түзүмү*

Кредиттөө рыногунун концентрациялануусу анчалык жогору эмес – 0,10 чегинде сакталып калып, жыл башынан бир азга көбөйгөн. Ошол эле учурда банктардын кредит портфелинин тармактарда концентрацияланышын чагылдырган индекс жогорку деңгээлде – 0,46 чегинде катталган. Ушунун өзү көпчүлүк банктардын кредиттерин болжол менен алганда эки тармак (соода

[1] Түзүлгөн РППУ жана чегерилген дисконтту эске алуу менен

жана курулуш) ортосунда бөлүштүрүлгөндүгүн айтып турат. Кредиттердин ар бир тармак боюнча өз-өзүнчө концентрацияланышын карай турган болсок, алардын көпчүлүгүндө (11 тармактын 8де) концентрациялануу жогору бойдон – 0,18ден көбүрөөк чекте калган).

*Жаңыдан берилген кредиттер*

Коммерциялык банктардын жаңыдан берилген кредиттеринин көлөмү 2010-жылдагы ушул көрсөткүчкө салыштырганда 39,8 пайызга өсүп, 31,9 млрд. сомду түзгөн. Сом түрүндөгү кредиттердин 15,2 млрд. сомду түзгөн 26,9 пайызга өсүшү сыяктуу эле, чет өлкө валютасындагы кредиттердин 54,0 пайызга, 16,7 млрд. сомго чейин өсүшүнөн мына ушундай көбөйүү келип чыккан.

*Берилген кредиттердин тармактык түзүмү*

Жаңыдан берилген кредиттердин көбөйүүсү экономиканын көпчүлүк тармактарында байкалган. Жыл жыйынтыгы боюнча ипотекага кредиттердин үлүшү 0,6 пайыздык пунктка, 4,6 пайызга чейин, керектөө максаттарына – 10,3 пайызга чейин (+2,0 пайыздык пунктка) өскөн. Ошол эле учурда, соода кредиттеринин үлүшү – 0,1 пайыздык пунктка, 54,3 пайызга, өнөр жайына кредиттер – 5,4 пайыздан 4,4 пайызга чейин, айыл чарбасына – 12,6 пайыздан 11,8 пайызга чейин, курулушка – 4,4 пайыздан 2,1 пайызга чейин кыскарган. Даярдоо жана кайра иштетүүгө, транспортко, байланыш жана социалдык кызмат көрсөтүүлөргө кредиттердин салыштырма салмагы суммада алганда 1,9 пайыз чегинде белгиленген. «Башка» кредиттердин үлүшү 2,0 пайыздык пунктка көбөйүп, 10,6 пайызды түзгөн.

*Жаңыдан берилген кредиттер боюнча пайыздык чендер*

Улуттук валютада жаңыдан берилген кредиттер боюнча орточо алынган чен бүтүндөй жыл ичинде мурдагы деңгээлинде өзгөрүүсүз калуу менен 23,8 пайызды түзгөн. Соодага берилген кредиттерден жана керектөө кредиттеринен тышкары, экономиканын реалдуу секторунун көпчүлүк тармагында пайыздык чендердин төмөндөшү байкалган. Чет өлкө валютасында ушул мезгил аралыгында жаңыдан берилген кредиттер боюнча орточо алынган пайыздык чен 0,2 пайыздык пунктка төмөндөп, 19,6 пайызды түзгөн. Улуттук валютадагы кредиттер боюнча эң төмөнкү пайыздык чен ипотека кредити боюнча катталган, ал эми чет өлкө валютасында байланышка берилген кредиттер боюнча белгиленген.

*Кредит портфели боюнча пайыздык чендер*

Иштеп жаткан коммерциялык банктардын портфелин түзгөн кредиттер боюнча орточо салмактанып алынган пайыздык чен бүтүндөй жыл ичинде, улуттук валютада 22,3 пайызды (-1,7 пайыздык пунктту), ал эми чет өлкө валютасында 18,6 пайызды (-1,4 пайыздык пунктту) түзгөн.

***1.6.4.5.-график***

Кредиттер боюнча орточо салмактанып алынган пайыздык чендердин динамикасы



II

# КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН УЛУТТУК БАНКЫНЫН 2011-ЖЫЛДАГЫ ИШИ

# 2-ГЛАВА. АКЧА-КРЕДИТ САЯСАТЫ

Отчеттук жылда жогорку инфляциялык тобокелдиктердин сакталып турушуна байланыштуу Улуттук банк 2010-жылдын экинчи жарымынан тартып катуулатылган акча-кредит саясатын жүргүзүүнү уланткан. Акча-кредит саясатын жүзөгө ашыруу керектөөгө мамлекеттик чыгашалардын өсүшү, бюджет тартыштыгынын жогорку деңгээлде болушу, финансы жылы ичинде бюджеттик чыгашалардын бирдей эмес бөлүштүрүлүшү менен татаалдаган. Кароого алынып жаткан жылда акча сунушу мамлекеттик финансы секторунун жана экономикага кредиттин өсүшүнүн эсебинен жүргөн. Монетардык фактордун инфляцияга болгон таасирин басаңдатуу максатында жыл ичинде Улуттук банк арылтуу операцияларынын көлөмүн арттырган. Дүйнөлүк товардык жана сырьелук рыноктордогу алгылыктуу баа конъюнктурасы жана акча-кредит саясатын катуулатуу боюнча Улуттук банк көргөн чаралар, 2011-жылдын экинчи жарымында байкалган керектөө бааларынын өсүш арымын басаңдатууга өбөлгө түзгөн. Бүтүндөй жыл боюнча инфляция 5,7 пайызды түзгөн.

Дүң эл аралык камдардын көлөмү 1,8 млрд. АКШ долларына чейин өскөн. Эл аралык камдардын валюта портфели, АКУ (СПЗ) жана алтын түрүндөгү активдерди камтуу менен өнүккөн өлкөлөрдүн борбордук банктарында, эл аралык финансылык институттарда жана жогорку кредиттик рейтингге ээ чет өлкө коммерциялык банктарындагы ишенимдүү жана ликвиддүү инструменттерге жайгаштырылган. Эл аралык камдар эң башкысы, акча-кредит саясатынын максатында ошондой эле, Өкмөт менен Улуттук банктын тышкы милдеттенмелерин тейлөө үчүн пайдаланылган.

## 2.1. Акча-кредит саясатын аныктоо

*Акча-кредит саясатынын максаттары*

Кыргыз Республикасынын «Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы жөнүндө» мыйзамына ылайык, баанын жалпы деңгээлинин туруктуулугуна жетишүү жана аны колдоп туруу Улуттук банктын негизги иш максатынан болуп саналат. Улуттук банк мына ушул максатка, учурунда түптөлгөн макроэкономикалык жагдайга жана негизги экономикалык параметрлеринин өзгөрүү болжолдоолоруна жараша акча-кредит саясатын аныктайт.

Улуттук банктын Башкармасы тарабынан жыл сайын жактырылып жана эрежедегидей эле, орто мөөнөттүк мезгилди камтыган «Акча-кредит саясатынын негизги багыттары» бул багыттагы негизги стратегиялык документ болуп эсептелет. Мындан тышкары, банктын Башкармасы эки жылга чейинки мөөнөткө акча-кредиттик программаны да аныктайт. Чейректик негизде жаңыланып туруу менен ал акча-кредит саясатына тиешелүү оперативдүү чечимдерди кабыл алууда Акча-кредиттик жөнгө салуу комитети үчүн багыт берүүчү негиз болуп саналат. Комитет өз отурумун дайыма, жумалык негизде жана акча-кредит саясатынын инструменттерин колдонуу жана алардын параметрлерин аныктоо боюнча чечимдерди кабыл алуу үчүн зарылчылыкка жараша кошумча отурумдарды өткөрүп турат.

2010-жылдын аягында Улуттук банк Башкармасы «Акча-кредит саясатынын 2011-2013-жылдарга негизги багыттарын» жактырган. Анда инфляциялык процесстердин өөрчүшүнүн эки сценарийи белгиленген эле. Турак-жай коммуналдык кызмат көрсөтүүлөргө тарифтер жана азык-түлүк товарларына баалар акырындап көтөрүлүп, калктын топтолгон инфляциялык күтүүлөрү басаңдап, олуттуу тышкы жана ички баа таасири, талап менен сунуш жагында кандайдыр-бир таасирлер орун албаса инфляциянын

мааниси биринчи вариант боюнча 8-10 пайыз чегинде болжолдонгон эле. Экинчи вариантта инфляциянын 18,5 пайыз деңгээлде болушу ыктымалдыгы болжолдонгон.

Отчеттук жылдын биринчи жарымында дан эгинине жана башка импорттолуп алынуучу азык-түлүк товарларына баанын жогорку өсүш арымына, коңшу өлкөлөрдүн бизде өндүрүлгөн айыл чарба азык-түлүгүнө экспорттук талабынын жогорулоосуна, азык-түлүктөн башка товарларга (кийим-кече, бут кийим, жаратылыш газы), ошондой эле тойкана менен мейманкана кызматтарына баанын өсүшүнө байланыштуу инфляциялык процесстердин ыкчамдашы тенденциясы басымдуулук кылган.

*Акча-кредит саясатынын чаралары*

Инфляциядагы монетардык түзүүчүлөрдү чектөө максатында Улуттук банк өз ноталарын сунуштоо көлөмүн бара-бара көбөйтүп турган. Коммерциялык банктардын үстөк камдарын кошумча алып салуу үчүн Улуттук банк жумалык негизде репо шарттарында мамлекеттик баалуу кагаздарды сатуу аукциондорун өткөрүүнү жарыялаган. Мында акча-кредит саясатынын багытынын сакталып турушуна жана пайыздык чендердин жогорулоосуна карабастан, Улуттук банктын бугу - кулжа айларындагы арылтуу операцияларынын көлөмү байкаларлык кыскарган. Бул банк тутумунда үстөк камдардын азайышы жана алардын концентрацияланышынын жогорулоосу менен шартталган.

Негизинен, биринчи жарым жылдыкта жүгүртүүдөгү ноталар көлөмү 2010-жылдын акырындагы 669,2 млн. сомдон 2011-жылдын теке айынын акырындагы 1,1 млрд. сомго чейин өскөн, ал эми мамлекеттик баалуу кагаздарды репо шарттарында сатуу операцияларынын көлөмү теке айынын акырында 60,7 млн. сомду түзгөн (2010-жылдын акырында 70,8 млн. сом чегинде катталган).

*Инфляцияны төмөндөтүүчү факторлор*

Отчеттук жылдын экинчи жарымында өлкөдө баанын жалпы деңгээлинин төмөндөөгө ыктагандыгы байкалган, бул негизги азык-түлүктөргө (нан азыктары жана талкандар, жашылча-жемиш, эт, кант) баанын өсүшүнүн олуттуу басаңдашы, ошондой эле азык-түлүктөн башка товарларга жана кызмат көрсөтүүлөргө баанын өсүш арымынын жайбаракат жүрүшү менен шартталган. Мындан тышкары, Улуттук банктын акча-кредит чөйрөсүндө көргөн аракеттери да инфляциялык басымды басаңдаткан.

Экономикада инфляциялык процесстердин басаңдоосуна карабастан, отчеттук жылдын экинчи жарымында инфляциялык олуттуу тобокелдиктер сакталып калган. Бул Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн чыгашаларынын бирдей эместиги жана ири көлөмдө бюджеттин тартыштыгынын күтүлүп жатышына да байланыштуу болгон. Ушул шартта Улуттук банк, 2011-жылдын бештин айына чейин коммерциялык банктардын үстөк ликвиддүүлүгүнөн арылтуу операцияларынын көлөмүн көбөйткөн. Ошентип, Улуттук банктын жүгүртүүдөгү ноталарынын көлөмү бештин айынын акырында 1,7 млрд. сомго чейин, ал эми репо шарттарында сатылган баалуу кагаздардын көлөмү 375,6 млн. сомго чейин көбөйгөн.

Үчтүн айында бюджет тартыштыгын каржылоонун айрым булактарынан каражаттардын жетишсиздигине байланыштуу, Кыргыз Республикасынын Өкмөтү өз чыгашаларын, демек бюджет тартыштыгын кыскарткан. Ушул шартта Улуттук банк да өз операцияларынын көлөмүн бир азга кыскартууга мажбур болгон: жүгүртүүдөгү ноталар көлөмү отчеттук жылдын акырында 1,4 млрд. сомго чейин, ал эми репо шартында сатылган баалуу кагаздардын көлөмү 206,8 млн. сомго чейин кыскарган.

Ликвиддүүлүктөн арылтуу операцияларынын көлөмүнүн олуттуу көбөйтүлүшүнөн улам, алардын наркынын жогорулагандыгы байкалган. Алсак, ноталардын бардык түрлөрү боюнча кирешелүүлүк өскөн. Жыйынтыгында, Улуттук банктын 28 күндүк ноталарынын акыркы төрт аукциондорунда орточо салмактанып алынган кирешелүүлүгүнө байланыштырылган эсептик чен 5,5 пайыздан 13,6 пайызга чейин өскөн.

Коммерциялык банктардын үстөк камдарынан арылтуу боюнча операциялардан тышкары, катуулатылган акча-кредит саясатын жүргүзүүнүн алкагында Улуттук банк, 2011-жылдын чын куран айында милдеттүү кам өлчөмүн эсептик базанын 8 пайызынан 9 пайызына чейин көбөйтүп, ошондой эле Банктарды рефинансылоонун адистештирилген фондусунун (БРАФ) кредиттөө максаттары үчүн базалык ченди 7 пайыздан (2010-жылдын үчтүн айында) 10 пайызга чейин (2011-жылдын баш оона айында) бара-бара жогорулаткан.

Тиешелүү маселелерди чечүү үчүн түзүлгөн атайын фонд негизги милдеттерди аткарып бүткөндүгүнөн улам Улуттук банк анын ишин токтотуу чечимин кабыл алган. Жоюу процесси башталган учурда (2011-жылдын аяк оона айынын бирине карата) бул фонд бөлүштүргөн каражаттардын көлөмү 2,6 млрд. сомду түзгөн, алардын ичинен баалуу кагаздар портфели 0,4 млрд. сомду, кредит портфели – 2,2 млрд. сомго жакынды, анын ичинде «Фермерлерге жеткиликтүү кредиттер» долбоору боюнча 565,1 млн. сомду түзгөн.

***<u>2.1.1-график</u>***

Инфляциянын, Улуттук банктын жана банктар аралык репо операцияларынын чендеринин динамикасы (бир мезгилдин акырына карата)




**2011-жылдын аяк оона айынын биринен тартып БРАФты жоюу процесси башталган.*

Улуттук банктын валюта рыногундагы операцияларына келсек, отчеттук мезгил ичинде эң башкысы соода балансынын тартыштыгынын өсүшүнөн улам, валютага болгон талаптын сунуштан артып тургандыгына байланыштуу банктар аралык ички валюта рыногунда чет өлкө валюталарын сатуу боюнча валюталык интервенциялар ишке ашырылган. Ушуну менен бирге эле, акча которуулар боюнча түшүүлөрдүн олуттуу өсүшүнө байланыштуу ички валюта рыногунда чет өлкө валютасын сунуштоо көбөйгөндүгү белгиленген: 2011-жыл ичинде акча которуулардын таза агымы 2010-жылдагы көрсөткүчкө салыштырганда үчтөн бирге көбөйүү менен 1,7 млрд. АКШ долларын түзгөн. Ушул убакытта Улуттук банк, сомдун кескин чыңалуусуна жол бербөө үчүн чет өлкө валютасын сатып алуу боюнча

операцияларды жыл ичинде мезгил-мезгили менен ишке ашырып турган. Натыйжада, 2011-жылдагы таза сатуунун көлөмү 2010-жылдагы 234,8 млн. АКШ долларына салыштырганда, 160,7 млн. долларды түзгөн. Доллардын сомго карата алмашуу курсу жыл ичинде 1,3 пайызга төмөндөп, үчтүн айынын акырында 46,4847 сом/долларды түзгөн.

***2.1.2-график***

АКШ долларынын сомго карата расмий курсунун, инфляциянын жана банктардан тышкаркы акчанын жылдык өзгөрүү арымынын динамикасы




## 2.2. Акча-кредит саясатын жүзөгө ашыруу

*Ликвиддүүлүктү жөнгө салуу инструменттери*

Кароого алынып жаткан жылда Улуттук банк ноталар аукциондорун өткөрүү жана кайтарым репо операцияларын жүргүзүү аркылуу, коммерциялык банктардын үстөк ликвиддүүлүгүн арылтуу боюнча операцияларды олуттуу көбөйткөн. Натыйжада, Улуттук банктын операцияларынын түзүмүндө нота эмиссиясынын үлүшү 2010-жылдагы 32,1 пайыздан 45,6 пайызга чейин, ал эми репо операцияларынын салыштырма салмагы 4,5 пайызга чейин (2010-жылы 0,3 пайыз) өскөн.

Айрым банктарда сом түрүндөгү ликвиддүлүктүн олуттуу өзгөрүп турушуна байланыштуу карыздык каражаттарга талап көбөйгөн. Ушул шартта Улуттук банк акча-кредит саясатынын «овернайт» кредиттери, бир күндүк кредиттер жана экинчилик рыногунда мамлекеттик баалуу кагаздарды төлөнүшүнө чейин («аутрайт» шарттарында) сатып алуу аркылуу коммерциялык банктарды кайра каржылоо көлөмүн арттырган. Ошондой болсо да, кайра каржылоо операцияларынын үлүшү 2010-жылдагы көрсөткүчкө салыштырганда 1,3 пайыздык пунктка, 8,3 пайызга чейин кыскарган. Мамлекеттик баалуу кагаздарды төлөөгө чейин сатып алуу боюнча операциялардын салыштырма салмагы 1,7 пайызды түзгөн (2010-жылы мындай операциялар ишке ашырылган эмес).

***2.2.1-график***

Улуттук банктын операцияларынын түзүмү




Улуттук банктын отчеттук жылда ишке ашырылган операцияларынын түзүмүндө валюталык интервенциялардын үлүшү 2010-жылдагыга салыштырганда 13 пайыздык пунктка төмөндөп, 36,8 пайызды түзгөн. Бирок, абсолюттук мааниде алганда валюталык интервенциялардын көлөмү эң башкысы, эмгек мигранттардын акча которууларынан түшүүлөрдүн өсүшүнө байланыштуу, чет өлкө валютасын сатып алуу операцияларынын көбөйүшүнүн эсебинен үчтөн бирге өскөн. Бүтүндөй жыл ичинде Улуттук банк валюта тооруктарында нак эмес долларды басымдуу саткан: Улуттук банктын таза сатуу көлөмү 160,7 млн. долларды түзгөн.

## 2.2.1. Ички валюта рыногундагы операциялар

*Валюта рыногундагы жагдай*

Отчеттук жыл ичинде ички валюта рыногундагы кырдаалды салыштырмалуу туруктуу мүнөздө болгон деп атоого болот. Жыл ичинде улуттук валютанын алмашуу курсунун ар тараптуу тенденцияда калыптанышы байкалган. Улуттук банктын банктар аралык валюта тооруктарына катышуусу рынок конъюнктурасынын мүнөзүнө жараша болуп, алмашуу курсунун кескин өзгөрүүсүн текшилөө зарылчылыгы менен аныкталган.

Өткөн жылдардагыдай эле, чет өлкө валютасына талап түзүмү дээрлик өзгөрбөстөн, өзүндө импорттун салтка айланган статьялары – КММ, энергопродуктылар (газ, көмүр, мазут), текстиль өндүрүшү үчүн материалдар, автоунаалар, эл керектөөчү товарлар үчүн төлөөлөрдү ишке ашыруу зарылчылыгын камтыган. Мындан тышкары, дивиденддерди төлөө жана пайданы резидент эмес компаниялардын пайдасына бөлүштүрүүнүн башка формаларынан улам да, чет өлкө валютасына карата кошумча талап шартталган. Бул жерде, дүйнөлүк финансы рыноктордогу жагдайлар да таасир эткендигин белгилеп кетүү зарыл, 2011-жылдагы бул кырдаалды туруксуз катары мүнөздөөгө болот.

Отчеттук жылдын башталышынан тартып ички валюта рыногунда, башаты 2010-жылдын акырында түптөлгөн АКШ долларынын курсунун чыңдалуу тенденциясы уланган. Бул жагдайды сезондуулук фактору менен түшүндүрүүгө болот жана алар өткөн жылдардын тиешелүү мезгилдеринде да байкалган. Жылдын биринчи чейрегинде АКШ долларынын расмий курсу отчеттук жыл ичиндеги максималдуу мааниге жетип, 1 доллар үчүн 47,5265 сомду түзгөн. Кароого алынып жаткан жылдын биринчи чейреги ичинде АКШ долларына талаптын көбөйүү жагына ыктагандыгы байкалган. Бул валюта рыногунда Улуттук банктын чет өлкө валюталарын сатуучулар тарабында иш алып баруусун шарттаган. 2011-жылдын бирдин айынын биринен чын куран айынын отузуна чейинки аралыкта Улуттук банктын сатуу көлөмү 62,5 млн. долларды түзгөн болсо, чет өлкө валюталарын сатып алуу операциялары ишке ашырылган эмес. Биринчи чейректин акырына карата алмашуу курсу 1 доллар үчүн 47,2448 сом маанисине жетүү менен 0,3 пайызга бекемделген.

***2.2.1.1-график***

Улуттук банктын банктар аралык валюта тооруктарындагы операциялары




Биринчи чейректин акырында долларды сунуштоо көбөйгөндүгү байкалган, бул доллардын сомго карата курсунун төмөндөө жагына ыктоосуна таасир эткен. Өлкөгө чет өлкө валютасынын агылып киришинин көбөйүүсүнө түрткү берген негизги фактор катары, эмгек мигранттарынан акча которуу системалары аркылуу түшүүлөрдү белгилөөгө болот. Экинчи чейрек ичинде Улуттук банк алмашуу курсунун кескин өзгөрүүсүн текшилөө максатында 61,1 млн. АКШ доллары көлөмүндө чет өлкө валютасын сатып алуу операцияларын сыяктуу эле, 29,0 млн. АКШ доллары көлөмүндө сатуу операциясын ишке ашырган. Улуттук валютанын жыл башындагы курсуна салыштырганда чыңдалуусу 4,1 пайызды же 2011-жылдын теке айынын отузуна карата 1 доллар үчүн 45,2067 сомду түзгөн.

Улуттук валютанын мындай чыңдалуусу жылдын 3-чейрегинен, баш оона айынан аяк оона айынын башталышына чейин уланган. Бул жагдайды акча которуу көлөмүнүн артышы жана туристтик тармактан чет өлкө валютасынын түшүүсү менен түшүндүрүүгө болот. Кийинчерээк рынок конъюнктурасынын өзгөрүүсүнө байланыштуу, улуттук валютанын АКШ долларына карата алмашуу курсу бир аз басаңдагандыгы байкалган. Негизинен, америка валютасынын сомго карата курсунун динамикасы жетинин айынын орто ченине чейин 44,3469 – 45,1163 чегинде туруктуу сакталып келген. Валюта рыногундагы жагдай Улуттук банкты чет өлкө валютасын сатуучу сыяктуу эле, сатып алуучу катары иш алып барууга мажбур кылган. Чет өлкө валютасын сатып алуунун жалпы көлөмү 42,6 млн. долларды, ал эми сатуунун көлөмү 78,2 млн. долларды түзгөн. Үчүнчү чейрек ичинде таза сатуу 35,6 млн. доллар чегинде катталган.

Сезондуулук факторунун таасиринен улам, 4-чейректе улуттук валютанын басаңдалышы катталып, ал кыска мөөнөткө чыңдалуу менен корректировкаланып турган. Ушул мезгил ичинде чет өлкө валютасына талап, анын агымынын азайуусуна байланыштуу, сунуштан ашкан. 4-чейректе Улуттук банк чет өлкө валютасынын эң чоң көлөмүн сатууга мажбур болгон, ал 111,6 млн. долларды, ал эми мында сатып алуу көлөмү 16,7 млн. долларды түзгөн. 4-чейрек ичинде таза сатуу 94,9 млн доллар чегинде катталган.

*Валюталык интервенциялардын көлөмү*

2011-жыл жыйынтыгы боюнча ички валюта рыногунда Улуттук банктын сатып алуусунун жалпы көлөмү 120,5 млн. АКШ долларын түзгөн, ал эми сатуунун жалпы көлөмү 281,2 млн. чегинде катталган. Ошентип, отчеттук жыл ичиндеги таза сатуу 160,7 млн. долларды түзгөн. Жыл ичинде доллардын расмий курсу 1 доллар үчүн 47,0992 ден 46,4847 сомго чейин же 1,3 пайызга төмөндөгөн.

***2.2.1.1-таблица***

Ички валюта рыногунда Улуттук банктын чет өлкө валюталары менен операциялары

*(миң АКШ долларында)*

| | 1-чейрек | 2-чейрек | 3-чейрек | 4-чейрек | Жыйынтыгында |
|---|---|---|---|---|---|
| **2010-ж. бардыгы болуп** | **55 950,0** | **92 970,2** | **87 080,8** | **79 378,2** | **315 379,2** |
| *анын ичинде:* | | | | | |
| АКШ долларын сатып алуу | 1 800,0 | 2 250,0 | 15 000,0 | 9 850,0 | 28 900,0 |
| АКШ долларын сатуу | 54 150,0 | 90 050,0 | 60 800,0 | 58 700,0 | 263 700,0 |
| чет өлкө валюталарын сатып алуу (АКШ долларын кошпогондо) | - | 670,2 | 5 830,8 | 1 628,2 | 8 129,2 |
| чет өлкө валюталарын сатуу (АКШ долларын кошпогондо) | - | - | - | - | - |
| валюталык своп операциялар (сатып алуу) | - | - | 5 450,0 | 9 200,0 | 14 650,0 |
| **2011-ж. бардыгы болуп** | **62 801,3** | **90 050,0** | **120 750,0** | **128 350,0** | **401 951,3** |
| *анын ичинде:* | | | | | |
| АКШ долларын сатып алуу | - | 61 100,0 | 42 600,0 | 16 750,0 | 120 450,0 |
| АКШ долларын сатуу | 62 450,0 | 28 950,0 | 78 150,0 | 111 600,0 | 281 150,0 |
| чет өлкө валюталарын сатып алуу (АКШ долларын кошпогондо) | 351,3 | - | - | - | 351,3 |
| чет өлкө валюталарын сатуу (АКШ долларын кошпогондо) | - | - | - | - | - |
| валюталык своп операциялар (сатып алуу) | - | - | - | - | - |

Ички валюта рыногунда АКШ долларын сатып алуу/сатуу боюнча операциялардан тышкары Улуттук банк, отчеттук жылдын чын куран айында Финансы министрлигинин Борбордук казыналыгынын төлөмдөрүн ишке ашыруу максатында 10,0 млн. көлөмүндө орус рублин сатып алган.

Ошондой эле, отчеттук жылдын баш жагында коммерциялык банктар менен 2010-жылы келишилген, көлөмү 3,5 млн. АКШ долларын түзгөн своп операциялар жылдын кулжа айына чейин пролонгациялаган.

Банктар аралык валюта рыногун өнүктүрүү максатында 2011-жылдын үчтүн айында Улуттук банк Башкармасы евронун, орус рублинин жана казак теңгесинин расмий курстарын күн сайын аныктоого өтүү чечимин кабыл алган, бул валюталык операцияларды ишке ашырууда валюта тобокелдигин төмөндөтүүгө өбөлгө түзүп, чет өлкө валюталарынын эсебин жүргүзүү процессин оптималдаштырат.

## 2.2.2. Улуттук банктын ноталары менен операциялар жана эсептик чен

*Улуттук банктын ноталары менен операциялар*

Улуттук банктын ноталары – бул, жүгүртүү мөөнөтү 7, 14 жана 28 күндүк мамлекеттик баалуу кагаздар, алар банк тутумундагы ликвиддүүлүктү жөнгө салуу жана эсептик чен өлчөмүн аныктоо максатында аукциондук негизде жана аукциондон тышкары жайгаштырылат.

Акча-кредит саясатынын милдеттерине жараша, ошондой эле өлкөдө отчеттук жыл ичинде инфляциялык тобокелдиктер жогорку деңгээлде сакталып тургандыгын эске алуу менен Улуттук банк ноталарды сунуштоо көлөмүн 2010-жылдагы 11,9 млрд. сомдон отчеттук жылдагы 33,8 млрд. сомго

чейин көбөйткөн. Ноталарды сатуунун жылдык көлөмү 22,9 млрд. сомду түзгөн болсо, бул көрсөткүч 2010-жылы 8,9 млрд. сом чегинде катталган эле. Мында сатуунун эң чоң бөлүгүн жүгүртүү мөөнөтү 28 күндүк ноталар түзгөн (52,0 пайызын). Жүгүртүү мөөнөтү 7 жана 14 күндүк ноталарды сатуу көлөмү тиешелүүлүгүнө жараша, 17,5 жана 30,5 пайыз чегинде катталган.

***2.2.2.1-график***

Улуттук банктын ноталарын сатуу көлөмү жана Улуттук банктын эсептик ченинин динамикасы




Улуттук банктын 28 күндүк ноталарынын кирешелүүлүк базасында акча-кредит саясатынын интрументи болуп саналган жана кыска мөөнөттүү акча ресурсунун наркын аныктоо багыттамасы кызматын аткарган эсептик чен калыптанган. Улуттук банк эсептик чендин жардамы менен, акча-кредит саясатынын башка инструменттери боюнча чендерди аныктайт. Мындан тышкары, эсептик ченди чарбалык субъекттер мөөнөтүндө төлөнбөгөн ар кандай төлөмдөр үчүн туумдарды жана айыптык төлөмдөрдү эсептөөдө колдонушат.

Отчеттук мезгил ичинде эсептик ченди аныктоо механизми колдонулган, ага ылайык анын мааниси 28 күндүк ноталардын акыркы өткөрүлгөн төрт аукциондорундагы орточо салмактанып алынган кирешелүүгүнүн орточо маанисине теңештирилген.

Отчеттук жылы эсептик чендин орточо деңгээли 10,7 пайызды түзгөн, бул 2010-жылдагыга караганда 8 пайыздык пунктка жогору. Жылдын үчтүн айынын акырында Улуттук банктын эсептик чени 13,6 пайызды түзгөн.

## 2.2.3. Репо операциялары

Банк тутумунда улуттук валютадагы ликвиддүүлүк деңгээлин жөнгө салуу максатында Улуттук банк бүтүндөй отчеттук жыл ичинде кыска жана орто мөөнөттүк ликвиддүүлүктү алып салуу үчүн өз портфелиндеги мамлекеттик жөнгө салуучу казына векселдерин – МКВ(ж) сатуу боюнча кайтарым репо операцияларын жүргүзгөн. Жылдын бугу жана кулжа айларында коммерциялык банктардан талап жоктугунан улам, репо операциялары ишке ашырылган эмес.

*Репо операциларынын көлөмү*

2010-жылга салыштырганда Улуттук банктын отчеттук жылдагы репо операцияларынын жалпы көлөмү 32 эсеге көбөйүп, 2,3 млрд. сомду түзгөн. Кайтарым репо операцияларынын орточо алынган мөөнөтү 42 күндөн 35 күнгө чейин азайган, ал эми орточо кирешелүүлүк 11,4 пайызга чейин көбөйгөн.

***2.2.3.1-таблица***

Улуттук банктын репо операциялары

*(млн. сом.)*

| | 1-чейрек | 2-чейрек | 3-чейрек | 4-чейрек | Жыйынтыгында |
|---|---|---|---|---|---|
| **2010 -ж. бардыгы болуп** | **-** | **-** | **-** | **70,8** | **70,8** |
| *анын ичинде:* | | | | | |
| тике репо операциялары | - | - | - | - | - |
| кайтарым репо операциялары | - | - | - | 70,8 | 70,8 |
| **2011-ж. бардыгы болуп** | **684,5** | **60,7** | **858,5** | **674,8** | **2 278,5** |
| *анын ичинде:* | | | | | |
| тике репо операциялары | - | - | - | - | - |
| кайтарым репо операциялары | 684,5 | 60,7 | 858,5 | 674,8 | 2 278,5 |

*Мамлекеттик баалуу кагаздарды аутрайт шарттарында сатып алуу боюнча операциялар*

Репо шарттарында мамлекеттик баалуу кагаздарды сатуу операциялары менен катар эле Улуттук банк, экинчилик рыногунда мамлекеттик баалуу кагаздарды кайтара сатуу милдеттенмесиз, аутрайт шарттарында сатып алуу операцияларын ишке ашырган. Ушул операцияларды жүргүзүү максатында банк секторуна улуттук валютадагы ликвиддүүлүк сунушталган.

Улуттук банктын экинчилик рыногунда аутрайт шарттарында мамлекеттик баалуу кагаздарды сатып алуу боюнча отчеттук жыл ичиндеги операцияларынын жалпы көлөмү 870,0 млн. сомду түзгөн.

## 2.2.4. Банктарды кайра каржылоо

Банктарды кайра каржылоо - коммерциялык банктардын ликвиддүүлүгүн колдоого алуу, банк тутумунун кадимки шартта иштеп жатышы учурунда ликвиддүүлүктүн утурумдук өзгөрүүсүн текшилөө жана системалуу туруксуздук учурунда банктарга чукул каржылоону сунуштоо инструментинин бири катары кызмат өтөйт.

Коммерциялык банктарды кайра каржылоо инструменттеринин төмөнкүдөй топтому отчеттук жылда Улуттук банктын тескөөсүндө турган:

- Төлөм системасынын иш натыйжалуулугун жогорулатуу үчүн күрөөлүк камсыздоо алдында, операциялык күн ичинде бир нече саатка пайызсыз негизде улуттук валютада берилүүчү «бир күндүк» кредиттер;
- банктын кыска мөөнөттүү ликвиддүүлүгүн колдоо үчүн күрөөлүк камсыздоо алдында, эсептик чендин 1,2 коэффициенти менен аныкталган пайыздык ченде улуттук валютада бир суткага берилген «овернайт» кредити;
- олуттуу финансылык проблемаларга туш болгон коммерциялык банктарга өзгөчө учурларда, Улуттук банк Башкармасы тарабынан белгиленген пайыздык чен боюнча алты айдан ашпаган мөөнөткө берилген акыркы инстанция кредити.

*Бир күндүк кредиттер жана «овернайт» кредиттери*

Бүтүндөй алганда отчеттук жыл ичинде коммерциялык банктарды кайра каржылоо бир күндүк кредитти жана «овернайт» кредитин сунуштоо аркылуу ишке ашырылган. Улуттук банк төлөм системасынын ишинин үзгүлтүксүздүгүн камсыз кылуу үчүн 129,0 млн. сом өлчөмүндө бир күндүк кредитти коммерциялык банктарга сунуштаган (ал эми 2010-жылы мындай кредитке муктаждык болгон эмес). Коммерциялык банктарды кайра каржылоо каражаттарынын негизги көлөмү отчеттук жылы «овернайт» кредиттери түрүндө берилген, алардын жалпы көлөмү 4,1 млрд. сомду түзгөн. Ушунун өзү 2010-жылдагы көрсөткүчкө салыштырганда 52,5 пайызга көп. Мында «овернайт» кредиттери боюнча орточо жылдык чен, кароого алынып жаткан жылы 12,8 пайызды түзүп, 2010-жылдагы ченге салыштырганда 9,6 пайыздык пунтка көбөйгөн.

***2.2.4.1-таблица***

Улуттук банк тарабынан берилген «овернайт» кредиттери

*(млн. сом.)*

| | 1 -чейрек | 2 -чейрек | 3 -чейрек | 4 -чейрек | Жыйынтыгында |
|---|---|---|---|---|---|
| 2010-ж. | 550,0 | 843,0 | 765,0 | 498,0 | **2 656,0** |
| 2011-ж. | 290,0 | 3 423,0 | 105,0 | 232,7 | **4 050,7** |

***2.2.4.2-таблица***

Улуттук банк тарабынан берилген бир күндүк кредиттер

*(млн. сом.)*

| | 1 -чейрек | 2 -чейрек | 3 -чейрек | 4 -чейрек | Жыйынтыгында |
|---|---|---|---|---|---|
| 2010-ж. | - | - | - | - | - |
| 2011-ж. | - | 60,0 | 69,0 | - | **129,0** |

## 2.2.5. Милдеттүү камдык талаптар

Милдеттүү камдар акча-кредит саясатынын инструменттеринин бири болуп саналат жана иштеп жаткан коммерциялык банктар Улуттук банктагы корреспонденттик эсептерде кармап турууга милдеттүү болгон акча каражаттарынын суммасын түшүндүрөт. Милдеттүү кам өлчөмү, акча-кредит саясатынын максаттарына жараша, Улуттук банк Башкармасы тарабынан белгиленет.

*МКТ өлчөмүнүн көбөйүүсү*

Отчеттук жылы милдеттүү камдын өлчөмү өзгөртүлгөн, бул акча-кредит саясатынын таасирин күчөтүүнүн алкагында инфляцияны монетардык түзүүчүлөрдү чектөө боюнча кошумча чарадан болуп калган. Алсак, 2011-жылдын чын куран айынын он төртүндө милдеттүү кам өлчөмү коммерциялык банктар үчүн эсептик базанын 8 пайызынан 9 пайызына чейин көбөйтүлүп, үстөк ликвиддүүлүктү кыскартуу максатын көздөгөн.

2011-жылдын акырында милдеттүү камдын көлөмү депозиттердин өсүшү сыяктуу эле, милдеттүү камдын өлчөмүнүн жогорулатылышы эсебинен 44,6 пайызга көбөйүү менен 3,1 млрд. сомду түзгөн.

Жыл ичинде коммерциялык банктардын бири милдеттүү камдык талапты аткара албай калган болсо да, талапты сактабагандыгы үчүн ага төлөм чегерилген эмес, анткени жыл башында бул банкка убактылуу жетекчилик, андан соң консервация чарасы киргизилген эле.

***2.2.5.1-таблица***

Коммерциялык банктардын улуттук валютадагы камдары*

*(млн. сом.)*

| | 1-чейрек | 2-чейрек | 3-чейрек | 4-чейрек |
|---|---|---|---|---|
| **2010-ж. бардыгы болуп** | **6 022,8** | **4 269,1** | **3 427,7** | **4 139,0** |
| *анын ичинде:* | | | | |
| милдеттүү камдар | 3 750,3 | 2 678,6 | 2 285,8 | 2 264,2 |
| үстөк камдар | 2 272,5 | 1 590,6 | 1 142,0 | 1 874,8 |
| **2011-ж. бардыгы болуп** | **4 263,0** | **4 013,4** | **4 933,4** | **4 259,8** |
| *анын ичинде:* | | | | |
| милдеттүү камдар | 2 515,6 | 2 758,9 | 2 995,0 | 2 938,8 |
| үстөк камдар | 1 747,4 | 1 254,5 | 1 938,4 | 1 321,0 |

** бир мезгил ичиндеги орточо көрсөткүч*

## 2.3. Эл аралык камдарды тескөө

*Тескөө принциптери*

Кыргыз Республикасынын «Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы жөнүндө» мыйзамына ылайык, негизги принциптерге жараша камдык активдердин ликвиддүүлүгүн колдоо жана алардын коопсуздугун камсыз кылуу Улуттук банктын эл аралык камдарды тескөө жагындагы артыкчылыктуу милдетинен болуп саналат.

*Ченемдик документтер*

Эл аралык камдарды тескөө «Инвестициялык стратегия», Эл аралык камдарды тескөөдө тобокелдиктерди жөнгө салуу саясатына, «Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын эл аралык камдарынын 2011-жылга эталондук портфели жөнүндө» жана «Эл аралык камдардын инвестициялык активдерин тескөөдөгү лимиттер жөнүндө» жоболор менен жөнгө салынат.

Банктын инвестициялык стратегиясын, эл аралык камдардын портфелинин түзүмүн, тобокелдиктер менен инвестициялык инструменттердин кирешелүүлүгүнүн катышын аныктоо, ошондой эле банктын контрагенттерин тандоо жагындагы чечимдер, Улуттук банк Башкармасы жана Инвестициялык комитети тарабынан кабыл алынган. Инвестициялык комитет отчеттук жыл ичинде эл аралык камдарды тескөө маселелери боюнча 17 отурум өткөргөн. Камдык активдерди тескөөдө келип чыгышы мүмкүн болгон тобокелдиктерди минимизациялоо максатында контрагенттерге, инструменттердин түрлөрүнө, инвестициялоо өлчөмүнө жана мөөнөттөрүнө карата критерийлер, талаптар жана чектөөлөр белгиленген.

*Эл аралык камдардын түзүмү жана көлөмү*

Улуттук банктын эл аралык камдарынын курамына алтын түрүндөгү активдер, АКУ (СПЗ) жана чет өлкө валюталарынын портфели кирет. 2011-жылдын акырында дүң камдардын көлөмү жыл ичинде 115,6 млн. АКШ долларына же 6,7 пайызга көбөйүү менен 1,8 млрд. АКШ доллар эквивалентин түзгөн.

***<u>2.3.1-график</u>***

Улуттук банктын дүң эл аралык камдарынын динамикасы




*Эл аралык камдардын өсүш булактары*

Өкмөттүн жана Улуттук банктын эсептерине эл аралык финансылык институттардан жана донор өлкөлөрдөн валюталык каражаттардын түшүүсү, эл аралык камдарды тескөөдөн алынган кирешелер жана Кыргызстандын ички рыногунда Улуттук банктын аны сатып алуусунун натыйжасында, алтындын физикалык көлөмүнүн көбөйүүсү отчеттук жыл ичинде эл аралык камдар көлөмүнүн өсүш булагынан болгон. Мындан тышкары, эл аралык камдар көлөмүнүн доллардык эквивалентинин өзгөрүүсүнө портфелдеги валюта курстарынын жана баалуу металлдардын баасынын өзгөрүүсү таасир эткен.

***2.3.1-таблица***

Улуттук банктын камдык активдеринин түзүмү (бир мезгилдин акырына карата)

*(пайыздарда)*

| | 2010-ж. | 2011-ж. |
|---|---|---|
| Алтын | 6,8 | 7,2 |
| Валюта портфели | 83,3 | 83,2 |
| Атайы карыз алуу укугу | 9,9 | 9,6 |
| **Бардыгы болуп** | **100,0** | **100,0** |

*Эл аралык камдардын валюта портфелинин түзүмү*

Эл аралык камдардын валюта портфели өзүндө АКШ долларын, еврону, швейцария франкын, англия фунтун, австралия жана канада долларларын, ошондой эле япон иенин жана орус рублин камтып турган.

*Эл аралык камдар түзүмү*

Ликвиддүүлүктүн зарыл болгон деңгээлин колдоо, ошондой эле эл аралык камдарды тескөө натыйжалуулугун жогорулатуу максатында, камдык активдер менен иш портфелдик негизде ишке ашырылган. Валюта портфелин «жумушчу» жана инвестициялыкка бөлүү, камдардын кирешелүүлүгүнүн оптималдуу деңгээлин колдоп турууну камсыз кылган.

*Эл аралык камдарды жайгаштыруу*

«Жумушчу» капиталынын активдери кыйла ликвиддүү инструменттерге жайгаштырылып, Улуттук банктын жана Өкмөттүн чет өлкө валютасындагы төлөмдөрү жана ички банктар аралык валюта рыногунда операцияларды жүргүзүү үчүн пайдаланылган. Инвестициялык портфелди тескөө эл аралык камдардын бекитилген эталондук портфелине ылайык жүзөгө ашырылган. Улуттук банк эл аралык камдарды баалуу кагаздар, мөөнөттүү депозиттер, ошондой эле бир күндүк репо операциялары сыяктуу эң эле ишенимдүү жана ликвиддүү инструменттерге жайгаштырган. Баалуу кагаздар портфели Австралиянын, Улуу Британиянын, Германиянын, Франциянын, Швейцариянын мамлекеттик баалуу кагаздарын, ошондой эле Эл аралык эсептешүүлөр банкынын кыска мөөнөттүү жана орто мөөнөттүү инвестициялык инструменттерин камтып турган. Мөөнөттүү депозиттер эл аралык финансылык инстутуттарда, жогорку эл аралык рейтинге ээ чет өлкөлөрдүн борбордук жана коммерциялык банктарында жайгаштырылган.

***2.3.2-таблица***

Улуттук банктын эл аралык камдарын жайгаштыруу түзүмү (бир мезгилдин акырына карата)

*(пайыздарда)*

| | 2010-ж. | 2011-ж. |
|---|---|---|
| Эл аралык финансы институттары | 35,7 | 26,4 |
| Борбордук банктар | 30,9 | 40,9 |
| Коммерциялык банктар | 33,0 | 32,2 |
| Улуттук банк | 0,4 | 0,4 |
| **Бардыгы болуп** | **100,0** | **100,0** |

Отчеттук жылда дүйнөлүк экономикада орун алган татаал кырдаал, дүйнөлүк валюталык, финансылык жана товардык-сырьелук рыноктордо абалдын өзгөрүп туруусу Улуттук банктын инвестициялык саясатына жана камдык активдердин жайгаштырылышына олуттуу таасир эткен. Дүйнөлүк кризистин орун алып турган кесепеттерине бир катар алдынкы өнүккөн өлкөлөрдүн суверендик карыздарынын проблемасы кошулган. Өкмөттүн карыз оорчулугунун терс кесепеттери евро аймагына кирген айрым өлкөлөрдүн жана АКШнын суверендүү рейтингинин төмөндөшүнө алып

келген. Европа экономикасындагы проблемалар өсүш арымынын төмөндөшү, олуттуу өзгөрүүлөр жана рыноктордун тынчсызданууусу менен коштолгон. Бул борбордук банктар алдына акча-кредит саясатынын инструменттерин тандоодо оор милдеттерди койгон.

## 2.4. Акча-кредит саясатынын жыйынтыктары

*Акча базасы*

Улуттук банк жүргүзгөн акча-кредит саясатынын натыйжасында акчанын өсүш арымы 2010-жылдагыга караганда бир азга азайган, мында экономикага акча сунуштоо Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн экспансионисттик салык-бюджет саясатына байланыштуу, мамлекеттик финансы секторунун эсебинен жүргүзүлгөн. Отчеттук жыл ичинде акча базасы 6,2 млрд. сомго өскөн, мында Өкмөттүн операциялары аларды 14,6 млрд. сомго көбөйткөн болсо, Улуттук банктын операциялары 8,4 млрд. сомго төмөндөткөн (2010-жылы акча базасы Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 15,6 млрд. сом суммасындагы операцияларынын эсебинен 7,5 млрд. сомго өскөн, Улуттук банктын операциялары аны 8,1 млрд. сомго кыскарткан).

Отчеттук жыл жыйынтыгы боюнча акча базасы жыл ичинде 12,8 пайызга көбөйүү менен 54,8 млрд. сомду түзгөн (2010-жылы 18,4 пайыз).

Жылдын акырында акча базасындагы нак акча үлүшү 91,0 пайызды, ал эми коммерциялык банктардын Улуттук банктагы корреспонденттик эсептериндеги каражаттарынын үлүшү 9,0 пайыз чегинде катталган.

*Акча топтомдору*

Бүтүндөй алганда жыл ичинде М0 акча топтому (банктардан тышкары акчалар) 13,9 пайызга көбөйүп, 2011-жылдын акырында 47,2 млрд. сомду түзгөн (2010-жылы өсүш 22,4 пайызды, 41,5 млрд. сомго чейинкини түзгөн). М2 акча топтомунун (М0+улуттук валютадагы депозиттер) өсүшү, отчеттук жылы 15,6 пайызды, 62,1 млрд. сомго чейинкини түзгөн (2010-жылы 23,6 пайыздык, 53,7 млрд. сомго чейинки өсүш катталган), мында улуттук валютадагы депозиттер 21,4 пайызга көбөйгөн.

***<u>2.4.1-график</u>***

Акча топтомдорунун өзгөрүүсүнүн жылдык арымынын динамикасы (бир мезгилдин акырына карата)




Отчеттук жылдын үчтүн айынын акырында М2Х кеңири мааниде колдонулуучу акча массасы (М2 + чет өлкө валютасындагы депозиттер) жыл

ичинде 14,9 пайызга же 10,3 млрд. сомго көбөйүү менен 79,5 млрд. сомду түзгөн (2010-жылы 21,1 пайызга, 12,1 млрд. сомго чейин). Бул акча топтомунун көбөйүүсү банк тутумунун депозиттеринин[1] 16,5 пайызга же 4,6 млрд. сомго (мында чет өлкө валютасындагы депозиттер 12,5 пайызга көбөйгөн) жана банктардан тышкаркы акчалардын 13,9 пайызга же 5,7 млрд. сомго өсүшүнүн эсебинен жүргөн.

***2.4.2-график***

Коммерциялык банктардын М2Хте камтылган депозиттеринин жылдык өзгөрүү арымынын динамикасы (бир мезгилдин акырына карата)




*М2Хке таасир эткен факторлор*

Банк тутумунун таза чет өлкө активдери 148,7 млн. АКШ доллары көлөмүндө сырттан түшүүлөрдүн, алтын кенин казып алуу боюнча жергиликтүү ишканалардан 159,5 млн. АКШ доллары көлөмүндө түшүүлөрдүн, ошондой эле «транзиттик жүк ташуулар» борборунан 60 млн. доллар көлөмүндө бюджетке түшүүлөрдүн эсебинен М2Х кеңири мааниде колдонулуучу акчанын өсүшүнө негизги салымды кошкон (8,4 пайыз). Таза ички активдер да экономикага кредиттердин өсүш арымынын 20,8 пайызга көбөйүүсүнүн эсебинен М2Х акча топтомунун өсүшүнө салым (6,5 пайыз) кошо алган.

***2.4.1-таблица***

Кеңири мааниде колдонулуучу М2Х акча массасын калыптандырган булактар (бир мезгилдин акырына карата)

| | 2010 -ж. | 2011 -ж. | Өсүш *млн. сом.* | Өсүш арымы, *пайыздар* | М2Хке таасир этүү, *пайыздар* |
|---|---|---|---|---|---|
| Таза чет өлкө активдери | 71 424,8 | 77 213,9 | 5 789,0 | 8,1 | 8,4 |
| Таза эл аралык камдар | 79 773,0 | 85 423,3 | 5 650,2 | 7,1 | 8,2 |
| Башка тышкы активдер | 134,3 | 135,0 | 0,8 | 0,6 | 0,0 |
| Бөлүштүрүү тартибинде алынган АКУ | -6 096,4 | -6 030,1 | 66,3 | -1,1 | 0,1 |
| КМШ өлкөлөрү менен эсептешүүлөр | 0,0 | 0,0 | 0,0 | 0,0 | 0,0 |
| Узак мөөнөттүү тышкы милдеттенмелер | -2 386,1 | -2 314,4 | 71,7 | -3,0 | 0,1 |
| Таза ички активдер | -2 217,1 | 2 313,9 | 4 531,1 | -204,4 | 6,5 |
| Мамлекеттик башкаруу органдарына карата таза талаптар | -4 195,4 | -3 028,7 | 1 166,7 | -27,8 | 1,7 |
| Өкмөткө карата таза талаптар | -3 039,2 | -1 333,7 | 1 705,5 | -56,1 | 2,5 |
| Атайын фондуларга карата таза талаптар | -1 156,2 | -1 695,0 | -538,9 | 46,6 | -0,8 |
| КР Өнүктүрүү фондусу | -1 156,2 | -1 695,0 | -538,9 | 46,6 | -0,8 |
| Башка секторлорго карата талаптар | 27 574,7 | 33 321,9 | 5 747,2 | 20,8 | 8,3 |
| Башка статьялар | 2 654,6 | 594,8 | -2 059,9 | -77,6 | -3,0 |
| Капитал менен операциялардын эсеби | -28 251,0 | -28 574,0 | -322,9 | 1,1 | -0,5 |
| **М2Х акча массасы** | **69 207,7** | **79 527,8** | **10 320,1** | **14,9** | **14,9** |
| Банктардан тышкаркы акчалар | 41 471,2 | 47 219,6 | 5 748,4 | 13,9 | 8,3 |
| Башка депозиттик корпорациялардын депозиттери | 27 736,6 | 32 308,2 | 4 571,7 | 16,5 | 6,6 |
| Улуттук валютадагы депозиттер | 12 274,3 | 14 905,8 | 2 631,5 | 21,4 | 3,8 |
| Чет өлкө валютасындагы депозиттер | 15 462,3 | 17 402,5 | 1 940,2 | 12,5 | 2,8 |

[1] Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн жана резидент эместердин депозиттерин эске албаганда.

*Инфляция*

Улуттук статистика комитетинин маалыматтарына ылайык инфляция деңгээлин мүнөздөгөн керектөө бааларынын индексинин өсүшү отчеттук жыл ичинде 5,7 пайызды түзгөн (2011-жылдын үчтүн айы – 2010-жылдын үчтүн айына карата), ал эми 2010-жылы инфляция жылдык мааниде алганда 19,2 пайыз чегинде катталган эле. Өлкөдө баанын жалпы деңгээлинин өсүшүнүн басаңдашына түрткү берген негизги себептерден болуп төмөнкүлөр саналган:

- дүйнөлүк жана ички азык-түлүк товарлар жана энергопродуктылар рыногундагы баанын өсүш арымынын олуттуу басаңдоосу;
- Улуттук банктын акча-кредит саясатынын таасирин катуулатуу менен жүргүзүүсү;
- өлкөдө коомдук-саясый кырдаалдын туруктаушуусу.

***2.4.3-график***

Акча базасынын, КБИнин жана ИДӨнүн жылдык өзгөрүү арымдары (бир мезгилдин акырына карата)




*РЭАК жана НЭАК*

Өнөктөш өлкөлөрдө[1] инфляция деңгээлинин бир аз төмөндүгү реалдуу эффективдүү алмашуу курсунун индексинин (РЭАК) көбөйүүсүн шарттаган, жылдын үчтүн айынын акырына ал жыл ичинде 1,2 пайызга көбөйүү менен 112,7 түзгөн, ал эми сомдун номиналдык эффективдүү алмашуу курсунун индекси (НЭАК) иш жүзүндө өзгөрбөстөн, отчеттук жылдын акырында 116,2 түзгөн.

[1] Кыргыз Республикасында отчеттук жыл ичинде инфляция 5,7 пайызды түзгөн, ал эми соода боюнча негизги өнөктөштөрдөн болгон өлкөлөрдө инфляциянын орточо деңгээли алдын ала эсептөөлөр боюн-ча 4,5 пайыз чегинде катталган.

# 3-ГЛАВА. ФИНАНСЫ-КРЕДИТ МЕКЕМЕЛЕРИНИН ИШИНЕ КӨЗӨМӨЛ ЖАНА АНЫ ЖӨНГӨ САЛУУ

Улуттук банк Кыргыз Республикасынын «Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы жөнүндө» мыйзамында аныкталган милдеттерге ылайык лицензиялоону, тышкы (аралыктан) көзөмөлдү жана жеринде барып инспектирлөөнү жүзөгө ашыруу аркылуу, банктардын жана банктык эмес финансы-кредит мекемелердин ишин жөнгө салууну жана көзөмөлдөөнү ишке ашырат.

Тышкы (аралыктан) көзөмөлдү жүргүзүү жана жеринде барып инспектирлөөнүн чегинде кредиттик тобокелдикке мониторинг жүргүзүүгө мурдагыдай эле олуттуу көңүл бурулган, анткени мониторинг жүргүзүү финансы-кредит мекемелеринин ишинин өзөгүн түзөт. Мында банк ишинде орун алышы мүмкүн болгон башка тобокелдиктерге анализди жүргүзүүдө стресс-тестирлөө инструменти да активдүү колдонулган. 2010-жылдагы окуялардын республиканын финансы-кредит системасына тийгизген кесепетине бөгөт коюу максатында түптөлгөн жагдайга жараша шайкеш, жөнгө салуучу таасирдүү чаралардын оперативдүү көрүлүшү, отчеттук жылда финансы-кредит мекемелеринин ишин жөнгө салуунун өзгөчөлүгүнөн болгон. Банктардын жана банктык эмес финансы-кредит мекемелеринин кардарларынан жана акционерлеринен келип түшкөн кайрылууларда, талаптарда жана өтүнүч каттарда камтылган маселелерди карап, чечүүгө олуттуу ресуртар багытталган.

Жалпысынан алганда финансы-кредит системасы кандайдыр бир деңгээлде ишенимдүү туруктуулукка ээ экендигин жана ортомчулук деңгээли менен, иш натыйжалуулугун жогорулатуу үчүн потенциалы бар экендигин тастыктай алган. Ошондон улам, 2010-жылдагы ички саясий кырдаалдын кесепеттерин четтетүүгө жана финансы системасынын белгилүү бир деңгээлде туруктуулугун жана коопсуздугун камсыз кылууга мүмкүн болгон.

Финансы секторун өнүгүү тенденциялары алгылыктуу жүргөн, банктык эмес финансы-кредит мекемелеринин саны, алардын активдеринин, кредит портфелинин көлөмү жана карыз алуучуларынын саны өсүшүн уланткан.

## 3.1. Банктык көзөмөл

### 3.1.1. Лицензиялоо

*Банктардын уставдык капиталы*

2011-жылдын акырына карата абал боюнча коммерциялык банктардын төлөнгөн уставдык капиталынын жалпы суммасы 8,4 млрд. сомду түзгөн, анын ичинде банк тутумунун уставдык капиталындагы чет өлкө капиталынын үлүшү 39,9 пайызды же 3,3 млрд. сом чегинде болгон. Отчеттук жыл ичинде банктардын уставдык капиталынын жалпы өлчөмү 843,8 млн. сомго же 2010-жылдагы көрсөткүчкө салыштырганда 11,2 пайызга көбөйгөн.

Отчеттук мезгил ичинде коммерциялык банктардын биринин акционерлери алмашып, калган коммерциялык банктардын акционерлеринин курамы олуттуу өзгөрүүлөрсүз калган.

*Филиалдар, аманат кассалары жана көчмө кассалар*

Улуттук банк бир катар банктардын лицензияларынын чөйрөсүн кеңейтүү, алардын жетекчилерин дайындоодо берилген анкеталарын белгиленген талаптарга жана критерийлерге ылайык келүүсү көз карашынан, кылдат иликтөөгө алуу ишин жүргүзгөн.

Отчеттук жыл ичинде банктардын филиалдарынын жана аманат кассаларынын саны өскөндүгү байкалган, ушунун өзү өлкө региондорунда калктын банктык кызмат көрсөтүүлөрдөн пайдалануу мүмкүнчүлүгү кеңейип жаткандыгын айгинелейт. Алсак, коммерциялык банктар тарабынан 43 филиал, 79 аманат кассасы жана 17 көчмө касса кошумча ачылган.

***3.1.1.1 - таблица***

Филиалдар түйүнүн, аманат жана көчмө кассалар түйүнүн өнүктүрүү динамикасы

| | Филиалдарынын саны | | Аманат кассаларынын саны | | Көчмө кассалардын саны | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| | 2010-ж. | 2011-ж. | 2010-ж. | 2011-ж. | 2010-ж. | 2011-ж. |
| Бишкек ш | 46 | 54 | 187 | 211 | 10 | 15 |
| Баткен областы | 11 | 15 | 28 | 41 | - | - |
| Жалал-Абад областы | 33 | 41 | 73 | 89 | - | - |
| Ысык-Көл областы | 30 | 36 | 21 | 24 | 1 | 6 |
| Нарын областы | 14 | 17 | 3 | 7 | - | - |
| Ош областы | 39 | 44 | 97 | 112 | 1 | 6 |
| Талас областы | 9 | 11 | 5 | 8 | - | - |
| Чүй областы | 29 | 36 | 38 | 39 | - | 2 |
| **Жыйынтыгында:** | **211** | **254** | **452** | **531** | **12** | **29** |

## 3.1.2. Тышкы көзөмөл

Кароого алынып жаткан жылы 18 банк кадимки иш ыргагында иштеген. Тышкы (аралыктан) көзөмөл алкагында алардын активдеринин сапатына, капиталынын жетиштүүлүгүнө, кирешелүүлүк факторлоруна, ликвиддүүлүгүнүн тескөөгө алынышына, тобокелдиктерди жөнгө салуу системасына баа берүүлөр ишке ашырылган.

Коммерциялык банктардын ишине тышкы көзөмөлдүк, көрсөткүчтөр ортосунда өз ара байланыштуулукту аныктоо, ошол көрсөткүчтөрдү өзгөртүүчү факторлорго жана банктар өзүнө алган тобокелдик деңгээлине талдап-иликтөөлөрдү, стресс-тестирлөөнү жүргүзүү, ошондой эле алынган көрсөткүчтөрдү бир түрдөгү банктар тобу боюнча алынган орточо көрсөткүчтөргө салыштыруу аркылуу негизделген, CAMELS компоненттери боюнча банк ишин мүнөздөгөн көрсөткүчтөргө негизденген.

Берилген регулятивдик отчетторго, инспектордук текшерүүлөрдүн жыйынтыктарына, тобокелдикти тескөө системасын жана ички контролдуктун болушуна тиешелүү талаптардын аткарылышы боюнча маалыматтарды кошо алганда, аудитордук корутундуларга жана банк ишине тиешелүү башка маалыматтарга мониторинг жана талдап-иликтөөлөрдү жүргүзүүнүн негизинде банктын абалы жөнүндө отчеттор даярдалып, өзгөчө бир банк сыяктуу эле, бүтүндөй банк тутумунун ишинин туруктуулугун колдоого алуу үчүн зарыл болгон көзөмөлдүк чаралары иштелип чыккан.

Коммерциялык банктардын аманатчыларынын жана кредиторлорунун таламдарын коргоо, банк тутумунда туруктуулукту колдоого алуу, депозиттердин күтүүсүз алынышы тобокелдигин басаңдатуу үчүн көзөмөлдүк чаралары көрүлүп, бир нече коммерциялык банктын ишине атайы режим киргизилип, чектөөлөр белгиленген. Мында, белгиленген сунуш-көрсөтмөлөрдүн аткарылышына жана финансылык көрсөткүчтөрүнүн жакшыруусуна байланыштуу, айрым коммерциялык банктарга карата мурда белгиленген чектөөлөр алынып салынган. Тышкы көзөмөлдүктүн алкагында, Кыргыз Республикасынын мыйзам талаптарынын бузулушуна жол бербөө максатында, эскертүү мүнөзүндөгү көзөмөлдүк чаралары көрүлгөн.

Атайын режим чарасы киргизилген коммерциялык банктардын абалын чыңдоо боюнча кошумча иштер жүргүзүлгөн. Улуттук банк көргөн аракеттердин натыйжасында бир банк боюнча орун алган кемчиликтерди четтетүү жана анын ишин Кыргыз Республикасынын мыйзам талаптарына ылайык келтирүү келишими түзүлгөн. Калган банктар боюнча акционерлер ортосунда соттук териштирүүлөр жүрүүдө, алардын жыйынтыгы боюнча Улуттук банк мындан ары да тиешелүү чараларды көрөт.

Орто мөөнөттүк мезгилге банк тутумун өнүктүрүү багыттарын аныктоо максатында, коммерциялык банктар жана Кыргыз банктар союзунун өкүлдөрү менен бирге Кыргыз Республикасынын банк тутумун 2014-жылга чейин өнүктүрүүнүн негизги багыттары иштелип чыккан.

Тышкы көзөмөлдүн алкагында банк тутумунун кардарлары сыяктуу эле, алардын катышуучуларынын (акционерлеринин) укуктук мүнөздөгү, ошондой эле банктык тейлөө, кредиттик администрлөө жана керектөөчүлөрдүн укугун коргоону кошо алганда, ар кандай маселелер боюнча кайрылуулары каралоого алынган. Мындан тышкары, банк аманатчыларынын мыйзамдык негизде ыйгарылып берилген укуктарынын корголушу жагында консультациялар берилген.

*Капиталдын көрсөткүчтөрү*

Отчеттук жылы банктардын «таза» тобокелдиктүү активдери[1] 6,4 млрд. сомго көбөйүп, ал эми «таза» суммардык капитал[2] 1,9 млрд. сомго жогорулаган.

***<u>3.1.2.1 - таблица</u>***

Коммерциялык банктардын капиталынын көрсөткүчтөрү (бир мезгилдин акырына карата)

| | 2010 -ж | 2011-ж |
|---|---|---|
| «Таза» суммардык капитал, *млн. сом.* | 11 564,1 | 13 427,0 |
| «Таза» тобокелдүү активдер, *млн. сом.* | 37 983,6 | 44 341,3 |
| Суммардык капиталдын шайкештүүлүк коэффициенти, *пайыздар* | 30,4 | 30,3 |
| Суммардык капиталдын шайкештик ченеми (кеминде), *пайыздар* | 12,0 | 12,0 |

2011-жылы жөнөкөй акцияларды чыгаруунун (843,8 млн. сомго), жеке адамдар жана юридикалык жактар тарабынан кошумча капиталдын салынышынын (301,2 млн. сомго), ошондой эле алынган пайданын эсебинен уставдык капиталды көбөйтүү, бул жылдагы «таза» суммардык капиталдын өсүшүнүн негизги факторлорунан болгон. Суммардык капиталдын шайкештик көрсөткүчү анын ченемдик деңгээлинен олуттуу аша тургандыгын эске алганда, Кыргызстандын банк тутуму финансылык кызмат көрсөтүүлөрдү сунуштоо чөйрөсүн кеңейтүү үчүн белгилүү бир потенциалга ээ.

*Кредит тобокелдиги*

Активдерди жана баланстан тышкаркы милдеттенмелерди классификациялоонун негизинде кредиттик тобокелдикке баа берилген[3]. Потенциалдуу жоготуулардын жана чыгым тартуулардын ордун жабууга түзүлгөн камдардын, кредиттик жоготууларды камтыган активдердин

[1] «Тобокелдиктүү активдер» өзүнө, кредит тобокелдигинин деңгээли боюнча салмактанган кардарларга кредиттерди, лизингдерди, корпоративдик баалуу кагаздарды, чет өлкө банктарында жайгаштырылган акча активдерин, башка активдерди жана баланстан тышкаркы милдеттенмелерди камтыйт.

[2] Банктын акционерлеринин капиталын, отчеттук жана өткөн жылдардагы иш боюнча финансылык жыйынтыктарды, туунду уюмдарга инвестицияларды жана башка финансы-кредит мекемелерине капиталды эске албаганда, түзүлгөн камдарды камтыган эсептик көрсөткүч. Ал, Улуттук банк тарабынан белгиленген экономикалык ченемдердин маанисин эсептөөдө колдонулат.

[3] Маалыматтар, отчеттун «Банк сектору» деп аталган 1.4-бөлүгүнүн «Активдерди, баланстан тышкаркы милдеттенмелерди жана кардарларга кредиттерди классификациялоо» аталышындагы 1.4.3-таблицасында келтирилген.

жалпы суммасына карата катышы катары эсептелинген кайтарылбай калуу тобокелдиги, отчеттук жылда мурдагы жылдын акырындагы анын маанисине салыштырганда төмөндөө менен (10,7 пайызга) 6,3 пайызды түзгөн.

2011-жылдын акырына карата мөөнөтүндө төлөнбөгөн кредиттердин суммасы 2,4 млрд. сомду же өзүндө кредиттик жоготуулар тобокелдигин камтыган бардык активдердин 7,8 пайызын түзгөн. 2010-жылдын акырында бул көрсөткүч 13,1 пайызды түзгөн же 3,5 млрд. сом чегинде катталган эле.

*Валюта тобокелдиги*

Валюталык тобокелдик, валюта курсунун өзгөрүүсү шартында банктын чет өлкө валютасындагы активдеринин жана милдеттенмелеринин наркынын өзгөрүүсүнөн улам, анын чыгым тартып калуу мүмкүнчүлүгү көз карашынан кароого алынган. Бул тобокелдик чет өлкө валютасындагы активдер менен милдеттенмелердин катышына, ошондой эле коммерциялык банктардын суммардык активдериндеги же милдеттенмелериндеги алардын үлүшүнө жараша бааланган. Жыл жыйынтыгы боюнча банк тутумунун валюталык активдери 31,7 млрд. сомду же суммардык активдердин 47,4 пайыз чегинде катталган. Коммерциялык банктардын чет өлкө валютасындагы милдеттенмелери 28,8 млрд. сомду же бардык милдеттенмелердин 55,0 пайызын түзгөн. Чет өлкө валютасындагы 359,0 млн. сом өлчөмүндөгү жалпы камдарды, ошондой эле 1,9 млрд. сом өлчөмүндөгү чет өлкө валютасындагы милдеттенмелерге теңештирилген каражаттарды эске алганда, банк тутумунун жылдын акырына карата чогуу алгандагы таза ачык валюта позициясы «узун» болуп, 594,6 млн. сомду же банк тутумунун таза суммардык капиталынын 4,4 пайызы чегинде болгон.

***<u>3.1.2.2.-таблица</u>***

Коммерциялык банктардын чет өлкө валютасындагы активдери жана милдеттенмелери* (бир мезгилдин акырына карата)

| | 2010 -ж | 2011-ж |
|---|---|---|
| Чет өлкө валютасындагы активдер, *млн.сом.* | 25 150,0 | 31 665,6 |
| Чет өлкө валютасындагы активдер, *пайыздар* | 43,4 | 47,4 |
| Чет өлкө валютасындагы милдеттенмелер, *млн. сом.* | 24 784,0 | 28 769,1 |
| Чет өлкө валютасындагы милдеттенмелер, *пайыздар* | 54,6 | 55,0 |

** Улуттук банктын 2010 -жылдын акырына жана 2011-жылдын акырына карата эсептик курсу боюнча*

*Ликвиддүүлүк тобокелдиги*

Ликвиддүүлүк тобокелдиги мөөнөттөрдүн ар бир аралыгында милдеттенмелердин активдер менен орду жабылышы көз карашынан кароого алынган. Бул, активдердин жана милдеттенмелердин мөөнөттөрү боюнча дал келбестиги шартында, каражаттарга болгон керектөөлөргө баа берүү мүмкүнчүлүгүн сунуштайт. Коммерциялык банктардын ликвиддүүлүк тобокелдигине 2011-жылы жүргүзүлгөн анализдөөлөр, активдердин жана милдеттенмелердин төлөө мөөнөттөрү боюнча орун алган терс ажырым, 180 күнгө чейинки аралыкта байкалгандыгын көрсөткөн. Мында 180 күндөн ашкан мөөнөттөр боюнча алгылыктуу ажырымдын орун алышы, банктар өз милдеттенмелеринин ордун жабуу үчүн узак мөөнөткө каралган каржылоо булактарына ээ экендигин чагылдырат.

***3.1.2.3 - таблица***

Мөөнөттөр боюнча активдер жана милдеттенмелер (бир мезгилдин акырына карата)

*(млн. сом.)*

| 2010 -ж* | Мөөнөтү күндөрдө | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| | 0-30 | 31-90 | 91-180 | 181-365 | 365 ашык | Бардыгы |
| Финансылык активдер | 25 794,0 | 3 807,1 | 3 454,5 | 7 137,5 | 21 910,4 | 62 104,0 |
| Финансылык милдеттенмелер | 28 591,0 | 4 309,0 | 2 819,3 | 3 283,1 | 7 028,1 | 46 030,4 |
| Финансылык активдердин финансылык милдеттенмелерден ашкан суммасы | -2 797,0 | -501,9 | 635,2 | 3 854,5 | 14 882,3 | 16 073,7 |
| Финансылык активдердин жалпы көлөмүнө карата пайыздарда | -4,5 | -0,8 | 1,0 | 6,2 | 24,0 | 25,9 |

**Маалыматтар 2010-жылдын үчтүн айынын отуз бирин кошо камтуу менен келтирилген*

| 2011 -ж* | Мөөнөтү күндөрдө | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| | 0-30 | 31-90 | 91-180 | 181-365 | 365 ашык | Бардыгы |
| Финансылык активдер | 26 706,6 | 3 092,4 | 3 449,1 | 7 559,2 | 28 717,8 | 69 525,2 |
| Финансылык милдеттенмелер | 30 041,5 | 4 260,2 | 3 663,7 | 4 910,6 | 9 443,5 | 52 319,4 |
| Финансылык активдердин финансылык милдеттенмелерден артуу суммасы | -3 334,9 | -1 167,8 | -214,6 | 2 648,7 | 19 274,3 | 17 205,7 |
| Финансылык активдердин жалпы көлөмүнө карата пайыздарда | -4,8 | -1,7 | -0,3 | 3,8 | 27,7 | 24,7 |

**Маалыматтар 2010-жылдын үчтүн айынын отуз бирин кошо камтуу менен келтирилген*

Банк тутумунун негизги тобокелдиктерине жүргүзүлгөн талдап-иликтөөлөр, аларды чектеген экономикалык ченемдердин айкын мааниси белгиленген мааниден олуттуу ашкан деңгээлде тургандыгын көрсөткөн, ушунун өзү ар кандай таасирлерге туруштук берүү мүмкүнчүлүгү бардыгын далилдейт. Ошондой болсо да, кредиттик тобокелдикке жана банк кардарларынын төлөөгө жөндөмсүздүгүнө байланыштуу потенциалдуу кооптонуулар дале орун алууда. Улуттук банк сектордун ишин турукташтыруу жана өнүктүрүү, анын ичинде коммерциялык банктар менен чогуу бул багытта тиешелүү иш-чараларды жүргүзүү үчүн Кыргызстандын жана башка өлкөлөрдүн банк секторунда, тышкы финансы рынокторунда түптөлгөн жагдайларга туруктуу негизде көз салып турат.

## 3.1.3. Инспектирлөө

Көзөмөл циклине ылайык ишке ашырылган текшерүүлөр, банк ишинде орун алышы ыктымал болгон тобокелдиктерди жана проблемаларды мүмкүн болушунча эртерээк аныктоого багытталган. Кредиттик, валюталык операцияларды, инсайдерлер жана аффилирленген жактар менен операцияларды жүзөгө ашырууда банктык мыйзам талаптарынын сакталышы, ошондой эле Кыргыз Республикасында терроризмди каржылоого жана кылмыш жолу менен алынган кирешелерди легализациялоого («адалдоого») каршы аракеттенүү боюнча мыйзам талабынын аткарылышы көз карашынан отчеттук жыл ичинде айрым коммерциялык банктардын ишине максаттуу текшерүүлөр ишке ашырылган.

Бүтүндөй отчеттук жыл ичинде 16 комплекстүү жана 20 максаттуу (кассалык тартиптин сакталышы жагында 3, банк ишинин айрым аспектилери боюнча планда каралбаган 17) текшерүүлөр ишке ашырылган. Жыйынтыгында, көзөмөлдүк мүнөзүндө жөнгө салуучу чаралар көрүлүп, коммерциялык банктардын жетекчилеринин иште орун алган кемчиликтерди четтетүү боюнча иш-пландары иштелип чыккан. Мыйзам талаптарына ылайык, коммерциялык банктардын терроризмди каржылоого жана кылмыш жолу менен алынган кирешелерди легализациялоого («адалдоого») каршы аракеттерди көрүү жагында талаптарды аткаруусуна тиешелүү маалыматтар Кыргыз Республикасынын Финансылык чалгындоо боюнча мамлекеттик кызматына жөнөтүлүп турган.

Мындан тышкары, коммерциялык банктардын өлкөнүн түштүк регионунда жайгашкан 18 филиалынын жана 5 микрофинансылык уюмдун ишине карыз алуучулар көйгөйлөрүнө байланыштуу маселер боюнча текшерүүлөр жүргүзүлгөн.

Отчеттук мезгил ичинде инспектордук текшерүүлөрдүн сапатын жогорулатуу жана бул иш чөйрөсүнүн усулдук базасын өркүндөтүү жагында туруктуу иштер жүргүзүлгөн.

### 3.1.4. Таасир этүү чаралары

Коммерциялык банктарга карата эскертүү чараларын колдонуу чечимдери Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына жана Улуттук банктын ченемдик укуктук актыларына ылайык кабыл алынган.

Коммерциялык банктардагы иш жагдайынын жүрүшүнө өз учурунда, шайкеш жана ырааттуу байкоо жүргүзүү максатында Улуттук банктын Көзөмөл боюнча комитети тиешелүү таасир этүү чараларын карап, кабыл алып турган.

Атап айтканда, Көзөмөл боюнча комитети айрым банктарга мурда белгиленген экономикалык ченемдерди кайрадан карап чыгып, натыйжада бир коммерциялык банктын тартылган депозиттердин максималдуу көлөмү боюнча экономикалык ченеми төмөндөтүлүп, башка банкка орун алган тобокелдиктерди эске алуу менен тартылган депозиттердин максималдуу көлөмү боюнча кошумча экономикалык ченем киргизилген. Көзөмөл боюнча комитет  айрым коммерциялык банктарга киргизилген тике банктык көзөмөлдүктү сактоо жана киргизүү маселелерин да караган. Улуттук банк Башкармасынын тапшыруусу боюнча консервация режими киргизилген коммерциялык банктардын абалын оңоо пландары каралган.

Операцияларга жеринде барып оперативдүү мониторинг жүргүзүү жана контролдоонун алкагында, банк акционерлери тарабынан зарыл маалыматтардын берилбегендигине байланыштуу коммерциялык банктардын бирине тике банктык көзөмөл чарасы киргизилип, башка банкта 2010-жылы киргизилген бул чара сакталып калган.

Кыргыз Республикасынын «Банктарды консервациялоо, жоюу жана банкроттоо жөнүндө» мыйзамына ылайык, аманатчылардын жана башка кредиторлордун таламдарын коргоо, активдерди сактап калуу максатында «КыргызКредит Банк» ААКсына, «Манас Банк» ЖАКка, «Акылинвестбанк» ААКсына консервация режими киргизилген. Ал эми ИБ «Ысык-Көл» ААКсына 2010-жылдын акырында киргизилген консервация чарасы сакталып калган.

Кыргыз Республикасынын «Кыргыз Республикасындагы банктар жана банк иши жөнүндө» мыйзамына ылайык коммерциялык банктарга карата башка чаралар да колдонулган.

Негизинен, отчеттук жыл ичинде Улуттук банк тарабынан көрүлгөн чаралар  өлкөнүн банк тутумунун ишенимдүүлүгүн, туруктуулугун жана иш натыйжалуулугун камсыз кылууга багытталган.

## 3.2. Банктык эмес финансы-кредит мекемелеринин ишине көзөмөл

Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы банктык эмес финансы кредит мекемелеринин ишин лицензиялоону жана жөнгө салууну жүзөгө ашырат. Мында «Кыргыз Республикасында кредиттик союздарды колдоо жана өнүктүрүү боюнча финансы компаниясы» ЖЧКсынын, микрофинансылык компаниялардын, кредиттик союздардын жана алмашуу бюролорунун

иши Улуттук банктын лицензиясынын негизинде ишке ашырылат, ал эми микрокредиттик компаниялар жана микрокредиттик агенттиктер үчүн каттоодон өткөндүгү тууралуу күбөлүк алуунун жөнөкөйлөтүлгөн тартиби каралган.

*БФКМдерди текшерүү*

Отчеттук жылда Улуттук банк мыйзам актыларынын жана Улуттук банктын ченемдик укуктук актыларынын талаптарынын сакталышы көз карашынан, 134 алмашуу бюросуна текшерүү жүргүзгөн. Текшерүүлөр Улуттук банктын кызматкерлери тарабынан сыяктуу эле, башка ведомстволордун өкүлдөрүнүн катышуусунда ишке ашырылган. Текшерүүгө алынган 43 алмашуу бюросунун ишинен мыйзам актыларын жана ченемдик укуктук актылардын талабын бузуулар аныкталган. Текшерүүлөрдүн жыйынтыгы боюнча 31 көрсөтмө, 12 эскертүү жөнөтүлгөн.

Мындан тышкары, рейддик текшерүүлөрдүн жүрүшүндө лицензиясыз иш алып баруунун 73 фактысы аныкталып, Улуттук банктын административдик комиссиясынын кароосуна берилген. Натыйжада, 54 иш боюнча 66,0 миң сом жалпы суммасында айыптык төлөм өндүрүү чечими чыгарылган.

Текшерүүлөрдүн жүрүшүндө мөөнөтү өткөрүлүп жиберилген лицензиянын негизинде, бюджетке жалпы суммасы 280,0 миң сом зыян келтирип, салык төлөөсүз иш алып баруунун эки фактысы аныкталган. Улуттук банк ушуга байланыштуу Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Финансы полициясы  мамлекеттик кызматына кат жөнөтүп, ал тарабынан республиканын мыйзамдарына ылайык чаралар көрүлгөн.

2011-жылы терроризмди каржылоого жана кылмыш жолу менен алынган кирешелерди легализациялоого («адалдоого») каршы аракеттерди көрүү маселелери боюнча алмашуу бюролорунун арасында  түшүндүрүү иштери жүргүзүлгөн. Аларга «Кыргыз Республикасындагы алмашуу бюролорунда терроризмди каржылоого жана кылмыш жолу менен алынган кирешелерди легализациялоого («адалдоого») каршы аракеттерди көрүү максатында ички контролдукту уюштурууга карата минималдуу талаптар жөнүндө» жобонун талаптарынын аткарылышына тиешелүү кат жөнөтүлгөн.

Кредиттик союздар боюнча 61 комплекстүү жана 14 максаттуу текшерүүлөр ишке ашырылган. Аманаттарды кабыл алуу укугуна лицензия алууга өтүнүч менен кайрылган 2 микрофинансылык компаниянын ишине да комплекстүү текшерүүлөр жүргүзүлгөн. Карыз алуучулардан түшкөн даттануулар боюнча микрокредиттик компаниялардын ишине 15 атайы текшерүү уюштурулган.

Тышкы көзөмөлдүк жана Улуттук банктын ченемдик укуктук актыларынын талаптарынын сакталбашына жеринде барып инспектирлөөнү жүргүзүүнүн натыйжасында алмашуу бюролорунун 7 лицензиясы, кредиттик союздардын 6 лицензиясы жана МКК/МКАлардын 18 күбөлүгү кайтарылып алынып, 30 банктык эмес ФКМ ишин токтотушуна байланыштуу алардын күбөлүктөрү жана лицензиялары жокко чыгарылган.

*Ченемдик укуктук актыларга өзгөртүүлөр*

БФКМдерди андан ары өнүктүрүү максатында Кыргыз Республикасынын «Микрофинансылык уюмдар жөнүндө» жана «Кредиттик союздар  жөнүндө» мыйзамдарына, МФУ жана кредиттик союздарга ислам банк иши жана каржылоо принциптери боюнча операцияларды жүргүзүү укугун берүүнү кошо алганда, агенттик банкинг жана нак чет өлкө валютасы менен алмашуу операцияларынын тизмесин кеңейтүүнү, МФКнын чет өлкө валютасында операцияларды жүзөгө ашыруусун, микрофинансылык кызматтардан пайдалануучулар укугун коргоо принциптерин жайылтууну караган өзгөртүүлөр даярдалган.

Кыргыз Республикасынын «Чет өлкө валютасындагы операциялар жөнүндө» мыйзамына карата, кесипкөйлүк негизде чет өлкө валютасы менен операцияларды жүзөгө ашыруу укугу берилген жактардын тизмесин кеңейтүүнү караган өзгөртүүлөр даярдалган.

Микрокаржылоону 2006-2010-жылдар аралыгында өнүктүрүүнүн орто мөөнөттүк стратегиясын ишке ашыруунун жыйынтыгы чыгарылгандан кийин, бул секторду андан ары өнүктүрүү максатында Микрокаржылоону 2011-2015-жылдары өнүктүрүүнүн жаңы стратегиясы иштелип чыккан. Документти даярдоодо микрофинансылык кызмат көрсөтүүлөр рыногуна иликтөөлөр жүргүзүлүп, жыйынтыгында секторду андан ары өнүктүрүүнүн негизги иш-чаралары аныкталган. Аталган стратегиянын долбоору сектордун өкүлдөрү жана Кыргыз Республикасынын Өкмөтү менен макулдашылган. Анда, ченемдик базаларды өркүндөтүү, депозиттерди коргоо системасынын концепциясын иштеп чыгуу, керектөөчүлөрдү коргоо принциптерин жайылтуу, финансылык апекстерди түзүү жана финансы банкингин, акча которуу операцияларын өнүктүрүү боюнча иш-чаралар каралган.

Нак чет өлкө валютасы менен алмашуу операцияларын лицензиялоо режиминин либералдаштырылышына байланыштуу «Нак чет өлкө валютасы менен алмашуу операцияларын жүргүзүү укугуна лицензия берүү тартиби жөнүндө» жобонун жаңы редакциясы бекитилген. Жободо лицензиянын аракеттенүү мөөнөтү бир жылдан үч жылга чейин узартылып, ошондой эле алмашуу бюролору үчүн жүргүртүү каражаттарынын минималдуу өлчөмүнө карата 100 миң сом өлчөмүндө талаптар белгиленген.

*Финкомпанияны өткөрүп берүү боюнча иш-чаралар*

Азия өнүгүү банкы менен Кыргыз Республикасынын ортосунда түзүлгөн, белгиленген тартипте ратификацияланган «Айылдык финансылык инстуттар» долбоору боюнча кредиттик келишимдин шарттарын аткаруу максатында, «Кыргыз Республикасында кредиттик союздарды колдоо жана өнүктүрүү боюнча финансы компаниясы» ЖЧКсын кредиттик союздарга өткөрүп берүү жагында иш-чаралар жүргүзүлгөн, атап айтканда негизги жана кошумча жазылуулар ишке ашырылып, алардын негизинде кредиттик союздар тарабынан бул мекеменин уставдык капиталындагы үлүш төлөнгөн.

## 3.3. Көзөмөл методологиясы жана жөнгө салуу

*Ченемдик базаны өркүндөтүүнүн негизги багыттары*

2011-жылы банктык көзөмөл системасынын натыйжалуулугун жогорулатуу жана банк тутумун өнүктүрүү максатында, бул багыттар боюнча ченемдик-укуктук базаларды өркүндөтүү, банктык көзөмөл боюнча Базель комитетинин негизги принциптерин жайылтуу, ошондой эле белгиленген нормаларды банктык мыйзамдардардагы өзгөрүүлөргө ылайык келтирүү боюнча иш улантылган.

Банктарды лицензиялоону камсыз кылуунун чегинде «Банк ишин лицензиялоо жөнүндө» жобого сунушталган, банк акцияларын сатып алууда банктык мыйзамдардын жана Улуттук банктын ченемдик укуктук актыларынын талаптарынын таасирин күчөтүүгө, банктардын кызмат адамдарынын жоопкерчилигин жогорулатууга, МФК жана МККлардын банкка өзгөртүп түзүлүшүнө мүмкүндүк берүүгө жана иштеп жаткан банктын ислам банк иши жана каржылоо принциптерине ылайык операцияларды жүзөгө ашырган банкка трансформацияланышына, ошондой эле банкрот банктарды реструктуризациялоо аркылуу жаңы банкты түзүү процессин жөнгө салууга багытталган өзгөртүүлөр жана толуктоолор бекитилген.

*Экономикалык ченемдер жана талаптар*

Баалуу кагаздар менен иш алып барууда банк ишиндеги тобокелдиктерди басаңдатуу үчүн «Банктардын баалуу кагаздар менен иш алып баруусу жөнүндө» жобонун жаңы редакциясы кабыл алынып, анда

баалуу кагаздар менен иштөөдө отчетторго жана ички контролдук системасына карата минималдуу талаптар, ошондой эле банктын инвестициялык саясатын иштеп чыгуунун негизги эрежелери өзгөртүлгөн. Ушул документ менен катар эле, «Кыргыз Республикасынын коммерциялык банктары милдеттүү түрдө аткарууга тийиш болгон экономикалык ченемдер жана талаптар жөнүндө» жобого, ошондой эле республиканын аймагындагы микрофинансылык компиялардын ишин жөнгө салуунун убактылуу эрежелерине карата өзгөртүүлөр жана толуктоолор бекитилген. Аларда башка мамлекеттердин өкмөттөрүнүн жана борбордук банктарынын баалуу кагаздарына, мамлекеттик эмес карыздык баалуу кагаздарга банктын инвестицияларынын максималдуу өлчөмү боюнча жаңы экономикалык ченемдер белгиленген.

*Тобокелдиктерди тескөөгө алуу*

Кароого алынып жаткан жылы «Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынан лицензия алышкан коммерциялык банктардагы жана башка финансы-кредит мекемелердеги кредиттик тобокелдиктерди тескөө боюнча минималдуу талаптар жөнүндө» жобого өзгөртүүлөр жана толуктоолор кабыл алынып, алар негизинен банк жетекчилигинин банктын кредиттик иши, кредиттик келишимди түзүүдө банктын жана кардарлардын укуктарынын жана таламдарын коргоого алынышы, кредиттик иштин ачык-айкындуулугун жана кредиттөө шарттары тууралуу кардарлардын маалымдуулугун жогорулатуу үчүн жоопкерчилигин күчөтүүгө багытталган.

*ПФТ/ОД*

Улуттук банктын терроризмди каржылоого жана кылмыш жолу менен алынган кирешелерди легализациялоого (адалдоого) каршы аракеттенүү маселеси жагындагы ченемдик укуктук актыларын андан ары өркүндөтүү максатында, «Коммерциялык банктарда терроризмди (экстремизмди) каржылоого жана кылмыш жолу менен алынган кирешелерди легализациялоого (адалдоого) каршы аракеттенүү максатында ички контролдукту уюштурууга карата минималдуу талаптар жөнүндө» жобого банк жетекчилигинин бул маселе боюнча жоопкерчилигин күчөтүүгө багытталган өзгөртүүлөр жана толуктоолор бекитилген. Мындан тышкары, банктык эсепти ачууда, Интернет-банкинг боюнча операцияларды ишке ашырууда банк кардарлары менен мамиле түзүү тартибин аныктаган «Депозиттер менен иш алып баруу жөнүндө» нускоого да өзгөртүүлөр жана толуктоолор киргизилген. Мында, кардарлардан кошумча документтерди жана банк кардарларынын түпкү пайда көрүүчүсүн идентификациялоо жана верификациялоо үчүн зарыл маалыматтарды банктын талап кылууга укугу каралган.

*Талаш маселелерди сотко чейин жөнгө салуу*

Улуттук банктын ченемдик укуктук актыларынын аппелянттар жана соттор тарабынан бирдей чечмеленишин камсыз кылуу үчүн «Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы менен коммерциялык банктардын, банктык операциялардын айрым түрлөрүн жүзөгө ашырган уюмдардын жана алардын уюштуруучуларынын (катышуучуларынын), юридикалык жактардын жана жеке адамдардын ортосунда келип чыккан талаш маселелерди сотко чейин жөнгө салуу жөнүндө» жобого өзгөртүүлөр жана толуктоолор бекитилген. Аларга ылайык, Улуттук банктын Көзөмөл боюнча комитетинин жана Башкармасынын чечимдерине даттануу жол-жоболору, ошондой эле ушул жобонун аракети аларга карата колдонулган жактардын тизмеги такталган.

Улуттук банк, убактылуу жетекчилик, консервация жана банкроттук жол-жобосун колдонууда «Кыргыз Республикасынын банктары тарабынан айрым банктык жана төлөм операцияларынын жүргүзүлүшүнүн тартиби жөнүндө» жобону кабыл алган. Жободо жыйынтыктоочу «своп», «репо», «форвард», «конверсиондук» операцияларды, «бир күндүк» кредит жана «овернайт» кредиттери боюнча операцияларды, ошондой мамлекеттик баалуу

кагаздар менен операцияларды жүргүзүү тартиби белгиленген.

*Банктардын мезгил-мезгили менен берилүүчү регулятивдик отчету*

Отчеттук мезгил ичинде аны «Мезгил-мезгили менен берилүүчү регулятивдик банктык отчет жөнүндө» жобого ылайык келтирүү максатында регулятивдик отчетторду толтуруу боюнча усулдук көрсөтмөгө өзгөртүүлөр жана толуктоор киргизилген. Мындан тышкары, «Мезгил-мезгили менен берилүүчү регулятивдик консолидацияланган отчет жөнүндө» жобого карата тиркемелерди толтуруу тартибин түшүндүргөн, консолидацияланган отчеттордун формаларын толтуруу боюнча усулдук көрсөтмөлөр бекитилген.

*БФКМдерди жөнгө салуу*

Улуттук банктын ченемдик актыларын мыйзамдарга киргизилген өзгөртүүлөргө ылайык келтирүү максатында, Кыргыз Республикасынын аймагындагы микрофинансылык компаниялардын ишин жөнгө салуунун убактылуу эрежелерине өзгөртүүлөр жана толуктоолор бекитилген. Бул өзгөртүүлөр микрофинансылык компаниялардын аффилирленген жактар менен операцияларын жөнгө салат.

*Ислам каржылоо принциптери*

Банк секторунун бардык катышуучулары үчүн бирдей шарттарды камсыз кылуу, ошондой эле Кыргыз Республикасында ислам банк ишин кеңири жайылтуу үчүн мүмкүнчүлүктөрдү түзүү максатында Кыргыз Республикасынын «Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы жөнүндө» мыйзамына толуктоо киргизүү тууралуу», «Кыргыз Республикасындагы банктар жана банк иши жөнүндө» мыйзамына толуктоолорду киргизүү жөнүндө» мыйзам талаптарын аткаруу максатында, бир катар ченемди-укуктук актылар кабыл алынган. Бекитилген документтерде корпоративдик башкаруу, банктардын регулятивдик отчеттору, экономикалык ченемдер жана талаптар, ошондой эле микрофинансылык уюмдар жана кредиттик союздар тарабынан операциялардын айрым түрлөрүнүн жүргүзүлүшү тартиби маселелери каралган.

# 4-ГЛАВА. ТӨЛӨМ СИСТЕМАСЫ

Кыргыз Республикасынын экономикасынын субъекттери ортосунда төлөмдөрдүн коопсуз жана өз учурунда өткөрүлүшүн камсыз кылган жогорку технологиялык деңгээлдеги төлөм системасынын туруктуу ишин колдоп туруу, Улуттук банктын негизги милдеттеринин бири болуп саналат.

Отчеттук мезгил ичинде Кыргыз Республикасынын төлөм системасы туруктуу иштеген. Улуттук банк бул жылда пакеттик клиринг системасынын инструменттерин өнүктүрүүнү кошо алганда, финансы-кредит мекемелери сунуштаган чекене төлөм кызмат көрсөтүүлөр чөйрөсүн кеңейтүү боюнча иш-чараларды уланткан, төлөм карттары менен эсептешүүлөрдүн улуттук системасынын ишине колдоо көрсөткөн, банктык төлөм карттарын пайдалануу менен чекене төлөмдөрдү кабыл алуу жана тейлөөнү ишке ашыруу инфраструктурасын өнүктүрүүдө коммерциялык банктарга көмөктөшкөн.

Улуттук банк нак эмес эсептешүүлөр үлүшүн арттыруу жана заманбап улуттук төлөм системасын өнүктүрүү боюнча чараларды ишке ашырууну уланткан. Ошондой болсо да, чекене төлөмдөрдү ишке ашырууда нак акча негизги төлөм инструменти бойдон калууда. Отчеттук жыл ичинде жүгүртүүдөгү акчанын өсүшү, чарба жүргүзүүчү субъекттердин нак акчага болгон керектөөлөрүнүн туруктуу өсүшүнө жана нак акча менен тейленген товарлар жана кызмат көрсөтүүлөр рыногунун кеңейтилишине байланыштуу келип чыккан. Улуттук банк жүгүртүүдөгү акча түзүмүнө туруктуу мониторингди ишке ашырып, зарыл номиналдагы банкноттор жана монеталар менен экономиканын керектөөсүн камсыз кылууга жетишкен.

## 4.1. Төлөм системасынын өнүгүүсү

### 4.1.1. Нак эмес эсептешүүлөр

*Кыргыз Республикасынын төлөм системасы*

Кыргыз Республикасынын төлөм системасы Эсептешүүлөрдүн гросстук системасынан (Гросстук система), пакеттик клиринг системасынан (Клиринг системасы), төлөм карттарын пайдалануу менен эсептешүүлөр системасынан, акча которуулар системаларынан жана чекара аркылуу өтүүчү төлөмдөр системаларынан турган. Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы, алардын филиалдарын кошо алганда коммерциялык банктар, Финансы министрлигинин Борбордук казыналыгы, Мамлекеттер аралык банк жана «Банктар аралык процессинг борбору» ЖАК атайы катышуучу укугунда Кыргыз Республикасынын төлөм системасынын катышуучуларынан болгон.

Бүтүндөй жыл ичинде Гросс жана Клиринг системалары аркылуу жалпы суммасы 585,1 млрд. сом, 1,6 миллион төлөм өткөрүлгөн, бул 2010-жылдагыдан 32,6 пайызга же 143,8 млрд. сомго көп.

***4.1.1.1-график.***

Төлөм системалары боюнча (Гросстук жана Клиринг системалары) төлөмдөрдүн көлөмү (бир мезгилдин акырына карата)




Гросс системасы аркылуу өткөрүлгөн төлөмдөрдүн саны, бир жыл мурдагы көрсөткүчкө салыштырганда 17,3 пайызга көбөйгөн болсо, клиринг системасындагы төлөмдөрүнүн саны 2010-жылдагы көрсөткүчкө караганда 2,1 пайызга азайган. Бул азаюу, бир коммерциялык банк ичинде ишке ашырылып, банктар аралык деңгээлге чыкпаган бюджеттик төлөмдөрдүн агымын кайра бөлүштүрүүгө байланыштуу келип чыккан.

***4.1.1.2-график.***

Төлөм системалары боюнча төлөмдөрдүн саны (Гросстук жана Клиринг системалары)




*Банктык төлөм карттары*

2011-жылы эмитирленген төлөм карттарынын жалпы саны 271,1 миң даананы түзүп, жыл ичинде 20,4 пайызга көбөйгөн, алардын ичинен «Элкарт» улуттук системасынын карттарынын саны 51,9 миң даанада катталган. Эмитирленген банктык карттардын санынын олуттуу өсүш арымы көбүнесе, эмгек акы долбоорунун чегинде берилген банктык карттардын санынын көбөйүүсү менен шартталган. «Демир24» локалдык системасынын карт ээлери 2009-жылдан тартып эл аралык карттарды пайдаланууга которулган.

***4.1.1.3-график.***

Банктык төлөм карттар санынын динамикасы (бир мезгилдин акырына карата)




** 2009-жылдан тартып Демир-24 төлөм карттары VISA картына алмаштырылган*

Бүтүндөй отчеттук жыл ичинде карттарды пайдалануу менен 4,9 млн. операция ишке ашырылган, бул 2010-жылдагыга караганда 44,1 пайызга көп.

*Төлөм карттарын пайдалануу менен операциялар*

Карттарды пайдалануу менен жүргүзүлгөн операциялардын чогуу алгандагы көлөмү, отчеттук жыл ичинде 24,4 млрд. сомду түзүп, бир жыл мурдагы көрсөткүчкө салыштырганда 68,3 пайызга көбөйгөн, ушунун өзү коммерциялык банктардын банктык карттар рыногунда иш жигеринин артып жатышын далилдейт.

Банкоматтар түйүнүнөн нак акча чыгарып алуу операцияларынын көлөмү 22,9 млрд. сомду түзгөн (95,5 пайыз), ошол эле учурда соода сервистик ишканаларда карттарды пайдалануу менен ишке ашырган бүтүмдөрдүн көлөмү төмөн бойдон калып, 1,5 млрд. сомду (4,5 пайызды) түзгөн.

*Карттарды кабыл алуу жана тейлөө боюнча инфраструктура*

Иштеп жаткан терминалдардын жана банкоматтардын жалпы санын системалар боюнча бөлүштүрүүнү төмөнкүчө чагылдырууга болот:

- Visa & MasterCard эл аралык системасы боюнча – 180 банкомат жана 1 041 терминал;
- «Элкарт» улуттук системасы боюнча – 164 банкомат жана 674 терминал. «Элкарт» улуттук системасынын карттары 152 банкоматта жана эл аралык төлөм карттык системасынын 670 терминалында тейлөөгө кабыл алынууда;
- «Золотая корона» эл аралык системасы боюнча – 82 банкомат жана 235 терминал;
- «Алай-Кард» системасы боюнча – 54 банкомат жана 203 терминал.

***4.1.1.4-график.***

Иштеп турган банкоматтардын жана терминалдардын санынын динамикасы (бир мезгилдин акырына карата)



Ошентип, 2011-жылдын акырында банктык төлөм карттар Кыргыз Республикасынын бүтүндөй аймагында орнотулган 460 банкоматта жана 2022 терминалда тейлөөгө алынган.

### 4.1.2. Төлөм системасынын ишине көзөмөл

Улуттук төлөм системасынын туруктуу ишин камсыз кылуу максатында жыл ичинде Кыргыз Республикасынын төлөм системасына көзөмөлдүктү жүзөгө ашыруу ыкмаларын өнүктүрүү жана өркүндөтүү боюнча иштер улантылган.

*Көзөмөл объекттери*

Отчеттук жыл ичинде системалуу мааниге ээ төлөм системалары (Айкын убакыт ыргагында эсептешүүлөрдүн гросстук системасы жана Пакеттик клиринг системасы) жана маанилүү төлөм системалары (төлөм карттары менен эсептешүүлөр системалары) көзөмөл объектисинен болгон.

*Контролдук объекттери*

Мындан тышкары, Кыргыз Республикасынын төлөм системасынын техникалык инфраструктураларына: SWIFT жамааттык пайдалануу түйүнүнүн жана банктар аралык коммуникациялык түйүндүн ишине туруктуу контролдук ишке ашырылган.

*Төлөм системасынын иши*

Кароого алынып жаткан жыл ичинде системалуу мааниге ээ төлөм системалары штаттык режимде иштеп, алардан пайдалануу мүмкүнчүлүгү жогору бойдон калып, 99,7 пайызды түзгөн. Төлөм системасында катышуучулардын дебеттик жүгүртүүлөрүнө карата ликвиддүү каражаттардын жетиштүү деңгээлде болушу эсебинен, финансылык тобокелдиктер деңгээли минималдуу чекте сакталган.

*Төлөм системасын өнүктүрүү чаралары*

Системаны өнүктүрүү максатында Улуттук банк, бул багытта ишти жөнгө салуучу жана катышуучулардын ишин, ошондой эле операторлордун ишин тартипке келтирүүчү ченемдик-укуктук базаларды өркүндөтүүгө өзгөчө көңүл бурган. Алсак, чекене төлөмдөр рыногун өнүктүрүү жана жөнгө салуу багытында Улуттук банк «Банктар аралык процессинг борбору» ЖАКтын (Элкарт улуттук системасынын операторунун) төлөм карттары менен эсептешүүлөрдүн эл аралык системаларынын операторлорунун, дароо төлөө системаларынын операторлорунун, «Кыргызпочтасы» мамлекеттик ишканасынын, коммерциялык банктардын өкүлдөрү менен системанын иш натыйжалуулугун камсыз кылуу, карттар аркылуу нак эмес төлөөлөрдү ишке ашыруу долбоорлорун өздөштүрүү маселелери боюнча жолугушууларды өткөргөн.

Отчеттук жыл ичинде 23 төлөм картын пайдалануу менен 122 алдамчылык транзакциясына жол берилгендиги катталган. Карт ээлеринин коопсуздук эрежелерин (карттан пайдалануу мүмкүнчүлүгүнүн чектелбегендиги, пин-коддордун купуялуулугун камсыз кылбагандыгы, карттардын жоголуп кеткендиги тууралуу тейлөөчү банкка өз учурунда маалымдалбагандыгы) сактабашы, ошондой эле карттар, карт ээлерине тиешелүү маалыматтардан санкциясыз пайдалануу мүмкүнчүлүктөрү, мына ушундай алдамчылык аракеттеринин негизги себебинен болгон.

*Төлөм системасынын 2011-жыл ичиндеги ишине баа берүү*

Кыргыз Республикасында системалуу мааниге ээ төлөм системасынын ишине 2011-жылы жүргүзүлгөн алдын ала баа берүүлөр, анын иши бардык Негизги[1] принциптерге ылайык келе тургандыгын көрсөткөн.

[1] «Системалуу мааниге ээ төлөм системалары үчүн негизги принциптер», Эл аралык эсептешүүлөр банкынын төлөм жана эсептешүүлөр системасы боюнча комитети, Базель, Швейцария, 2001-жылдын үчтүн айы («Core Principles for Systemically Important Payment Systems», BIS, Basel, Switzerland, January, 2001.)

***4.1.2.1-таблица.***

Төлөм системаларынын ишинин Негизги принциптерге ылайык келүүсүнө баа берүү

| № | Кыскача берилиши | Системалуу мааниге ээ төлөм системасы | | Улуттук система |
|---|---|---|---|---|
| | | Гросс | Клиринг | Элкарт |
| КП I | Зарыл мыйзамдык базанын болушу | негизинен сакталууда | негизинен сакталууда | негизинен сакталууда |
| КП II | Финансылык тобокелдиктерден коргонуу механизмдеринин болушу | сакталууда | негизинен сакталууда | негизинен сакталууда |
| КП III | Финансылык тобокелдиктерди тескөө жол-жобосу | негизинен сакталууда | негизинен сакталууда | колдонулбайт |
| КП IV | Ыкчам жыйынтыктап эсептешүү | сакталууда | негизинен сакталууда | колдонулбайт |
| КП V | Ар тараптуу неттингде күндөлүк эсептешүүлөрдү өз убагында аяктоо | сакталууда | негизинен сакталууда | колдонулбайт |
| КП VI | Минималдуу кредиттик тобокелдикти камтыган активдерди эсептешүүлөр үчүн колдонуу | сакталууда | сакталууда | колдонулбайт |
| КП VII | Коопсуздук жана операциялык ишенимдүүлүк | негизинен сакталууда | негизинен сакталууда | негизинен сакталууда |
| КП VIII | Экономикалык натыйжалуулук | негизинен сакталууда | негизинен сакталууда | негизинен сакталууда |
| КП IX | Системага катышуу үчүн объективдүү жана ачык жарыяланган критерийлердин болушу | сакталууда | сакталууда | сакталууда |
| КП X | Системаны натыйжалуу отчет берүү алдында ачык-айкын тескөө | сакталууда | негизинен сакталууда | негизинен сакталууда |

Системалуу мааниге ээ төлөм системаларында негизги принциптерди колдонуу боюнча борбордук банктын милдеттери толук аткарылууда. Алсак, төлөм системасынын максаттары так аныкталып, алардын ролу, жүргүзгөн саясаты ачык көрсөтүлүп, негизги прициптердин сакталышы жана аларга көзөмөлдүк (оверсайт) камсыз кылынып ошондой эле, бул багытта башка борбордук банктар менен кызматташуу ишке ашырылууда.

### 4.1.3. Нак эмес төлөмдөрдүн үлүшүн көбөйтүү боюнча иш-чаралар

*Нак эмес төлөмдөрдүн үлүшүн көбөйтүү боюнча ведомстволор аралык комиссия*

Нак эмес төлөмдөр жана эсептешүүлөр үлүшүн көбөйтүү боюнча иш-чараларды аткаруу багытында маселелерди мамлекеттик деңгээлде чечүү, ошондой эле мамлекеттик органдардын бул багыттагы аракеттерин координациялоо, аларга колдоо көрсөтүүнү камсыз кылуу үчүн 2011-жылы Кыргыз Республикасында нак эмес төлөмдөр жана эсептешүүлөр үлүшүн арттыруу боюнча Ведомстволор аралык комиссиянын иши жандандырылган. Комиссиянын ишин уюштуруу үчүн иш-чаралар планы иштелип чыгып, бекитилген. Анда мамлекеттик бюджетке төлөмдөрдүн түшүүсү, мамлекеттик бюджеттен төлөөлөрдүн ишке ашырылышы, чарба жүргүзүүчү субъекттердин төлөмдөрүн нак эмес формада жүргүзүүгө өткөрүүгө байланыштуу милдеттер, ошондой эле нак эмес төлөмдөр инфраструктурасын кеңейтүү жана мындай формада эсептешүүлөр системасынын коопсуздугун жана ишенимдүүлүгүн камсыз кылуу милдеттери камтылган.

Нак эмес формадагы төлөмдөргө болгон талапка түрткү берүү, бюджеттик каражаттардын жылышынын ачык-айкындуулугун, бүтүндөй акча жүгүртүүнүн натыйжалуулугун камсыз кылуу максатында аталган комиссия тарабынан Кыргыз Республикасында нак эмес төлөмдөрдүн жана эсептешүүлөрдүн үлүшүн көбөйтүү боюнча 2012-2017-жылдарга иш-чаралардын мамлекеттик программасын (экинчи баскычты) иштеп чыгуу чечими кабыл алынган.

*Тике дебеттөө*

Тике дебеттөө инструменти коммуналдык кызматтарга нак эмес төлөөлөрдүн эң эле ыңгайлуу ыкмаларынын бири болуп саналат. Ушул инструментти өнүктүрүүнүн чегинде коммерциялык банктар тике дебеттөө кызматын жайылтууга багытталган иш-чараларды аягына чыгаруу боюнча иштерди жүргүзгөн. Отчеттук жыл ичинде «Түндүкэлектро» ААКсы, «Бишкексууканалы» өндүрүштүк башкармасы, «Бишкек жылуулук түйүнү» ААКсы коммуналдык ишканалары төлөмдөрдү кардарлардын банктык эсептерин тике дебеттөө ыкмасы менен жүзөгө ашырууга жетишкен.

## 4.2. Нак акча жүгүртүү

Республиканын экономикасынын нак акчага болгон керектөөсүн өз учурунда камсыз кылуу Улуттук банктын маанилүү иш багытынан болуп саналат.

Отчеттук жыл ичинде жүгүртүүдөгү акчанын жалпы суммасы 15,2 пайызга өсүп, 49,9 млрд. сомду түзгөн.

***4.2.1-график.***

Жүгүртүүдөгү акчанын өзгөрүү динамикасы (бир мезгилдин акырына карата)




Социалдык багыттагы мамлекеттик төлөөлөрдүн артышынан жана экономиканын өнүгүшүнөн улам, акчага болгон керектөөнүн өсүшүн, жүгүртүүдөгү акчанын өсүш фактору катары белгилөөгө болот.

Коммерциялык банктардын кассаларына нак акча кайтарымдуулугу 2011-жылы 98,6 пайызды түзүп, 2010-жылдагы көрсөткүчкө салыштырганда, 0,2 пайыздык пунктка төмөндөгөн.

Коммерциялык банктардын кассаларына нак акчанын түшүүсү жыл ичинде 430,5 млрд. сом чегинде катталган, ал 2010-жылдагыга салыштырганда 44,1 пайызга көбөйгөн. Банктардын кассаларынан нак акчалардын берилиши 44,4 пайызга өсүп, 436,4 млрд. сомду түзгөн.

***4.2.1-таблица.***

Нак акчалардын коммерциялык банктардын кассалары аркылуу жылышы

| | Түшүүсү, *млн. сом.* | | Берилиши, *млн. сом.* | | Кайтарымдуулугу, *пайыздар* | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| | 2010 -ж. | 2011 -ж. | 2010-ж. | 2011-ж. | 2010-ж. | 2011-ж. |
| **Бардыгы болуп** | **298 652,7** | **430 505,7** | **302 242,3** | **436 436,9** | **98,8** | **98,6** |
| Бишкек ш. | 177 571,7 | 252 839,8 | 161 479,5 | 234 149,1 | 110,0 | 108,0 |
| Баткен обл. | 7 079,7 | 12 766,0 | 11 047,7 | 16 669,5 | 64,1 | 76,6 |
| Жалал-Абад обл. | 30 412,9 | 39 925,8 | 37 101,7 | 48 882,0 | 82,0 | 81,7 |
| Ысык-Көл обл. | 10 094,5 | 15 437,9 | 13 399,9 | 19 341,9 | 75,3 | 79,8 |
| Нарын обл. | 3 479,5 | 5 041,6 | 5 885,7 | 7 803,9 | 59,1 | 64,6 |
| Ош ш. | 41 052,1 | 64 186,7 | 38 222,3 | 59 980,7 | 107,4 | 107,0 |
| Ош обл. | 8 680,2 | 12 102,9 | 13 341,0 | 19 159,9 | 65,1 | 63,2 |
| Талас обл. | 4 330,6 | 6 851,5 | 6 713,6 | 10 161,0 | 64,5 | 67,4 |
| Чүй обл. | 15 951,5 | 21 353,5 | 15 050,9 | 20 288,9 | 106,0 | 105,2 |

*Коммерциялык банктардын кассаларына нак акчанын түшүүсү, кассадан берилиши*

Жүгүртүүдөгү акчанын купюралык түзүмүнө анализдөөлөрдү жүргүзүүнүн негизинде, тиешелүү номиналдарга керектөөнү канааттандыруу жана банкноттордун жана монеталардын зарыл болгон номиналдарынын оптималдуу запасын колдоо боюнча иштер жүргүзүлүп, жаңы банкнотторду жана монеталарды жүгүртүүгө чыгаруу, ошондой эле эскилиги жеткендерин жүгүртүүдөн алып, жок кылуу иштери жүзөгө ашырылган.

Жүгүртүүдөгү банкноттордун купюралык түзүмү негизинен туруктуу сакталып калган, ал эми 1000 сом номиналындагы банкноттун азаюусу 5000 сом номиналындагы банкноттун үлүшүнүн көбөйүүсүнүн натыйжасында келип чыккан.

***4.2.2-таблица.***

Жүгүртүүдөгү банкноттордун жана монеталардын түзүмү (бир мезгилдин акырына карата)

*(Жүгүртүүдөгү акчалардын жалпы суммасынан пайыздык катышта)*

| Номинал | 5 сомго чейин | 10 сом | 20 сом | 50 сом | 100 сом | 200 сом | 500 сом | 1 000 сом | 5 000 сом | **Бардыгы болуп** |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| 2010-ж. | 0,7 | 0,4 | 0,7 | 1,4 | 3,2 | 5,0 | 16,1 | 52,3 | 20,2 | **100,0** |
| 2011-ж. | 0,7 | 0,3 | 0,7 | 1,4 | 2,8 | 5,1 | 14,5 | 49,7 | 24,8 | **100,0** |

***4.2.2-график.***

Жүгүртүүдөгү банкноттордун жана монеталардын купюралык түзүмү (бир мезгилдин акырына карата)

*(Жүгүртүүдөгү банкноттордун жана монеталардын жалпы санынан пайыздык катышта)*




Улуттук банк нак акча жүгүртүлүшүн жана кассалык ишти уюштуруу боюнча ченемдик базаларды андан ары өркүндөтүү жагында иш алып барган. Эмиссиялык операцияларды жүргүзүү жана нак акчаны иргөө жана сактоо үчүн каралган жабдууларды профилактикалык тейлөө жол-жоболору иштелип чыккан. Коммерциялык банктардын кассаларындагы жана Улуттук банктын жүгүртүү кассаларындагы кассалык операциялар жана нак акча жүгүртүлүшүн чагылдыруу боюнча базалык ченемдик документтерге өзгөртүүлөр киргизилген.

Банкнотторду техникалык иргөөнү модернизациялоо жана Улуттук банктын кассасында эмгек өндүрүмдүүлүгүн жогорулатуу үчүн жогорку өндүрүмдүүлүктөгү автоматташтырылган эсептөө-сорттоочу машинкалар жана иргөө процессинде эскилиги жеткен банкнотторду жок кылуучу заманбап технологиялар орнотулган.

*Нумизматикалык монеталарды жүгүртүүгө чыгаруу*

2011-жылы аныкталган жасалма банкноттордун жалпы саны 609 даананы түзгөн (2010-жылы 328 даана), бул суммардык катышта 373,5 миң сомду түзөт (2011-жылдын үчтүн айынын отуз бирин кошо алганда, жүгүртүүдөгү акчанын жалпы суммасынын 0,00075 пайызы). Кыргыз Республикасынын мамлекеттик эгемендүүлүгүнүн 20 жылдыгынын урматына «Тарыхый окуялар сериясына» арналган «Эгемендүү Кыргызстан» күмүш монетасы жүгүртүүгө чыгарылган. Мындан тышкары, «Жеңиш чокусу», «Улуу Жибек Жолу», «Аруулук уялаган балдар дүйнөсү» аталышындагы күмүш монеталар жана «Жеңиш чокусу» жана «Хан Теңири» жез-никелден жасалган монеталар жүгүртүүгө чыгарылган.

# 5-ГЛАВА. ТЫШКЫЭКОНОМИКАЛЫК БАЙЛАНЫШТАР

Улуттук банктын тышкы экономикалык байланыштар жагында отчеттук жылдагы иши, буга чейин түптөлүп калыптангандарды бекемдөөгө, ошондой эле эл аралык институттар жана борбордук (улуттук) банктар менен жаңы өнөктөштүк мамилелерди жөнгө салууга багытталган.

## 5.1. Эл аралык уюмдар менен кызматташуу

*ЭВФ менен кызматташуу*

Улуттук банктын эл аралык уюмдар менен кызматташуусу отчеттук жыл ичинде да ийгиликтүү уланган. Банк тутумунун оптималдуу ишин камсыз кылуу маселелерин чечүүгө консультациялык жардамдардын көрсөтүлүшү жана дүйнөлүк тажрыйбага таянуу менен иш алып баруу, ушул кызматташтыктын негизин түптөгөн.

2011-жылы Кыргыз Республикасына эл аралык валюта фондусунун (ЭВФ) бир нече миссиясы келип кеткен. Жылдын бирдин айында тиешелүү өлкөлөргө оперативдүү финансылык жардамдардын көрсөтүлүшүн, ар кандай кооптуу жагдайлар, бөөдө кырсыктар, өзгөчө кырдаалдар келип чыккан учурларда ийкемдүү колдоо көрсөтүлүшүн камсыз кылууну караган ыкчам кредиттөө механизми (RCF[1]) аркылуу колдоого алынган программалардын жыйынтыгы боюнча ЭВФтин миссиясы ишке ашырылган.

Ал эми отчеттук жылдын чын куран айында Кыргыз Республикасынын банктарды кайра өзгөртүп түзүү жагындагы ченемдик укуктук актыларынын натыйжалуулугуна баа берүү максатында ЭВФтин юридика бөлүмүнүн миссиясы Улуттук банкка келип кеткен. Кыдыруунун жыйынтыгында миссия Улуттук банк менен биргеликте ченемдик-укуктук актыларга, мыйзамдык базаны учур талабына шайкеш келтирүү жана толуктоо, ошондой эле банктарды өзгөртүп түзүүдө башкаруу процессине тартылган институттардын жана кредиторлордун ролун так аныктоого багытталган зарыл өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизүү боюнча иш-аракеттер планы иштелип чыккан. ЭВФтен кеңешчилер банктык көзөмөл боюнча ченемдик-укуктук актыларды өркүндөтүү жагында консультацияларды беришкен.

Бугу, кулжа айларында кеңейтилген кредиттик механизмдин (ЕСФ) чегинде экономикалык саясат чараларынын топтомун талкуулоо максатында ЭВФ миссиясы Бишкекке келип кеткен. Кыргыз Республикасынын 2011-2014-жылдарга экономикалык жана финансылык саясаты боюнча меморандумуна Өкмөт жана Улуттук банк тарабынан кол коюлган. ЭВФтин директорлорунун аткаруучу кеңеши тарабынан экономиканы кыска мөөнөт ичинде калыбына келтирүү жана өлкөнү орто мөөнөттүк планда кыйла жигердүү, туруктуу жана ар тараптуу экономикалык өсүшкө багыттоо үчүн ЕСФ программасынын алкагында Кыргыз Республикасына 66,6 млн. АКУ (СДР) бөлүү чечими кубатталган. Анын 9,5 млн. АКУ өлчөмүндөгү биринчи бөлүгү теке айында алынган.

2011-жылдын теке айынын акырына карата алынган контролдук көрсөткүчтөрдүн жана ЭВФ тарабынан ЕСФ механизми аркылуу колдоого алынган үч жылдык программанын алкагында, аталган меморандумда каралган иш-чаралардын аткарылышына алгачкы баяндама жасоо максатында тогуздун айында ЭВФ миссиясы Кыргызстанга келип кеткен.

[1] ЭВФтин ыкчам кредиттөө боюнча кыска мөөнөттүү механизми (Rapid Credit Facility – RCF); Ушул механизмдин алкагында Кыргыз Республикиасынын ЭВФ менен өз ара кызматташуусу 2010-жылдын тогуздун айынан үчтүн айына чейин ишке ашырылган.

Программанын алгачкы баяндамасынын жыйынтыгы боюнча ЭВФтин директорлорунун аткаруучу кеңеши Кыргызстанга 9,5 млн. АКУ өлчөмүндө экинчи траншты бөлүү чечимин жактырган.

Терроризмди каржылоого жана кылмыш жолу менен алынган кирешелерди легализациялоого каршы аракеттенүү системасын чыңдоодо, Кыргыз Республикасына техникалык жардамды кеңейтүү үчүн Швейцария өкмөтү каржылаган долбоордун алкагында, ЭВФтин эксперттери тарабынан Улуттук банктын бул багыттагы көзөмөлдүк функциясынын талаптагыдай ишке ашырылып жатышына баа берилген. Баа берүүнүн жыйынтыгына ылайык миссия, системаны өркүндөтүү жагында сунуш-көрсөтмөлөр тизмегин жана тиешелүү отчетту даярдаган. ЭВФтин борбордук банктардын коргоо механизмдерине баа берүү жагында иш алып барган миссиясы (IMF Safeguard Assessment) Улуттук банктын ишине кезектеги баа берүүнү ишке ашырган.

Отчеттук жылдын тогуздун айында Улуттук банктын Төрагасы кыргыз делегациясынын курамында Түркмөнбашы шаарында (Түркмөнстан) ЭВФтин Швейцария өкүлчүлүктүү тобу менен Дүйнөлүк банктын жолугушуусуна катышкан. Өкүлчүлүктүү топко кирген өлкөлөрдүн борбордук банктары жана финансылык ведомстволору, ошондой эле эл аралык финансылык институттар менен кызматташууну чыңдоо, мына ушул жолугушуунун максатынан болгон. Өкүлчүлүктүү ушул иш-чаранын алкагында, «Макроэкономикалык туруктуулук жана банк секторунун өнүгүүсү» темасында семинар өткөрүлгөн.

Улуттук банктын Төрагасы республиканын делегациясынын курамында Кыргыз Республикасынан ЭВФтин башкаруучусу катары ЭВФ өлкөлөр тобунун жана Дүйнөлүк банктын 2011-жылдын тогуздун айында Вашингтон шаарында өткөн жылдык жыйынына катышкан. Кыдыруу учурунда бир катар жолугушуулар өткөрүлүп, анын жүрүшүндө актуалдуу экономикалык маселелер, ошондой эле мындан ары кызматташуу келечектери талкууланган.

*Дүйнөлүк банк менен кызматташуу*

Кароого алынып жаткан жылы Улуттук банк Дүйнөлүк банк менен кызматташтыкты уланткан. Үчтүн айында Дүйнөлүк банктын Европа жана Борбордук Азия регионунда жакырчылыкты кыскартуу жана экономиканы тескөө департаментинин Макроэкономика секторунун жетекчиси иш боюнча кыдыруу менен келип, анын жүрүшүндө Улуттук банктын жетекчиси менен жолугушуу өткөргөн. Жолугушууда өлкөнүн экономикалык өнүгүүсүнө, Кыргыз Республикасынын, ошондой эле бүтүндөй Борбордук Азия регионунун келечегине, глобалдуу экономикалык өнүгүү келечектерине тиешелүү маселелер каралган.

Улуттук банктын кызматкерлери жетинин айында Эл аралык финансы корпорациясынын колдоосу менен банктарда орун алган тобокелдиктерди тескөө жагында квалификацияны жогорулатуу курсунан өтүшкөн. Мындан тышкары, Бишкек шаарында банктык уюмдарда корпоративдик башкаруу деңгээлине баа берүү инструменттери боюнча тренинг өткөрүлгөн. Анын чегинде корпоративдик башкаруу түзүмдөрү, Директорлор кеңешинин иши маалыматтардын ачык-айкындуулугу жана акционерлердин укуктарына тиешелүү маселелер каралган.

*ЕБРР менен кызматташуу*

Үчтүн айында реконструкциялоо жана өнүгүүнүн Европа банкынын (ЕБРР), ЭВФтин жана Дүйнөлүк банктын капитал рыногун өнүктүрүү долбоорунун алкагында, «Жергиликтүү валютада кредиттөө» компоненти боюнча баяндама жасоо жана иликтөөлөрдү жүргүзүү максатында, биргелешкен миссиясы ишке ашырылып, анын жүрүшүндө монетардык саясат, капиталдаштыруу жана банк секторунун пайда алуу менен иштөөсү,

кредит портфели, экономиканы доллашташтырууга байланыштуу жагдай, валюталык своп-операциялар жана деривативдер рыногу, мамлекеттик карызды тескөө маселелери кароого алынган.

Ошондой эле, ЕБРРдин Борбордук Азия боюнча директору иш боюнча кыдыруусунун жүрүшүндө Улуттук банктын жетекчилиги менен жолугушуп, анда ЕБРРдин Кыргыз Республикасындагы өкүлчүлүгүнүн иш жыйынтыгы чыгарылган.

*Швейцария өкмөтүнө караштуу Базель институту менен кызматташуу*

Техникалык жардамдын алкагында Улуттук банктын кызматкерлери Швейцария өкмөтүнө караштуу Базель институтунда учур талабына жараша финансылык иликтөө иштерин жүргүзүү маселелери боюнча окутуудан өтүшкөн. 2011-жылдын баш оона айында Базель институтунун көмөктөшүүсү астында укук коргоо органдары менен натыйжалуу аракеттенүүнү жөнгө салуу, ошондой эле терроризмди каржылоого жана кылмыш жолу менен алынган кирешелерди легализациялоого каршы аракеттенүүнүн чегинде, уурдалып кеткен активдерди кайтарып алуу жагында эл аралык уюмдар менен кызматташуу үчүн байланыштарды түптөө максатында, таламдаш жактар менен жолугушуулар уюштурулган.

*SECO менен кызматташуу*

Отчеттук жылы Кызматташуунун Швейцария бюросу (SECO) менен кызматташууну чыңдоо жагында иштер улантылган. SECO жана ЭВФ менен кызматташуунун алкагында, Улуттук банктын кызматкерлери Польша мамлекетине визит менен барып, ушул өлкөнүн мамлекеттик баалуу кагаздарын жүгүртүү жана эсепке алуу процесстеринин усулдук жана уюштуруу жагынан камсыз кылынышы менен кең-кесири таанышуу мүмкүнчүлүгүнө жетишкен. Кыдыруунун жүрүшүндө Польшанын Финансы министрлигинин, баалуу кагаздардын улуттук депозитарийинин, улуттук банкынын, финансы рыногуна контролдоо агенттигинин ишине талдап-иликтөөлөр жүргүзүлүп, мамлекеттик баалуу кагаздарды Кыргыз Республикасынын фондулук биржасына которуу боюнча иш ыкмалары жана сунуш-көрсөтмөлөр иштелип чыккан.

Кызматташуу боюнча Швейцария бюросу тарабынан юридикалык маселелер боюнча гранттык жардам сунушталган.

SECOнун көмөктөшүүсү менен финансылык программа түзүүнүн негизги принциптерин жана ыкмаларын окутуу, макроэкономикалык өнүгүүнүн бирдиктүү жана макулдашылган болжолдоолорун иштеп чыгуу ыкмаларын жүзөгө ашыруу анын негизги темаларынан болгон. Бул иш-чаранын жүрүшүндө экономикалык өсүштү болжолдоо, бюджетти жана аны кыржылоо маселелери, ошондой эле монетардык болжолдоолор жана төлөм теңдемине тиешелүү маселелер каралган. Жыйынтыгында, макроэкономикалык көрсөткүчтөрдү болжолдоолорду иштеп чыгуунун чегинде ведомстволор аралык координациялоону күчөтүү чечими кабыл алынган.

*GIZ менен кызматташуу*

Германия эл аралык кызматташуу коому (GIZ) менен өнөктөштүк негизде иш алып барууда Улуттук банктын адистери башкаруу жана финансылык эсеп, финансылык менеджмент маселелери боюнча окутуудан өтүшкөн. Алардын колдоосу жана консультантты ишке тартуунун аркасында персоналды тандап алуу боюнча тесттик программаны жаңылоо ишке ашырылган. Бул уюмдун көмөктөшүүсү менен Малайзиянын Негара банкынын тажрыйбасынын негизинде, ислам каржылоо маселелерин үйрөнүүгө алуу уюштурулган.

Курамына GIZтин, Улуттук банктын, Кыргыз Республикасындагы микрофинансылык уюмдар ассоциацияларынын, кредиттик союздар жана кооперативдердин улуттук союзунун, кредиттик союздар жана кооперативдер ассоциациясынын өкүлдөрүнөн турган жумушчу тобунун иши улантылган.

Натыйжада, ушул жумушчу тобу тарабынан Кыргыз Республикасында микрокаржылоону 2011-2015-жылдары өнүктүрүү стратегиясы иштелип чыккан. Калайык-калктын чакан бизнести өнүктүрүүсү үчүн сапаттуу микрокаржылоодон пайдалануу мүмкүнчүлүгүн камсыз кылуу, кошумча жумуш орундарын түзүү, ишкердикти өнүктүрүү, айрыкча айыл жеринде бул ишке басым жасоо ушул стратегиянын максатынан болуп саналат.

*Борбордук банктардын башкаруучулар клубунун алкагында кызматташуу*

2011-жылдын жетинин айында Улуттук банктын жетекчилиги Борбордук Азиянын Карадеңиз регионунун жана Балкан аймагынын 21 өлкөсүнүн банктары анын мүчөсүнөн болгон, Борбордук банктардын Башкаруучулар клубунун 25-отурумуна катышкан. Катышуучу өлкөлөрдүн борбордук банктарына акча-кредит саясатын жүргүзүү, банктык көзөмөлдүктү жүзөгө ашыруу, банк системасынын туруктуулугун колдоо маселелери жагында пикир алмашып туруу мүмкүнчүлүгүн сунуштоо, мына ушул Клубдун негизги максатынан болгон.

*ЕврАзЭС алкагында кызматташуу*

Улуттук банк мындан тышкары, ЕврАзЭСтин интеграциялык комитетинин, КМШ аткаруучу комитетинин, Мамлекеттер аралык банктын, Мамлекеттер аралык валюта комитетинин жана Москвадагы банктар аралык валюта биржасынын алкагында иштерди жүргүзгөн.

Улуттук банктын өкүлдөрү ЕврАзЭСке мүчө мамлекеттердин борбордук (улуттук) банктарынын жетекчилер кеңешинин 24 жана 25-отурумдарына, эксперттер отурумдарына катышкан.

Улуттук банк ЕврАзЭс мамлекеттеринин борбордук (улуттук) банктар кеңишинин кезектеги 25-отурумунун уюштуруучусу да болгон. Отчеттук жылдын тогуздун айында өткөн бул иш-чарага Белорусия Республикасынын, Казакстан Республикасынын, Кыргыз Республикасынын, Россия Федерациясынын, Тажикстан Республикасынын борбордук (улуттук) банктарынын өкүлдөрү, ошондой эле мамлекеттер аралык банктын ЕврАзЭС интеграциялык комитетинин жетекчилери жана өкүлдөрү кетышышкан. Отурумдун жыйынтыгында, ЕврАзЭСке мүчө мамлекеттердин борбордук (улуттук) банктарынын персоналдарын кесиптик окутуунун 2010-жылга программасы бекитилип, ЕврАзЭСке мүчө мамлекеттердин акча-кредит жана валюта саясаттарын жүргүзүү принциптерин жана механизмдерин шайкеш келтирүү келишиминин долбоору жактырылган.

ЕврАзЭСке мүчө мамлекеттердин борбордук (улуттук) банктарынын персоналын кесиптик жактан окутуу программасынын алкагында, банктын кызматкерлери Россия банкынын Тула шаарындагы региондор аралык окуу борборунда акча-кредит саясатын ишке ашыруу, банк секторунун ликвиддүүлүгүнө мониторинг жүргүзүү жана болжолдоо маселелери боюнча окутуудан өтүшкөн. Мындан тышкары, коммерциялык банктардагы стресс-тестирлөө маселелери, ошондой эле алдын ала бөгөт коюу системасынын иши боюнча тажрыйба алмашуу ишке ашырылган. Казакстан Республикасынын финансы рыногуна жана финансылык уюмдарга көзөмөлдүк, алардын ишин жөнгө салуу агенттигинде, Тажикстандын Улуттук банкынын борборунда (Кайраккум) окутуулар жүзөгө ашырылган.

*Мамлекеттер аралык банк менен кызматташуу*

Улуттук банк Мамлекеттер аралык банк менен кызматташууну уланткан. Банктын өкүлдөрү анын отурумдарына катышып, статистикалык маалыматтар боюнча тажрыйба алмашуу мүмкүнчүлүгүнө ээ болгон.

Отчеттук мезгил ичинде Эл аралык эсептешүүлөр банкы, Бириккен Вена институту, Ислам өнүгүү банкы сыяктуу эл аралык уюмдар менен персоналды окутуу жагында кызматташуулар улантылган.

## 5.2. Борбордук (улуттук) банктар менен кызматташуу

Эки тараптуу жана көп тараптуу келишимдердин алкагында жакынкы жана алыскы чет өлкөлөрдүн борбордук банктары менен кызматташуу ошондой эле, интеграциялык органдардын иши отчеттук жылда да андан ары улантылган. Кызматташуунун жүрүшүндө ар кандай иш-чаралар жүзөгө ашырылып, техникалык жана консультациялык жардам долбоорлорун ишке ашыруу улантылган.

*Армения борбордук банкы менен кызматташуу*

Тажрыйба алмашуу ишинин алкагында Улуттук банктын кызматкерлеринин Армения Республикасынын борбордук банкына иш сапары уюштурулуп, анда консолидацияланган көзөмөлдүк, финансы-кредит мекемелерин лицензиялоо, банктык тобокелдиктерди алдын алуу системасы, ошондой эле финансылык туруктуулукка баа берүү маселеси каралган. Армения Республикасынын борбордук банкынын эксперттери лицензиялоо жана банктык көзөмөл маселелери боюнча тажрыйба алмашуу максатында Кыргыз Республикасына иш сапары менен келип кеткен. Арменянын борбордук банкы тарабынан «Кредиттик регистр жана ишканалардын рейтинги» темасында окуу семинары уюштурулган. Семинардын жүрүшүндө Армения борборук банкындагы рейтинг системасынын иши, рейтинг методологиясы (сапаттуу параметрлерге баа берүүлөр, финансылык анализдөөлөр, болжолдоо ыкмалары) жана кредиттик регистр маселелери каралган.

*Дойче Бундесбанк менен кызматташуу*

Техникалык жардамдын алкагында Улуттук банктын кызматкерлери Дойче Бундесбанкында иш боюнча такшалуудан өтүп келишкен. Анын жүрүшүндө төлөм системасына, баалуу кагаздар менен эсептешүүлөр системасына жана төлөм карттары менен иштөө системасына көзөмөлдүк маселелери кароого алынган.

2011-жылдын жалган куран айында Бундесбанкта Улуттук банктын кызматкерлери окутуудан өтүшкөн. Анын жүрүшүндө  борбордук сактоо жайынын жана жүгүртүү кассасынын инженердик-техникалык жабдылышы жана коопсуздук системасы маселелери кароого алынган.

*Казакстан Республикасынын Улуттук банкы менен кызматташуу*

Отчеттук жылда Казакстан Улуттук банкы менен эл аралык камдарды тескөө, эл аралык акча которуулар, ошондой эле маалыматтарды топтоо жана иштеп чыгуу жагында тажрыйба алмашуу боюнча кызматташуу улантылган.

*Малайзиянын Негара банкы менен кызматташуу*

Улуттук банктын кызматкерлери Ислам өнүгүү банкынын финансылык жардамы менен Малайзиянын Негара банкы тарабынан уюштурулган окуу курсунан өтүшкөн. Анын жүрүшүндө Малайзиянын борбордук банкынын иши менен таанышып, ислам кредиттөө принциптери жагында жаңы маалымат алуу мүмкүнчүлүгүнө жетишилген. Негара банкында семинар өткөрүлүп, анын жүрүшүндө кредиттик бюронун, кредиттик регистрдин ишине тиешелүү маселелер кароого алынып, кредиттик маалыматтарды алмашуу системасын уюштуруу жагындагы эл аралык тажрыйбалар иликтөөгө алынган.

*Польша улуттук банкы менен кызматташуу*

Польша Улуттук банкы менен өнөктөштүк байланыштарды чыңдоо иши улантылган.  Банктын кызматкерлери Польша Улуттук банкынын базасында «Төлөм системасы жана нак эмес төлөмдөр» темасындагы окутуудан өтүшкөн. Угуучулардын кароосуна Польша Республикасынын төлөм системасынын иши боюнча баяндамалар сунушталган.

ЭВФтин мамлекеттик карызды тескөөгө алуу жана мамлекеттик баалуу кагаздар рыногун өнүктүрүү жагындагы регионалдык долбоорунун алкагында, Польша Улуттук банкында мамлекеттик баалуу кагаздар рыногун уюштуруу чөйрөсүндө топтолгон тажрыйбалар менен алмашууга мүкүнчүлүктөр берилген.

*Россия банкы менен кызматташуу*

Улуттук банктын кызматкерлери Россия банкынын банктык кредиттөө шарттарына мониторинг жүргүзүү жана анализдөөлөр, ошондой эле ЕврАзЭСке катышуучу мамлекеттердеги төлөм жана эсептешүүлөр системасын жөнгө салуу жана алардын ишине байкоо жүргүзүү маселелери боюнча семинарларга катышкан. Россия банкында төлөм системасы жагында маалыматтык-аналитикалык иштер боюнча такшалуудан өтүүнүн жүрүшүндө, төлөм системасынын учурдагы абалына тиешелүү аналитикалык материалдарды даярдоо методологиясы иликтөөгө алынган.

*Түркия борбордук банкы менен кызматташуу*

Отчеттук жылы Бишкек шаарында Түркия Республикасынын борбордук банкынын экспертинин катышуусунда төлөм системасы жагында тажрыйба алмашуу максатында семинар өткөрүлгөн. Анын жүрүшүндө төлөм системасы, чекене төлөмдөр системасы жана Түркия Республикасынын төлөм системаларындагы келечектүү долбоорлор маселелери каралоого алынган.

Улуттук банктын кызматкерлери ошондой эле, Түркия Борбордук банкы уюштурган төлөм системасы боюнча регионалдык семинарга катышуу мүмкүнчүлүгүнө ээ болушкан. Бул иш-чарада финансылык каатчылык учурунда эсептешүүлөрдү жүргүзүү, бир күндүк ликвиддүүлүктү тескөө маселелери, ошондой эле Эл аралык эсептешүүлөр банкынын системалуу мааниге ээ төлөм системасы үчүн негизги принциптерди кеңейтүүгө тиешелүү документтин долбоорлору талкууланган.

*Франция банкы менен кызматташуу*

Франция банкы менен түптөлгөн кызматташтык чегинде Улуттук банктын кызматкерлери «Акчанын «изин жашырууга каршы күрөш» темасындагы семинарга катышып, төлөм системасынын натыйжалуу ишин уюштуруу, Франциядагы төлөм системасын түзүмү, ошондой эле Евросоюздун төлөм системасы менен өз ара аракеттенүү жагында окутуудан өтүшкөн.

*Чехия Улуттук банкы менен кызматташуу*

Чехия Улуттук банкы менен өнөктөштүк байланыштарды чыңдоонун жүрүшүндө Улуттук банктын кызматкерлери «Төлөм системасы жана баалуу кагаздар менен эсептешүүлөр системасы» темасында өткөрүлгөн эл аралык семинарга катышкан. Анын жүрүшүндө төлөм системасына, баалуу кагаздар менен эсептешүүлөр системасына, төлөм карттар жана электрондук инструменттер системасына көзөмөлдүк маселелери каралган.

*Швейцария Улуттук банкы менен кызматташуу*

Отчеттук жыл ичинде Швейцария Улуттук банкынын адистеринин Улуттук банкка эки жолу иш боюнча кыдыруусу уюштурулган. Соода системаларын жана депозитарийди сатып алуу жолдору боюнча консультациялык жардам көрсөтүү бул иш-чаранын максатынан болгон. Алардын жүрүшүндө товар берүүчүлөрдүн тендердик сунуштарына функционалдык баа берүү, ошондой эле долбоорду өздөштүрүү баскычында консультациялык жардамдарды берүүгө жетишилген.

2011-жылы Швейцария Улуттук банкы менен экономикалык модель түзүү маселелери боюнча биргелешкен изилдөөлөрдү жүргүзүү багытындагы долбоор улантылган.

Улуттук банктын кызматкерлери «Banknote Design & Forensic» семинарына катышуу мүмкүнчүлүгүнө ээ болушкан. Семинар Швейцария Улуттук банкы тарабынан «KBA Notasys» эл аралык компаниясы менен биргеликте өткөрүлгөн. Семинардын жүрүшүндө кызматкерлер банкнот басып чыгаруучу жабдууларды чыгарган дүйнөлүк лидер - «KBA Notasys» компаниясынын жаңы жетишкендиктери, жасалма акча жасоочулукка каршы чара көрүү жана жогорку сапаттагы жасалма банкнотко жана АКШнын «супер долларына» экспертиза жүргүзүү лабораториясынын иши, коргоо элементтерин иштеп чыгуу жагында иш алып барган ар кандай компаниялардын жаңы коргоо технологиялары менен тааныша алышкан.

Мындан тышкары, Швейцария Улуттук банкынын эксперттери жабдуулардын жана ар кандай коргоо элементтерин пайдалануу боюнча сунуш-көрсөтмөлөрдүн жардамы менен алтынды сатып алуу жана текшерүүдөн өткөрүү жагында консультацияларды беришкен.

Жылдын бештин айында Швейцария Улуттук банкынын эксперттеринин иш боюнча кыдыруусу уюштурулуп, анын жүрүшүндө 2009-жылдын аяк оона айынан берки мезгил ичинде Улуттук банктагы тобокелдик менеджментинин өнүгүү баскычына баа берилип, финансылык тобокелдиктерди тескөө процессин өркүндөтүү маселелери талкууланган.

Швейцария Улуттук банкы банк объекттерин куруу жагында техникалык жардам көрсөткөн. Швейцария Улуттук банкынын жана Дойче Бундесбанкынын адистери бул багытта консультацияларды беришкен.

Кароого алынып жаткан жылы Улуттук банк, ЕврАзЭСке катышуучу мамлекеттердин борбордук (улуттук) банктарынын адистерин кесиптик жактан окутуу программасынын алкагында, КМШ өлкөлөрүнүн борбордук (улуттук) банктары, ошондой эле эки тараптуу жана көп тараптуу келишимдердин чегинде Кореянын мамлекеттик органдары менен кызматташууну уланткан.

# 6-ГЛАВА. КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН УЛУТТУК БАНКЫНЫН ИШИ ЖӨНҮНДӨ ЖАЛПЫ МААЛЫМАТТАР

## 6.1. Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын түзүмү

2011-жылы Улуттук банктын уюштуруу түзүмү борбордук аппараттын 26 түзүмдүк бөлүмүн, беш областтык башкармалыкты жана Баткен областындагы өкүлчүлүктү камтып турган.

Улуттук банкта туруктуу негизде комитеттер жана комиссиялар иштейт. Отчеттук жылдын акырына карата 9 комиссия, Улуттук банктын басылмаларынын 7 редакциялык кеңеши, 6 комитет, 4 байкоо кеңеши жана бир илимий-эксперттик кеңеш иштеп турган. Комитеттердин, комиссиялардын, редакциялык кеңештердин иш тартиби жана жол-жоболору тиешелүү жоболор менен жөнгө салынат. Комитеттердин жана комиссиялардын иши Улуттук банктагы корпоративдик башкарууну өркүндөтүүгө өбөлгө түзөт.

2011-жыл ичинде Улуттук банктын уюштуруу түзүмүнө төмөнкүдөй өзгөртүүлөр киргизилген:

- Юридика бөлүмү жоюлуп, Юридика башкармалыгы түзүлгөн, анын курамына Мыйзам долбоорлору менен иштөө бөлүмү жана Түзүмдүк бөлүмдөрдүн ишин укуктук жактан коргоо бөлүмү кирген;
- Банктык көзөмөл башкармалыгынын курамында Айрым банктык операцияларга баа берүү жана экспертиза жүргүзүү бөлүмү түзүлгөн;
- Кредиттерди администрлөө бөлүмү түзүлгөн;
- Финансы статистикасы жана маалымдоо башкармалыгынын курамындагы Финансы туруктуулугуна мониторинг жүргүзүү тобу жоюлуп, анын ордуна Финансы туруктуулугуна мониторинг жүргүзүү бөлүмү түзүлгөн.

*Улуттук банктын кызматкерлеринин саны*

Отчеттук жылдын акырына карата Улуттук банктын кызматкерлеринин тизме боюнча саны 565 адамды түзгөн, анын ичинде 494 адам – борбордук аппаратта, 71 адам – областтык башкармалыктарда жана Баткен областындагы өкүлчүлүктө иштейт. Алардын ичинен борбордук аппаратта 286 аял заты иштесе, ал эми 33 адам областтык башкармалыктарда жана Баткен областындагы өкүлчүлүктө иштешет. Аял затынын саны пайыздык катышта 56 пайызды, ал эми эркектер 44 пайызды түзгөн. Адистердин саны 409 адам. Адистердин ичинен 96,3 пайызы же 394 адам жогорку билимдүү, үчөөсү илимдин кандидаты илимий даражасына ээ.

*Сынактын негизинде тандоо*

Ишке кабыл алууда ачык-айкындуулукту жана адилеттүүлүктү камсыз кылуу максатында, кызматкерлерди сынак өткөрүүнүн негизинде тандоо системасы жөнгө салынган, бул кесиптик даярдыгын эске алуу менен кыйла квалификациялуу адистерди тандоого өбөлгө түзөт. Бош турган кызмат орундарына сынак жарыялангандыгы тууралуу кулактандыруулар Улуттук банктын веб-сайтында жана жалпыга маалымдоо каражаттарында жарыяланып турат.

2011-жылы 49 сынак, анын ичинен областтык башкармалыктарда алты сынак өткөрүлгөн. Бардыгы болуп сынактарга 367 адам катышкан.

Кадрлардын кетип жатышы 2010-жылдагы 11,4 пайызга салыштырганда 2011-жылы 14,1 пайызды түзгөн.

Адистердин эмгек стажы жана жаш өзгөчөлүгү боюнча курамы, тиешелүүлүгүнө жараша 6.1.1 жана 6.1.2-графиктерде келтирилген.

***6.1.1-график.***

Адистердин эмгек стажы боюнча курамы




***6.1.2-график***

Адистердин жаш өзгөчөлүгү боюнча курамы




## Улуттук банктын негизги комитеттеринин жана комиссияларынын максаттары жана милдеттери

***Акча-кредиттик жөнгө салуу комитети***

Ликвиддүүлүктү күндөлүк тескөө боюнча чечимдерди иштеп чыгууну жана аларды ыкчам кабыл алууну жүзөгө ашырат. Ачык рынокто аракеттердин варианттарына баа берүү жана тандоо, алардын тандалып алынган вариантынын мүмкүн болуучу натыйжаларын аныктоо жана инструменттерди пайдалануунун чектүү шарттарын белгилөө, ошондой эле Улуттук банктын Төрагасына жана Банк Башкармасына экономикалык маселелер боюнча сунуш көрсөтмөлөрдү иштеп чыгуу - аталган комитеттин негизги милдеттеринен болуп саналат.

| | |
|---|---|
| ***Инвестициялык комитет*** | Белгиленген ыйгарым укуктардын алкагында эл аралык камдарды тескөө боюнча чечимдерди иштеп чыгат жана кабыл алат.<br>Инвестициялык стратегияны карап чыгуу жана жактыруу, анын аткарылышына мониторинг жүргүзүү, инвестициялык иштин эффективдүүлүгүнө баа берүү, финансы рыногундагы абалды утурумдук талкууга алуу жана бекитилген стратегиялардын алкагында тактикалык чечимдерди, Улуттук банктын Төрагасына жана Банк Башкармасына инвестициялык иш боюнча сунуш көрсөтмөлөрдү иштеп чыгуу - аталган комитеттин негизги милдеттеринен болуп саналат. |
| ***Көзөмөл боюнча комитет*** | Белгиленген ыйгарым укуктардын чегинде, Улуттук банктан лицензия алышкан коммерциялык банктардын жана башка финансы-кредит мекемелеринин ишин жөнгө салуу жана көзөмөлдөө боюнча чечимдерди кабыл алат. |
| ***Төлөм системасы боюнча комитет*** | Түзүмдүк бөлүмдөрдүн Кыргыз Республикасынын төлөм системасынын эффективдүүлүгүн, ишеним-дүүлүгүн жана коопсуздугун камсыз кылуу боюнча ишин координациялоону жүзөгө ашырат.<br>Негизги милдети болуп, Кыргыз Республикасынын төлөм системасына тиешелүү маселелер боюнча чечимдерди кабыл алуу, сунуш-көрсөтмөлөрдү (бүтүмдөрдү) иштеп чыгуу жана сунуштоо саналат. |
| ***Тобокелдиктер боюнча комитет*** | Түзүмдүк бөлүмдөрдүн Улуттук банктын ишине мүнөздүү тобокелдиктерди идентификациялоо, баа берүү жана чектөө жагындагы ишин координациялоо аркылуу, тобокелдиктерди минимизациялоо боюнча сунуш-көрсөтмөлөрдү иштеп чыгат. |
| ***Маалыматтык системалар боюнча координациялык комитет*** | Улуттук банктын максаттарына жана милдеттерине ылайык, Улуттук банктын маалыматтык системасын өнүктүрүү Стратегиясын жана Улуттук банктын маалыматтык системасын өнүктүрүүнүн келечек планын иштеп чыгуу боюнча иш-чараларга тиешелүү чечимдерди иштеп чыгат жана алардын аткарылышына контролдукту жүзөгө ашырат. |
| ***Аттестациялык комиссия*** | Кызматкердин квалификациясынын ээлеген кызмат ордуна ылайык келүүсүн белгилейт, комиссиянын иши кадрларды тандоого жана жайгаштырууга, персоналды натыйжалуу иштөөгө мотивациялоого, кызматкердин мүмкүнчүлүгүн пайдалануу перспективаларын аныктоого багытталган. |

| | |
|---|---|
| ***Дисциплинардык комиссия*** | Улуттук банктын кызматкерлери тарабынан эмгек дисциплинасын бузууга жол берүүлөр, ошондой эле кызматтык этика кодексинин нормаларынын сакталышы боюнча маселелерди кароого алат. |
| ***Коррупцияны алдын алуу боюнча комиссия*** | Коррупцияга каршы багытталган иш-чараларды иштеп чыгуу жана алардын ишке ашырылышына мониторинг жүргүзүү аркылуу коррупциянын алдын алуу жана ага каршы аракеттерди көрүү максатында түзүлгөн. |
| ***Эмгекке байланыштуу талаш маселелер боюнча комиссия*** | Улуттук банктагы иш боюнча жекече талаш-тартыштарды карайт. Комиссия, Кыргыз Республикасынын Эмгек кодексине таянуу менен иш алып барат. |
| ***Методологиялык комиссия*** | Улуттук банк Башкармасынын тапшырмасы боюнча ченемдик актылардын долбоорлорунун методологиялык жактан иштелип чыгышын кароого алат. Улуттук банктын ченемдик укуктук актыларында колдонулган терминдерди жана аларга карата түшүндүрмөлөрдү бекитет. |
| ***Борбордук эксперттик комиссия*** | Улуттук банктын документтеринин баалуулугуна жана алардын сакталышына же жок кылынышына экспертизаларды уюштурат жана жүргүзөт. |

## Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын түзүмдүк бөлүмдөрүнүн негизги милдеттери

| | |
|---|---|
| ***Банк Башкармасы*** | Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын жогорку коллегиалдуу органы болуп саналат, ал акча-кредит саясатын, банк жана төлөм системаларынын туруктуулугун камсыз кылуу жана «Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы жөнүндө» мыйзамына ылайык Банк Башкармасынын компетенциясына тиешелүү башка маселелер боюнча чечимдерди кабыл алууну кошо алганда, Улуттук банктын ишинин негизги багыттарын аныктайт. |
| ***Экономика башкармалыгы*** | Акча-кредит саясаты жана аны жүзөгө ашыруу боюнча сунуштарды иштеп чыгат; реалдуу, финансылык, бюджеттик-салыктык жана экономиканын тышкы секторлор чөйрөсүндө иликтөө иштерин жүргүзөт. |
| ***Акча-кредиттик операциялар башкармалыгы*** | Ачык рынокто ишке ашырылган операцияларды натыйжалуу координациялоо максатында, финансы рынокторундагы тенденцияларды жана өзгөрүүлөрдүн себептерин аныктап, баа берүү  жана иликтөө иштерин жүргүзүп, финансы рынокторунда операцияларды ишке ашырат. |

| | |
|---|---|
| ***Финансы статистикасы жана маалымдоо башкармалыгы*** | Акча-кредиттик көрсөткүчтөрдүн жана финансы рыногунун ишинин көрсөткүчтөрүнүн статистикасын жүргүзөт, ошондой эле реалдуу сектор жана мамлекеттик финансы боюнча статистикалык маалыматтарды иштеп чыгат; төлөм теңдемин түзөт; тышкы карыз маселелерин эксперттик колдоого алат. |
| ***Банктык көзөмөл башкармалыгы*** | Коммерциялык банктардын ишине жана алар тараптан экономикалык ченемдердин аткарылышына, ошондой эле Кыргыз Республикасынын банктык мыйзам актыларынын талаптарынын сакталышына көзөмөлдүктү уюштурат. |
| ***Көзөмөл методологиясы жана лицензиялоо башкармалыгы*** | Улуттук банктан лицензия алышкан жана иши ал тарабынан жөнгө салынган банктардын жана башка финансы-кредит мекемелеринин ишин жөнгө салуу жана көзөмөлдөө, анын ичинде банктык жана банктык эмес секторлорду өнүктүрүүнүн келечектүү багыттары жана банк тутумунун натыйжалуулугун, коопсуздугун жана ишенимдүүлүгүн камсыз кылууга өбөлгө түзгөн инновациялык банктык продуктулар боюнча ченемдик-методологиялык базаны түзөт, банктарды лицензиялоо жол-жоболорун жүзөгө ашырат. |
| ***Банктык эмес мекемелердин ишине көзөмөл башкармалыгы*** | Улуттук банктан лицензия алышкан жана иши ал тарабынан жөнгө салынган банктык эмес финансы-кредит мекемелеринин ишине көзөмөлдүктү, отчетторун иштеп чыгууну мыйзам актыларынын жана ченемдик-укуктук актылардын талаптарына ылайык уюштурат. |
| ***Накталай акча менен иш алып баруу башкармалыгы*** | Республиканын экономикасынын нак акчага болгон керектөөсүн камсыз кылуу менен нак акча жүгүртүлүшүн уюштуруп, жасалма акча жасоочулукка каршы күрөшүү боюнча иш-чараларды жүзөгө ашырат. |
| ***Борбордук сактоо жайы*** | Резервде турган банкноттордун, монеталардын жана башка баалуулуктардын сакталып турушун камсыз кылат, Улуттук банктын мекемелеринин ортосунда баалуулуктарды жеткирүүнү, нак акчаларды иргөөнү жана эскилиги жеткендерин жок кылууну ишке ашырат. |
| ***Банктык эсептешүүлөр башкармалыгы*** | Банктар аралык эсептешүүлөр системасынын ишин камсыз кылат, финансы рынокторунда операциялар жана бүтүмдөр боюнча эсептешүүлөрдү жүзөгө ашырат. |
| ***Маалымат системалары башкармалыгы*** | Заманбап маалымат технологияларынын негизинде маалыматтардын автоматташтырылган негизде иштелип чыгышын жана аларды техникалык колдоону камсыз кылат. |
| ***Төлөм системалары башкармалыгы*** | Төлөм системасынын натыйжалуу ишин, анын ишенимдүүлүгүн жана коопсуздугун камсыз кылуу боюнча иш-чараларды иштеп чыгат жана жүзөгө ашырат |

| | |
|---|---|
| ***Бухгалтердик эсепке алуу жана отчеттуулук башкармалыгы*** | Улуттук банктын операцияларынын эсебин жүргүзөт жана финансылык отчетун түзөт, банктагы бухгалтердик эсепти жөнгө салуучу ченемдик актыларды иштеп чыгат, операциялык иштерге ички контролдукту жүзөгө ашырат. |
| ***Персонал менен иш алып баруу башкармалыгы*** | Кадрларды тандоону жана жайгаштырууну жүзөгө ашырат, кызматкерлерди окутууну, квалификациясын жогорулатууну уюштурат жана кызматкерлерди мотивациялоо инструменттерин иштеп чыгат жана колдонууга киргизет. |
| ***Пландаштыруу жана бюджет түзүү башкармалыгы*** | Улуттук банкта ишти пландаштыруу жана бюджет түзүү процессин уюштуруп, банктын финансылык ресурстарынын натыйжалуу жана максаттуу пайдаланылышына контролдукту камсыз кылат. |
| ***Юридика башкармалыгы*** | Улуттук банктын жана анын түзүмдүк бөлүмдөрүнүн ишин комплекстик укуктук жактан камсыз кылууну, банк мыйзамдарын өркүндөтүүнү жана кеңири жайылтууну жүзөгө ашырат. |
| ***Жалпы бөлүм*** | Улуттук банкта, алардын архивин түзүү жана аткарылышына контролдукту жүргүзүүнү кошо алганда, документтердин айлануу системасын жана документ менен иштөөнү уюштурууну камсыз кылат. |
| ***Тышкы жана коомдук байланыштар бөлүмү*** | Улуттук банктын иш максаттары, милдеттери жана жетишкен натыйжалары жөнүндө коомчулукка маалымат берет, тышкы уюмдар, массалык маалымат каражаттары жана коомчулук менен кызматташууну, ошондой эле протоколдук, административдик жана өкүлчүлүк иш-чараларынын уюштурулушун жана өткөрүлүшүн камсыз кылат. |
| ***Ички аудит бөлүмү*** | Улуттук банктагы ички контролдук системасына текшерүүнү жана ага баа берүүнү жүзөгө ашырып, аны жакшыртуу боюнча сунуш-көрсөтмөлөрдү иштеп чыгат. |
| ***Банктык маалымат системасын ишке киргизүү бөлүмү*** | Учур талабына жооп берген маалымат технологияларын пайдалануу менен банктын бизнес-процесстерин оптималдаштырууну камсыз кылат. |
| ***Капиталдык курулуш бөлүмү*** | Улуттук банктын объектилерин куруу жана ремонттон өткөрүү боюнча иштерди уюштурууну камсыз кылат. |
| ***Тобокелдиктерди контролдоо бөлүмү*** | Тышкы рыноктордо Улуттук банктын операцияларын жүргүзүү учурунда финансылык тобокелдиктерди тескөөнү жүзөгө ашырат, банкта тобокелдиктерди тескөө стратегиясы жана саясаты боюнча сунуштарды иштеп чыгат, бөлүмдөрдүн тобокелдиктерди тескөө боюнча ишин координациялайт. |

| | |
|---|---|
| ***Долбоорлорду жүзөгө ашыруу бөлүмү*** | Эл аралык финансы уюмдарынын жана донор өлкөлөрдүн Улуттук банка же анын катышуусунда ишке ашырылуучу долбоорлорун коштоп жүрүүнү камсыз кылат, ошондой эле Улуттук банкта колдонуудагы ченемдик укуктук актыларга ылайык сатып алуулардын борборлоштурулган системасын уюштурат. |
| ***Кредиттерди администрлөө бөлүмү*** | Мониторингин кошо алганда, кредиттерди администрлөө аркылуу Улуттук банктын активдеринин кайтарылышын камсыз кылат. |
| ***Банк Башкармасынын катчылыгы*** | Улуттук банк Башкармасынын ишинин камсыз кылынышын уюштурат. |
| ***Коопсуздук жана маалыматтык коргонуу башкармалыгы*** | Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын иш коопсуздугун камсыз кылат. |
| ***Чарба башкармалыгы*** | Энергия менен жабдуу системасынын, инженердик түйүндөрдүн жана жабдуулардын, транспорттун бардык түрлөрүнүн ишин камсыз кылат, материалдык-техникалык жактан жабдууну, имараттарды жана курулмаларды тейлөөнү жүзөгө ашырат. |
| ***Улуттук банктын областтык башкармалыктары жана Баткен областындагы өкүлчүлүгү*** | Коммерциялык банктардын филиалдарын нак акча менен камсыз кылат, Улуттук банктан лицензия алышкан жана иши ал тарабынан жөнгө салынган финансы-кредит мекемелеринин банктык мыйзамдардын талаптарын сактоосуна көзөмөлдүктү жүргүзүү боюнча иш-чараларга катышышат. |

**Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын**
**2011- жылдын үчтүн айынын отуз бирине карата уюштуруу түзүмү**



## 6.2. Кыргыз Республикасынын Улуттук банк Башкармасынын 2011-жылдагы иши

*Жалпы маалыматтар*

Банк Башкармасы «Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы жөнүндө» мыйзам талабына ылайык, Улуттук банктын жогорку башкаруу органы болуп саналат жана анын негизги иш багыттарын бекитет. Банк Башкармасы – коллегиалдуу орган. Башкарма мүчөлөрү Кыргыз Республикасынын Президенти тарабынан Улуттук банктын Төрагасынын сунушу боюнча дайындалат. Башкарманын ишин Улуттук банктын Төрагасы жетектейт, ал Кыргыз Республикасынын Президентинин сунушу боюнча Кыргыз Республикасынын Жогорку Кенеши тарабынан шайланат.

Банк Башкармасы акча-кредит саясатын, ошондой эле банктык көзөмөл жана төлөм системасын өнүктүрүү боюнча саясатты кароого алат жана аныктайт, ченемдик актыларды, жылдык отчетту бекитип, жаңы үлгүдөгү жана номиналдагы акча белгилерин чыгаруу, банкнотторду жана монеталарды жүгүртүүдөн алуу тартибин белгилейт. Улуттук банк Башкармасынын регламентине ылайык, банк лицензиясын берүү жана убактылуу токтотуу, банктарга жана башка финансы-кредит мекемелерине карата чараларды жана санкцияларды колдонууну кошо алганда, анын компетенциясына чегерилген маселелерди да кароого алат.

Отчеттук мезгил ичинде Улуттук банк Башкармасынын иши жылдык жана чейректик бекитилген пландарга ылайык жүргүзүлгөн. 2011-жылы бардыгы болуп 71 отурум өткөрүлүп, 542 маселе кароого алынып, алар боюнча 356 тиешелүү токтом кабыл алынган.

Улуттук банк Башкармасы тарабынан 2011-жыл ичинде акча-кредит саясаты жөнүндө отчеттор чейректик негизде кароого алынган, аларда акча-кредит саясатынын жыйынтыктары жана инфляциянын динамикасын аныктаган факторлор, экономиканын өнүгүү натыйжаларына жүргүзүлгөн иликтөөлөр, келээрки мезгилге каралган акча-кредит программасын жүргүзүү боюнча сунуш-көрсөтмөлөр чагылдырылган, алар комитет үчүн утурумдук чечимдерди кабыл алуу учурунда багыт берүүчү катары кызмат кылган.

Инфляциялык басымды төмөндөтүү максатында, Улуттук банк Башкармасы тарабынан 2011-жылдын жалган куран айында коммерциялык банктардын милдеттүү камдарынын өлчөмүн жогорулатуу жөнүндө чечим кабыл алынган, ал 2011-жылдын чын куран айынан тартып күчүнө кирген.

2011-жылдын үчтүн айында Улуттук банк Башкармасы Улуттук банктын 2012-жылга акча-кредит саясаты жөнүндө билдирүүсүнүн текстин жактырган, анда акча-кредит саясатынын сандык ориентири (инфляция деңгээли) көрсөтүлүп, Улуттук банктын келээрки мезгилге карата негизги иш багыттары чагылдырылган. Документ, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн жана Улуттук банктын 2012-жылга экономикалык саясат жөнүндө Биргелешкен билдирүүсүн даярдоо үчүн Экономикалык жөнгө салуу министрлигине жөнөтүлгөн.

*Акча-кредит саясаты маселелерин кароого алуу*

Улуттук банк Башкармасы 2011-жылдын үчтүн айынын акырында «2012-2014-жылдарга акча-кредит саясатынын негизги багыттарын» жактырган, анда акча-кредит саясатынын орто мөөнөткө каралган максаттары аныкталып, экономикалык абалга иликтөөлөр жана экономиканын негизги секторлорун өнүктүрүү прогнозу берилген. Документти иштеп чыгуу учурунда дүйнөлүк финансы жана товардык рыноктордогу тенденциялар, экономиканы орто мөөнөттүү келечекте өнүктүрүүгө таасирин тийгизген тышкы жана ички факторлор, потенциалдуу тобокелдиктер, мамлекеттик финансы сектору боюнча болжолдоолор жана Кыргыз Республикасынын

социалдык-экономикалык өнүгүүсүнүн орто мөөнөттүү прогноздору, өлкөнү орто мөөнөттүү мезгилде өнүктүрүү программасынын параметрлери, ошондой эле  Экономикалык жана финансылык саясат жөнүндө 2011-2014-жылдарга меморандум эске алынган.

Республиканын экономикасына алгылыксыз таасирлердин алдын-алуу боюнча иш-чараларды аткаруунун алкагында, Банк Башкармасынын маалыматтык отурумдарында дүйнөлүк, ички финансылык жана товардык рыноктордогу жагдайларга аналитикалык баяндамалар ай сайын  каралып турган.

Банктар аралык валюта рыногун  өнүктүрүү максатында Банк Башкармасы тарабынан үчтүн айында евронун, орус рублинин жана казак тенгесинин расмий курстарын күн сайын аныктоого өтүү маселеси жактырылган, бул, валюталык операцияларды жүргүзүү учурунда валюта тобокелдиктерин төмөндөтүүгө жана чет өлкө валюталарын эсепке алуу процессин оптималдаштырууга өбөлгө түзөт.

Мамлекеттик баалуу кагаздар рыногун жөнгө салуу жагында ченемдик базаны өркүндөтүүнүн алкагында, Банк Башкармасы тарабынан МКВларды кошумча жайгаштыруу (аукциондон тышкары)  механизмин жана МКОлорду депозитардык эсепке алуу тартибин аныктоо максатында, мамлекеттик баалуу кагаздарды чыгарууну, жүгүртүүнү, эсепке алууну жана ордун жабууну жөнгө салган, Улуттук банктын ченемдик-укуктук актыларына сунушталган өзгөртүүлөр жана толуктоолор жактырылган.

Кыргыз Республикасынын «Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы жөнүндө» мыйзамына ылайык, Улуттук банк активдердин ликвиддүүлүк жана коопсуздук принциптерине таянуу менен эл аралык камдарды тескөөнү жүзөгө ашырат. Белгиленген принциптерди ишке ашыруу максатында,Улуттук банк Башкармасы инвестициялык стратегияны, инвестициялык портфелдин түзүмүн, тобокелдик/киршелүүлүк көрсөткүчтөрүнүн катышын аныктайт, ошондой эле тиешелүү ченемдик документтерди бекитет.

Банк Башкармасы жыл сайын инвестициялык активдердин эталондук портфелин бекитет, ал инструменттер топтомун, алардын максималдуу мөөнөттүүлүгүн жана салымдарынын үлүшүн аныктайт.

Эл аралык камдарды ички ресурстардын эсебинен толтуруу максатында, Башкармалык, келээрки  жылы Кыргыз Республикасынын ички рыногунан монетардык алтынды сатып алуунун көлөмүн кароого алат жана бекитет.

Банк Башкармасы эл аралык камдарды тескөөнүн натыйжалуулугун баалоо үчүн эл аралык камдарды тескөө боюнча отчетту  жыл сайын карап турат жана бекитет.

2011-жыл ичинде акча-кредит саясаты маселелери боюнча, бардыгы болуп, 33 токтом кабыл алынган.

*Банктык жана банктык эмес мекемелердин ишине көзөмөлдүк маселелерин кароого алуу*

Банк Башкармасы республиканын банк тутумунун эффективдүүлүгүн, коопсуздугун жана ишенимдүүлүгүн камсыз кылуу маселелерине көбүрөөк көңүл бурган. Коммерциялык банктардын ишин көзөмөлдөө жана жөнгө салууга тиешелүү маселелерди караган. Отчеттук жылдын чын куран айында болуп  өткөн саясий жагдайлардан кийин банк тутумунун ишинин туруктуулугун камсыз кылууга, банктардын аманатчыларынын жана башка кредиторлордун таламында активдердин сакталышына өзгөчө көңүл бурулган, ошондой эле банктарга карата ишенимди жогорулатуу боюнча чаралар кабыл алынган. Мындан тышкары,  Улуттук банк Башкармасы тарабынан коммерциялык банктар тутумунун өнүгүү тенденциялары жөнүндө маалыматтар чейректик негизде каралып турган

Кароого алынып жаткан жыл ичинде банктардын аманатчыларынын жана кредиторлорунун кызыкчылыктарын коргоо жана айрым коммерциялык банктардагы абалдын дестабилдешип кетүүсүнө жол бербөө үчүн таасир этүү чаралары көрүлгөн. Улуттук банк Башкармасы тарабынан консерваторлордун консервация режиминде турган банктардын финансылык абалы жана аларды финансылык жактан чыңдоо боюнча көрүлүп жаткан иш-чаралар тууралуу отчеттору ай сайын каралып турган.

2011-жылы Улуттук банк тарабынан Кыргыз Республикасынын Башкы прокуратурасы жана Мамлекеттик мүлк министрлиги менен биргеликте «ИБ Ысык-Көл» ААКсы, «КыргызКредит Банк» ААКсы жана «Манас Банк» ЖАКтан берилген кредиттер боюнча күрөөгө коюлган мүлктөрдүн улутташтырылгандыгына байланыштуу маселелерди чечүү боюнча иштер жүргүзүлгөн.

Улуттук банк Башкармасы сотко чейин жөнгө салуунун чегинде бир катар коммерциялык банктар боюнча маселелерди караган.

«Банк секторун 2011-жылдын акырына чейинки мезгилге өнүктүрүү старегиясынын» жыйынтыктары чыгарылган. Жалпысынан, «Банк секторун 2011-жылдын акырына чейинки мезгилге өнүктүрүү старегиясын» ишке ашыруу боюнча иш-чаралар планы аткарылды.

Улуттук банк Башкармасы тарабынан банк секторунун туруктуулугун арттыруу, Кыргыз Республикасынын экономикасында банк секторунун ролун жогорулатуу, банк ишинин эффективдүүлүгүн, коопсуздугун жана ишенимдүүлүгүн колдоо, ошондой эле коммерциялык банктардын алгылыксыз жана кооптуу банк тажрыйбасын жүргүзүүсүнө жол бербөө максатында «Банк секторун 2014-жылга чейинки мезгилге өнүктүрүүнүн негизги багыттары» кабыл алынган.

Банк мыйзамдарын өркүндөтүү, банк системасынын коопсуздук деңгээлин жогорулатуу максатында, 2010-жылы айрым банктарда түптөлгөн жагдайларды эске алуу менен Башкарма тарабынан «Кыргыз Республикасындагы банктар жана банк иши жөнүндө» мыйзамга өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизүү жөнүндө мыйзам долбоору жактырылган.

Отчеттук мезгил ичинде Банк Башкармасы тарабынан банктык көзөмөлдүк жана жөнгө салуу боюнча ченемдик базаны өркүндөтүүгө багытталган, бир катар ченемдик укуктук актылар кабыл алынган. Бекитилген ченемдик укуктук актыларда банктарга карата экономикалык ченемдерди жана башка талаптарды белгилөө, анын ичинде – баалуу кагаздар менен иштөө, банктардын ишин лицензиялоо, банктык тобокелдиктерди тескөө, терроризмди каржылоого жана кылмыш жолу менен алынган кирешелерди легализациялоого (адалдоого) каршы аракеттерди көрүү боюнча операцияларга жол бербөө, Улуттук банк менен банктардын ортосунда келип чыккан талаш-маселелерди сотко чейин жөнгө салуу жана банктарга атайын иш ыргактары киргизилген учурда алардын банктык жана төлөм операцияларды жүргүзүүсү боюнча маселелер камтылган.

Республикада ислам банк ишин өнүктүрүү үчүн шарттарды түзүү каралган, Кыргыз Республикасынын мыйзамдарын ишке ашыруунун алкагында, Банк Башкармасы тарабынан корпоративдик башкаруу, банктардын регулятивдик отчеттуулугу, банктардын капиталынын шайкештиги, ошондой эле микрофинансылык уюмдардын жана кредиттик союздардын ишин камсыз кылуу маселелери боюнча бир катар ченемдик укуктук актылар бекитилген.

Мыйзам чыгаруу базасын жана микрокаржылоо секторун мындан-

ары да өркүндөтүү максатында, Башкармалык тарабынан «Кыргыз Республикасындагы микрофинансылык уюмдар жөнүндө», «Кредиттик союздар жөнүндө» жана «Чет өлкө валютасындагы операциялар жөнүндө» мыйзамдарына өзгөртүүлөрдүн жана толуктоолордун киргизилиши каралган, «Кыргыз Республикасынын айрым мыйзам актыларына өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизүү жөнүндө» мыйзам долбоору жана Микрокаржылоону 2011-2015-жылдарга өнүктүрүү стратегиясынын долбоору жактырылган. Нак чет өлкө валютасы менен алмашуу операцияларын жөнгө салууну оптималдаштыруу үчүн «Чет өлкө валютасындагы операциялар жөнүндө» мыйзамга өзгөртүүлөрдү киргизүү тууралуу» мыйзам долбоору жактырылган жана «Нак чет өлкө валютасы менен алмашуу операцияларын жүргүзүү укугуна лицензия берүү тартиби жөнүндө» жобонун жаңы редакциясы бекитилген.

Аффилирленген жактар менен операциялар боюнча тобокелдиктердин алдын алуу максатында, Банк Башкармасы тарабынан «Кыргыз Республикасынын аймагындагы микрофинансылык компаниялардын ишин жөнгө салуунун убактылуу эрежелерине» сунушталган өзгөртүүлөр жана толуктоолор бекитилген.

Бүтүндөй отчеттук жыл ичинде айрым коммерциялык банктар жана Улуттук банктан лицензия алышкан ФКМдердин иши боюнча 95 токтом, ошондой эле алардын ишин жөнгө салган ченемдик база боюнча 24 токтом кабыл алынган. Бул, жаңы ченемдик актылар сыяктуу эле, мурда кабыл алынган ченемдик актыларга киргизилген өзгөртүүлөр да болгон.

*Төлөм системасы боюнча маселелерди кароого алуу*

Кыргыз Республикасынын «Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы жөнүндө» мыйзамынын 3-беренесине ылайык, Улуттук банк тарабынан төлөм системасы чөйрөсүндөгү функциялардын аткарылышы, төлөм системасынын натыйжалуу жана үзгүлтүксүз ишин камсыз кылууга багытталган. Кыргыз Республикасынын төлөм системасынын жалпы түзүмү жана анын иши боюнча саясатты иштеп чыгуу максатында, Улуттук банк Башкармасы өлкөнүн төлөм системасынын ишин жөнгө салуу боюнча иштерди жүргүзгөн. 2011-жыл ичинде төлөм системасын андан-ары өнүктүрүүгө, тобокелдиктерди төмөндөтүүгө, колдонулган төлөм инструменттердин спектрин кеңейтүүгө багытталган 13 токтом кабыл алынган.

2011-жыл ичинде «Кыргыз Республикасынын төлөм системасы жөнүндө», «Лицензиялоо жөнүндө» мыйзамга толуктоолорду киргизүү тууралуу» жана «Кыргыз Республикасынын Жарандык кодексине өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө» мыйзам долбоорлору кабыл алынган. Ошондой эле, «Кыргыз Республикасындагы банктык төлөм карттар жөнүндө» жобого өзгөртүүлөр киргизилип, ал төлөм системасын андан-ары өнүктүрүүгө, тобокелдиктерди төмөндөтүүгө жана пайдаланылуучу төлөм инструменттеринин спектрин кеңейтүүгө багытталган.

Улуттук банк Башкармасы тарабынан төлөм системасынын утурумдук абалы тууралуу отчеттор чейректик негизде каралып турган.

*Башка маселелер*

Банк Башкармасы мындан тышкары, жалпы маселелерди жана Улуттук банктын ишин уюштуруу боюнча маселелерди да караган. Улуттук банктын ченемдик базасынын маселелери боюнча 25 токтом, башка маселелер боюнча 159 токтом кабыл алынган. Жыл ичинде Кыргыз Республикасынын мыйзам чыгаруу базасынын маселелери боюнча тогуз токтом кабыл алынган. Ал эми 186 маселе Банк Башкармасынын отурумдарында маалыматтык билдирүү катары каралган.

## 6.3. Банк мыйзамдарын өркүндөтүү

2011-жылы Улуттук банк Кыргыз Республикасында банк ишин жөнгө салуу боюнча мыйзам чыгаруу базасын өркүндөтүү жана өнүктүрүү иштерин жүргүзгөн.

Отчеттук мезгил ичинде банктык мыйзамдарга Кыргыз Республикасынын 2011-жылдын бугу айынын он бириндеги №11 жана ушул эле жылдын кулжа айынын он экисиндеги №21 мыйзамдары менен Кыргыз Республикасынын «Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы жөнүндө» мыйзамына өзгөртүүлөр жана толуктоолор киргизилген, алар бул мыйзамдын ченемдерин 2010-жылдын теке айынын жыйырма жетисинде референдум менен кабыл алынган Кыргыз Республикасынын Конституциясына ылайык келирүүгө багытталган.

*Мыйзамдарга сунушталган түзөтүүлөр*

Кыргыз Республикасында банктык мыйзамдарды мындан-ары өркүндөтүү максатында, Улуттук банк 2011-жылы бир катар мыйзам долбоорлорун иштеп чыккан, тактап айтканда:

- Кыргыз Республикасынын Жарандык кодексине өзгөртүүлөрдү киргизүү тууралуу. Бул мыйзам долбоору нак эмес жүгүртүүнүн үлүшүн, салык салынуучу базанын өсүшүн көбөйтүү жана бюджетке кирешелерди арттыруу, ошондой эле көмүскө экономиканын деңгээлин төмөндөтүү максатында иштелип чыккан;
- «Кыргыз Республикасындагы микрофинансылык уюмдар жөнүндө», «Кредиттик союздар жөнүндө» жана «Чет өлкө валютасы менен операцияларды жүргүзүү жөнүндө» мыйзамдарга өзгөртүүлөрдүн жана толуктоолордун киргизилиши каралган, айрым мыйзам актыларына өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизүү тууралуу. Бул мыйзам долбоору микрофинансылык уюмдардын жана кредиттик союздардын операцияларды ишке ашыруу жагында мүмкүнчүлүктөрүн арттыруу максатында иштелип чыккан жана карыз алуучулардын укугун коргоого жана рынок атаандаштыгын өнүктүрүүгө, ошондой эле чет өлкө валютасындагы операцияларды кесипкөйлүк негизде жүзөгө ашыруу укугу чегерилген жактардын тизмесин кеңейтүүгө жана алмашуу бюросу жөнүндө түшүнүктөрдү өзгөртүүгө багытталган;
- Кыргыз Республикасынын Административдик жоопкерчилик жөнүндө Кодексине өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизүү тууралуу. Бул мыйзам долбоору банктык мыйзамдар чөйрөсүндө административдик укук бузууларга жол бергендиги үчүн айыптардын өлчөмүн көбөйтүү жана конкреттештирүү максатында иштелип чыккан;
- республиканын банк тутумунун ишенимин жана туруктуулугун жогорулатууга багытталган «Кыргыз Республикасындагы банктар жана банк иши жөнүндө» мыйзамга Улуттук банкка банктын акционерлеринин курамында болуп жаткан өзгөрүүлөргө эффективдүү көз салып туруусуна, банктын жаңы ээлик кылуучулары жөнүндө маалымат алуусуна мүмкүнчүлүк берген өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизүү тууралуу;

Ошондой эле, 2011-жылы төлөм системасы жана «Лицензиялоо жөнүндө мыйзамга» толуктоолорду киргизүү тууралуу мыйзамдардын үстүндө иш жүргүзүү улантылган, алар улуттук төлөм системасынын ишин эффективдүү акча жүгүртүлүшүн уюштуруу боюнча мамлекеттик саясатка ылайык жөнгө салуу максатында, ошондой эле Кыргыз Республикасынын аймагында үчүнчү жактардын пайдасына төлөмдөрдү кабыл алуу, ошондой эле төлөмдөрдү өткөрүү жана эсептешүүлөрдү жүргүзүүгө байланыштуу маалыматтарды кабыл алуу, иргөө жана сунуштоо (процессинг) боюнча ортомчулук кызмат көрсөтүүлөрдү сунуштаган юридикалык жактардын, банктык эмес финансы-кредит мекемелеринин ишин жөнгө салуу максатында

иштелип чыккан.

Улуттук банктын өкүлдөрү 13 ведомство аралык жумушчу топтордун төмөнкү маселелер боюнча иштерине катышышты:

- Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2011-жылга программасын ишке ашыруунун алкагында «Экономика жана коопсуздук» Иш-чаралар планын аткаруу, айрыкча узак мөөнөттүү кредиттөөнүн үлгүлөрүн колдонууга киргизүү боюнча сунуштарды даярдоо;
- бухгалтердик эсепке алуу чөйрөсүндө реформаларды даярдоо;
- айыл-чарба жерлерин ипотекалык кредиттөөнүн механизмдерин өркүндөтүү боюнча ченемдик документтердин долбоорлорун даярдоо;
- товарлардын экспорту/импорту боюнча статистиканы жакшыртуу;
- Кыргыз Республикасында Курулуш комплексин өнүктүрүү стратегиясынын долбоорлорун иштеп чыгуу;
- Улуттук банк тарабынан сатылып алынган алтындан салык алуу маселесин иштеп чыгуу;
- Кыргыз Республикасынын экономикасынын көмүскө түзүүчүлөрүн аныктоо;
- министрликтер жана ведомстволор ортосунда маалымат жана аналитикалык материалдар менен алмашуу механизмин иштеп чыгуу;
- Кыргыз Республикасынын тышкы карызын реструктуризациялоо;
- карыз алуучулар менен коммерциялык банктар ортосунда түптөлгөн кырдаалды талдап, иликтөө;
- ишкердикти мамлекеттик жөнгө салуу системасын реформалоо;
- ченемдик укуктук актыларды инвентаризациялоо;
- кыймылдуу мүлк түрүндөгү күрөөлөрдү Күрөөлөрдү каттоонун борбордук конторасында каттоодон өткөртүүгө жана чектүү сумманы көбөйтүүгө байланыштуу маселелерди кароо.

*Ченемдик укуктук актыларды өркүндөтүү*

2011-жылы Улуттук банк тарабынан лицензияланган жана иши ал тарабынан көзөмөлгө алынган банктардын жана башка финансы-кредит мекемелердин ишин жөнгө салган ченемдик-укуктук базаларды өркүндөтүү боюнча иштер улантылган. Алсак, көбүнчө Улуттук банк Башкармасынын токтомдору менен банк ишин жөнгө салууга багытталган ченемдик укуктук актылар бекитилген, анын ичинде:

- 2011-жылдын үчтүн айынын отузунда – «Операцияларын ислам банк иши жана каржылоо принциптерине ылайык жүзөгө ашырышкан банктардын мезгил-мезгили менен берилүүчү регулятивдик отчету жөнүндө» жобону бекитүү тууралуу;
- 2011-жылдын бугу айынын алтысында – «Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн жана Улуттук банктын «Айыл-чарба багытындагы жерлерди күрөөгө коюу менен кредиттөө тартиби жөнүндө типтүү жобону бекитүү тууралуу» токтом долбоорун жактыруу жөнүндө»;
- 2011-жылдын баш оона айынын жыйырма жетисинде – «Кыргыз Республикасынын Улуттук банк Башкармасынын 2006-жылдын чын куран айынын экисиндеги №5/7 «Банк ишин лицензиялоо жөнүндө» жобону бекитүү тууралуу» токтомуна өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизүү жөнүндө;
- 2011-жылдын аяк оона айынын жыйырма төртүндө – «Кыргыз Республикасынын Улуттук банк Башкармасынын 2005-жылдын чын куран айынын он сегизиндеги №5/5 «Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы жана коммерциялык банктар, банктык операциялардын айрым түрлөрүн жүзөгө ашырышкан уюмдар жана аларды уюштуруучулардын (катышуууларды),

юридикалык жактардын жана жеке адамдардын ортосунда келип чыккан талаш маселелерди сотко чейин жөнгө салуу жөнүндө» токтомуна өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизүү тууралуу»;

- 2011-жылдын тогуздун айынын он төртүндө – «Кыргыз Республикасынын Улуттук банк Башкармасынын 2005-жылдын чын куран айынын он тогузундагы №6/2 «Улуттук банктын Көзөмөл боюнча комитети жөнүндө» жобонун жаңы редакциясын бекитүү тууралуу» токтомуна өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизүү жөнүндө» ;
- 2011-жылдын тогуздун айынын жыйырма тогузу - Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын айрым ченемдик укуктук актыларына («Терроризмди (экстремизмди) каржылоого жана кылмыш жолу менен алынган кирешелерди легализациялоого (адалдоого) каршы аракеттенүү максатында коммерциялык банктарда ички контролдуктун уюштурулушуна карата минималдуу талаптар жөнүндө» жобого жана Депозиттер менен иш алып баруу боюнча нускоого) өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизүү тууралуу»;
- 2011-жылдын жетинин айында – «Убактылуу жетекчилик, консервация жана банкроттук жол-жоболору киргизилген учурда, Кыргыз Республикасынын банктарынын айрым банктык жана төлөм операцияларын жүргүзүү тартиби жөнүндө» жобо тууралуу»;
- 2011-жылдын бештин айынын он алтысында – «Улуттук банк Башкармасынын 2010-жылдын теке айынын отузундагы №52/4 токтому менен бекитилген, Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы тарабынан лицензия алышкан коммерциялык банктарда жана башка финансы-кредит мекемелеринде кредиттик тобокелдикти тескөө боюнча минималдуу талаптар жөнүндө жобого өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизүү тууралуу»;
- 2011-жылдын бештин айынын отузунда – «Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын айрым ченемдик укуктук актыларына («Мезгил-мезгил менен берилүүчү регулятивдик банктык отчет жөнүндө» жобого жана «Операцияларын ислам банк иши жана каржылоо принциптерине ылайык жүзөгө ашырышкан банктардын капиталынын шайкештик стандарттарын аныктоо боюнча» нускоого) өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизүү тууралуу»;
- 2011-жылдын бештин айынын отузу – «Кыргыз Республикасындагы банктык төлөм карттар жөнүндө» жобого өзгөртүүлөрдү киргизүү тууралуу».

Мындан тышкары, Улуттук банк тарабынан төмөнкү ченемдик укуктук актылар кабыл алынган, алар банктык эмес финансы-кредит мекемелеринин ишин жөнгө салууга багытталган:

- 2011-жылдын баш оона айынын жыйырма жетиси– «Нак чет өлкө валютасы менен алмашуу операцияларын жүргүзүү укугуна лицензия берүү тартиби жөнүндө» жобону бекитүү тууралуу;
- 2011-жылдын аяк оона айынын бири– «Финкомпаниясы» ЖЧКсынын капиталдагы 100% үлүшүн кредиттик союздарга сатуу жөнүндө;
- 2011-жылдын тогуздун айынын жыйырма тогузу – «Улуттук банк Башкармасынын 2010-жылдын үчтүн айынын отузундагы №1/1 токтому менен бекитилген, «Аманаттарды кабыл алууну жүзөгө ашырышкан микрофинансылык компаниялардын милдеттүү камдык талаптары жөнүндө» жобону бекитүү тууралуу» жобонун күчүнө кирүүсү жөнүндө»;
- 2011-жылдын жетинин айынын отуз бири – Улуттук банк Башкармасынын 2003-жылдын жалган куран айынын он тогузундагы №4/2 токтому менен бекитилген, Кыргыз Республикасынын аймагындагы

микрофинансылык компаниялардын ишин жөнгө салуунун убактылуу эрежелерине өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизүү тууралуу».

Отчеттук жылы Улуттук банк Кыргыз Республикасынын Банк кодексин – кодификацияланган ченемдик укуктук актыны иштеп чыгуу боюнча ишти баштаган. Банк кодексин иштеп чыгуу төмөнкүлөргө жетишүүгө өбөлгө түзөөрү болжолдонууда:

- банк мыйзамдарынын жана ага байланыштуу мыйзамдардын өз ара макулдашылгандыгына жана өз ара байланыштуулугуна жетишүү максатында, бардык топтолгон ченемдик базаны иликтөөгө;
- калыптанган банк тутумунун алгылыктуу иш тажрыйбасын бекемдөөгө жана андан ары өркүндөтүү жолдорун аныктоого;
- банк мыйзамдарынын түзүмүн ирээтке келтирүүгө, анын курамын жана приоритеттүүлүгүн аныктоого;
- банктык укук мамилелеринин катышуучуларынын укуктук статустарын тактоо, алардын өз ара мамилелерин, ошондой эле банк тутумунун ичинде сыяктуу эле, тышкы негиз түзүүчү мамилелерин аныктоо;
- банктык мыйзам жоболорунун ар башкача чечмеленишин, алардагы карама-каршылыктарды четтетүү максатында, негизги банктык мыйзамдарын топтомун системага салуу жана бири-бирине шайкеш келтирүү.

## 6.4. Финансылык кеңешчинин милдетин аткаруу

Улуттук банк Кыргыз Республикасынын Президентинин, Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин жана Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн финансылык кеңешчисинин милдетин аткаруусунун чегинде, 2011-жылы төмөнкү иштерди аткарган:

*Аналитикалык маалыматтарды маалымдоо жана берүү*

- акча кредит саясатынын ишке ашырылышы, банк жана төлөм системаларынын абалына тиешелүү маселелер боюнча Президентке, Жогорку Кеңешке жана Өкмөткө дайыма маалымат берип турган;
- мыйзам долбоорлоруна жана башка ченемдик укуктук актыларга, финансы жана банк маселелери же Улуттук банктын ыйгарым укуктарынын чөйрөсүнө тиешелүү маселелерди козгогон чечимдерге экспертиза жүргүзгөн;
- республикалык бюджеттин долбоорун даярдоодо жана кароого алуу учурунда Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө консультацияларды берип турган;
- Кыргыз Республикасынын Президентине, Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешине жана Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө (министрликтерди жана ведомстволорду кошо алганда) финансы жана банк системасынын маселелери боюнча консультацияларды жана сунуш-көрсөтмөлөрдү берип турган.

Республиканын финансы рыногундагы жагдай тууралуу маселе боюнча Улуттук банк тарабынан 2011-жыл ичинде Кыргыз Республикасынын Президентине, Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешине жана Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө аналитикалык маалыматтар сунушталган. Ошондой эле, Улуттук банк тарабынан акча-кредит саясатынын жүргүзүлүшү жана тышкы жана ички финансы рынокторундагы күндөлүк абал тууралуу маалымат да дайым берилип турган. Көбүнчө, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө тышкы соода операцияларынын статистикалык эсебин жүргүзүүдө орун алган проблемалар, ошондой эле жеке сектордогу карыз оорчулугунун артышына контролдуктун жоктугунан улам келип чыккан тышкы тобокелдиктер боюнча иликтөө иштеринин жыйынтыктары тууралуу маалыматтык кат жөнөтүлгөн. Келип чыгышы мүмкүн болуучу

тобокелдиктердин алдын-алуу боюнча тиешелүү чараларды кабыл алуу жөнүндө сунуштар киргизилген.

Кыргыз Республикасынын Президентине, Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешине жана Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө (министрликтерди жана ведомстволорду кошо алганда) финансы жана банк системасынын маселелери боюнча консультацияларды жүзөгө ашыруу жана сунуш-көрсөтмөлөрдү иштеп чыгуу боюнча иштердин алкагында, Улуттук банк тарабынан Кыргыз Республикасындагы банк тутумунун өнүгүү тенденциялары жөнүндө, мамлекеттик чыгашалардын инфляцияга тийгизген таасири, фискалдык жана монетардык саясатты координациялоо, МБКларды фондулук биржанын соода аянтына жайгаштыруу жана башкалар жөнүндө маалыматтар сунушталган.

Улуттук банк, отчеттук мезгил ичинде бардыгы болуп, бул маселелер боюнча мамлекеттик бийлик органдарынын даректерине 200дөн ашык кат жөнөткөн.

*Мыйзам долбоорлоруна экспертиза жүргүзүү*

Улуттук банк тарабынан 35тен ашык мыйзам долбоорлоруна экспертизалар жүргүзүлгөн, алардын ичинде:

- Кыргыз Республикасынын бийик тоолуу жана алыскы аймактарында туруктуу жашаган юридикалык жактарга жана жеке адамдарга мамлекеттик колдоо көрсөтүү жөнүндө;
- Кыргыз Республикасынын Жарандык кодексине өзгөртүүлөрдү киргизүү тууралуу;
- Кыргыз Республикасынын «Акционердик коомдор жөнүндө» мыйзамына өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизүү туралуу;
- Кыргыз Республикасынын «Кыргыз Республикасынын Салык кодексин колдонууга киргизүү жөнүндө» мыйзамына толуктоолорду киргизүү тууралуу;
- Кыргыз Республикасынын «Кыргыз Республикасынын социалдык-экономикалык өнүгүүсүн мамлекеттик болжолдоолор тууралуу» мыйзамына өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизүү жөнүндө;
- Кыргыз Республикасынын «Банктык аманаттарды (депозиттерди) коргоо жөнүндө» мыйзамына өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизүү туралуу;
- Кыргыз Республикасынын «Кыргыз Республикасынын мамлекеттик жана мамлекеттик эмес карызы жөнүндө» мыйзамына өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизүү туралуу;
- Кыргыз Республикасынын «Кыргыз Республикасында камсыздандырууну уюштуруу жөнүндө» мыйзамына өзгөртүүлөрдү киргизүү тууралуу;
- Кыргыз Республикасынын «Лицензиялоо жөнүндө» мыйзамына өзгөртүүлөрдү киргизүү тууралуу;
- Кыргыз Республикасынын Өнүгүү банкы жөнүндө;
- Кыргыз Республикасынын аймагындагы оффшордук компаниялардын өзгөчө укуктук статусу жөнүндө жана башкалар.

*Ченемдик укуктук актыларга экспертиза жүргүзүү*

2011-жылы Улуттук банк, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 70тен ашык токтомдорунун долбоорлору боюнча экспертиза жүргүзүп, алар боюнча сунуштарды даярдаган, анын ичинде:

- Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн бизнес-чөйрөнү жакшыртуу боюнча системалуу реформаларды андан-ары жүргүзүү жана аларды 2011-2013 жылдарга эл аралык индекстердин алкагында жер-жерлерде ишке ашыруу боюнча Иш-аракеттер планын бекитүү тууралуу;

· Кыргыз Республикасынын социалдык-экономикалык өнүгүүсүнүн 2012-2014-жылдарга орто мөөнөттүү болжолдоолору жөнүндө;

· Мамлекеттик болжолдоо системасын жана Кыргыз Республикасынын социалдык-экономикалык өнүгүүсүнүн болжолдоолорун иштеп чыгуу Регламентин бекитүү тууралуу;

· Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн жана Улуттук банктын 2011-жылга экономикалык саясат боюнча Биргелешкен билдирүүсү жөнүндө;

· «Кыргыз Республикасында мамлекеттик социалдык камсыздандыруу боюнча пенсиянын топтоо бөлүгүн каржылоо үчүн каражаттарды инвестициялоо жөнүндө» мыйзамды ишке ашыруу тууралуу;

· Мамлекеттик каражаттарды тескөө системасын реформалоо боюнча Комитет түзүү;

· Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн программасын ишке ашыруу боюнча 2011-жылга каралган «Экономика жана коопсуздук» Иш-чаралар планын бекитүү тууралуу;

· Кыргыз Республикасында социалдык турак-жай курулушун жүзөгө ашыруу боюнча жаңы ыкмалар жөнүндө;

· Кыргыз Республикасынын мамлекеттик бюджетинин, Кыргыз Республикасынын социалдык фондусунун жана мамлекеттик ишканалардын финансылык агымдарын тейлөө жагында коммерциялык банктарды тандоо критерийлери жөнүндө;

· «Фермерлерге жеткиликтүү кредиттер» долбоорун бекитүү тууралуу;

· Кыргыз Республикасынын түштүгүндө 2010-жылдын теке айындагы уурдоолордун, талап-тоноолордун жана өрттөнүүлөрдүн натыйжасында жабыр тарткан ишкерлерди колдоо боюнча көрүлүүчү чаралар жөнүндө;

· ишкердикти мамлекеттик жөнгө салуу системасын реформалоону жүргүзүү жана ишкердикти жөнгө салуу чөйрөсүндөгү мамлекеттик саясатты өркүндөтүү жөнүндө;

· айыл-чарба багытындагы жерлерди күрөөгө коюу менен кредиттөө тартиби жөнүндө типтүү жобону бекитүү тууралуу жана башкалар.

*Мамлекеттик программаларды иштеп чыгууга жана ишке ашырууга катышуу*

2011-жылы Улуттук банк мамлекеттик программаларды жана пландарды иштеп чыгууга жана ишке ашырууга катышкан, анын ичинде:

· Кыргыз Республикасын 2012-2014-жылдарга өнүктүрүүнүн орто мөөнөттүү программасы;

· Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2011-жылга программасын ишке ашыруу боюнча «Экономика жана коопсуздук» иш-чараларынын планы;

· Микрокаржылоону 2011-2015-жылдарга өнүктүрүү стратегиясы;

· Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2011-жылга мыйзам долбоордук иштеринин планы жана башкалар.

*Эл аралык келишимдерге экспертиза жүргүзүү*

Кыргыз Республикасынын эл аралык жана мамлекеттер аралык уюмдарга катышуусу маселеси боюнча, отчеттук жыл ичинде Улуттук банк, Кыргыз Республикасынын финансы жана банк системасына тиешелүү эл аралык макулдашууларга жана келишимдерге экспертиза жүргүзгөн, анын ичинде:

· Кыргыз Республикасынын Өкмөтү жана «Экономиканы калыбына келтирүүгө колдоо көрсөтүү» долбоору боюнча Өнүктүрүүнүн эл аралык ассоциациясынын ортосундагы каржылоо жөнүндө келишимдин долбоору;

· эксперттердин ЕврАзЭСтин курамындагы мамлекеттердин борбордук (улуттук) банктарынын Жетекчилер кеңешинин ЕврАзЭС аймагында чек ара аркылуу кредиттөө боюнча 24-отурумунун күн тартибине тиешелүү материалдарды даярдоо боюнча отурумунан толтурулган протоколдун долбоору;

- Кыргыз Республикасынын Өкмөтү менен Евразия өнүгүү банкынын (ЕАБР) ортосунда аталган банктын Кыргыз Республикасынын аймагында иш алып баруусу шарттары жөнүндө келишим долбоору;
- Кыргыз Республикасынын жана Европа инвестициялык банкынын ортосундагы алкактык келишим долбоору;
- Кыргыз Республикасынын Өкмөтү жана Европа Союзунун ортосундагы «Сектoралдык саясатты колдоо, социалдык коргоо жана 2010-жылы Кыргыз Республикасынын мамлекеттик финансыларын тескөө» Программасы боюнча Финансы келишиминин долбоору;
- Түркия Өкмөтү жана Кыргыз Республикасынын ортосундагы карызды жоюу (алып салуу) келишим долбоору;
- «Кыргыз Республикасынын жана Европа инвестициялык банкынын ортосундагы «Европа инвестициялык банкынын Кыргыз Республикасындагы иши жөнүндө» алкактык келишим;
- Кыргыз Республикасынын жана Бельгия-Люксембург Экономика союзунун, Австрия Республикасынын Өкмөтүнүн, Чехия Республикасынын Өкмөтүнүн, Венгрия Республикасынын Өкмөтүнүн, Марокко Каролдугунун, Италия Республикасынын Өкмөтүнүн ортосундагы инвестицияларды колдоого алуу жана коргоо жөнүндө келишимдердин долбоору;
- КМШга мүчө мамлекеттерде валюталык жөнгө салуу жана валюталык контролдук жагында саясатынын негизги принциптери жөнүндө келишимдин долбоору жана башкалар.

Улуттук банк, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн финансылык агенти катары Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн тышкы карызын тейлөөгө жана Кыргыз Республикасы мүчө болуп саналган эл аралык уюмдарга үлүштүк жана мүчөлүк төлөмдөрдү төлөөлөргө байланыштуу Өкмөттүн эсептерин тейлөө боюнча иштерди уланткан, ошондой эле Улуттук банкка Кыргыз Республикасынын Өкмөтү үчүн эсептерди ачууну, тейлөөнү жана жабууну жүзөөгө ашырган.

Мындан тышкары, Улуттук банк Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн мамлекеттик баалуу кагаздарынын (МКВ жана МКО) чыгарылыштарын жайгаштыруу жана тейлөө боюнча агент катары да иш алып барган.

## 6.5. Ички аудит жана ички контролдук системасы

Аудитордук жана ревизиялык текшерүүлөр 2011-жылы Улуттук банктын Аудит боюнча комитетинин 2009-2011-жылдарга каралган планына ылайык жүзөгө ашырылган. 2011-жылы Кыргыз банкынын маалымат системасына аудит жүргүзүүгө өзгөчө көңүл бурулган.

Улуттук банкта ички аудит бөлүмү ишке ашырган ички аудит кызматы, ички контролдук системасынын натыйжалуулугуна жалпы баа берүүнү саясаттын талаптарына ылайык жүзөгө ашырат. Улуттук банкта ички контролдук системасын уюштуруу- Банктык көзөмөл боюнча Базель комитети тарабынан сунушталган, Ички Контролдук Системасынын принциптерине ылайык келип, Улуттук банктын коюлган максаттарга жетишине жана белгиленген эрежелерди сакташына багытталган, үзгүлтүксүз процессти түшүндүрөт.

Ички аудиторлор жана ревизорлор тарабынан жүргүзүлгөн текшерүүлөрдүн жыйынтыгында, ички контролдук системасын өркүндөтүү жана түзүмдүк бөлүмдөрдүн жана туунду уюмдардын ишине мүнөздүү болгон тобокелдиктерди минимизациялоо боюнча тиешелүү сунуш-

көрсөтмөлөр берилип, бөлүмдөрдүн ишинин аларга жүктөлгөн милдеттерге жана функцияларга шайкеш келүүлөрү, аныкталган кемчиликтер, иштин проблемалуу участкалары тууралуу көз карандысыз маалыматтардын Улуттук банктын жетекчилигине берилишин камсыз кылып турган.

Улуттук банктын 2011-жылдагы ишине көз карандысыз аудит «КПМГ Бишкек» ЖЧКсы аудитордук уюм тарабынан жүргүзүлгөн, ал Улуттук банктын 2011-жылы тышкы аудитти жүргүзүү боюнча өткөрүлгөн тендеринин негизинде тандалып алынып, Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык, Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңеши тарабынан бекитилген. Тышкы аудиттин натыйжасы боюнча Улуттук банк Башкармасы тарабынан бекитилген, сунуш-көрсөтмөлөрдү аткаруу боюнча иш-чаралар планы түзүлгөн, аны тиешелүү түзүмдүк бөлүмдөр милдеттүү түрдө аткарууга тийиш.

Бөлүмдүн методологиялык базасын өркүндөтүү боюнча иштер улантылган, алар ички аудит процессин пландаштыруу, ички аудиттерди жүргүзүүнүн, консультациялык кызмат көрсөтүүлөрдүн, ички аудиттин Эл аралык кесиптик стандарттарына жана бул тармактагы эл аралык алдыңкы тажрыйбага ылайык келишин камсыз кылууу боюнча жаңы жол-жоболордун бекитилиши менен аяктаган.

*Улуттук банктын коргоо механизмдерине баа берүү*

Эл аралык валюта фондусу тарабынан Борбордук банктардын коргоо механизмдерин баалоо программасынын (IMF Safeguard Assessment) алкагында, Улуттук банктын коргоо механизмдерине кезектеги баа берүүлөр жүргүзүлгөн. Тышкы аудиттин механизмдери, укуктук статус жана көз карандысыздык, финансылык отчеттуулук, ички аудит механизмдери жана ички контролдук системасы боюнча корутундулар берилген. Баа берүүнүн натыйжалары боюнча сунуш-көрсөтмөлөр сунушталган, аларга ылайык Улуттук банк Башкармасы тарабынан контролдук системасын жакшыртуу жана тобокелдиктерди төмөндөтүү боюнча иш-чаралар планы бекитилген.

Улуттук банктын Аудит боюнча комитети менен өз ара иш жүргүзүүнүн алкагында ички аудит бөлүмү тарабынан комитеттин отурумдарын уюштуруу жана өткөрүү иштери камсыз кылынган.

*Аудит боюнча комитет*

Аудит боюнча комитет үч мүчөдөн турат, анын экөө Улуттук банктын ишине байланышпаган көз карандысыз эксперттерден болушса, бирөө Улуттук банк Башкармасынын мүчөсү болуп саналат.

Аудит боюнча Комитеттин иши анын негизги функцияларынын негизинде, тышкы аудиторлордун ишинин көз карандысыздыгына баа берүү, Улуттук банктын финансылык отчеттуулугунун сапатына жана ички контролдук системасынын тиешелүү уюштурулушуна баа берүүдө экенин билдирет.

2011-жыл ичинде аудит боюнча комитеттин сегиз отуруму өткөрүлүп, ага жүктөлгөн милдеттерге жана функцияларга ылайык, анын компетенциясы боюнча маселелер каралган жана тиешелүү чечимдер кабыл алынган. Аудит боюнча комитет ички аудит бөлүмүнүн 2011-жылдын жыйынтыктары боюнча отчетун угуп көрүп, анын 2012-2014-жылдарга каралган иш планын, ички аудиттин методологиясы боюнча ченемдик документтерин карап чыгуу менен бекиткен. Компьютердик жана программалык системалардын коопсуздугун камсыз кылуу жана штаттан тышкаркы жагдайлар келип чыккан шартта системалардын иштөө жөндөмдүүлүктөрүн камсыз кылуу боюнча чараларды иштеп чыгуу жагында маселелерди кароого көбүрөөк көңүл бурулган.

Аудит боюнча комитет тарабынан Улуттук банктын тышкы, ички аудитинин жана ички контролдук системасынын ишине баа берүү

жагында иштерге иликтөөлөр жүргүзүлүп, Улуттук банк Башкармасына ишти өркүндөтүү жана тобокелдиктерди минимизациялоо боюнча сунуш-көрсөтмөлөр берилген.

*Тобокелдик боюнча комитет*

Улуттук банктын ишине мүнөздүү болгон тобокелдиктерди минимизациялоо максатында Тобокелдиктер боюнча комитет өз ишин уланткан, 2011-жылы комитет 11 отурум өткөргөн. Тобокелдиктерди тескөө стратегиясына жана Тобокелдиктерди тескөө саясатына ылайык, келип чыккан пикир келишпестиктер маалымат базасынын түзүлүшүнө жана Улуттук банктын тобокелдиктеринин жыйынтыкталган картасынын түзүлүшүнө карата ыкмалар өркүндөтүлгөн. Улуттук банктын түзүмдүк бөлүмдөрүнүн тобокелдик карталарына ылайык Тобокелдиктер боюнча маалымдама жана Контролдук чаралардын тизмеси түзүлгөн жана бекитилген, бул ар кандай түзүмдүк бөлүмдөрдө орун алган тобокелдүү жагдайлар тууралуу маалыматтарды бирдиктүү маалымат базасына топтоого мүмкүндүк берет. Тобокелдиктер боюнча комитет операциялык тобокелдиктердин келип чыгышына түрткү берген тобокелдүү жагдайларды эсепке алуу карталарын чейрек сайын талдап турган. Улуттук банктын тиешелүү түзүмдүк бөлүмдөрүнө тобокелдиктерди минимизациялоо боюнча сунуш-көрсөтмөлөр бул иштин натыйжасы болуп сапалган, бул, жыйынтыгында, Улуттук банктын иш натыйжалуулугун жогорулатуу максатын көздөйт.

*Тажрыйба алмашуу максатында кызматтаттаршуу*

Ички аудитти уюштуруунун алдыңкы тажрыйбасына таянуу менен иш алып баруу максатында, ЕврАзЭСтин курамындагы өлкөлөрдүн борбордук банктарынын окуу борборлорунда өткөрүлгөн окуу семинарларынын алкагында, мына ошол борбордук банктардын ички аудит кызматтары менен кызматташуу иши туруктуу негизде улантылып келген.

## 6.6. Коомчулукка маалымат берүү

*Улуттук банктын маалыматтык-түшүндүрмө иштери*

Отчеттук жылы Улуттук банк коомчулукка борбордук банктын иши, ал тарабынан жүргүзүлүп жаткан акча-кредит саясаты жөнүндө маалымдоо жана республиканын финансы жана банк секторлорунда жүрүп жаткан процесстерди түшүндүрүү боюнча ишин уланткан. Коомчулукка маалымат берүү, расмий басылмаларды чыгаруу, маалыматтарды Улуттук банктын расмий веб-сайтына, жалпыга маалымдоо каражаттарына жайгаштыруу, ошондой эле теле жана радиоберүүлөрдү уюштуруу, брифингдерди жана пресс-конференцияларды, ошондой эле маалыматтык-түшүндүрмө берүү иш-чараларын өткөрүү аркылуу жүзөгө ашырылат.

Улуттук банк отчеттук жылы Улуттук банктын жетекчилигинин катышуусу менен акча-кредит саясатынын жыйынтыктары жөнүндө пресс-конференцияларды өткөрүүсүн уланткан. Ошондой эле, республиканын банк секторунда орун алган жагдайларды чечмелеп берүү максатында, үзгүлтүксүз пресс-конференциялар жүргүзүлгөн, алардын жүрүшүндө инфляция, баалардын жалпы деңгээлинин өсүшүн токтотуп туруу боюнча Улуттук банк тарабынан көрүлүүчү чаралар, чет өлкө валюталарынын курстарынын өзгөрүп турууcу жана банк тутумунун абалы жөнүндө суроолорго жооптор берилген. Мындан тышкары газета беттеринде, маалымат агенттиктеринин жана Улуттук банктын сайттарында, Улуттук банктын жетекчилигинин маектери, валюта жана финансы рынокторундагы абал тууралуу банк тутумунун жана өзүнчө коммерциялык банктардын абалы тууралуу атайын маалыматтык билдирүүлөр, ошондой эле алмашуу курсу боюнча чечмелөөлөр жайгаштырылган.

2011-жылы Улуттук банк, банк тутумунун туруктуулугун сактап калуу боюнча көрүлүп жаткан чаралар, республиканын финансы рынокторундагы жагдай, жүргүзүлүп жаткан акча-кредит саясаты, негизги макроэкономикалык көрсөткүчтөр жана Улуттук банктын алтынвалюталык камдарынын абалы тууралуу коомчулукка ыкчам маалымдап турган. Мындан тышкары, коммуналдык кызмат көрсөтүүлөргө жана байланыш кызмат көрсөтүүлөрүнө төлөөнүн жаңы ыкмасы-тике дебеттөөнү кошо алганда, нак эмес төлөмдөр системасын колдонууга киргизүү боюнча иш-чараларды ишке ашыруунун жүрүшү жөнүндө маалымат да жайгаштырылган. Көбүнчө, коммуналдык кызмат көрсөтүүлөрдү төлөөдө банктык эсепти тике дебеттөө кызмат көрсөтүүлөрүнөн пайдаланууга боло турган, бул инструменттин артыкчылыктары жана пайдалануунун баскычтары жарыяланып, ушул ыкма аркылуу кызмат көрсөтүүлөрүнө төлөөгө боло турган коммуналдык ишканалардын тизмеси келтирилген.

*Банктык эмес финансы-кредит мекемелеринин иши*

Жалпыга маалымдоо каражаттарында бизнес коомчулуктун нак чет өлкө валютасы менен алмашуу операцияларын жүргүзүү укугуна лицензия алуунун зарылчылыгы тууралуу маалыматтуулугун жогорулатуу жана лицензиясыз иш жүргүзүү фактыларын кыскартуу максатында, жалпы республикалык жана областтык газеталарда кыргыз жана орус тилдеринде статьялар жарык көргөн. Улуттук банктын адистери «Улуттук банк билдирет…» теле берүүлөрүнө катышышкан. Лицензияларды каттоо, кайтарып алуу жана аракетин убактылуу токтотуу тууралуу маалыматтар, ошондой эле банктык эмес финансы-кредит мекемелеринин башка маалыматтары кийинчерээк Улуттук банктын веб-сайтына жайгаштыруу менен Пресс-релиздерде жарыяланган.

2011-жылдын баш оона айында Кыргыз Республикасынын Президентинин катышуусу менен микрокаржылоо маселелери боюнча Борбордук Азия саммити өткөрүлгөн. Саммит, микрофинансылык сектордо инвесторлордун, донорлордун, Азербайжандын, Казакстандын, Кыргызстандын, Россия Федерациясынын, АКШнын, Тажикстандын жана Европа өлкөлөрүнүн мамлекеттик, финансылык жана жарандык секторлорунун алдыңкы адистеринин микрофинансылык сектордо орун алган проблемаларды кесипкөй талкуулоосунун мейкиндиги болуп калган. Мындан тышкары, Борбордук Азиялык аймакта, айрыкча, Кыргыз Республикасында микрофинансылык секторду өнүктүрүүнүн келечектери да талкууланган. Саммиттин катышуучулары Микрокаржылоонун 2011-2015-жылдарга өнүктүрүүнүн стратегиясында камтылган сунуштарды иштеп чыгышкан.

*Коллекциялык монеталар*

Кыргыз Республикасынын эгемендүүлүгүнүн 20 жылдыгына арналган, төрт түрдөгү юбилейлик монеталардын жүгүртүүгө чыгарылгандыгына байланыштуу, ошондой эле ЕврАзЭС өлкөлөрүнүн баалуу металлдардан коллекциялык монеталарды чыгаруу жана сатып өткөрүү боюнча эл аралык программасынын алкагында коллекциялык күмүш монеталардын чыгарылгандыгынан улам, жалпыга маалымдоо каражаттарынын катышуусу менен презентациялык иш-чаралар өткөрүлүп, Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын сайтына жайгаштырылган.

*Коомдук кабылдаманын иши*

Жыл ичинде жалпыга маалымдоо каражаттарынын өкүлдөрүнөн түшүп жаткан суроолорду эске алуу менен Улуттук банк тарабынан проблемалуу банктар жана аларга байланыштуу соттук териштирүүлөр боюнча түптөлгөн жагдайлар чечмеленип, жаңы коллекциялык монеталарды жүгүртүүгө чыгаруу жана микрокаржылоо секторун өнүктүрүүнүн келечектери деген темаларда маектер уюштурулган. Кат жүзүндөгү жооптор даярдалып, маектер, пресс-

конференциялар жана брифингдер уюштурулган.

2011-жылы, Улуттук банктын башкы офисиндеги, бардык областтык башкармалыктарында жана Баткен областындагы өкүлчүлүгүндө иштеген Коомдук кабылдамалардын ишинин алкагында, калайык-калк менен ишин камсыз кылуу боюнча иштер улантылган. Коомдук кабылдаманын иши калкка Улуттук банктын ыйгарым укугуна кирген бардык маселелер боюнча консультацияларды жана маалыматтарды сунуштоого; Банктын жетекчилиги жана адистери менен банк чөйрөсүнө тиешелүү маселелер боюнча жолугушууларды уюштурууга; кат жүзүндөгү арыздар жана кайрылуулар менен иштерге багытталган. Бүтүндөй 2011-жыл ичинде Улуттук банктын дарегине жарандардан 1546 кайрылуу түшкөн. Анын ичинде:

· 737 кайрылуу валюта курстарынын кыргыз сомуна карата катышы жана Улуттук банктын эсептик чени жөнүндө маалымкаттарды алуусу жөнүндө;

· 320 кайрылуу Кыргыз Республикасындагы коммерциялык банктардагы проблемалуу кредиттер боюнча;

· 159 кайрылуу Кыргыз Республикасындагы микрокредиттик уюмдардагы проблемалуу кредиттер жөнүндө;

· 103 кайрылуу эскилиги жеткен банкнотторду алмаштыруу тартиби жана улуттук валютанын коргоо касиеттери жөнүндө кайрылуу;

· 227 башка маселелер боюнча.

Келип түшкөн бардык суроолор боюнча жooптор берилген.

Бүтүндөй отчеттук мезгил ичинде коммерциялык банктар жана микрокредиттик уюмдардын карыз алуучуларынын ортосунда түшүндүрүү иштери жүргүзүлдү. Мындан тышкары, айрым коммерциялык банктардын жана микрокредиттик уюмдардын карыз алуучулары менен Улуттук банктын жетекчилигинин жолугушуулары уюштурулган, анда кредиттерди реструктуризациялоо боюнча маселелер талкууга алынган.

*Коммерциялык банктардын жетекчилери менен тегерек стол маектери*

Мурдагыдай эле, «Кыргыз банктар союзу» ЮЖБ менен биргеликте коммерциялык банктардын жана мамлекеттик башкаруу органдарынын жетекчилери менен жыл сайын өткөрүлүүчү тегерек-стол маектери уюштурулган. Тегерек стол маегинин жүрүшүндө финансы-кредит мекемелеринин ишине тиешелүү проблемалар талкууга алынды. Финансы-кредит мекемелеринин ишин жөнгө салуучу мыйзамдарды өркүндөтүү боюнча маселелер, ошондой эле «Кыргыз Республикасындагы банктар жана банк иши жөнүндө» мыйзамга өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизүү тууралуу», «Микрофинансылык уюмдар жөнүндө» мыйзамга өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизүү тууралуу» жана «Чет өлкө валютасындагы операцияар жөнүндө» мыйзам долбоорлору каралоого алынган. Мындан тышкары, терроризмди каржылоого жана кылмыш жолу менен алынган кирешелерди легализациялоого каршы аракеттерди көрүү боюнча чаралардын натыйжалуулугун жогорулатуу, коммерциялык банктардын Республикалык инкассация башкармалыгы, Кыргыз Республикасынын Ички иштер министрлигинин Мамлекеттик адистештирилген коргоо кызматынын башкы башкармалыгы менен өз ара иш алып баруусу жагында маселелер талкууга алынган. Ошондой эле, Кыргыз Республикасында лизингди өнүктүрүү боюнча маселелер да кеңири кароого алынган.

Тегерек стол маектеринин алкагында биргелешип иш алып баруу, банктык жана банктык эмес финансы секторунун ишине тиешелүү маселелер боюнча ченемдик актыларды иштеп чыгуу учурундагы кызматташуунун уландысы болуп саналат.

*«Улуттук банктын ролу жана функциялары» семинары*

Жыл ичинде Улуттук банк тарабынан коомчулукка Улуттук банктын акча-кредиттик саясаты жөнүндө кеңири маалымат берүү, өлкөнүн борбордук банкынын максаттарын жана милдеттерин чечмелөө, ошондой эле республиканын финансы жана банк секторунда орун алган жагдайлар тууралуу маалымат берүү максатында, «Улуттук банктын ролу жана функциялары» деген темада түшүндүрмө семинарларды өткөрүү улантылган.

*«Нацбанк-сообщает» теле-радио берүүлөр*

2011-жылы Улуттук банк «Нацбанк сообщает…» теле берүүсүн жана «Улуттук банк билдирет» радио берүүсүн үзгүлтүксүз чыгаруусун уланткан, бул берүүлөрдө Улуттук банкта жана республиканын банк секторунда болуп жаткан негизги окуялар чагылдырылган. Отчеттук мезгил ичинде теле жана радио берүүлөрдө «Улуттук банктын жаңы коллекциялык монеталары», «2011-жыл ичиндеги жасалма акча жасоочулукка иликтөөлөр», «Кыргыз Республикасынын нак эмес төлөмдөр жөнүндө», «Улуттук валютанын купюраларынын коргоо элементтери жөнүндө», «Ички валюта рыногундагы жагдай», «Алмашуу бюролорун лицензиялоо», «Банк тутумунун өнүгүү тенденциялары», ошондой эле башка темаларда теле-радио берүүлөр уюштурулган.

*Улуттук банктын веб-сайты*

Улуттук банктын расмий веб-сайты бардык тышкы пайдалануучуларга бирдей жеткиликтүү болууну камсыз кылуу менен коомчулукка маалымдоонун маанилүү инструменти болуп саналат. 2011-жылы сайттын жаңы бөлүмдөрүн жана бөлүкчөлөрүн түзүү боюнча иштер улантылган. Улуттук банктын веб-сайтын колдоо, актуалдаштыруу жана маалымдуулугун жогорулатуу максатында, ал кыргыз, орус жана англис тилдеринде улам жаңыртылып турат.

# III

# КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН УЛУТТУК БАНКЫНЫН 2011-ЖЫЛДЫН ҮЧТҮН АЙЫНЫН ОТУЗ БИРИНДЕ БҮТКӨН ЖЫЛ ҮЧҮН КОНСОЛИДАЦИЯЛАНГАН ФИНАНСЫЛЫК ОТЧЕТУ

# Мазмуну

Беттери

7.1. Көз карандысыз аудиторлордун отчету........................................................................1 (107)

7.2. 2011-жылдын үчтүн айынын отуз бирине
карата финансылык абал жөнүндө консолидацияланган отчет..........................................3 (109)

7.3. 2011-жылдын үчтүн айынын отуз биринде бүткөн жыл үчүн
түшкөн пайдалар жана кеткен чыгымдар жөнүндө консолидацияланган отчет...............4 (110)

7.4. 2011-жылдын үчтүн айынын отуз биринде бүткөн жыл үчүн чогуу
алгандагы киреше жөнүндө консолидацияланган отчет.....................................................5 (111)

7.5. 2011-жылдын үчтүн айынын отуз биринде бүткөн жыл үчүн акча
каражаттарынын жылышы жөнүндө консолидацияланган отчет ......................................6 (112)

7.6. 2011-жылдын үчтүн айынын отуз биринде бүткөн жыл үчүн
капиталдагы өзгөрүүлөр тууралуу консолидацияланган отчет..........................................8 (114)

7.7. 2011-жылдын үчтүн айынын отуз биринде бүткөн
жыл үчүн консолидацияланган отчетко карата түшүндүрмөлөр .......................................10 (116)

**«КПМГ Бишкек» ЖЧКсы**
Абдрахманов атындагы көчө, 191
Hyatt Regency Bishkek, 125-офис
Бишкек, Кыргызстан 720011

Телефон: +996 (312) 62 33 80
Факс: +996 (312) 62 38 56
E-mail kpmg@kpmg.kg

## Көз карандысыз аудиторлордун отчету

Кыргыз Республикасынын Улуттук банк Башкармасына

Биз, Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын жана анын туунду уюмдарынын (мындан ары - «Улуттук банк») 2011-жылдын үчтүн айынын отуз бирине карата финансылык абалы тууралуу консолидацияланган отчеттон, түшкөн пайдалар жана кеткен чыгымдар жөнүндө, чогуу алгандагы киреше жөнүндө, капиталдагы өзгөрүүлөр жөнүндө жана көрсөтүлгөн күнү бүткөн жыл ичиндеги акча каражаттарынын жылышы жөнүндөгү консолидацияланган отчеттордон жана эсептик саясаттын негизги жоболору жана башка түшүндүрмө маалыматтар кыскача баяндалган тиркемелерден турган, ушул консолидацияланган финансылык отчетко аудит жүргүздүк.

*Улуттук банктын жетекчилигинин консолидацияланган финансылык отчеттун даярдалышы үчүн жоопкерчилиги*

Жетекчилик, Кыргыз Республикасынын «Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы жөнүндө» мыйзамында чагылдырылгандай, ушул консолидацияланган финансылык отчеттун даярдалышы жана так берилиши, ошондой эле ак ниет иштебегендиктин же каталарга жол берүүнүн кесепетинен келип чыккан олуттуу бурмалоолорду камтыбаган консолидацияланган финансылык отчетту даярдоо максатында жетекчилик зарыл деп эсептеген, ички контролдук системасынын уюштурулушу үчүн жоопкерчиликтүү.

*Аудиторлордун жоопкерчилиги*

Жүргүзүлгөн аудиттин негизинде мына ушул консолидацияланган финансылык отчет жөнүндө ой-пикирди билдирүү - биздин жоопкерчилик. Биз аудитти, аудиттин эл аралык стандарттарына ылайык жүргүздүк. Бул стандарттар, этикалык нормалардын аудиторлор тарабынан милдеттүү түрдө сакталышын, ошондой эле консолидацияланган финансылык отчетто олуттуу бурмалоолор камтылбагандыгына жетиштүү ишенимге ээ болуу максатында аудитти пландаштырууну жана жүргүзүүнү бизден талап кылат.

Аудит, сандык көрсөткүчтөрдү жана консолидацияланган финансылык отчетто камтылган чечмелөөлөрдү тастыктаган аудитордук далилдерди алуу үчүн зарыл болгон жол-жоболорду жүргүзүүнү камтыйт. Талаптагыдай жол-жоболорду тандоо, ак ниет иштебегендиктин же каталарга жол берүүлөрдүн кесепетинен олуттуу бурмалоолор тобокелдигине баа берүүгө негизденген аудитордун ой-жүгүртүү предметинен болуп саналат. Мына ушундай тобокелдиктерге баа берүү процессинде аудитор, ички контролдук системасынын натыйжалуулугу боюнча пикир билдирүү максатын эмес, тиешелүү аудитордук жол-жоболорду тандоо максатында консолидацияланган финансылык отчеттун даярдалышын жана анын так берилишин камсыз кылган ички контролдук системасын кароого алат. Аудит ошондой эле, кабыл алынган эсепке алуу саясатынын максатка ылайыктуулугуна жана жетекчилик эсептеген баа берүү көрсөткүчтөрүнүн негиздүүлүгүнө, ошондой эле бүтүндөй консолидацияланган финансылык отчеттун берилишине баа берүүнү да камтыйт.

Биз, аудиттин жүрүшүндө алынган далилдер мына ушул консолидацияланган финансылык отчет боюнча аудитордук пикирди билдирүү үчүн жетиштүү жана ишенимдүү негиз болуп саналат деп эсептейбиз.

«КПМГ Бишкек» ЖЧКсы Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык каттоодон өткөн жана Швейцариянын мыйзамдарына ылайык катталган KPMG International Cooperative («KPMG International») ассоциациясына кирген KPMG көз карандысыз фирмалар түйүнүнүн мүчөсү KPMG Europe LLPнын контролдугунда турган компания.

KPMG

*Көз карандысыз аудиторлордун отчету*
*2-бет*

*Пикир*

Биздин пикирибиз боюнча, кароого сунушталган консолидацияланган финансылык отчетто 2011-жылдын үчтүн айынын отуз бирине карата Улуттук банктын ишинин бардык олуттуу аспектилери боюнча финансылык абалы, ошондой эле анын иш натыйжалары жана көрсөтүлгөн күндө бүткөн жыл ичиндеги акча каражаттарынын жылышы Кыргыз Республикасынын «Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы жөнүндө» мыйзам талабын аткаруу максатында, жетекчилик тарабынан аныкталган 2-түшүндүрмөдө баяндалган, финансылык отчетту даярдоо принциптеринин негизине ылайык, так чагылдырылган.

*Башка аспектилер*

Улуттук банктын 2010-жылдын үчтүн айынын отуз бирине карата абал боюнча жана ушул күнү бүткөн жыл үчүн консолидацияланган финансылык отчетуна аудитти башка аудиторлор жүргүзгөн. Алар 2011-жылдын чын куран айынын отуз бириндеги отчетто берилген финансылык отчетко тиешелүү алгылыктуу пикирлерин билдирген.

**«КПМГ Бишкек» ЖЧКсы**

2012-жылдын чын куран айынын жыйырма сегизи

***7.2. 2011-жылдын үчтүн айынын отуз бирине карата финансылык абал жөнүндө консолидацияланган отчет***

| | Эскертүү | 2011-ж<br>миң сом | 2010-ж<br>миң сом |
|---|---|---|---|
| **АКТИВДЕР** | | | |
| Баалуу металлдар | 4 | 6 140 237 | 5 500 912 |
| Банктардагы жана башка финансы мекемелериндеги каражаттар | 5 | 57 975 624 | 59 399 711 |
| Баалуу кагаздарды сатып алуу жана кайтара сатуу келишимдери боюнча алууга каралган эсептер | | - | 200 193 |
| Берилген кредиттер | 6 | 1 324 781 | 823 963 |
| Сатуу үчүн колдо болгон инвестициялар | 7 | 20 688 268 | 15 572 974 |
| Төлөөгө чейин кармалып туруучу инвестициялар | 8 | 2 913 864 | 3 456 074 |
| Репо-келишими боюнча күрөөгө коюлган, төлөөгө чейин кармалып туруучу инвестициялар | 8 | 207 252 | 70 793 |
| Негизги каражаттар | 9 | 556 268 | 526 437 |
| Материалдык эмес активдер | 10 | 2 552 | 6 707 |
| Жана башка активдер | 11 | 1 034 223 | 994 451 |
| **Жыйынтыгында, активдер** | | **90 843 069** | **86 552 215** |
| **МИЛДЕТТЕНМЕЛЕР** | | | |
| Жүгүртүүдөгү банкноттор жана монеталар | 12 | 49 866 936 | 43 290 296 |
| Банктардын жана башка финансы мекемелеринин каражаттары | 13 | 5 606 284 | 5 612 963 |
| Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн каражаттары | 14 | 6 492 329 | 7 246 698 |
| Баалуу кагаздарды сатуу жана кайтара сатып алуу келишимдери боюнча төлөөгө каралган эсептер | | 207 410 | 70 806 |
| Чыгарылган карыздык баалуу кагаздар | 15 | 1 359 219 | 667 860 |
| Алынган кредиттер | 16 | 5 590 609 | 6 803 926 |
| Бөлүштүрүү тартибинде ЭВФтен алынган АКУ (СПЗ) боюнча милдеттенмелер | 17 | 6 030 055 | 6 096 568 |
| Башка милдеттенмелер | 18 | 94 096 | 139 185 |
| **Жыйынтыгында, милдеттенмелер** | | **75 246 938** | **69 928 302** |
| **КАПИТАЛ** | 19 | | |
| Уставдык капитал | | 1 000 000 | 1 000 000 |
| Милдеттүү камдар | | 2 278 165 | 1 805 025 |
| Баалуу металлдарды жана чет өлкө валюталарын кайра баалоо боюнча кам | | 10 009 818 | 12 200 552 |
| Сатуу үчүн колдо болгон инвестицияларды кайра баалоо боюнча кам | | 57 047 | 1 123 |
| Бөлүштүрүлбөгөн пайда | | 2 251 101 | 1 617 213 |
| **Жыйынтыгында, капитал** | | **15 596 131** | **16 623 913** |
| **Бардыгы болуп, милдеттенмелер жана капитал** | | **90 843 069** | **86 552 215** |

**Асанкожоева З.М.**
*Улуттук банктын Төрагасы*

2012-жылдын чын куран айынын
жыйырма сегизи
Бишкек ш.
Кыргыз Республикасы

**Айдаркулов Ш.А.**
*Улуттук банктын башкы бухгалтери*

2012-жылдын чын куран айынын
жыйырма сегизи
Бишкек ш.
Кыргыз Республикасы

Финансылык абал жөнүндө консолидацияланган отчет, ушул консолидацияланган финансылык отчеттун ажырагыс бөлүгү болуп саналган тиркемелер менен кошо кароого алынууга тийиш.

***7.3. 2011-жылдын үчтүн айынын отуз биринде бүткөн жыл үчүн түшкөн пайдалар жана кеткен чыгымдар жөнүндө консолидацияланган отчет***

| | Эскертүү | 2011-ж. миң сом | 2010-ж. миң сом |
|---|---|---|---|
| Пайыздык кирешелер | 20 | 1 371 738 | 944 288 |
| Пайыздык чыгашалар | 20 | (270 268) | (75 427) |
| **Таза пайыздык киреше** | | **1 101 470** | **868 861** |
| Комиссиондук кирешелер | | 13 168 | 11 672 |
| Комиссиондук чыгашалар | | (1 111) | (740) |
| **Таза комиссиондук киреше** | | **12 057** | **10 932** |
| Активдердин баасынын түшүүсүнө камды калыбына келтирүү/(топтоо) | 21 | 36 027 | (45 479) |
| Баалуу металлдар жана чет өлкө валютасы менен операциялар боюнча таза пайда | 22 | 1 650 096 | 1 354 237 |
| Башка кирешелер | | 89 110 | 18 369 |
| **Таза пайыздык эмес киреше** | | **1 775 233** | **1 327 127** |
| **Операциялык кирешелер** | | **2 888 760** | **2 206 920** |
| Жүгүртүүгө чыгарылган банкнотторду жана монеталарды даярдатууга кеткен чыгашалар | | (194 403) | (174 279) |
| Административдик чыгашалар | 23 | (459 479) | (410 428) |
| Башка чыгашалар | | (23 857) | (8 811) |
| **Операциялык чыгашалар** | | **(677 739)** | **(593 518)** |
| **Жыл ичинде алынган пайда** | | **2 211 021** | **1 613 402** |

______________________________

**Асанкожоева З.М.**
*Улуттук банктын Төрагасы*

2012-жылдын чын куран айынын
жыйырма сегизи
Бишкек ш.
Кыргыз Республикасы

______________________________

**Айдаркулов Ш.А.**
*Улуттук банктын башкы бухгалтери*

2012-жылдын чын куран айынын
жыйырма сегизи
Бишкек ш.
Кыргыз Республикасы

Түшкөн пайдалар жана кеткен чыгымдар жөнүндө консолидацияланган отчет, ушул консолидацияланган финансылык отчеттун ажырагыс бөлүгү болуп саналган тиркемелер менен кошо кароого алынууга тийиш.

***7.4. 2011-жылдын үчтүн айынын отуз биринде бүткөн жыл үчүн чогуу алгандагы киреше жөнүндө консолидацияланган отчет***

| | 2011-ж. миң сом | 2010-ж. миң сом |
|---|---|---|
| **Жыл ичинде алынган пайда** | **2 211 021** | **1 613 402** |
| **Башка чогуу алгандагы киреше** | | |
| Чет өлкө валюталарын жана баалуу металлдарды кайра баалоо камы: | | |
| - Чет өлкө валютасындагы активдерди жана милдеттенмелерди, баалуу металлдарды кайра баалоодон (чыгым)/пайда | (675 650) | 4 808 756 |
| - Чет өлкө валютасы жана баалуу металлдар менен операциялардан алынган, пайданын же чыгымдын курамына которулган таза пайда | (1 515 084) | (1 323 545) |
| Сатуу үчүн колдо болгон инвестицияларды кайра баалоодон таза пайда/(чыгым) | 55 924 | (755) |
| **Жыл ичинде алынган чогуу алгандагы башка кирешелер** | **(2 134 810)** | **3 484 456** |
| **Жыйынтыгында, жыл ичиндеги чогуу алгандагы киреше** | **76 211** | **5 097 858** |

_______________________________

**Асанкожоева З.М.**
*Улуттук банктын Төрагасы*

2012-жылдын чын куран айынын
жыйырма сегизи
Бишкек ш.
Кыргыз Республикасы

_______________________________

**Айдаркулов Ш.А.**
*Улуттук банктын башкы бухгалтери*

2012-жылдын чын куран айынын
жыйырма сегизи
Бишкек ш.
Кыргыз Республикасы

Чогуу алгандагы киреше жөнүндө консолидацияланган отчет, ушул консолидацияланган финансылык отчеттун ажырагыс бөлүгү болуп саналган тиркемелер менен кошо кароого алынууга тийиш.

*7.5. 2011-жылдын үчтүн айынын отуз биринде бүткөн жыл үчүн акча каражаттарынын жылышы жөнүндө консолидацияланган отчет*

| | 2011-ж<br>миң сом | 2010-ж<br>миң сом |
|---|---|---|
| **ОПЕРАЦИЯЛЫК ИШКЕРДИКТЕН АКЧА КАРАЖАТТАРЫНЫН ЖЫЛЫШЫ** | | |
| Пайыздар жана алынган комиссиондук төлөмдөр | 958 650 | 691 010 |
| Пайыздар жана төлөнгөн комиссиондук төлөмдөр | (178 115) | (32 072) |
| Чет өлкө валютасы менен операциялар боюнча өздөштүрүлгөн (реализацияланган) пайда | 135 012 | 30 695 |
| Башка кирешелер | 43 664 | 11 884 |
| Эмгек акы боюнча чыгашалар | (261 483) | (234 061) |
| Административдик чыгашалар | (356 809) | (339 911) |
| **Операциялык активдердин жана милдеттенмелердин өзгөрүүсүнө чейинки операциялык иштен акча каражаттарынын агылып кириши** | **340 919** | **127 545** |
| **Операциялык активдердин (көбөйүүсү)/ азаюусу** | | |
| Баалуу металлдар | (63 663) | - |
| Банктардагы жана башка финансы мекемелериндеги каражаттар | 3 631 723 | (3 812 319) |
| Сатуу үчүн колдо болгон инвестициялар | (5 605 179) | 6 917 388 |
| Берилген кредиттер | (499 493) | (760 048) |
| Баалуу кагаздарды сатып алуу жана кайтара сатуу келишимдери боюнча алууга каралган эсептер | 200 000 | (200 000) |
| Башка активдер | (28 622) | (89 532) |
| **Операциялык милдеттенмелердин көбөйүүсү /(азаюусу)** | | |
| Жүгүртүүдөгү банкноттор жана монеталар | 6 576 640 | 7 551 608 |
| Банктардын жана башка финансы мекемелеринин каражаттары | 2 590 | (3 265 046) |
| Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн каражаттары | (955 857) | 3 147 947 |
| Операциялык иштин жүрүшүндө чыгарылган/ (төлөнгөн) карыздык балуу кагаздар | 686 237 | (391 963) |
| Баалуу кагаздарды сатуу жана кайтара сатып алуу келишимдери боюнча төлөөгө карата эсептер | 136 046 | 70 790 |
| Башка милдеттенмелер | (40 451) | 49 149 |
| **Операциялык иштен акча каражаттарынын таза агылып кирүүсү** | **4 380 890** | **9 345 519** |

Акча каражаттарынын жылышы жөнүндө консолидацияланган отчет, ушул консолидацияланган финансылык отчеттун ажырагыс бөлүгү болуп саналган тиркемелер менен кошо кароого алынууга тийиш.

*7.5. 2011-жылдын үчтүн айынын отуз биринде бүткөн жыл үчүн акча каражаттарынын жылышы жөнүндө консолидацияланган отчет*

| | 2011-ж<br>миң сом | 2010-ж<br>миң сом |
|---|---|---|
| **ИНВЕСТИЦИЯЛЫК ИШТЕН АКЧА КАРАЖАТТАРЫНЫН ЖЫЛЫШЫ** | | |
| Негизги каражаттарга жана материалдык эмес активдерге ээ болуу | (93 639) | (89 971) |
| Төлөөгө чейин кармалып туруучу инвестицияларды сатып алуудан түшүүлөр | 578 940 | 164 352 |
| Консолидацияланбаган туунду ишкананын ишин токтотуусунан түшүүлөр | 45 755 | - |
| Төлөөгө чейин кармалып туруучу инвестицияларга ээ болуу | (800 000) | - |
| Төлөөгө чейин кармалып туруучу инвестициядан алынган пайда | 153 257 | 122 414 |
| Алынган дивиденддер | - | 6 792 |
| **Инвестициялык ишкердиктен акча каражаттарынын (агылып чыгышы)/агылып кириши** | **(115 687)** | **203 587** |
| **ФИНАНСЫЛЫК ИШТЕН АКЧА КАРАЖАТТАРЫНЫН ЖЫЛЫШЫ** | | |
| Алынган кредиттердин түшүүсү | 9 418 | **-** |
| Алынган кредиттердин ордунун жабылышы | (1 176 809) | (1 062 323) |
| **Финансылык иштен акча каражаттарынын агылып чыгышы** | **(1 167 391)** | **(1 062 323)** |
| **Акча каражаттарынын жана алардын эквиваленттеринин таза көбөйүүсү** | **3 097 812** | **8 486 783** |
| Чет өлкө валюталарынын акча каражаттарына жана алардын эквиваленттерине курстарынын өзгөрүүсүнүн таасири | (382 896) | 1 908 100 |
| Жыл башына карата акча каражаттары жана алардын эквиваленттери | 26 104 458 | 15 709 575 |
| Жыл акырына карата акча каражаттары жана алардын эквиваленттери (5-түшүндүрмө) | **28 819 374** | **26 104 458** |

**Асанкожоева З.М.**
*Улуттук банктын Төрагасы*

2012-жылдын чын куран айынын жыйырма сегизи
Бишкек ш.
Кыргыз Республикасы

**Айдаркулов Ш.А.**
*Улуттук банктын башкы бухгалтери*

2012-жылдын чын куран айынын жыйырма сегизи
Бишкек ш.
Кыргыз Республикасы

Акча каражаттарынын жылышы жөнүндө консолидацияланган отчет, ушул консолидацияланган финансылык отчеттун ажырагыс бөлүгү болуп саналган тиркемелер менен кошо кароого алынууга тийиш.

*7.6. 2011-жылдын үчтүн айынын отуз биринде бүткөн жыл үчүн капиталдагы өзгөрүүлөр жөнүндө отчет*

| миң сом | Уставдык капитал | Милдеттүү кам | Сатуу үчүн колдо болгон инвестиция-ларды кайра баалоо боюнча кам | Баалуу металлдарды жана чет өлкө валюталарын кайра баалоо боюнча кам | Бөлүштү-рүлбөгөн пайда | Жыйынты-гында |
|---|---|---|---|---|---|---|
| 2010-жылдын бирдин айынын бирине карата калдык | 300 000 | 1 614 322 | 1 878 | 8 715 341 | 720 487 | 11 352 028 |
| **Жыйынтыгында, чогуу алгандагы киреше** | | | | | | |
| Жыл ичинде алынган пайда | - | - | - | - | 1 613 402 | 1 613 402 |
| **Башка чогуу алгандагы киреше** | | | | | | |
| Сатуу үчүн колдо болгон инвестицияларды кайра баалоодон таза чыгым | - | - | (755) | - | - | (755) |
| Чет өлкө валютасындагы активдерди жана милдеттенмелерди баалуу металлдарды кайра баалоодон алынган пайда | - | - | - | 4 808 756 | - | 4 808 756 |
| Чет өлкө валютасы жана баалуу металлдар менен операциялар боюнча пайда же чыгымдын курамына которулган таза пайда | - | - | - | (1 323 545) | - | (1 323 545) |
| **Жыйынтыгында, башка чогуу алгандагы киреше** | **-** | **-** | **(755)** | **3 485 211** | **-** | **3 484 456** |
| **Жыйынтыгында, жыл ичиндеги чогуу алгандагы киреше** | **-** | **-** | **(755)** | **3 485 211** | **1 613 402** | **5 097 858** |
| **Түздөн-түз капиталдын курамында чагылдырылган операциялар** | | | | | | |
| Уставдык капиталдын көбөйүүсү | 619 000 | - | - | - | - | 619 000 |
| Бөлүштүрүлбөгөн пайданы уставдык капиталга которуу | 81 000 | - | - | - | (81 000) | - |
| Өткөн жылдын пайдасын мамлекеттик бюджетке бөлүштүрүү | - | - | - | - | (444 973) | (444 973) |
| Милдеттүү камга которуу | - | 190 703 | - | - | (190 703) | - |
| **Жыйынтыгында** | **700 000** | **190 703** | **-** | **-** | **(716 676)** | **174 027** |
| **2010-жылдын үчтүн айынын отуз бирине карата калдык** | **1 000 000** | **1 805 025** | **1 123** | **12 200 552** | **1 617 213** | **16 623 913** |

Капиталдагы өзгөрүүлөр жөнүндө консолидацияланган отчет, ушул консолидацияланган финансылык отчеттун ажырагыс бөлүгү болуп саналган тиркемелер менен кошо кароого алынууга тийиш.

*7.6. 2011-жылдын үчтүн айынын отуз биринде бүткөн жыл үчүн капиталдагы өзгөрүүлөр жөнүндө отчет*

| **миң сом** | **Уставдык капитал** | **Милдеттүү кам** | **Сатуу үчүн колдо болгон инвестицияларды кайра баалоо боюнча кам** | **Баалуу металдарды жана чет өлкө валюталарын кайра баалоо боюнча кам** | **Бөлүштүрүлбөгөн пайда** | **Жыйынтыгында** |
|---|---|---|---|---|---|---|
| 2011-жылдын бирдин айынын бирине карата калдык | 1 000 000 | 1 805 025 | 1 123 | 12 200 552 | 1 617 213 | 16 623 913 |
| **Жыйынтыгында, чогуу алгандагы киреше** | | | | | | |
| Жыл ичинде алынган пайда | - | - | - | - | 2 211 021 | 2 211 021 |
| **Жыйынтыгында, башка чогуу алгандагы киреше** | | | | | | |
| Сатуу үчүн колдо болгон инвестицияларды кайра баалоодон таза пайда | - | - | 55 924 | - | - | 55 924 |
| Чет өлкө валютасындагы активдерди жана милдеттенмелерди, баалуу металлдарды кайра баалоодон чыгым | - | - | - | (675 650) | - | (675 650) |
| Чет өлкө валютасы жана баалуу металлдар менен операциялардан түшкөн пайда же чыгымдын курамына которулган таза пайда | - | - | - | (1 515 084) | - | (1 515 084) |
| **Жыйынтыгында, башка чогуу алгандагы киреше** | **-** | **-** | **55 924** | **(2 190 734)** | **-** | **(2 134 810)** |
| **Жыйынтыгында, жыл ичиндеги чогуу алгандагы киреше** | **-** | **-** | **55 924** | **(2 190 734)** | **2 211 021** | **76 211** |
| **Түздөн-түз капиталдын курамында чагылдырылган операциялар** | | | | | | |
| Өткөн жылдын пайдасын мамлекеттик бюджетке бөлүштүрүүлөр | - | - | - | - | (1 103 993) | (1 103 993) |
| Милдеттүү камга которуу | - | 473 140 | - | - | (473 140) | - |
| **Жыйынтыгында** | **-** | **473 140** | **-** | **-** | **(1 577 133)** | **(1 103 993)** |
| **2011-жылдын үчтүн айынын отуз бирине карата калдык** | **1 000 000** | **2 278 165** | **57 047** | **10 009 818** | **2 251 101** | **15 596 131** |

**Асанкожоева З.М.**
*Улуттук банктын Төрагасы*

2012-жылдын чын куран айынын
жыйырма сегизи
Бишкек ш.
Кыргыз Республикасы

**Айдаркулов Ш.А.**
*Улуттук банктын башкы бухгалтери*

2012-жылдын чын куран айынын
жыйырма сегизи
Бишкек ш.
Кыргыз Республикасы

Капиталдагы өзгөрүүлөр жөнүндө консолидацияланган отчет, ушул консолидацияланган финансылык отчеттун ажырагыс бөлүгү болуп саналган тиркемелер менен кошо кароого алынууга тийиш.

*7.7. 2011-жылдын үчтүн айынын отуз биринде бүткөн жыл үчүн консолидацияланган финансылык отчетко карата түшүндүрмөлөр*

# 1 Негизги жоболор

## (а) Уюм жана анын негизги иши

Бул консолидацияланган финансылык отчетто Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын (мындан ары - Улуттук банк) финансылык отчету жана анын туунду мекемеси - «Банктарды рефинансылоонун адистештирилген фондусу» ЖЧКсынын (мындан ары биргелешип «Улуттук банк» деп аталуучулардын) финансылык отчетун камтыйт.

Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы Кыргыз Республикасынын Мамлекеттик банкынын укугу өткөн мекеме болуп саналат жана 1992-жылдын үчтүн айынын он экисинде «Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы жөнүндө» мыйзамдын кабыл алынышына байланыштуу, Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы деп аталып калган. 1997–жылдын баш оона айынын экисинде Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңеши (Парламент) «Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы жөнүндө» жаңы мыйзамды кабыл алып, ал бүгүнкү күндө да сунушталган толуктоолорду жана өзгөртүүлөрдү эске алуу менен Улуттук банктын ишин жөнгө салып келет.

Кыргыз Республикасында баанын жалпы деңгээлинин туруктуашуусун камсыз кылуу Улуттук банктын негизги иш максатынан болуп саналат. Мына ушул негизги максатты жүзөгө ашыруу үчүн төмөнкү милдеттерди аткаруу Улуттук банкка жүктөлгөн: мамлекеттин акча-кредит саясатын аныктоо жана жүргүзүү; төлөм системасын жана банктар аралык төлөмдөрдү натыйжалуу өнүктүрүүгө өбөлгө түзүү; банкнотторду жана монеталарды жүгүртүүгө чыгаруу; эл аралык валюта камдарын тескөөгө алуу; коммерциялык банктардын ишин жөнгө салуу жана көзөмөлдөө; банк жана башка финансы-кредиттик ишкердикти лицензиялоо. Улуттук банк Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн агенти катары да иш алып барат.

Улуттук банктын юридикалык дареги: Кыргыз Республикасы, 720040 Бишкек ш., Т.Үмөталиев атындагы көчө, 101.

2011 жана 2010-жылдардын үчтүн айынын отуз бирине карата абал боюнча өлкө аймагында Улуттук банктын беш областтык башкармалыгы жана бир өкүлчүлүгү региондордо иштеп турган.

2011 жана 2010-жылдардын үчтүн айынын отуз бирине карата абал боюнча Улуттук банктын кызматкерлеринин жалпы саны, тиешелүүлүгүнө жараша 565 жана 570 адамды түзгөн.

Улуттук банк «Банктарды рефинансылоонун адистештирилген фондусу» ЖЧКсында 100% катышуу үлүшүнө ээ. Мындан тышкары, Улуттук банк «Республикалык инкассация башкармалыгы» мамлекеттик ишканасынын ишин контролдойт.

«Кыргыз Республикасында кредиттик союздарды колдоо жана өнүктүрүү боюнча финансы компаниясы» ЖЧКсынын жана «Республикалык инкассация башкармалыгы» мамлекеттик ишканасынын финансылык отчеттору Улуттук банктын 2011 жана 2010-жылдардын үчтүн айынын отуз биринде бүткөн жылдар үчүн финансылык отчетторуна консолидацияланбайт жана алар Улуттук банктын консолидацияланган отчетуна анчалык деле таасир эте албайт.

«Банктарды рефинансылоонун адистештирилген фондусу» ЖЧКсынын финансылык отчету ушул финансылык отчетко консолидацияланган.

Бул консолидацияланган финансылык отчет Улуттук банк Башкармасы тарабынан 2012-жылдын чын куран айынын жыйырма сегизинде бекитилген.

*7.7. 2011-жылдын үчтүн айынын отуз биринде бүткөн жыл үчүн консолидацияланган финансылык отчетко карата түшүндүрмөлөр*

# 1 Негизги жоболор, уландысы

**(б) Кыргыз Республикасында финансылык-чарбалык ишкердикти жүзөгө ашыруу шарттары**

Акыркы жылдары Кыргыз Республикасында олуттуу саясий, экономикалык жана социалдык өзгөрүүлөр жүрүүдө. Өткөөл экономиканы башынан кечирип жаткан өлкөдөн болгон Кыргыз Республикасы, экономикасы кыйла өнүккөн өлкөлөрдө иштеп жаткан, жакшы өнүгүү жолуна багытталган коммерциялык жана жөнгө салуучу инфраструктураларга ээ эмес. Ушундан улам, республикада финансылык-чарбалык ишкердикти жүзөгө ашыруу, рынок экономикасы шартында өнүгүп жаткан өлкөлөр үчүн мүнөздүү болбогон тобокелдиктер менен коштолот. Мындан тышкары, Кыргыз Республикасынын экономикасы башка өлкөлөрдөгү капитал рынокторунда орун алып турган туруксуз жагдайлардын жана экономикалык өсүштүн басаңдоосунун таасирине дале дуушарланууда. Бул консолидацияланган финансылык отчет орун алып турган белгисиздик жагдайларынын келечекте аныкталышынын натыйжасында келип чыгышы мүмкүн болгон кандайдыр бир корректировкалоолорду камтыбайт. Мындай корректировкалоолор орун алса, алар качан гана маалым болуп жана аларга баа берүү мүмкүн болгон учурда гана консолидацияланган финансылык отчетто чагылдырылат.

# 2 Финансылык отчетту даярдоонун негизги принциптери

**(а) Финансылык отчеттуулуктун эл аралык стандарттарына (ФОЭСке) ылайык келүү жөнүндө билдирүү**

Кыргыз Республикасынын «Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы жөнүндө» мыйзам талабына ылайык, Улуттук банк Финансылык отчеттуулуктун эл аралык стандарттарына негизденген, белгилүү бир модификациялары менен бухгалтердик эсепке алуу саясатын жана ыкмаларын өз алдынча аныктайт.
Бул консолидацияланган финансылык отчет, Улуттук банк Башкармасы тарабынан 2003-жылдын үчтүн айынын онунда бекитилген Улуттук банктын эсепке алуу саясатына, акыркысы 2010-жылдын чын куран айынын отуз биринде киргизилген, Улуттук банк аны Борбордук банктын иш мүнөзүнө ылайык келген катары караган бардык түзөтүүлөрү менен кошо, Улуттук банктын финансылык абалын жана анын иш натыйжаларын так чагылдыруу максатында даярдалган. Кыргыз Республикасынын «Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы жөнүндө» мыйзамына ылайык, Улуттук банк төмөндө чагылдырылган, мыйзамдарда белгиленген модификацияларды эске албаганда, Финансылык отчеттуулуктун эл аралык стандарттары боюнча комитет (ФОЭСК), Финансылык отчеттуулуктун эл аралык стандарттарына жана Финансылык отчеттуулуктун эл аралык стандарттарын чечмелөө боюнча комитет (ФОЭСЧК) тарабынан чыгарылган чечмелөөлөргө негизденген эсепке алуу саясатын жана бухгалтердик эсепке алуу ыкмаларын өзү үчүн белгилейт:

Баалуу металлдар рыноктук наркында эсепке алынат. Ал эми баалуу металлдарды жана чет өлкө валютасындагы активдерди жана милдеттенмелерди кайра баалоодон жалпы таза өздөштүрүлбөгөн (реализацияланбаган) пайда башка чогуу алгандагы кирешелер эсебинде, өздүк капитал курамында түздөн-түз таанылат. Алтынды жана күмүштү, чет өлкө валютасындагы активдерди жана милдеттенмелерди учурдагы рыноктук баада кайра баалоодон өздөштүрүлбөгөн жалпы таза чыгым, түшкөн пайдалар жана кеткен чыгымдар жөнүндө консолидацияланган отчетто, өткөн мезгилдердин таза өздөштүрүлбөгөн пайдасынан ашкан бөлүгүндө таанылат. Мындай болбосо ал, түздөн-түз капиталдагы башка чогуу алгандагы кирешени азайтат. Баалуу металлдарды жана чет өлкө валютасындагы активдерди жана милдеттенмелерди таанууну токтотуу учурунда, мурда капиталдын курамында таанылган топтолгон пайда же чыгым, түшкөн пайдалар жана кеткен чыгымдар жөнүндөгү консолидацияланган отчетто таанылат.

*7.7. 2011-жылдын үчтүн айынын отуз биринде бүткөн жыл үчүн консолидацияланган финансылык отчетко карата түшүндүрмөлөр*

## 2 Финансылык отчетту даярдоонун негизги принциптери, уландысы

### (б) Наркты аныктоо үчүн база

Консолидацияланган финансылык отчет, алардын өзгөрүүсү бир мезгил ичиндеги пайданын же чыгымдын курамында чагылдырылган, адилет наркы боюнча бааланган баалуу металлдарды, финансылык инструменттерди жана адилет наркы боюнча чагылдырылган сатуу үчүн колдо болгон инвестицияларды эске албаганда, айкын сарптоолор боюнча эсепке алуу принциптерине ылайык даярдалган.

### (в) Функционалдык валюта жана консолидацияланган финансылык отчеттун маалыматтарын чагылдырган валюта

Улуттук банктын функционалдык валютасы болуп, кыргыз сому саналат. Кыргыз Республикасынын улуттук валютасы болуу менен ал, Улуттук банк жүргүзгөн көпчүлүк операциялардын жана банктын ишине таасир эткен башка жагдайлардын экономикалык маңызын эң мыкты чагылдырып көрсөтө алат. Кыргыз сому ошондой эле, ушул консолидацияланган финансылык отчеттун маалыматтарын чагылдырган валюта болуп да эсептелет.

Финансылык маалыматтар сом түрүндө берилген жана бүтүндөй миңге чейин тегеректелген.

### (г) Кесипкөйлүк ой-жүгүртүүлөрдү, эсептик баа берүүлөрдү жана жол берүүлөрдү пайдалануу

Жетекчилик, активдердин жана милдеттенмелердин чагылдырылышына жана ушул отчетту даярдоодо шарттуу активдердин жана милдеттенмелердин чечмеленишине карата бир катар баа берүүлөрдү жана болжолдоолорду пайдаланат. Айкын натыйжалар көрсөтүлгөн баа берүүлөрдөн айырмаланышы мүмкүн.

Атап айтканда, эсепке алуу саясатынын принциптерин колдонууда олуттуу так аныкталбаган баа берүүлөргө жана орчундуу мотивацияланган пикирлерге карата маалыматтар 5-6-түшүндүрмөлөрдө – мөөнөттүү депозиттердин жана жергиликтүү коммерциялык банктар тарабынан берилген кредиттердин баасынын түшүүсүнө баа берүүлөрдө чагылдырылган.

## 3 Эсепке алуу саясатынын негизги жоболору

Эсепке алуу саясатынын төмөндө баяндалган жоболору ушул консолидацияланган финансылык отчеттогу бардык мезгилдерде ырааттуу колдонулган.

### (а) Консолидациялоо принциптери

Улуттук банк, алардын ишине контролдукту жүзөгө ашыруу укугуна ээ болгон мекемелерди билдирген туунду уюмдарын, 1(а) түшүндүрмөсүндө келтирилген уюмдарды эске албаганда, консолидациялайт. Туунду уюмдардын финансылык отчеттору Улуттук банкка контролдукту өткөрүп берген күндөн тартып, контролдук анык токтотулган күнгө чейинки консолидацияланган финансылык отчетко кошулат. Уюмдар ичиндеги бардык операциялар, мындай операциялар боюнча карыз калдыктары, ошондой эле топтун курамына кирген компаниялар ортосунда операцияларды ишке ашыруу процессинде келип чыккан, өздөштүрүлбөгөн пайдалар алынып салынат, эгерде, өткөрүлүп берилген активдин баасынын түшүүсү белгилери байкалбаса, өздөштүрүлбөгөн (реализацияланбаган) чыгымдар да алынып салынат. Зарыл учурларда туунду уюмдардын финансылык отчетуна, Улуттук банк кабыл алган саясатка алардын ылайык келүүсүн камсыз кылуу максатында, өзгөртүүлөр киргизилген.

## 3 Эсепке алуу саясатынын негизги жоболору, уландысы

### (б) Баалуу металлдар

Баалуу металлдар консолидацияланган финансылык отчетто отчеттук күнгө карата рыноктук наркы боюнча эсепке алынат. Рыноктук нарк Баалуу металлдар рыногунун Лондон ассоциациясы белгилеген таңкы фиксингдин негизинде белгиленет. Алтынды рыноктук наркы боюнча кайра баалоодон түшкөн пайда, башка чогуу алгандагы кирешенин консолидацияланган эсептеринде, түздөн-түз капиталда чагылдырылат. Кайра баалоодон чыгым, түшкөн пайдалар жана кеткен чыгымдар жөнүндөгү консолидацияланган отчетто, капиталдын курамындагы чогуу алгандагы башка кирешелер эсебинде таанылган, кайра баалоодон мурдатан топтолуп калган кирешелерден ашкан сумма чегинде чагылдырылат. Алтынга карата өздөштүрүлгөн пайда жана чыгым, түшкөн пайдалар жана кеткен чыгымдар боюнча консолидацияланган отчетто эсепке алынат.

### (в) Чет өлкө валютасындагы операциялар

Чет өлкө валютасындагы операциялар Улуттук банктын тиешелүү функционалдык валютасына, операциялар ишке ашырылган күнү колдонулган валюта курсу боюнча которулат. Отчеттук күнгө карата чет өлкө валютасында туюндурулган акчалай активдер жана милдеттенмелер отчеттук күнү күчүндө турган валюта курсу боюнча функционалдык валютага которулат. Чет өлкө валютасында туюндурулган акчалай активдер жана милдеттенмелер менен операциялардан түшкөн пайда же чыгым, бир мезгилдин башталышына карата абал боюнча функционалдык валютадагы, эффективдүү пайыздык чен боюнча чегерилген пайыздардын өлчөмүнө корректировкаланган амортизациялык нарк жана бир мезгил ичиндеги төлөөлөр менен отчеттук мезгилдин акырына карата алынган валюта курсу боюнча функционалдык валютага которулган, чет өлкө валютасындагы амортизациялык нарк ортосундагы айырманы түшүндүрөт. Чет өлкө валютасында туюндурулган, адилет наркы боюнча бааланган акчалай эмес активдер жана милдеттенмелер, адилет наркты аныктоо күнүнө карата күчүндө турган валюта курсу боюнча функционалдык валютага которулат. Чет өлкө валютасына которуунун натыйжасында келип чыккан курстук айырма, капиталдын курамындагы чогуу алгандагы башка киреше катары чагылдырылат. Кайра баалоодон чыгымдар түшкөн пайдалар жана кеткен чыгымдар жөнүндө консолидацияланган отчетто, чогуу алгандагы башка кирешелер эсебинде таанылган, кайра баалоодон мурдатан топтолуп келген кирешелерден ашкан сумма чегинде чагылдырылат. Чет өлкө валютасында туюндурулган жана айкын сарптоолор боюнча чагылдырылган акчалай эмес активдер жана милдеттенмелер, операция ишке ашырылган күнгө карата күчүндө турган валюта курсу боюнча функционалдык валютага которулат. Чет өлкө валютасындагы операциялардан өздөштүрүлгөн пайда же чыгым, түшкөн пайдалар жана кеткен чыгымдар жөнүндө консолидацияланган отчетто чагылдырылат.

***Алмашуу курстары***

2011 жана 2010-жылдардын үчтүн айынын отуз бирине карата абал боюнча консолидацияланган финансылык отчетту даярдоодо Улуттук банк тарабынан колдонулган алмашуу курстары төмөндө келтирилген:

| | **2011-жылдын** үчтүн айынын отуз бири | **2010-жылдын** үчтүн айынын отуз бири |
|---|---|---|
| - Сом/АКШ доллары | 46.4847 | 47.0992 |
| - Сом/евро | 60.0652 | 61.7949 |
| - Сом/Атайы карыз алышуу укугу | 71.1402 | 71.9011 |
| - Сом/канада доллары | 45.5353 | 46.6435 |
| - Сом/австралия доллары | 47.1936 | 47.2353 |
| - Сом/швейцария франкы | 49.3678 | 48.8843 |
| - Сом/фунт стерлинги | 71.6585 | 72.6077 |

### (г) Акча каражаттары жана алардын эквиваленттери

Кассадагы улуттук валютадагы акча каражаттары жүгүртүүдөгү банкноттордун жана монеталардын суммаларынын азайуусу катары эсепке алынат.

Акча агымын аныктоо максатында, акча каражаттары жана алардын эквиваленттери кассадагы чет өлкө валютасындагы акча каражаттарды, банктардагы бош калдыктарды («ностро» түрүндөгү эсептерге) камтыйт.

*7.7. 2011-жылдын үчтүн айынын отуз биринде бүткөн жыл үчүн консолидацияланган финансылык отчетко карата түшүндүрмөлөр*

# 3 Эсепке алуу саясатынын негизги жоболору, уландысы

## (д) Финансылык инструменттер

*Адилет наркы боюнча бааланган, алардын өзгөрүүсү бир мезгил ичинде түшкөн пайдалар же чыгымдардын курамында чагылдырылган финансылык инструменттер* финансылык активдерди же милдеттенмелерди түшүндүрүп, алар төмөнкү жагдайлардан улам келип чыгат:

- сатылып алынат же эң башкысы жакынкы келечекте сатуу же сатып алуу максатында келип чыкса;

- биргелешип тескөөгө алынган жана ал боюнча кыска аралыкта пайда алынышы мүмкүндүгү далилденген идентификацияланган финансылык инструменттер портфелинин бөлүгү болуп саналса;

- туунду инструмент болуп саналса (хеджирлөө инструменти катары түзүлгөн жана иш жүзүндө колдонулган туунду финансылык инструменттерди эске албаганда); же

- өзгөрүүсү баштапкы таануу учурунда бир мезгил ичиндеги пайданын же чыгымдын курамында чагылдырылган, адилет наркы боюнча баалангандардын категориясында аныкталгандар болуп саналса.

Улуттук банк финансылык активдерди же милдеттенмелерди, эгерде төмөнкү шарттардын бири аткарылган болсо, алар боюнча өзгөрүүлөр бир мезгил ичиндеги пайданын же чыгымдын курамында чагылдырылган, адилет наркы боюнча баалангандар категориясында классификациялашы мүмкүн:

- активдерди же милдеттенмелерди тескөө, аларга баа берүү жана ички отчеттордо чагылдыруу адилет нарктын негизинде жүзөгө ашырылганда;

- мындай ыкма толук же олуттуу негизде бухгалтердик эсепке ылайык келбөө эффектин четтеткенде, алар башкача болушу да ыктымал; же

- актив же милдеттенме тизмектелген туунду финансылык инструментти камтыганда, ал акча каражаттарынын агымын олуттуу өзгөрткөндө, эгерде ал жок болсо, алар келишим боюнча күтүлгөндө.

Алгылыктуу адилет наркка ээ, соода үчүн каралган бардык туунду финансылык инструменттер консолидацияланган финансылык отчетто актив катары чагылдырылат. Терс адилет наркка ээ соода үчүн каралган бардык туунду финансылык инструменттер, консолидацияланган финансылык отчетто милдеттенмелер катары чагылдырылган.

Жетекчилик, баштапкы таануу учурунда финансылык инструмент таандык болууга тийиш болгон категорияны аныктайт. Туунду финансылык инструменттер жана баштапкы таануу учурунда алардын өзгөрүүсү бир мезгил ичиндеги пайдалар же чыгымдар курамында чагылдырылып, адилет наркы боюнча бааланган категорияга чегерилген финансылык инструменттер, алардын өзгөрүүчү бир мезгил ичиндеги пайданын же чыгымдардын курамында чагылдырылган, адилет наркы боюнча бааланган финансылык инструменттер категориясынан кайра классификацияланбайт. Эгерде алар финансылык активдер, кредиттер жана дебитордук карыздар аныктамасына жооп берсе, өзгөрүүсү бир мезгил ичиндеги пайдалар же чыгымдардын курамында чагылдырылган, адилет наркы боюнча бааланган финансылык инструменттер категориясынан же компания жакынкы келечекте же болбосо, алардын төлөө мөөнөтү келип жеткенге чейин ошол активдерди кармап турууга ниеттенип же ага мүмкүнчүлүгү болсо, сатуу үчүн колдо болгон активдер категориясынан кайра классификацияланышы мүмкүн. Башка финансылык инструменттер, алардын өзгөрүүсү бир мезгил ичиндеги пайда же чыгымдын курамында чагылдырылган, адилет наркы боюнча бааланган финансылык инструменттер категориясынан сейрек учурларда гана кайра классификацияланышы мүмкүн. Адаттагыдан башка, бир жолу болуп өтүүчү, жакынкы келечекте кайталанышы арсар болгон жагдайларды, сейрек кездешүүчү учур катары кароо зарыл.

## 3 Эсепке алуу саясатынын негизги жоболору, уландысы

### (д) Финансылык инструменттер, уландысы

Улуттук банк төмөнкүлөрдү жүзөгө ашырууну көздөп жаткандарды эске албаганда, *кредиттер жана дебитордук карыздар*, активдүү иштеп жаткан рынокто котировкаланбаган, катталган же аныкталган төлөмдөрү менен туунду эмес финансылык активдерди түшүндүрөт:

- дароо же жакынкы келечекте сатууга ниеттенип жатса,

- баштапкы таануу учурунда алардын өзгөрүүсү бир мезгил ичиндеги пайданын же чыгымдын курамында чагылдырылган, адилет наркы боюнча баалангандар категориясында аныкталганда;

- баштапкы таануу учурунда сатуу үчүн колдо болгон категорияда аныкталганда; же болбосо

- кредиттин баасынын түшүүсүнүн себептеринен улам, бардык баштапкы ишке ашырылган инвестициялардын ордун жаба албашы мүмкүн болгондо.

*Төлөөгө чейин кармалып туруучу инвестициялар,* Улуттук банк, аларды төлөө мөөнөтү келип жеткенге чейин кармап турууга ниеттенген жана ага мүмкүнчүлүгү болгон, катталган же аныкталган төлөмдөрү, ошондой эле катталган төлөө мөөнөтү бар туунду финансылык активдерге кирбеген активдерди билдирет, төмөндө келтирилген учурлар эске алынбайт:

- баштапкы таануу учурунда Улуттук банк, алардын өзгөрүүсү бир мезгил ичиндеги пайда же чыгым курамында чагылдырылган, адилет наркы боюнча баалангандар категориясында аныктаганда;

- Улуттук банк, сатуу үчүн колдо болгондор категориясында аныктаганда; же

- кредиттер жана дебитордук карыздар аныктамасына ылайык келгенде.

*Сатуу үчүн колдо болгон инвестициялар,* кредиттер жана дебитордук карыздар, төлөөгө чейин кармалып туруучу инвестициялар же алардын өзгөрүүсү бир мезгил ичиндеги пайда же чыгым курамында чагылдырылган, адилет наркы боюнча бааланган финансылык инструменттерге кирбеген, сатуу үчүн колдо болгон категориясында аныкталган туунду эмес финансылык активдерди түшүндүрөт.

### *(i)* Финансылык инструменттердин консолидацияланган финансылык отчетто таанылышы

Финансылык активдер жана милдеттенмелер, Улуттук банк көрсөтүлгөн финансылык инструменттер предметинен болуп саналган келишимдик мамилелерге катышкан учурда финансылык абал жөнүндөгү консолидацияланган отчетто чагылдырылат. Финансылык активдерге стандарттык ээ болуунун бардык учурлары бүтүмдөргө келишкен күнү чагылдырылат.

### *(ii) Финансылык инструменттердин наркын баалоо*

Финансылык актив же милдеттенме алгач, адилет наркы боюнча бааланат. Эгерде, финансылык актив же милдеттенме, алардын өзгөрүүсү бир мезгил ичинде алынган пайданын же чыгымдын курамында чагылдырылган, адилет наркы боюнча эмес бааланган болсо, ошондон улам бул бүтүм боюнча келип чыккан, финансылык актвиди же милдетенмени сатып алууга же чыгарууга түздөн-түз чегерилген сарптоолор да ага кошулат.

Активдер болуп саналган туунду финансылык инструменттерди кошо алганда, финансылык активдерди баштапкы таануудан кийин, алар төмөнкүлөрдү эске албаганда, сатуунун же башка негизде колдонуудан калуунун натыйжасында бүтүмдөр боюнча келип чыгышы мүмкүн болгон кандайдыр бир сарптоолорду эсептен алып салуусуз, адилет наркы боюнча бааланат, буларга төмөнкүлөр кирбейт:

- эффективдүү пайыздык чен ыкмасын колдонуу менен амортизацияланган наркы боюнча бааланган дебитордук карыздар жана кредиттер.

*7.7. 2011-жылдын үчтүн айынын отуз биринде бүткөн жыл үчүн консолидацияланган финансылык отчетко карата түшүндүрмөлөр*

# 3 Эсепке алуу саясатынын негизги жоболору, уландысы

## (д) Финансылык инструменттер, уландысы

### *(ii) Финансылык инструменттердин наркын баалоо, уландысы*

- эффективдүү пайыздык чен ыкмасын колдонуу менен амортизацияланган нарк боюнча бааланган, төлөөгө чейин кармалып туруучу инвестициялар;

- активдүү иш алып барган рынокто рыноктук котировкаларга ээ болбогон, адилет наркын жетиштүү деңгээлде ишеним менен аныктоо мүмкүн болбогон үлүштүк инструменттерге инвестициялар.

Адилет наркы боюнча бааланган, алардын өзгөрүүсү бир мезгил ичиндеги пайда же чыгым курамында чагылдырылган финансылык милдеттенмелерди жана адилет наркы боюнча чагылдырылган, таанууну токтотуу критерийлерине жооп бербеген бардык финансылык милдеттенмелер амортизацияланган наркы боюнча бааланат.

Финансылык активдин же милдеттенменин амортизацияланган наркы, ал боюнча финансылык актив же милдеттенме баштапкы таануу учурунда бааланган, баштапкы таанылган нарк менен эффективдүү пайыздык чен ыкмасын колдонуу аркылуу аныкталган, төлөө учурундагы нарк ортосундагы айырманын топтолгон амортизациясынын өлчөмүнө корректировкаланган карыздын негизги суммасын төлөөнү, ошондой эле баанын түшүүсүнөн чыгымдарды эсептен алып салуу менен баштапкы таануу учурунда бааланган наркты түшүндүрөт. Сый акы жана дисконттор өлчөмү, ошондой эле бүтүмдөр боюнча сарптоолордун суммасы тиешелүү инструменттин баланстык наркына кошулуп, ошол инструменттин эффективдүү пайыздык ченине жараша амортизацияланат.

### *(iii) Адилет нарк боюнча баалоо принциби*

Адилет нарк, бири-биренен көз карандысыз, бирин-бири жакшы билген, мындай бүтүмгө келишүүгө чындап ниеттенишкен тараптар ортосунда актив алмашылышы мүмкүн болгон наркты (же милдеттенме жабылышы мүмкүндүгүн) түшүндүрөт.

Улуттук банк активдүү рынокто ушул инструменттин катироваларын пайдалануу менен анын адилет наркын мүмкүн болушунча баалоого аракеттенет. Рынок, качан гана котировкаларга жетишүү оңой болуп, ал рыноктун көз карандысыз катышуучулары ортосунда айкын жана дайыма ишке ашырылып келген бүтүмдөрдү чагылдырган болсо гана, активдүү катары таанылат.

Эгерде рынок, финансылык инструмент үчүн активдүү болуп саналбаса, Улуттук банк анда баалоо ыкмаларын колдонуу менен анын адилет наркын аныктайт. Баа берүү ыкмаларында, бирин-бири жакшы билген, мындай бүтүмгө келишүүгө чындап ниеттенген, бири-биринен көз карандысыз жактардын жакынкы аралыктагы бүтүмдөрүнө тиешелүү маалыматтарды (албетте, болсо) маңызы боюнча ушундай эле инструменттердин учурдагы адилет наркына шилтемелерди, акча каражаттарынын дисконттолгон агымына жүргүзүлгөн анализдөөлөрдү, ошондой эле опцион наркына баа берүү үлгүлөрүн камтыйт. Баа берүүнүн тандалып алынган ыкмаларында рыноктук маалыматтарды мүмкүн болушунча колдонуп, Улуттук банк үчүн мүнөздүү болгон баа берүүлөргө азыраак таянуу менен рынок катышуучулары баа түзүүдө эске алууга тийиш болгон бардык факторлорду камтыйт. Ошондой эле ал, экономикада финансылык инструменттердин баасын түзүүгө карата колдонулган ыкмаларга ылайык келет. Баа берүү ыкмаларында колдонулган маалыматтар рынокто болжолдонгон жагдайларды жана тобокелдик факторлоруна баа берүүлөрдү, ошондой эле финансылык инструментке мүнөздүү болгон кирешелүүлүктөрдү шайкеш чагылдырат.

# 3 Эсепке алуу саясатынын негизги жоболору, уландысы

## (д) Финансылык инструменттер, уландысы

### *(iii) Адилет нарк боюнча баалоо принциби, уландысы*

Финансылык инструментти баштапкы таануу учурунда адилет нарктын эң мыкты тастыктоосунан болуп бүтүмдүн баасы саналат, башкача айтканда, алар боюнча маалыматтар жеткиликтүү болгон же анда колдонулган өзгөрүлмөлүү көрсөткүчтөрдө инструменттин адилет наркы рынокто ошол учурда, ошол эле инструмент менен келишилген башка бүтүмдөргө (эч кандай модификациялоосуз же комбинацияларсыз) салыштыруу аркылуу тастыкталган учурларды эске албаганда, төлөнүп берилген же алынган ордун толтуруучунун адилет наркы.

Эгерде бүтүмдүн баасы баштапкы таануу учурундагы адилет нарктын эң мыкты далилинен боло алса, финансылык инструмент алгач бүтүм баасынын негизинде бааланат жана баалоо үлгүлөрүн колдонуунун натыйжасында алгач алынган нарк менен ошол баа ортосунда келип чыккан кандай болбосун айырма, кийинчерээк инструмент колдонулган мезгил ичиндеги түшкөн пайда же чыгымдын курамында тиешелүү түрдө чагылдырылат, бирок, берилген баа жеткиликтүү рыноктук маалыматтар менен толук тастыкталган же бүтүм токтотулган учурдан кеч эмес чагылдырылышы зарыл.

Активдер жана «узун» позициялар талап баасынын негизинде бааланат; милдеттенмелер жана «кыска» позициялар сунуш баасынын негизинде бааланат. Эгерде, Улуттук банк бирин-бири компенсациялоочу позицияга ээ болсо, мындай позицияларга баа берүү үчүн рыноктук орточо баа колдонулат. Мында, талап же сунуш баасына чейин корректировкалоо түптөлгөн айкын жагдайга ылайык таза ачык позицияга карата гана ишке ашырылат. Адилет нарк инструментке карата кредиттик тобокелдикти чагылдырып, Улуттук банктын курамына кирген уюмдардын жана зарылчылык келип чыкса, контрагенттин кредиттик тобокелдигин эсепке алуу үчүн корректировкалоолорду камтыйт. Үлгүлөрдү пайдалануу менен алынган адилет наркка баа берүүлөр, эгерде Улуттук банк, рынок катышуучусу үчүнчү жак болуп саналат деп болжолдоп, аларды бүтүмгө келишүү учурунда баа түзүү үчүн эске алышы мүмкүн болсо, ликвиддүүлүк тобокелдиги же үлгүлөрдүн аныкталбагандыгы факторлору сыяктуу, кандай болбосун башка факторлорго карата корректировкаланат.

### (iv) Кийинки баа берүү учурунда келип чыккан пайдалар жана чыгымдар

Финансылык активдердин жана милдеттенмелердин өзгөрүүсү учурунда келип чыккан пайда же чыгым төмөнкүчө чагылдырылат:

- адилет нарк боюнча баалангандар категориясында классификацияланган, алар боюнча өзгөрүүлөр бир мезгил ичинде алынган пайданын же чыгымдын курамында чагылдырылган финансылык инструмент боюнча пайда же чыгым, пайдалар же чыгымдар курамында чагылдырылат;

- сатуу үчүн колдо болгон финансылык актив боюнча пайда же чыгым, буга чейин капиталдын курамында чагылдырылып келинген топтолгон пайдалар же чыгымдар пайда же чыгым курамына которулган учурда, активди таануу токтотулганга чейинки капиталдын курамындагы башка чогуу алынган кирешe катары чагылдырылат (баанын түшүүсүнөн улам келип чыккан чыгымдарды жана сатуу үчүн колдо болгон карыздык финансылык инструменттер боюнча чет өлкө валютасындагы калдыктарды которуудан түшкөн пайдаларды же чыгымдарды эске албаганда). Сатуу үчүн колдо болгон финансылык актив боюнча пайыздык кирешелер, эффективдүү пайыздык чен ыкмасын колдонуу менен пайдалар же чыгымдар курамында келип чыккан учурунда чагылдырылат.

Амортизацияланган наркы боюнча чагылдырылган финансылык активдерден жана милдеттенмелерден улам келип чыккан пайда же чыгым, финансылык активди же милдеттенмени таануу токтотулган же алардын нарксызданышы учурунда, ошондой эле тиешелүү амортизацияны чегерүү процессинде пайдалар же чыгымдар курамында чагылдырылат.

*7.7. 2011-жылдын үчтүн айынын отуз биринде бүткөн жыл үчүн консолидацияланган финансылык отчетко карата түшүндүрмөлөр*

# 3 Эсепке алуу саясатынын негизги жоболору, уландысы

## (д) Финансылык инструменттер, уландысы

### *(v) Таанууну токтотуу*

Улуттук банк, финансылык активди таанууну, ошол актив боюнча акча каражаттарынын агымына келишимде каралган укугун жоготкон шартта же болбосо анын шартына ылайык башка тарапка ошол финансылык активге менчик укугуна байланыштуу дээрлик бардык тобокелдиктер жана пайдалар өткөрүп берилген же болбосо, ага ылайык Улуттук банк финансылык активге менчикке укукка байланыштуу бардык тобокелдиктердин жана пайдалардын олуттуу бөлүгүн өткөрүп бербеген, сактап калбаган, ошондой эле финансылык активге контролдукту да сактап кала албаган бүтүмдөрдү жүзөгө ашыруунун натыйжасында, экинчи тарапка финансылык активди өткөрүп берген шартта, токтотулат. Улуттук банк тарабынан түзүлгөн же анын карамагында сакталып калган, аларга карата таанууну токтотуу үчүн талаптар сакталган, өткөрүлүп берилген финансылык активдерге катышуунун кандай болбосун үлүшү финансылык абал жөнүндө консолидацияланган отчетто өзүнчө актив же милдеттенме катары таанылат. Улуттук банк ал боюнча келишимдик милдеттенмелер аткарылып, жокко чыгарылып же токтотулган шартта, финансылык милдеттенмени таанууну токтотот.

Улуттук банк, анын шарттарына ылайык финансылык абал жөнүндө консолидацияланган отчетто таанылган активдерди өткөрүп берген бүтүмдөргө келишет, бирок мында өткөрүлүп берилген активге менчикке укуктан улам келип чыккан тобокелдиктердин жана пайданын бардыгын же алардын бөлүгүн өзүндө сактап калат. Дээрлик бардык тобокелдиктерди жана пайданы сактап калган шартта Улуттук банк, өткөрүлүп берилген активдерди таанууну токтотпойт.

Улуттук банк, анын шарттарына ылайык финансылык активге менчикке укуктан келип чыккан дээрлик бардык тобокелдиктерди жана пайдаларды өзүнө сактап кала албаган, бирок өткөрүп бере да албаган бүтүмдөргө келишүүдө, эгерде Улуттук банк, ошол активге контролдукту жоготкон болсо, активди таануу токтотулат.

Эгерде, активди өткөрүп берүүдө Улуттук банк ага контролдукту өзүндө сактап калса, ал ошол активге канчалык деңгээлде катышкан болсо, ошол деңгээлде активди таанууну улантат. Мында ал, Улуттук банктын анын наркынын өзгөрүүсүнө дуушарлануу деңгээли катары аныкталат.

Эгерде Улуттук банк, өзүнүн карыздык милдеттенмелерин сатып алса, анда алар финансылык абал жөнүндө консолидацияланган отчеттон алынып салынат, мында милдеттенменин баланстык наркы менен төлөнгөн ордун толтуруп берүүнүн ортосундагы айырма мөөнөтүнөн мурда төлөнгөн милдеттенмеден алынган пайданын же чыгымдын курамына кошулат.

Улуттук банк өндүрүп алуу мүмкүн эмес деп таанылган активдерди эсептен алып салат.

### *(vi) Баалуу кагаздарды сатып алуу жана кайтара сатуу келишимдери боюнча алууга каралган эсептер жана баалуу кагаздарды сатуу жана кайтара сатып алуу келишимдери боюнча төлөөгө каралган эсептер*

Кайтара сатып алуу милдеттенмелери менен сатуу келишимдеринин алкагында сатылган баалуу кагаздар («репо» бүтүмдөрү), баалуу кагаздардын күрөөсү менен камсыз кылынган каржылоону тартуу боюнча операция катары чагылдырылат, мында баалуу кагаздарды финансылык абал жөнүндө консолидацияланган отчетто чагылдыруу улантылып, ал эми контрагенттер алдындагы милдеттенмелер «репо» бүтүмдөрү боюнча кредитордук карыз катары эсепке алынат. Сатуу баасы менен кайтара сатып алуу баасынын ортосундагы айырма, пайыздык чыгашаларды түшүндүрүп, эффективдүү пайыздык чен ыкмасын колдонуу менен «репо» бүтүмдөрү аракеттенген мезгил ичинде алынган пайданын же чыгымдын курамында чагылдырылат.

## 3 Эсепке алуу саясатынын негизги жоболору, уландысы

### (д) Финансылык инструменттер, уландысы

***(vi) Баалуу кагаздарды сатып алуу жана кайтара сатуу келишимдери боюнча алууга каралган эсептер жана баалуу кагаздарды сатуу жана кайтара сатып алуу келишимдери боюнча төлөөгө каралган эсептер, уландысы***

Кайтара сатуу милдеттенмеси менен сатып алуу жөнүндөгү келишиминин алкагында сатылып алынган баалуу кагаздар («кайтарым репо» бүтүмдөрү) «кайтарым репо» бүтүмдөрү боюнча дебитордук карыз катары эсепке алынат.

Сатып алуу баасы менен кайтара сатуу баасынын ортосундагы айырма, пайыздык кирешени түшүндүрөт жана эффективдүү пайыздык чен ыкмасын пайдалануу менен «репо бүтүмдөрү» аракеттенген мезгил ичиндеги пайданын же чыгымдын курамында чагылдырылат.

Эгерде, кайтара сатуу милдеттенмеси менен сатып алуу келишиминин алкагында алынган активдер үчүнчү тарапка сатылган болсо, баалуу кагаздарды кайтарып берүү милдеттенмеси соода үчүн каралган милдеттенме катары чагылдырылат жана адилет наркы боюнча бааланат.

***(vii) Туунду финансылык инструменттер***

Туунду финансылык инструменттер өзүндө «своп бүтүмдөрүн», мөөнөттүү жана фьючерстик бүтүмдөрдү, «спот бүтүмдөрүн», чет өлкө валютасын, баалуу металлдарды жана баалуу кагаздарды, ошондой эле аталган инструменттердин кандай болбосун комбинацияларын камтыйт.

Туунду финансылык инструменттер алгач, бүтүмгө келишкен күнү адилет наркы боюнча чагылдырылып, кийинчерээк адилет наркы боюнча кайрадан бааланат. Бардык туунду финансылык инструменттер, эгерде алардын адилет наркы алгылыктуу болсо, актив катары, ал эми адилет наркы терс чыкса, милдеттенме катары чагылдырылат.

Туунду финансылык инструменттердин адилет наркынын өзгөрүүсү, түшкөн пайдалар жана кеткен чыгымдар жөнүндө консолидацияланган отчетто түздөн-түз таанылат.

***(viii) Активдердин жана милдеттенмелердин өз ара чегерилиши***

Улуттук банктын финансылык активдери жана милдеттенмелери өз ара чегерилет жана финансылык абал жөнүндө консолидацияланган отчетто эгерде, бул үчүн юридикалык негиздемелер жана тараптардын карыздарды өз ара чегеришүү менен жөнгө салууга же активди сатып өткөрүү менен милдеттенмени бир учурда аткарууга ниети болгон шартта, чечмеленип чагылдырылат.

### (е) Негизги каражаттар

***(i) Өздүк активдер***

Негизги каражаттар объекттери консолидацияланган финансылык отчетто, топтолгон амортизацияны жана баанын түшүүсүнөн келип чыккан чыгымды эсептен алып салуу менен айкын сарптоолору боюнча чагылдырылат.

Эгерде, негизги каражаттардын объектиси ар кандай пайдалуу кызмат өтөө мөөнөтүнө ээ бир нече компоненттерден турса, мындай компоненттер негизги каражаттардын өзүнчө объектиси катары чагылдырылат.

*7.7. 2011-жылдын үчтүн айынын отуз биринде бүткөн жыл үчүн консолидацияланган финансылык отчетко карата түшүндүрмөлөр*

## 3 Эсепке алуу саясатынын негизги жоболору, уландысы

### (е) Негизги каражаттар, уландысы

### *(ii) Амортизация*

Негизги каражаттар боюнча амортизация пайдалуу кызмат өтөөнүн болжолдонгон мөөнөтү ичинде бирдей ченемде чегерүү ыкмасы боюнча чегерилип, пайда же чыгымдын курамында чагылдырылат. Амортизация объектиси сатылып алынган күндөн тартып, ал эми чарбалык ыкмада курулган негизги каражаттар объектиси үчүн - курулуш иши аяктап, пайдаланууга даяр болгон учурда, чегерилет. Жер участкалары боюнча амортизация чегерилбейт. Негизги каражаттардын ар кандай объектилеринин пайдалуу кызмат өтөө мөөнөтүн төмөнкүчө чагылдырууга болот:

| | | |
|---|---|---|
| - | имараттар | 50 жыл |
| - | курулмалар | 20 жыл |
| - | эмерек жана жабдуулар | 5 жыл |
| - | компьютердик жабдуулар | 3-5 жыл |
| - | транспорттук каражаттар | 5 жыл |

### (ж) Материалдык эмес активдер

Сатылып алынган материалдык эмес активдер консолидацияланган финансылык отчетто, топтолгон амортизациянын жана баанын түшүүсүнөн келип чыккан чыгымдын суммаларын эсептен алып салуу менен айкын наркы боюнча чагылдырылат.

Атайы программалык камсыздоолорго лицензияларды сатып алууга жана аны колдонууга киргизүүгө кеткен сарптоолор тиешелүү материалдык эмес активдин наркында капиталдаштырылат.

Материалдык эмес активдер боюнча амортизация алардын пайдалуу кызмат өтөшүнүн божолдонгон мөөнөтү ичинде, бирдей ченемде чегерүү ыкмасы боюнча чегерилип, пайда же чыгымдын курамында чагылдырылат. Материалдык эмес активдердин пайдалуу кызмат өтөө мөөнөтү 3 жылды түзөт.

### (з) Активдердин баасынын түшүүсү

### *(i) Амортизацияланган нарк боюнча чагылдырылган финансылык активдер*

Амортизацияланган нарк боюнча чагылдырылган финансылык активдер эң башкысы, кредиттерден жана башка дебитордук карыздардан турат (мындан ары «кредиттер жана дебитордук карыздар»). Улуттук банк келип чыгышы ыктымал болгон баанын түшүүсүн аныктоо максатында, кредиттерге жана дебитордук карыздарга баа берүүнү ишке ашырат. Кредит же дебитордук карыз нарксызданат, ушундан улам келип чыккан чыгым кредитти же дебитордук карызды баштапкы таануудан кийинки бир же бир нече окуялардын натыйжасында баанын түшүүсүнүн объективдүү далилдери орун алып, ошол жагдайлар (же окуя) кредит боюнча акча-каражаттарынын келечекте түшүүсү болжолдонуп жаткан агымына таасир эткен шартта гана келип чыгышы мүмкүн.

Финансылык активдердин баасынын түшүүсүнүн объективдүү далилдеринде, карыз алуучунун милдеттенмелеринин аткарылбай калышы (дефолт) же төлөө мөөнөтүнүн өткөрүлүп жиберилиши, карыз алуучунун келишим боюнча милдеттенмесин же келишим шарттарын бузууга жол бериши Улуттук банк кайсы болбосун башка учурда карыз алуучунун же эмитенттин мүмкүн болуучу банкроттук белгилерин карабаган шартта кредитти же авансты реструктуризациялоону, баалуу кагаздар үчүн активдүү рыноктун жоктугун, камсыздоонун наркынын төмөндөшүн же топко кирген карыз алуучулардын төлөөгө жөндөмдүүлүгүнүн начарлоосу же ошол топко кирген карыз алуучулардын милдеттенмелерин аткарбай коюусуна (дефолт) дал келген экономикалык шарттардын өзгөрүүсү сыяктуу байкалган жагдайлар камтылышы мүмкүн.

## 3 Эсепке алуу саясатынын негизги жоболору, уландысы

### (з) Активдердин баасынын түшүүсү, уландысы

### *(i) Амортизацияланган нарк боюнча чагылдырылган финансылык активдер, уландысы*

Улуттук банк алгач өз-өзүнчө алып караганда олуттуу болуп саналган, кредиттер жана дебитордук карыздар боюнча баанын түшүүсүнүн обүективдүү далилдеринин бардыгына өзүнчө баа берет жана өз-өзүнчө олуттуу болуп саналбаган кредиттер жана дебитордук карыздар боюнча өз-өзүнчө же чогуусу менен баа берет. Эгерде Улуттук банк, өз-өзүнчө олуттуубу же жокпу, аны өз-өзүнчө баалаган кредит же дебитордук карыздар боюнча баанын түшүүсүнүн объективдүү далилдеринин жоктугун аныктаган болсо, кредит ошондой эле кредиттик тобокелдик мүнөздөмөгө ээ кредиттер жана дебитордук карыздар тобуна чегерилип, активдер тобунун курамында баанын түшүүсү көз карашынан жамааттык негизде бааланат. Баанын түшүүсү көз карашынан өз-өзүнчө бааланган, алар боюнча баанын түшүүсүнөн чыгым келип чыгып же ал орун алып турган кредиттер жана дебитордук карыздар баанын түшүүсү көз карашынан жамааттык негизде баа берүүдө камтылбайт.

Кредит же дебитордук карыздар боюнча баанын түшүүсүнөн чыгымдын келип чыккандыгы тууралуу объективдүү далилдер болгон учурда чыгымдын суммасы, кредиттин же дебитордук карыздардын балансытык наркы жана кредит же дебитордук карыздар боюнча баштапкы эффективдүү пайыздык ченди колдонуу менен дисконттолгон гарантиялардын жана камсыздоолордун орду толтурулуп берилген наркын кошо алганда, акча каражаттарынын келечектеги болжолдонгон агымынын, ошол учурга ылайык алынган наркынын ортосундагы айырма катары өлчөнөт. Келишим шарттарына ылайык, акча каражаттарынын агымы жана ошол учурда орун алып турган экономикалык шарттарды чагылдырган колдо болгон тиешелүү маалыматтардын негизинде корректировкаланган чыгымга учуроонун калыптанган тажрыйбасы акча каражаттарынын болжолдонгон агымын аныктоонун негизи катары кызмат кылат.

Кредит же дебитордук карыздар боюнча баанын түшүүсүнөн келип чыккан чыгымдын суммасын аныктоо үчүн колдо болгон  зарыл маалыматтар бир катар учурларда чектелген мүнөздө болуп, учурда түптөлгөн шарттарга жана жагдайларга анчалык дал келбеши мүмкүн. Мындай жагдай, эгерде карыз алуучу финансылык кыйынчылыктарга туш болуп, ал эми мындай карыз алуучулар боюнча маалыматтар көлөмү чектелүү болгон шартта, орун алышы ыктымал. Мындай учурда Улуттук банк баанын түшүүсүнөн чыгым суммасын аныктоодо топтолгон өз тажрыйбасын колдонот.

Кредиттердин жана дебитордук карыздардын баасынын түшүүсүнөн келип чыккан бардык чыгымдар, түшкөн пайда же чыгымдын курамында чагылдырылып, эгерде, кийинчерээк орду жабылган нарктын көбөйүүсү, баанын түшүүсүнөн чыгым таанылгандан кийинки жагдайларга объективдүү негизде байланыштуу болгон шартта гана калыбына келтирилет.

Кредит боюнча карызды өндүрүп алуу мүмкүн болбогон шартта, кредит баанын түшүүсүнө тиешелүү камдын (резервдин)  эсебинен алынып салынат. Мындай кредиттер  (жана кредиттердин баасынын түшүүсүнө тиешелүү башка камдар) жетекчилик, кредиттер боюнча карызды өндүрүү мүмкүн эмес экендигин аныктап, карызды өндүрүүгө тиешелүү бардык зарыл жол-жоболор аяктагандан кийин гана эсептен алынып салынат.

*7.7. 2011-жылдын үчтүн айынын отуз биринде бүткөн жыл үчүн консолидацияланган финансылык отчетко карата түшүндүрмөлөр*

# 3 Эсепке алуу саясатынын негизги жоболору, уландысы

## (з) Активдердин баасынын түшүүсү, уландысы

### *(ii) Айкын сарптоолор боюнча чагылдырылган финансылык активдер, уландысы*

Сатуу үчүн колдо болгон жана алардын адилет наркы жетиштүү ишенимде аныкталышы мүмкүн эместигинен улам, адилет наркы боюнча чагылдырылбаган финансылык активдердин курамына кирген котировкаланбаган үлүштүк инструменттерди камтыйт. Мындай инвеситициялардын баасынын түшкөндүгүнүн объективдүү белгилери орун алган шартта, баанын түшүүсүнөн чыгым, инвестициялардын баланстык наркы менен ушундай эле финансылык активдер боюнча пайданын учурдагы рыноктук нормасын колдонуу менен дисконттолгон, акча каражаттарынын келечекте болжолдонуп жаткан агымынын ошол учурга ылайык алынган ортосундагы айрыма катары эсептелинет.

Ушул инвестициялардын баасынын түшүүсүнөн келип чыккан чыгымдар, пайда же чыгым курамында чагылдырылып, калыбына келтирилбейт.

### *(iii) Сатуу үчүн колдо болгон финансылык активдер*

Сатуу үчүн колдо болгон финансылык активдердин баасынын түшүүсүнөн келип чыккан чыгымдар, башка чогуу алгандагы кирешенин курамында таанылган, топтолгон чыгымды кайра классификацияланган корректировкалар катары пайда же чыгымдын курамына которуу аркылуу таанылат.

Башка чогуу алгандагы кирешенин курамынан пайда же чыгым курамына кайра классификацияланган топтолгон чыгым, негизги суммаларды жана амортизацияларды кандай болбосун төлөөлөрдү эсептен алып салгандан кийинки сатып алуу наркы менен буга чейин пайда же чыгым курамында таанылган, баанын түшүүсүнөн чыгымды эсептен алып салгандан кийинки учурдагы адилет нарк ортосундагы айырманы түшүндүрөт. Акчанын убактылуу наркына чегерилген, баанын түшүүсүнө камдын өзгөрүүсү пайыздык кирешенин компоненти катары чагылдырылат.

Сатуу үчүн колдо болгон үлүштүк баалуу кагазга инвестициялардын адилет наркынын олуттуу же ошол баалуу кагаздар боюнча айкын сарптоолордон төмөн наркка чейин узакка созулган төмөндөөсү, баанын түшүүсүнүн обүективдүү далилинен болуп саналат.

Эгерде сатуу үчүн колдо болгон баасы түшкөн үлүштүк баалуу кагаздын адилет наркы кийинчерээк өсүп жана анын көбөйүүсү, пайда же чыгым курамында баанын түшүүсүнөн чыгым таанылгандан кийинки жагдайларга обүективдүү байланыштуу болушу мүмкүн болсо, баанын түшүүсүнөн чыгым калыбына келтирилип, калыбына келген өлчөм пайда же чыгым курамында таанылат. Бирок, сатуу үчүн колдо болгон, баасы түшкөн үлүштүк баалуу кагаздын адилет наркынын кандай болбосун кийинки калыбына келиши, башка чогуу алгандагы киреше курамында таанылат.

### *(iv) Финансылык эмес активдер*

Ашыкча төлөнгөн салыктардан тышкары, башка финансылык эмес активдер, баанын түшүүсү белгилерин аныктоо көз карашынан, ар бир отчеттук күнгө карата абал боюнча бааланат. Финансылык эмес активдердин орду жабылган наркынан болуп, сатуу боюнча чыгашаларды жана пайдалануудан алынгандарды эсептен алып салгандан кийинки, адилет нарктан эң чоң өлчөм саналат. Акча каражаттарынын келечекте болжолдонгон агымын пайдалануудан баалуулукту аныктоо учурунда, акча каражаттарынын келечекте болжолдонуп жаткан агымдары, салык алууга чейинки дисконттоо ченин пайдалануу менен ошол учурга ылайык калыптанган алардын наркына дисконттолуп, алар акча наркына жана ошол активге мүнөздүү болгон тобокелдиктерге учурдагы рыноктук баа берүүнү чагылдырат. Акча каражаттарынын агымын шарттабаган, башка активдер менен шартталган акча каражаттарынын агымынан олуттуу деңгээлде көз каранды болбогон орду толтурулуучу нарк, актив аларга тиешелүү болгон акча каражаттарын шарттаган активдер тобу боюнча аныкталат. Активдин же акча каражаттарын шарттаган активдер тобунун баланстык наркы анын орду толтурулуп берилүүчү наркынан ашкан болсо, баанын түшүүсүнөн чыгым таанылат.

## 3 Эсепке алуу саясатынын негизги жоболору, уландысы

### (з) Активдердин баасынын түшүүсү, уландысы

### *(iv) Финансылык эмес активдер, уландысы*

Финансылык эмес активдердин баасынын түшүүсүнөн келип чыккан бардык чыгымдар, пайда же чыгым курамында чагылдырылып, эгерде орду жабылган наркты аныктоодо колдонулган баа берүүлөрдө өзгөрүүлөр жүргөн болсо гана калыбына келтирилиши мүмкүн. Активдин баасынын түшүүсүнөн кандай болбосун чыгым, ага ылайык активдин баланстык наркы, эгерде, баанын түшүүсүнөн чыгым консолидацияланган финансылык отчетто чагылдырылбаган шартта түптөлүшү мүмкүн болгон, ошондой эле баланстык нарктан (амортизацияны жана эскилиги жеткендерди эсептен алып салуу менен) ашпаган көлөмдө калыбына келтирилүүгө тийиш.

### (и) Жүгүртүүдөгү банкноттор жана монеталар

Жүгүртүүдөгү банкноттор жана монеталар финансылык абал жөнүндө консолидацияланган отчетто, номиналдык наркы боюнча эсепке алынат.

Жүгүртүүдөгү банкноттор жана монеталар эгерде, акча каражаттары Улуттук банк тарабынан коммерциялык банктар үчүн чыгарылса, милдеттенме катары чагылдырылат. Сактоо жайларында жана касса түйүндөрүндө турган улуттук валютадагы банкноттор жана монеталар жүгүртүүдөгү акча массасынын курамына кирбейт.

Банкнотторду жана монеталарды чыгарууга кеткен чыгашаларда алардын коргоого алынышына, ташып жеткирилишине, камсыздандырылышына кеткен чыгашалар, ошондой эле башка чыгашалар камтылат. Банкнотторду жана монеталарды чыгарууга кеткен чыгашалар, алар жүгүртүүгө чыгарылгандан кийин таанылып, түшкөн пайдалар жана кеткен чыгымдар жөнүндө консолидацияланган отчетто өзүнчө статня катары чагылдырылат.

### (к) Уставдык капитал жана камдар

Улуттук банк катталган суммадагы Уставдык капиталга ээ. Уставдык капиталдын суммасын көбөйтүү жана азайтуу Кыргыз Республикасынын «Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы жөнүндө» мыйзамына түзөтүүлөрдү киргизүү аркылуу ишке ашырылат. Уставдык капитал баштапкы наркында таанылат.

Милдеттүү кам пайданын бөлүгүн мыйзамда белгиленгендей эле, мамлекеттик бюджетке чегерүүдөн кийинки таза пайданы капиталдаштыруу аркылуу түзүлөт. Милдеттүү камдар айкын сарптоолор боюнча чагылдырылат.

### (л) Салык алуу

Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык Улуттук банк, пайда салыгын төлөөдөн бошотулган. Улуттук банк жүзөгө ашырган ишке чегерилген, бюджетке бардык башка милдеттүү төлөмдөр Кыргыз Республикасынын Салык кодексине ылайык жүргүзүлөт. Салык агенти катары Улуттук банк төлөгөн салыктар, түшкөн пайдалар жана кеткен чыгымдар жөнүндө консолидацияланган отчетто административдик чыгашалардын компоненти катары кошулат.

Улуттук банктын туунду уюмдары бардык салыктарды төлөөгө тийиш.

### (м) Кирешелердин жана чыгашалардын консолидацияланган финансылык отчетто таанылышы

Пайыздык кирешелер жана чыгашалар түшкөн пайдалар жана кеткен чыгымдар жөнүндө консолидацияланган отчетто, эффективдүү пайыздык чен ыкмасын колдонуу аркылуу, алардын чегерилишине жараша чагылдырылат. Эффективдүү пайыздык чен ыкмасы дегенден улам, финансылык активдин же финансылык милдеттенменин амортизацияланган наркын эсептөө, ошондой эле пайыздык кирешелерди же пайыздык чыгашаларды тиешелүү мезгилге чегерүү ыкмасын түшүнүү зарыл. Эффективдүү пайыздык чен - бул, келечекте күтүлүп жаткан төлөөлөр же акча каражаттарынын түшүүсү анын жардамы аркасында финансылык инструменттин таза утурумдук наркына ылайыкташтырылган чен. Мында, дисконттоо финансылык инструменттин болжолдонуп жаткан жүгүртүү мөөнөтү ичинде же аны колдонуу мүмкүн болсо, кыйла кыска мөөнөткө жүргүзүлөт.

*7.7. 2011-жылдын үчтүн айынын отуз биринде бүткөн жыл үчүн консолидацияланган финансылык отчетко карата түшүндүрмөлөр*

# 3 Эсепке алуу саясатынын негизги жоболору, уландысы

**(м) Кирешелердин жана чыгашалардын консолидацияланган финансылык отчетто таанылышы, уландысы**

Эгерде финансылык актив, баанын түшүүсүнөн келип чыккан чыгымдан улам эсептен алынып салынган (жарым жартылай) болсо, пайыздык киреше келечектеги акча агымын дисконттоо үчүн колдонулган пайыздык ченди эске алуу менен аныкталат.

Кредиттердин уюштурулушу үчүн комиссиялык төлөм, кредиттердин тейлөөгө алынышы үчүн комиссиялык төлөм жана кредиттер боюнча жалпы кирешелердин ажырагыс бөлүгү катары каралган башка комиссиялык төлөмдөр, ошондой эле бүтүмдөр боюнча тиешелүү сарптоолор келечекте алынуучу киреше катары чагылдырылып, финансылык инструмент колдонулган, болжолдонгон мөөнөт ичиндеги пайыздык киреше катары, эффективдүү пайыздык чен ыкмасын колдонуу менен амортизацияланат.

Башка комиссиялык төлөмдөр, ошондой эле башка кирешелер жана чыгашалар, тиешелүү кызмат көрсөтүү сунушталган күнгө карата пайда же чыгым курамында чагылдырылат.

Операциялык ижара келишимдери боюнча төлөмдөр, түшкөн пайдалар же кеткен чыгымдар жөнүндө консолидацияланган отчеттун курамында, ижара аракеттенген мөөнөт аралыгына бирдей ченемде таанылат. Эгерде, орун алган болсо, алынган жеңилдиктердин суммасы ижара аракеттенген бүтүндөй мөөнөт ичинде, ал боюнча чыгашалардын жалпы өлчөмүн азайтат.

**(н) Фидуциардык активдер**

Улуттук банк, үчүнчү жактардын атынан активдерге ээлик кылуудан көрүнгөн агенттик кызмат көрсөтүүлөрдү сунуштайт. Бул активдер жана аларга байланыштуу кирешелер, Улуттук банктын активи болуп саналбагандыктан, консолидацияланган финансылык отчеттон алынып салынат.

**(о) Салыштыруу үчүн маалыматтар**

***Өткөн мезгилдердин маалыматтарын кайра классификациялоо***

Улуттук банктын 2011-жылдын үчтүн айынын отуз биринде бүткөн жыл үчүн финансылык отчетун даярдоонун жүрүшүндө жетекчилик, 2011-жылдын үчтүн айынын отуз биринде бүткөн жыл үчүн финансылык отчетко ылайык келтирүү максатында, 2010-жылдагы тиешелүү сандарга таасир эткен белгилүү бир кайра классификациялоолорду ишке ашырган. Атап айтканда, 2010-жылдын үчтүн айынын отуз бирине карата финансылык абал жөнүндө отчетто бөлүштүрүү тартибинде ЭВФтен алынган АКУ (СПЗ) боюнча, 6 096 568 миң сом өлчөмүндөгү милдеттенме, алынган кредит менен бирге сунушталган. 2011-жыл ичинде Улуттук банк аталган милдеттенмени карап чыгуу менен аларды өзүнчө сунуштоо чечимин кабыл алган. Анткени, бул сумма мүнөзү боюнча карыз болуп саналбайт жана ЭВФтин чечимине ылайык анын мүчөлөрүнө АКУ (СПЗ) суммаларын бөлүштүрүүнү гана түшүндүрөт.

Жогоруда көрсөтүлгөн кайра классификациялоо жыл ичиндеги пайдага же капиталга таасир эткен эмес.

Жетекчилик, классификациялоого өзгөртүүлөр киргизилген шартта, финансылык абал жөнүндө үч отчетту жана тиешелүү түшүндүрмөлөрдү берүү зарыл экендиги тууралуу талапты карап, классификациялоодогу тиешелүү өзгөрүүлөр таза финансылык абалга таасир этпегендигин аныктаган.

## 3 Эсепке алуу саясатынын негизги жоболору, уландысы

### (п) Күчүнө кире элек жаңы стандарттар жана түшүндүрмөлөр

Бир катар жаңы стандарттар, стандарттарга түзөтүүлөр жана түшүндүрмөлөр 2011-жылдын үчтүн айынын отуз бирине карата абал боюнча күчүнө кире электигинен улам, ушул консолидацияланган отчетту түзүүдө колдонулган эмес. Ушулардын ичинен төмөндө келтирилген стандарттар, түзөтүүлөр жана түшүндүрмөлөр, Улуттук банктын консолидацияланган финансылык абалына жана ишине потенциалдуу таасир этиши мүмкүн. Улуттук банк бул стандарттарды, түзөтүүлөрдү жана түшүндүрмөлөрдү алар күчүнө кирген учурдан тартып колдонууну пландаштырууда. Көрсөтүлгөн жаңы стандарттардын анын финансылык абалына жана ишине мүмкүн болуучу таасирине Улуттук банк азырынча талдап-иликтөөлөрдү жүргүзө элек:

- ФОЭСтин (IFRS) *«Финансылык инструменттер»* деп аталган 9-стандарты 2015-жылдын бирдин айынын биринен же андан кийинки жылдык отчеттук мезгилдерге карата күчүнө кирет. Жаңы стандарт бир нече баскычта колдонууга киргизилип, түпкүлүгүндө келип 2010-жылдын акырында тиешелүү долбоордун аякташы менен ФОЭСтин *«Финансылык инструменттер: таануу жана баа берүү»* деп аталган 39-стандартын алмаштырууга тийиш. ФОЭС (IFRS) 9дун биринчи бөлүгү 2009-жылдын бештин айында чыгарылып, финансылык активдерди таануу жана баа берүү маселелерине тиешелүү болгон. Финансылык милдеттенмелерди классификациялоого жана аларга баа берүүгө байланыштуу экинчи бөлүгү 2010-жылдын жетинин айында жарыяланган. Стандарттын калган бөлүгү 2012-жыл ичинде жарыяланат. Улуттук банк, бул жаңы стандарт финансылык инструменттердин эсебин жүргүзүүгө көп өзгөртүүлөрдү киргизе тургандыгын жана Улуттук банктын консолидацияланган финансылык отчетуна олуттуу таасир этеерин тааныйт. Ошол өзгөрүүлөрдүн күчүнө киргизилишинин таасирине стандарттын кийинки бөлүктөрүнүн жарыяланышына жараша, долбоорду иштеп чыгуу процессинде талдоолор жүргүзүлөт. Улуттук банк бул стандартты мөөнөтүнөн мурда колдонууга ниеттенбейт.

- ФОЭСтин (IFRS) *«Консолидацияланган финансылык отчет» деп аталган 10-стандарты, 2010-жылдын* үчтүн айынын биринен же ошол күндөн кийин башталган жылдык мезгилдер үчүн күчүнө кирет. Жаңы стандарт ФОЭСтин (IAS) *«Консолидацияланган жана өзүнчө финансылык отчет» деп аталган 27 жана «Консолидация – атайы багыттагы ишкана» деп аталган* SIC-12ни алмаштырат. ФОЭС (IFRS) 10 аркылуу учурда *«Консолидация – атайы багыттагы ишкана» деп аталган* SIC-12 таасир этүү чөйрөсүнө кирген уюмдарды камтыган бирдиктүү контролдук үлгүсү киргизилет. Ушул жаңы, үч баскычтуу контролдук үлгүсүнө ылайык инвестор, эгерде ал инвестициялоо объектисине катышуудан өзгөрүлмөлүү пайда алуу укугуна ээ болсо же анын таасирине дуушар болсо, инвестициялоонун ошол объектисине таасир этүүнүн негизинде мындай пайдага таасир этүү мүмкүнчүлүгүнө ээ болуп жана мында таасир этүү менен пайданын ортосунда байланыш орун алат. Консолидациялоо жол-жобосу ФОЭС (IAS) 27ден (2008-жылдагы редакциясында) которулган. Эгерде, ФОЭС (IFRS) 10дун кабыл алынышы инвестициялоо объектисинин буга чейин орун алып келген консолидацияланышынын же консолидацияланбашынын өзгөрүүсүнө алып келбесе, жаңы стандарт, контролдукка ээ болгон же аны жоготкон күндөн тартып толук ретроспективдүү колдонулушу мүмкүн эле. Же эгерде, бул максатка ылайыксыз болсо, бул стандартты ага карата колдонуу максатка ылайыктуу болуп саналган буга чейинки мезгилдин башталышынан тартып чектелген ретроспективдүү колдонуу менен кабыл алынышы мүмкүн. Отчеттук мезгил мына ушундай мезгилден болушу мүмкүн. Уюмдар да ФОЭС (IFRS) 11, ФОЭС (IFRS) 12, ФОЭС (IAS) 27 (2011-жылдагы редакциясындагы) жана ФОЭС (IAS) 28 (2011-жылдын редакциясында) мөөнөтүнөн мурда колдонууга кабыл алышкан шартта ФОЭС (IFRS) 10ду да мөөнөтүнөн мурда кабыл алууга уруксат берилген.

*7.7. 2011-жылдын үчтүн айынын отуз биринде бүткөн жыл үчүн консолидацияланган финансылык отчетко карата түшүндүрмөлөр*

## 3 Эсепке алуу саясатынын негизги жоболору, уландысы

### (п) Күчүнө кире элек жаңы стандарттар жана түшүндүрмөлөр, уландысы

- ФОЭС (IFRS) «*Башка компанияларга катышуу үлүшү жөнүндөгү маалыматтардын чечмелениши» деп аталган 12-стандарты* 2013-жылдын үчтүн айынын биринен же ошол күндөн кийин башталган жылдык мезгилдер үчүн күчүнө кирет. Жаңы стандартта, туунду ишканаларда, биргешелкен ишкердикте, ассоциацияланган ишканаларда жана консолидацияланбаган уюмдарга катышуу үлүшүнө ээ болгон уюмдарга карата маалыматтардын чечмеленишине тиешелүү талаптарды камтыйт. Катышуу үлүшү кеңири мааниде, келишимдик же келишимге келбестен катышуу катары аныкталат. Алар уюмду башка уюмдун иш натыйжасынан алынуучу пайданын өзгөрүлмөлүүлүгү тобокелдигине дуушарлантат. Маалыматтарды чечмелеп берүү боюнча кеңейтилген жана жаңы талаптар, финансылык отчетту колдонуучуларга компаниянын башка ишканаларга катышуусуна байланыштуу келип чыккан тобокелдиктердин мүнөзүнө жана компаниянын финансылык абалына мындай катышуунун таасирине, анын иш натыйжасына жана каражаттардын жылышына баа берүүгө өбөлгө түзгөн маалыматтардын берилиши максатын көздөйт. Уюмдар ФОЭС (IFRS) 12ге ылайык маалыматтарды, башка жаңы стандарттарды жана өзгөртүүлөр киргизилген стандарттарды мөөнөтүнөн мурда колдонуу зарылчылыгысыз мөөнөтүнөн мурда ачык көрсөтө алышат. Эгерде, ФОЭС (IFRS) 12 толук көлөмүндө мөөнөтүнөн мурда кабыл алынса, анда ФОЭС (IFRS) 10, ФОЭС (IFRS) 11, ФОЭС (IAS) 27 (2011-жылдын редакциясында) жана ФОЭС (IAS) 28 (2011-жылдын редакциясында) стандарттары да мөөнөтүнөн мурда кабыл алынууга тийиш.

- ФОЭСтин (IFRS) *«Адилет наркка баа берүү»* деп аталган 13-стандарты 2013-жылдын үчтүн айынын биринен же ошол күндөн кийин башталган жылдык мезгилдер үчүн күчүнө кирет. Жаңы стандарт өзүнчө ФОЭСте камтылган адилет наркка баа берүү боюнча көрсөтмөнү, адилет наркка баа берүүгө карата бирдиктүү түшүндүрмө булактарына алмаштырат. Стандарт адилет нарктын кайрадан каралып чыккан аныктамасын сунуштап, адилет наркка баа берүүнүн негизин белгилеп, адилет наркка баа берүүгө карата маалыматтардын чечмелениши боюнча талаптарды баяндайт. ФОЭС (IFRS) 13 активдерге же милдеттенмелерге адилет наркы боюнча баа берүүгө карата жаңы талаптарды койбойт, ал ошондой эле айрым стандарттарда бүгүнкү күндө да орун алып турган, адилет наркка баа берүүгө карата максатка ылайыктуу экендигинен улам, айрым бир жол берүүлөрдү да алып салбайт. Бул стандарт келечекти көздөө менен колдонулат, аны мөөнөтүнөн мурда колдонууга да уруксат берилген. Салыштыруу үчүн маалыматтардын чечмелениши баштапкы колдонуу күнүнө чейинки мезгилдер үчүн талап кылынбайт.

- ФОЭСтин (IAS) *«Финансылык отчеттун берилиши: башка чогуу алгандагы пайда статьяларынын чагылдырылышы»* деп аталган 1-стандартына карата түзөтүүлөр, түшкөн пайда же чыгымдын курамында кайра классификацияланбай турган статңялардан өзүнчө, пайда же чыгымдын курамында келечекте кайра классификацияланышы мүмкүн болгон, чогуу алгандагы башка пайдалар статьяларын чагылдырууну компаниядан талап кылат. Мындан тышкары, ушул түзөтүүгө ылайык, чогуу алгандагы пайда жөнүндө отчеттун аталышы, чогуу алынган башка пайдага өзгөртүлгөн. Ошондой болсо да, башка аталыштарды пайдаланууга жол берилет. Түзөтүү, 2012-жылдын баш оона айынын биринен тартып, ретроспективдүү негизде колдонулууга тийиш, ошондой эле аны мөөнөтүнөн мурда колдонууга да уруксат берилген.

- *«ФОЭСтин чөйрөсүн кеңейтүү (өздөштүрүү)»* ар жылдык долбоордун алкагында чыгарылган ар кандай түзөтүүлөр ар бир тиешелүү стандартка карата өз-өзүнчө кароого алынган. Сунуштоо, таануу же баа берүү маселелерине тиешелүү бардык өзгөртүүлөр 2012-жылдын бирдин айынын бирине кечиктирбестен күчүнө кирет. Улуттук банк мына ушул жаңы ыкмалардын өзүнүн финансылык абалына же иш жыйынтыгына тийгизген потенциалдуу таасиринин натыйжасын аныктай элек.

# 4 Баалуу металлдар

| | 2011-ж. миң сом | 2010-ж. миң сом |
|---|---|---|
| **Чет өлкө банктарындагы эсептерде турган алтын жана башка баалуу металлдар** | | |
| Депозиттеги алтын | 6 081 433 | 5 500 385 |
| Депозиттеги күмүш | 477 | 527 |
| | **6 081 910** | **5 500 912** |
| **Улуттук банктын сактоо жайларындагы алтын куймалар** | 58 327 | - |
| | **6 140 237** | **5 500 912** |

Сактоо жайларындагы алтын куймалар «good delivery status» статусуна ээ алтынды түшүндүрөт.

2011-жылдын үчтүн айынын отуз бирине карата абал боюнча алтындын салмагы алтын түрүндөгү депозиттерде 83 090,86 унцияны, Улуттук банктын сактоо жайындагы алтын куймаларда 796,91 унцияны түзөт, ал эми күмүштүн салмагы 364,06 унция (2010-жылы: алтындын жана күмүштүн салмагы, тиешелүүлүгүнө жараша 83 089,99 унция жана 364,06 унция) чегинде катталган.

**Алтындын жана баалуу металлдардын чет өлкө банктарындагы эсептерде концентрацияланышы**

2011-жылдын үчтүн айынын отуз бирине карата Улуттук банк бардык алтын түрүндөгү депозиттерди АА- деңгээлинде кредиттик рейтинге ээ бир банкка жайгаштырган (2010-жылдын үчтүн айынын отуз бирине карата АА-деңгээлинде кредиттик рейтингге ээ бир банкта).

# 5 Банктарда жана башка финансы мекемелериндеги каражаттар

| | 2011-ж. миң сом | 2010-ж. миң сом |
|---|---|---|
| **Чет өлкө банктарындагы жана башка финансы мекемелериндеги эсептер жана депозиттер** | | |
| **Чет өлкө банктарындагы «ностро» эсептери** | | |
| - ААА кредиттик рейтинги менен | 17 537 589 | 12 750 656 |
| - АА- дан АА+ кредиттик рейтинги менен | 540 342 | 510 185 |
| - ВВВ- дан ВВВ+ кредиттик рейтинги менен | 8 479 | 8 788 |
| - ВВ- дан ВВ+ кредиттик рейтинги менен | 5 586 | 5 660 |
| - ыйгарылган кредиттик рейтингсиз | - | 2 587 |
| **Жыйынтыгында, чет өлкө банктарындагы «ностро» эсептери** | **18 091 996** | **13 277 876** |
| **Чет өлкө банктарындагы мөөнөттүү депозиттер** | | |
| - ААА кредиттик рейтинги менен | 16 062 655 | 15 335 705 |
| - АА- дан АА+ кредиттик рейтинги менен | 6 299 012 | 5 407 022 |
| - ыйгарылган кредиттик рейтингсиз | 179 712 | 182 087 |
| **Жыйынтыгында, чет өлкө банктарындагы мөөнөттүү депозиттер** | **22 541 379** | **20 924 814** |
| Эл аралык эсептешүүлөр банкындагы эсептер | | |
| - Эл аралык эсептешүүлөр банкындагы «ностро» эсептери | 2 241 438 | 4 520 412 |
| - Эл аралык эсептешүүлөр банкындагы мөөнөттүү депозит | 7 128 517 | 12 921 646 |
| Эл аралык валюта фондусундагы эсеп | 8 206 032 | 8 022 095 |
| **Жыйынтыгында, банктардагы жана башка финансы институттарындагы эсептер жана депозиттер** | **58 209 362** | **59 666 843** |
| Баанын түшүүсүнө кам | (233 738) | (267 132) |
| | **57 975 624** | **59 399 711** |

2011 жана 2010-жылдардын үчтүн айынын отуз бирине карата абал боюнча баасы түшкөн, мөөнөтү өткөрүлүп жиберилген, Кызматташуу жана өнүгүүнүн Борбордук Азия банкында жайгаштырылган 179 712 миң сом өлчөмүндөгү мөөнөттүү депозит 360 күндөн көбүрөөк убакытка мөөнөтү өткөрүлүп жиберилгендиктен, Улуттук банк мөөнөтүндө төлөнбөгөн бүтүндөй суммага, баанын түшүүсүнө кам түзгөн.

**Каражаттардын банктарда жана башка финансы мекемелеринде концентрацияланышы**

2011-жылдын үчтүн айынын отуз бирине карата Улуттук банк, ААА дан АА- чейинки кредиттик рейтингге ээ сегиз банкта жана башка финансы мекемелеринде (2010-жылы: беш банк жана башка финансы мекемелери) эсептер боюнча калдыктарга ээ болгон, алардын суммалары өздүк капиталдын 10% ашат. Ушул калдыктардын чогуу алгандагы көлөмү, 2011-жылдын үчтүн айынын отуз бирине карата абал боюнча 54 861 536 миң сомду (2010-жылы: 56 314 355 миң сомду) түзгөн.

*7.7. 2011-жылдын үчтүн айынын отуз биринде бүткөн жыл үчүн консолидацияланган финансылык отчетко карата түшүндүрмөлөр*

# 5 Банктардагы жана башка финансы мекемелериндеги каражаттар, уландысы

**Акча каражаттары жана алардын эквиваленттери**

Акча каражаттары жана алардын эквиваленттери, акча каражаттарынын жылышы жөнүндө отчеттордун максаттары үчүн төмөнкүлөрдү камтыйт:

| | 2011-ж. миң сом | 2010-ж. миң сом |
|---|---|---|
| Чет өлкө банктарындагы «ностро» эсептери | 18 091 996 | 13 277 875 |
| Эл аралык эсептешүүлөр банкындагы «ностро» эсеби | 2 241 438 | 4 520 412 |
| Эл аралык валюта фондусундагы эсептер | 8 206 032 | 8 022 095 |
| Кассадагы чет өлкө валютасындагы акча каражаттары | 279 908 | 284 076 |
| **Акча каражаттарынын жылышы боюнча консолидацияланган отчеттогу акча каражаттары жана алардын эквиваленттери** | **28 819 374** | **26 104 458** |

Акча каражаттардын жана алардын эквиваленттеринин бир да статьясы баасы түшкөн же мөөнөтү өткөрүлгөн болуп саналбайт.

# 6 Берилген кредиттер

| | 2011-ж. миң сом | 2010-ж. миң сом |
|---|---|---|
| Жергиликтүү коммерциялык банктарга берилген, баасы түшпөгөн кредиттер | 1 334 490 | 831 332 |
| Жергиликтүү коммерциялык банктарга берилген, баасы түшкөн кредиттер | 415 141 | 419 659 |
| | **1 749 631** | **1 250 991** |
| Баанын түшүүсүнө кам | (424 850) | (427 028) |
| **Баанын түшүүсүнө камды эсептен алып салгандан кийинки кредиттин суммасы** | **1 324 781** | **823 963** |

Кредиттин баасынын түшүүсү, кредитти баштапкы таануудан кийин болуп өткөн жана жетиштүү ишенимдүүлүктө баалоого мүмкүн болгон, кредит боюнча акча каражаттарынын келечектеги болжолдонуп жаткан агымына таасирин тийгизген, бир же бир нече окуялардын натыйжасында жүрөт. Баасынын түшүүсүнүн өзүнчө бир белгилери байкалбаган кредиттер боюнча баанын түшүүсүнүн объективдүү тастыкмалары жок.

Кредиттердин баасынын түшүүсүнүн объективдүү белгилерине төмөнкүлөр кирет:

- Кредиттик келишим боюнча мөөнөтүндө төлөнбөгөн төлөмдөр;
- Карыз алуучунун финансылык абалынын олуттуу начарлоосу;
- Экономикалык жагдайдын начарлоосу, карыз алуучу ишин жүзөгө ашырган рыноктордогу терс өзгөрүүлөр.

Улуттук банк кредиттердин баасынын түшүүсүнө карата кам өлчөмүн, баасы түшкөн кредиттер боюнча акча каражаттарынын келечектеги агымына анализдөөлөрдү жүргүзүүнүн жана алар боюнча баанын түшүүсү аныкталбаган кредит портфелдерине тиешелүү тартылган айкын чыгымдарга жол берилген, өткөндөгү тажрыйбанын негизинде баа берет.

2011-2010-жылдардын үчтүн айынын отуз бирине карата абал боюнча баасы түшкөн кредиттер катары, 1999-жылдан бери атайы административдик тескөө алдында турган жергиликтүү коммерциялык банктар тарабынан берилген жана 360 күндөн көбүрөөк убакытка төлөө мөөнөтү өткөрүлүп жиберилген кредиттерди түшүнүү зарыл. Улуттук банк өткөн отчеттук мезгилдерде мындай кредиттерге карата баанын түшүүсүнөн чыгымга 100% камды тааныган. Ошентип, 2011 жана 2010-жылдардын үчтүн айынын отуз бирине карата абал боюнча, баанын түшүсүүнө камдар тиешелүүлүгүнө жараша, 415 141 миң сом жана 419 659 миң сомду түзгөн.

## 6 Берилген кредиттер, уландысы

2011 жана 2010-жылдардын үчтүн айынын отуз биринде бүткөн жылдар ичинде жергиликтүү коммерциялык банктарга берилген кредиттер боюнча баанын түшүүсү, 21-түшүндүрмөдө берилген.

**Камсыздоолорго жүргүзүлгөн талдоолор**

Кийинки таблицада жергиликтүү коммерциялык банктарга берилген кредиттердин камсыздоосу катары кызмат кылган күрөөлөр жөнүндө маалыматтар, үчтүн айынын отуз бирине карата абал боюнча камсыздоолордун түрүнө жараша, үстөк камсыздоо таасирин эске албастан чагылдырылган.

| | 2011-ж. миң сом | Кредит портфелиндеги үлүш, % | 2010-ж. миң сом | Кредит портфелиндеги үлүш,% |
|---|---|---|---|---|
| Мамлекеттик баалуу кагаздар | 733 969 | 55 | 415 666 | 50 |
| Кардарларга берилген кредиттер | 387 002 | 29 | 249 400 | 30 |
| Кыймылсыз мүлк | 146 794 | 11 | 133 013 | 16 |
| Мөөнөттүү депозиттер | 66 725 | 5 | 33 253 | 4 |
| | **1 334 490** | **100** | **831 332** | **100** |

Жогорку таблицада чагылдырылган суммалар, кредиттердин баланстык наркын түшүндүрөт жана камсыздоолордун адилет наркын милдеттүү түрдө чагылдырбайт. Камсыздоолордун адилет наркы кредит берилген күнгө карата бааланып, отчеттук күнгө чейинки өзгөрүүлөргө корректировкаланган эмес. Мындай кредиттердин ордунун жабылышы, камсыздоонун наркына эмес, негизинен карыз алуучулардын кредитти төлөө жөндөмдүүлүгүнө жараша болот. Камсыздоолордун учурдагы наркы баанын түшүүсүнө баа берүүгө таасир этпейт.

**Берилген кредиттердин концентрацияланышы**

2011-жылдын үчтүн айынын отуз бирине карата абал боюнча Улуттук банк, коммерциялык банктарга берилген, алар боюнча калдыктар өздүк капиталдын 10% ашкан кредиттерге ээ эмес (2010–жылы жокко эсе болгон).

## 7 Сатуу үчүн колдо болгон инвестициялар

| | 2011-ж. миң сом | 2010-ж. миң сом |
|---|---|---|
| **Карыздык инструменттер** | | |
| **Мамлекеттик баалуу кагаздар** | | |
| Австралия Өкмөтүнүн казына милдеттенмелери | 12 791 855 | 9 312 171 |
| Германия Өкмөтүнүн казына милдеттенмелери | 1 190 860 | 1 543 243 |
| Швейцария Өкмөтүнүн казына милдеттенмелери | 1 283 563 | - |
| Франция Өкмөтүнүн казына милдеттенмелери | 649 156 | - |
| Улуу Британия Өкмөтүнүн казына милдеттенмелери | - | 1 481 475 |
| **Жыйынтыгында, мамлекеттик баалуу кагаздар** | **15 915 434** | **12 336 889** |
| **Эл аралык мамлекеттик жана өкмөттүк эмес финансылык институттардын карыздык баалуу кагаздары** | | |
| - ААА кредиттик рейтинги менен | 4 763 850 | 3 221 085 |
| **Жыйынтыгында, карыздык инструменттер** | **20 679 284** | **15 557 974** |
| **Баштапкы наркында бааланууучу үлүштүк инвестициялар** | | |
| Корпоративдик акциялар | 8 984 | 15 000 |
| | **20 688 268** | **15 572 974** |

Сатуу үчүн колдо болгон инвестициялар, баасы түшкөн же төлөө мөөнөтү өткөрүлүп жиберилген болуп саналбайт.

# 7 Сатуу үчүн колдо болгон инвестициялар, уландысы

**Адилет наркы жетиштүү ишенимдүүлүктө аныкталышы мүмкүн болбогон инвестициялар**

Сатуу үчүн колдо болгон айкын сарптоолорунун негизинде чагылдырылган инвестициялар, «Кыргыз Республикасында кредиттик союздарды колдоо жана өнүктүрүү боюнча финансы компаниясы» ЖЧКсынын котировкаланбаган үлүштүк баалуу кагаздарынан турат (1-түшүндүрмөнү карагыла). Мындай инвестициялар үчүн рынок жок, ошондон улам акыркы учурда мындай инвестициялардын адилет наркын жетиштүү ишенимдүүлүктө аныктоого мүмкүндүк берген операциялар жүргүзүлгөн эмес. Мындан тышкары, акча каражаттарынын агымын дисконттоо ыкмасын колдонуу ушул тармакта келечекте түшүүчү акча агымынын белгисиздик жагдайына байланыштуу, адилет наркын мүмкүн болуучу маанилеринин кеңири диапазонун сунуштайт. Ошондой болсо да, баланстык наркы 39 739 миң сомду түзгөн ушул туунду уюмга 2011-жыл ичинде кошумча инвестициялар жумшалып, андан кийин жыл ичинде ушул компаниядагы үлүштүн 83,59% номиналдык наркы боюнча сатып өткөрүүдөн 45 755 миң сом алынган. Бул сумма сатуу үчүн колдо болгон инвестициялар эсебинин кредити боюнча чагылдырылган. Ушунун өзү бул инвестициянын 2012-жылдын чын куран айында катталган колдон чыгуусун чагылдыруу болуп саналат. Демек жетекчилик, жыл акырына карата ушул инвестициялардын адилет наркы алардын баланстык наркынан олуттуу деле айырмаланган эмес деп эсептейт.

# 8 Төлөөгө чейин кармалып туруучу инвестициялар

| | **2011-ж. миң сом** | **2010-ж. миң сом** |
|---|---|---|
| **Банктын менчигинде тургандар** | | |
| Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин казына милдеттенмелери | 2 913 864 | 3 456 074 |
| **Репо келишими боюнча күрөөгө коюлгандар** | | |
| Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин казына милдеттенмелери | 207 252 | 70 793 |
| | **3 121 116** | **3 526 867** |

2011-жылдын үчтүн айынын отуз бирине карата абал боюнча төлөөгө чейин кармалып туруучу, 207 252 миң сом амортизациялык наркка (2010-жылы: 70 793 миң сом) ээ карыздык баалуу кагаздар алты айдан ашпаган мезгил ичинде 3 коммерциялык банк менен (2010-жылы 2 коммерциялык банк) сатуу жана кайтара сатып алуу келишимдери боюнча камсыздоо милдетин аткарган.

Төлөөгө чейин кармалып туруучу инвестициялар баасы түшкөн же төлөө мөөнөтү өткөрүлүп жиберилгенден болуп саналбайт.

## 9 Негизги каражаттар

| миң сом | Жер, имарат жана курулмалар | Эмерек жана жабдуулар | Компьютердик жабдуулар | Транспорт каражаттары | Бүтө элек курулуш/ орнотуу үчүн каралган жабдуулар | Жыйын-тыгында |
|---|---|---|---|---|---|---|
| ***Баштапкы нарк*** | | | | | | |
| 2011-жылдын бирдин айынын бирине карата калдык | 194 925 | 93 554 | 137 574 | 24 462 | 267 327 | 717 842 |
| Сатылып алынгандар | 7 843 | 47 165 | 3 288 | 493 | 32 102 | 90 891 |
| Колдонуудан калгандар | (1 733) | (18 679) | (56 016) | (4 685) | - | (81 113) |
| Өтүшү | 1 619 | 1 845 | - | 302 | (3 766) | - |
| **2011-жылдын үчтүн айынын отуз бирине карата калдык** | **202 654** | **123 885** | **84 846** | **20 572** | **295 663** | **727 620** |
| ***Амортизация жана баанын түшүүсүнөн чыгым*** | | | | | | |
| 2011-жылдын бирдин айынын бирине карата калдык | (43 862) | (46 075) | (87 210) | (14 258) | - | (191 405) |
| Жыл ичинде чегерилгендер | (7 128) | (24 821) | (23 931) | (4 446) | - | (60 326) |
| Колдонуудан калгандар | 1 275 | 18 460 | 55 959 | 4 685 | - | 80 379 |
| **2011-жылдын үчтүн айынын отуз бирине карата калдык** | **(49 715)** | **(52 436)** | **(55 182)** | **(14 019)** | **-** | **(171 352)** |
| ***Баланстык нарк*** | | | | | | |
| **2011-жылдын үчтүн айынын отуз бирине карата** | **152 939** | **71 449** | **29 664** | **6 553** | **295 663** | **556 268** |

*7.7. 2011-жылдын үчтүн айынын отуз биринде бүткөн жыл үчүн консолидацияланган финансылык отчетко карата түшүндүрмөлөр*

## 9 Негизги каражаттар, уландысы

